**ЖОЛДОШБАЙ ОСМОНОВ**

# МЫРЗА БАЛБАН

*(Повесть жана аңгемелер)*

**Бишкек 2017**

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7 – 4
О 20

**Осмонов Жолдошбай**

О **МЫРЗА БАЛБАН**. Повесть жана аңгемелер.
– Б.: 2017 – 248 б.

ISBN 978-9967-28-178-3

О 4702300100-17
ISBN 978-9967-28-178-3

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7 – 4
© Осмонов Ж.,2017

# КИРИШ СӨЗ

## ӨМҮРГӨ ӨНӨР ТҮБӨЛҮК

Кыргыз элибиздин сыймыгы, залкар жазуучуларыбыз Чыңгыз Айтматов менен Төлөгөн Касымбековдун мамилесинен баштоону туура таптым. Алардын бири-бирине болгон мамилеси, баскан изи, калтырган руханий мурастары биз үчүн өрнөк эмеспи. Ушул себептен улам Чыңгыз Төрөкулович, Төлөгөн агамдын талантын баалап, урматтап, сыйлап Төкө! - деп кайрылып, мамиле түзүп, сырдаша пикирлешчү экен. Ал залкарларыбыз биз үчүн ыйык, кол эмес, ой жеткис бийиктик.

Анын сыңарындай сенин инсандык сапатыңды, көөнөрбөс талантыңды баалашып Жоке! - деп улуу - кичүү кайрылып жүрүшөт. Бул мен үчүн да сыймык, себеби адабият майданында ат салышып «Узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына» үнүбүз угулса деген тилекте өмүр карытып келе жатабыз. Чыгармаларыңды окуп чыктым. Өзөктү кармап, өрттөй жалмап проза жаатында калемиң төшөлүп, жазуучулук менен журналистиканын куймасынан куралып чыкканың байкалып турат. Чыгармаларыңды жиликтеп сындагандан алысмын, аны адис - сынчылар айтаар. Адабияттын алптарында да ийгилиги, өксүгү бар эмеспи.

Окурманды ойго салар, омоктуу дараметиң менен бир жылмайып алар сөз кереметинен кудуретин дээриңе Теңирим өзү мээр салгандай. Муну айтып жатканымдын себеби жазуучулук кесип эмес, үйрөнүп, өздөштүрүп алгыдай. Жазуучулук улуу - даанышмандык ой жүгүртүүнүн туундусу.

Теңиримдин сага гана ыроологон тартуусу. Өмүр бою окуп, изденип жан-дүйнөңдөн жанып чыккан чыгармаларың элдин руханий гүл азыгы сөз! - сөгүлтөр, бириктирер жараткандын адам - пендесине берген ыйык белеги. Ушул белекти аркалаганың, түйшүктүү ышкыга кабылганың. Сенин элге калтырар мурасың, ушул Жоке!

Улуу рух жарышындагы арышыңдын арбыштуу болуусун каалаймын. Элден, мезгилден өткөн сынчы жок. Тарых баардыгын өз ордуна коёт.

Талантың тоо суусундай шаркылдасын,
Ташка да өсүп чыксын сөз бактарың.
Тоолуктун шаңшып учкан шумкарындай жирей бер!
Улуу рух сыр дүйнөсүн!

Теңирим берген тартууну, элге бер. Өмүрүңө өнөрүң түбөлүк. Жараткан эгем жар болсун!

***Ооганбек Станбеков***
***Кыргыз Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү***
***жазуучу - драматург***

# I БӨЛҮК

## МЫРЗА БАЛБАН

*(Повесть)*

Түн жарымынан ооп калганда Мамадияр бай жеңил чепкенин үстүнө жамынып, он канат боз үйүнөн сыртка чыкты. Толукшуган жайдын мелүүн сыдырым жели акырын гана сыйпалай анын жүзүнө урду. Асманда сансыз жылдыздар тегиз жымыңдашат. Чоң жетиген менен кичи жетиген көзгө даана урунуп, жаркыраган Чолпон жылдыз болсо айдан кийинки эле асмандагы жарык жылдыз менмин дегенсип, өзүнчө кулпуруп жаркырайт. Ал эми жайдын түнүндө гана көрүнүүчү Саманчынын жолу болсо узатасынан созула керилип жана чачылып жаткан маалы. Буга дейре бейгам гана тынч уйкуда жаткан ала дөбөт ордунан жай козголо туруп, ээсинин жанына куйругун шыйпаңдата басып келди. Анда-санда гана сүтактын үнү жаңырганы болбосо айлана-теребел мемиреген бейкут тынчтыктын кучагында магдырап, толукшуп жатты.

Акыркы күндөрү Мамадиярдан уйку биротоло качып кетти. Өмүрлүк жары Бердиш ай-күнүнө жетип турган маалы. Кайсыл күнү, кайсыл маалда ыңаалаган ымыркай наристе үнү качан “баа!” этип жаңыраарын так билбесе дагын зирек байдын өтө сак, абдан аяр болуп турган чагы. Ал аркандалган атын жаңыртып ордунан жылды-

рып коюу үчүн боз үйдөн узай кадам шилтеди. Адаттагысындай эле ала дөбөт анын кадамын узатпай, артынан ээрчиди. Бай артка кайтканда асмандагы жылдыздар суюлуп, таң куланөөк тартып, агара баштаган эле.

* * *

Чөп чабык иши күчөгөн маалы. Мамадияр өзүнүн оң колу болуп калган чарбалык иштерди башкарган Эшалы менен чөп чабыкта иштеп жаткандардын кем-карчтарына жана тамак-ашына тыкыр көз салышат. Чалгычылардын артынан кургаган чөп дароо чөмөлөнүп, малдын негизги күл азыгы болгон тоют мерчемделген жерге ташылып, бир топ адамдар аны жамгыр суусу өтпөгүдөй кылып, тегиз жыюу менен алектенишүүдө.

– Абдилла бий кече мага атайын чабарман жөнөтүп, келип кетсин деп айттырып жибериптир. Жумуш күчөгөн кезде такыр алагды кылчу эмес эле. Мындай болду мандемдүү кеби же акылдашаар маселеси бар өңдөнөт. Ал конгон жайлоого жетиш үчүн болбоду дегенде эле эки күн убакыт кетет,- деди Мамадияр.

– Бай ата, бизден, эли-журтуңуздан камтама болбой барып, бир чериңизди жазып, жайлоонун салкын таза абасынан дем алып, бетегелүү чөбүнүн кымызынан ичип, эс алып келиңиз. Ал эми чөп чабыкка болсо өзүм баш-көз боломун, - деди кыраакы Эшалы.

– Кеп анда эмес, билерманым. Жеңең ай-күнүнө жетип турганда жол тартышым туура болоор бекен? Мени эзип жаткан маселе ошол болуп жатпайбы?,- деп терең үшкүрүндү бай.

– Айтолкун бүбү энем, менин аялым баш болуп үчтөрт келин күйпөлөктөшүп, күнү-түнү жеңемдин ак өргөсүндө. Каңырыш эле угуп калбаган болсом, бүгүн-эртең кайненеңиз дагы келип калат деп эшиттим,- деди Эшалы.

Атынан түшкөн Мамадияр бай үн катпастан аялы Бердиштин ак өргөөсү тарапка кадам шилтеди. Боз үйдүн алдына келгенде жай үн катты.

– Кирсем болоор бекен?

Керегенин оозун ачкан ак жоолукчан келин ыйбаа кыла ийилип:

– Кириңиз бай аке,- деп астанадан жол бошото берди.

– Абалың жакшыбы, асылкечим?,- деген Мамадияр зайыбынын бир аз шиший түшкөн колун мээримин төгө аярлай кармады.

– Шүгүрчүлүк, байым. Жараткан алладан аман-эсен көз жарып алайын деп күндө он маал суранып жатамын? - деди жылмайган маралдай сулуу Бердиш күйөөсүнүн колун кармап. Анын чырайлуу сулуу бетин сепкил басып, бир аз шишип турганы дароо көзгө урунду.

– Өмүрлүк түгөйүм, мен дагы жараткандан сенин кыйналбай аман-соо көз жарып алууңду тилеп жатамын,- деди мээримин төгө жубайын караган бий. Ушул кезде Мамадиярга негедир кайсыл бир акылмандын “Үмүт түнкү асман сыяктуу – жылдыздарды көзүң көргөнү менен колуң жетпейт” деген сөзү негедир көңүлүнө түштү.

– Чүрпөбүз кээде курсагымды тепкилеп калат. Жарык ааламга батыраак чыкканга ашыгып жаткандай,- деген Бердиш күйөөсүнө жылмая карады.

– Кечке эле төшөктө жата бербей кез-кез сыртка таза абага чыгып, сейилдеп тургунуң?,- деген Айтолкун бүбү энемдин айткандарын тыкыр аткарып жатамын. Келиндер болсо жанымдан жарым карыш узабай ар дайым ка-

тарымда. Аларга миң мертебе ыраазымын,- деди Бердиш. Жубайлар кыйлага божурашып, өздөрүнчө сүйлөшүп олтурушту.

– Абдилла бий чабарманып жөнөтүп, ат чаптырып чакыртыптыр. Барсамбы же барбасамбы деп эки анжы ойдо турамын. Сени бул абалыңда таштап кеткеним туура эмес болуп калат ко? - деди Мамадияр.

– Андай кылбаңыз, элдин атасы. Сизден жашы кыйла улуу аксакал бий атайын чакыртырып жатса, барбай койсоңуз орунсуз, опсуздук болуп калбайбы. Барып келиңиз, сиз кайтканга чейин мен төрөбөй турганга аракет кылайын, - деген Бердиш сөздүн нугун тамашага бурду. Ошол эле күнү Мамадияр жанына досу Жаныбекти жана бир ишенимдүү жигитин ээрчитип, Абдилла бийдин жайлоосуна карай жол тартты.

* * *

Абдилла бийдин конушу арчалуу төр жайлоонун тегиз жерине жайгашкан. Түмөндөгөн койлорду баккан койчулар өзүнчө жайыт тандашып, ал эми уй баккандар суугa жакын жерге мал жайышса, жылкычылар болсо арчалуу жана бетегелүү жайыттарды энчилеп жайланышып, желеге кулундарды байлашып, бээ саап, кымыз ачытышат. Канткен менен жайлоонун керемети кымыз менен ажарына чыгат эмеспи.

Мамадияр бала кезинен чогуу өскөн сырдаш досу Жаныбек жана коштогон жигити менен эртеси түш оой Абдилла бийдин жайлоосуна келип түштү. Элпек жана чыйрак балдар меймандардын атын алышып, алыстан ат арытып келишкен конокторду ак өргөгө киргизишти. Эл

башкарган бий менен бай көкүрөктөрүн тийгизе кучакташып учурашышты.

– Ассолому-алейкум, бий ата, демдүү, күчтүү жакшы турасызбы? Эл-журтуңуз, мал-жаныңыз аманбы?,- деген Мамадияр  Абдилла бийдин колун кош колдоп, бек кармап турду.

– Ээ балам, куш келипсиң, кел-кел. Узак жолдон кыйналбай келип калдыңбы? Калдайган калайык-калкың аман-соо, бейпил тынч жатышабы?, - деген бий дагы көңүлү көтөрүңкү маанайда тосуп алды.

Меймандарга кымыз сунулуп, артынан эт тартылды. Абдилла бий Мамадияр менен өткөн-кеткенден кеп козгошуп, чер жаза кыйла сүйлөшүп олтурушту. Бирок, эмнеге чакырткaны туурасында көптү көргөн карт бий ооз ачып, сыр бербеди. Кечки тамак тартылгандан кийин, колго суу берилди. Анан сөздү Абдилла бий баштады.

– Мамадияр балам, экөөбүз бир аз сейилдеп, басып келели?,- деди. Бийдин бул айтканы экөөбүздүн өзүбүзчө жеке акылдашаар кебибиз бар деген ишараты болчу. Боз үйдөгүлөрдүн кобур-собурлары угулбай калган жерге келгенде сөздү Абдилла бий баштады.

– Мамадияр балам, бизге ата-бабаларыбыз көк тиреген Ала-Тоону, миң түркүн дарактарга бай токойлорду, суусу мол дарыялар менен көлдөрдү, мал асырап баккanга ыңгайлуу жана ылайыктуу жайлоолорду, бирди сепсең миң кылып кайтарган дыйканчылыкка ылайыктуу берешен жерлерди калтырыптыр. Эми биздин милдетибиз жана парзыбыз кудайдын куту орногон ушул касиеттүү жерлерибизди урпактарыбызга ушул абалында өткөрүп берип, аны көздүн карегиндей сактоого үйрөтүүдө турат. Бул оңой-олтоң иштерден эмес. Кыргыздардын касиеттүү жерлерине көз арткан  кузгундар менен душмандар

жетишээрлик. Заманың болсо минтип олку-солку болуп турат. Кыргызда “Бетеге кетет бел калат, бектер кетет эл калат” деген накыл кеп, жакшы сөз бар. Кокон хандыгындагы бүтпөгөн так талашуулар чын-чынына келгенде бийлик менен мансап үчүн гана болууда. Хандыктагы ырайымсыз кан төгүүлөр чындыгында карапайым элдин башына түшкөн мүшкүлгө айланды. Ыксыз ашыкча көп өлчөмдөгү салык жыйноолор кара таман элдин, карапайым кембагал бей-бечаралардын шоруна, маңдайына бүткөн балээге айланды. Ордонун салыкчылары болсо карапайым элдин жон терисин шылышып, салык жыйноочулар эмес эле накта канкор жазалоочуларга айланып кетишти. Ордосу канга боёлгон Кокон хандыгы азып-тозгон, арып-ачкан, ач жылаңач калган букараларынын тагдырын түк ойлобой калды. Ата-бала, ага-ини, тияке-жээн так талашуудан улам, бири экинчисин мыкаачылык менен өлтүрүп жатышат. Мунун түбү жакшылыкка алып келбеси бышык. Баканы бассаң дагы акыры “баа!” дейт. Түбү бирге кошулат, учу бирге жазылат.

Ушул жерден Абдилла бий кебин токтотуп, бир аз дем алып, үстүнө жамынган чепкенин оңдоп, кайрадан баштаган сөзүн улады:

– Түндүк тарапта орустун ак паашасы өзүнүн таасирин күчөтүп жатса, түштүк-чыгыштан англичандар өзүнүн өктөмдүгүн орнотуунун аракетин кылууда. Элдин жана улуттун тагдыры менен келечеги чечилээр ушул кыйын кезеңде кыргыздын эл башкарган кыраан бийлери менен манаптары элди бир муштумдай биримдик менен ынтымакка чакыралы дешип, мага кабар айттырып жиберишиптир. Өзгөн менен Оштон, Аксы менен Базар-Коргондон Анжиян менен Төбө-Коргондон жана

Кетмен-Төбөдөн өкүлдөр жакында Жумгалдагы Нарго-зу бийдин атасынын ашына бара турган болдук. Кокон хандыгы кыргыздарсыз текейге арзыбасын аларга эсте-тип турушубуз зарыл. Акыркы жылдары хандыктын элге салган опосуз салыктары чегинен аша чапкандыкка жата баштады. Хандыктын айрым бузуку кеңешчилери менен лашкарбашчылары элдин жашоо турмушун эске албай, көздөрүн май басып калды. Бизге баарынан дагы элибиз-дин ынтымагы менен биримдиги керек. “Жалгыз дарак токой болбойт” демекчи кыргыз эли үчүн азыр ынтымак менен муштумдай түйүлгөн биримдик керек. “Бөлүнгөн-дү бөрү жейт” деген каар заман келди. Хан ордосунда-гыларды эл башына түшкөн оор мүшкүл, калк көтөргүс түйшүктөр менен кайгы-запкылар аларды кенедей дагы, кыпынчалык дагы ойлондурбайт.

– Мен жакында Кокон хандыгынын ордосуна бара-мын. Хандын казатында баатырларча каза болгон абаң Туркенин кунуна дыйканчылык жүргүзүү үчүн сугат жер бөлдүрүп алууну сага сунуштайын дегенмин. Жайлоо төрт түлүк малды асырап багууга абдан ыңгайлуу жана пайдалуу экендигинде кеп жок. Бирок, дыйканчылыкты дагы жакшылап үйрөнүп, колго албасак болбойт. Эгин эгип, аштыкты өзүбүз жетиштүү камдообуз керек. Бул за-мандын талабы болуп калды,- деген Абдилла бий көкүрө-гүндөгү ойлорун, ичиндеги сырларын ачык ортого төктү. Экөө боз үйгө кайтканда түн жарымынан ооп калган бол-чу.

* * *

Ат үстүндө узак жол жүрүп, эзилип чарчап калган Мамадияр турганда күн аркан бою көтөрүлүп калган. Сырт-ка жай даярдалып, кийиздер менен шырдактар төшөлүп, үстүнө төшөктөр салынды. Алыстан ат арытып келишкен меймандарга кийиктин терисинен ийитилип жасалган чаначтан кымыз куюлуп, шырбаз козунун эти тартылды. Бир маалда коноктор келген тараптан эки атчандын карааны көрүндү. Бир чакырымдай аралык калганда атчандын бири атынын оозун бош коюп, аткан октой чаап жөнөдү. Ошол саам кош бойлуу аялын эстеген Мамадиярдын жүрөгү болк эте түштү. “Оо, жараткан Теңирим, ылайым жакшылыгынан бере көр?!”,- деп жибергенге үлгүрдү ичинен. Сый дасторкон четинде олтургандардын баарынын көңүлү заматта атын чаап келаткан чоочун чабандес адамга бурулуп турду.

– Эй, жигиттер, туруп келаткан чабандести тосуп, аттан алгыла!,- деген Абдилла бий дагы ойлонуп калды.

Көк майсаңга жайылып салынган бийдин дасторконуна элүү кадамдай калганда жигиттер чабандести аттан түшүрүштү. Атынын чылбырын тосуп алгандарга карматкан өспүрүм бала камчысын колуна кармай, топко карай шыпылдай кадам шилтеди. Мамадияр Айбарчанын тун уулу Камчыбекти эми араң тааныды. Жакшылыктын жышаанын билдирген ал жылмайган абалда түз эле Абдилла бий тарапка басты.

– Ассолому-алейкум бий ата! Эли-журтуңуз менен жакшы турасызбы?,- деген ал ийиле кош колун бийге сунду. Мамадияр Камчыбектин зээндүүлүгү менен кичи-

пейилдигине ичинен ыраазы болду. Буга чейин эле анын тиригаарактыгын баамдап келген.

– Оо, айланайын азаматым, кел, келегой балам! Кунанды кара терге түшүрүп, чаап келгениңе караганда бир мандем бар го сыягы?,- деди карт бий. Камчыбек олтургандардын баарысы менен кол алышып учурашкан соң Мамадиярга кайрылды.

– Аба, сизге сүйүнүчтүү кабар алып келдим, чоң апам уул төрөдү!,- деди Камчыбек.

– Оозуңа май, оозуңа май, каралдым садагасы! Сүйүнчү сенден айлансын!,- деген Мамадияр мээримин төгө Камчыбекти бооруна кысты.

– Чоң апаңдын абалы жакшыбы?!,- деди кубанычы койнуна сыйбаган Мамадияр.

– Камтама болбоңуз, баары жакшы. Апам мени абаңа сүйүнчүлөп, тез кабар жеткир дегенинен сизге карай бачым чаптым!,- деди Камчыбек.

– Баатырым, уулуңдун бешик боосу бек болсун! Балаң эл кызматына жараган эр азамат жигиттерден болсун!,- деген Абдилла бий Мамадиярды сыга кучактап, желкесинен таптады.

– Рахмат, бий ата, ылайым айтканыңыз келсин!,- деген Мамадияр дасторкон четинде олтургандардын куттуктоолорун бир четинен кабыл алып жатты. Ушул саам анын кубанычы денесине батпай толкундап, анын сүйүнүчү ашып-ташып төгүлүп турду.

– Кырдаалды дароо баамдаган Абдилла бийдин эстүү зирек жана сезимтал байбичеси Зейне бокчосунан суусар тебетей менен чепкен тон алып чыкты.

– Бай кайним, уулдуу болуптурсуң, кудайым ылайым өмүрүн берсин! Тууңдан бак-дөөлөт кетпесин! Башыңдан тебетей түшпөй, жакаң агарып, зоболоң мындан дагы

арта берсин!,- деген бийдин байбичеси сарпайын өз колу менен кийгизди.

– Бир боорлорум, менин сүйүнүчүмдү тең бөлүшкөнүңөргө башымды ийип, таазим кыламын! Баарыңарга ыраазычылыгымды билдиремин! Рахмат силерге, айланайындарым!, - деди маңдайы жаркыган Мамадияр.

Көптү көргөн айлакер карт бий Абдилла бир жигитинин кулагына бир нерсени шыбырады эле ал акырын ордунан туруп, шыпылдай басып кетти.

– Бий ата, көрсөткөн ызаатыңызга, сый-urmатыңызга миң мертебе терең ыраазымын! Эми уруксат берсеңиз, эли-журтубузга кайталы?,- деди Мамадияр.

– Маңдайың ачылып, сүйүнүп турганыңа мен дагы жетине албай өтө кубанычтамын! Улуу башыңды кичүү кылып, сөзүмдү эки кылбай атайын алдыма келгениңе ыраазымын, балам. Ата тарбиясын алган, эл башкарган калыс жана чыгаан жигит деп сендей кыраандарды айтат. Ылайым ушунуңдан жазбагын. Эли-журтуңа бизден жылуу салам айткыныӊ. Байбиче, меймандардын жолдук күл азыгын камдаткыла,- деди бий. Ошол саам бий кулагына шыбыраган жигити  ээр токумдуу атты жетелеп келди.

– Камчыбек балам, кубанычтуу куш кабарың үчүн бул атты сага сүйүнчү катары тартуу кыламын. Жакшынын шарапаты болгунуң. өркөнүң өссүн!,- деген Абдилла бий текенин туягынан сапталган кооз  жаңы камчыны Камчыбекке карматты.

– Уулуңа кандай ысым берүү жагын чечкен белеңер?,- деди Абдилла бий Мамадиярга кайрылып.

– Ал жагын ойлонуштура элекбиз, бий ата. Алгач перзент дүйнөгө аман-эсен көз жарсын, анан көрө жатарбыз дегенбиз, - деди Мамадияр.

– Келин балам менен акылдашып көр. Эгер туура таап, эп көрсөңөр уулуңарга Мырза деген ысым койгула. Эли-журтунун ысык-суугуна күйгөн, калкынын керегине жараган, элине камкор жана күйүмдүү мырза жигиттерден болсун. Менин бул сунушумду келин балага айтып бар. А эгерде башка ысым коёбуз десеңер деле өз ыктыярыңар, мен капа деле болбоймун,- деди Абдилла бий.

– Экөөбүздүн ортобузда болгон кечээки сөздү кулагыңа сыргадай бекем түйгүнүң. Убакты-сааты келгенде дагы кабар айттырамын,- деди жылуу маанайда коштошкон Абдилла бий.

* * *

Абдилла бийден токулуу ат тартуу алган Камчыбек көңүлү көтөрүңкү ат үстүндө кудуңдап сүйүнүп, уулдуу болгон Мамадиярдын дагы жүрөгү элеп-желеп болуп, көңүлү куунак, шайдоот келе жатты. Үч ат менен келген коноктор эми алты ат менен кайтышты. Камчыбек минип келген кунанын жетелеп алган. Ушул саам Мамадиярга мындан бир топ жыл илгери болгон бир окуя эсине түштү.

Декабрь айынын орто ченинде Мамадияр атасына кошулуп, он чакты атчан Анжиян базарына жылкы сатканы барышкан. Үч күн дегенде араң Анжиянга жетишип, жылкыларын жакшы баага соодалашкан. Эртеси керектүү соода-сатык иштерин бүтүрүшүп, артка кайтышты. Жалал-Абаддагы соодагерчилик менен алектенишкен кербенчилер эс алуучу чайканада бир күн түнөшүп, эртеси кайрадан Чаңгетке карай жол тартышты. Токсон түшүп, чилденин түшөөрүнө саналуу гана күндөр калган. Алар жолго чыкканда бороон аралаш кар жаап кирди. Ти-

зеден келген карды жиреген атчандар каркыра сыңары бир катарга тизилип, тоону карай жай жүрүп олтурушту. Айлана бурганактаган аппак карга бөлөнүп, теребелде карк эткен карга, курк эткен кузгун жок. Кар жиреп, жол баштаган ат чарчаган соң эң артта келаткан атты алдыга чыгарышат. Бороон болсо улам күчөп боздоп, ышкыргандай үн чыгарган шамал карды бетке сапырат. Жээктери музга тоңгон Чаңгет дарыясы адаттагысындай эле өз нугунда шарпылдап агып жатат.

– Ата, караңызчы, тээтигил адырдагы эрбеңдеген караандар адамдар окшойт го?!,- деди атасына кайрылган Мамадияр.

Атчандардын баары Мамадияр көрсөткөн жакты текши карап туруп калышты. Бир чакырым ыраакта, дарагы жок жылаңач адырда колуна бала көтөргөн, артынан экинчисин ээрчиткен аял калың карда араң гана илең-салаң кыбырагансыйт. Шордуу аялды мындай тобокел опурталдуу, ары коркунучтуу жана азаптуу сапарга ачарчылык менен жокчулук чыгаргандыгын аларды алыстан тиктеп тургандар айттырбай сезип турушту.

– Бул мусаапырларды мындай бороондо таштап кеткенибиз туура болбойт. Бороон-чапкын аларды көпкө узатпайт?,- деген Бегмат чал жанындагыларга сөз таштады. Анан жооп күтпөстөн өктөм буйрук берди.

– Боронбай менен Ташкул, жүгүңөрдү түшүрүп, дарыянын тайыз жеринен кечип өтүп, тээтигил аялды балдары менен бул жерге алып өткүлө! Бул бороондо кайыгып, тоңуп калыш заматта!,- деди Чаңгет менен Ийри-Суунун эл-журт башкарган кадырман аксакалы Бегмат.

Аксакал бийдин сөзүн жок дебеген шайдоот чапчаң жигиттер артынган жүктөрүн шарт карга түшүрүшүп, дарыя жээктей кечүүгө тайыздык издеп жөнөштү. Бир

оокумдан кийин алдына кичинекей кызды олтургузган, артына аялды учкаштырган Боронбай жана тестиер баланы учкаштырган Ташкул  Бегмат чал баштаган атчандардын жанына жетип келишти. Энеси менен балдары көк муштум болуп аябай тоңуп, үшүп калышыптыр.

– Айланайын акебайларым, кагылайын кыргыздарым, бизди талаада калтырбай ала кеткиле. Өмүр бою күнүңөр болоюн, кыргыздар жайлаган жерге жетип өлсөм арманым жок эле?!, деген аял шолоктоп ыйлап кирди. Ал эми беттери менен колу-буттары суукка тоңгон кичинекей кыз менен бала үн чыгарганга да жарабай, көздөрү гана араң  жылтырайт.

– Эч кейибе, балам, силерди талаага таштап кетмек белек. Андай наадандык кылууга адамгерчилик жол бербейт. Мамадияр балам, буларга нан бер?,- деди Бегмат чал. Куржундун оозун ачкан Мамадияр тандырга бышкан жумшак нандын бирин аялга, экинчисин балага сунду. Ачыгып калган бала нанды аптыгып сугунуп жеп кирди. Кызына нан берип жаткан аял дале шолоктоп ыйлаганын токтотпой, алардын куткаруучулары болгон жолоочуларды алкап жатты. Селсаяк кейиптенген алардын үстүндөгү кийимдери дагы өтө жупунулугу жана жукалыгы менен көзгө урунду. Нан жегенге дагы алы келбей калган кызына апасы нанды чайнап жегизип кирди.

Бегмат чал баласы менен базарлап чыгышкан шериктерин таң калтырды. Үстүндөгү тонун шарт чечип, келинге сунду:

– Ме балам, бул тонду кийип, кызыңы  ороп алгының!,- деди.

– Кудайым өмүрүңүздү берсин акебай! Бул жакшылыгыңыз менден кайтпаса кудайдан кайтар!,-деген келин ансайын эчкирип ыйлап жиберди.

– Ташкул, сен баланы өңөрүп, тонуңа ороп ал,- деди Бегмат аксакал.

Бир аз тыныккандан кийин алар кайрадан жол тартышты. Кыркалай бир катарга тизилген атчандардын катары дагы үч адамга көбөйүп, сапарларын Чаңгетке карай улашты. Мамадияр болсо келин менен кызды жана баланы учкаштыргандардын ортосунда атын бастырып бараттты. Эки-үч чакырым жол жүргөн соң көч башындагылар артка, арттагылар алдыга өтүшүп, кар жиреп жол жүрүп олтурушту. Бороон болсо улам күчөп, муздак кар бетке уруп жатты. Алар кыйла жол жүргөндөн кийин арт жактан карышкырлардын улуган үндөрү угулду.

Ошондон тарта Айбарчын эки баласы менен Бегмат чалдын ордолуу очогун үйүрлөп калды. Жаз келгенде аларга өзүнчө алачык тигип беришти. Айбарчын тикмечилик өнөргө шыктуу, колу чебер зайып экен, күзгө барып өзүнчө чакан боз үйлүү болуп калды. Ошондогу Камчыбек – азыр зирек жетилген өспүрүм. Карындашы Тилла дагы суйкайган кыз болуп жетилип келатат.

Айбарчындын колунан чыккан тондор менен ичиктер, калпак менен тебетейлер, кыз-келиндердин көйнөктөрү менен чыптамалары кийгендерди аябай ыраазы кылып, көргөндөрдү кооздугу менен суктандырчу болду. Алыс-жакындан ага ар кандай кийимдерди тиктиргени келген кардарлардын аяктары арбый баштады. Кызын чыгаргандар эми сеп жасатуу үчүн түз эле Айбарчынга кайрылышчу болду. Ошентип, Айбарчын өрөөндөгү белгилүү чебер тикмечи аталып калды. Айрыкча ийленген койдун терисинен тигилген, жеңи менен жакасы жаш козунун териси менен капталган, кызыл жана сары боёкко кандырылган кооз тондорду байлар менен бийлер атайын суранып тиктирчү болушту. Мамадияр азыр ошол эски окуяны эскерип, узак жолду кыскартып жүрүп олтурду.

* * *

– Уулдуу болушуң менен Мамадияр! Жараткан чүрпөңдүн өмүрүн узун кылсын. Балаң дагы сен сыңары эли-журтуна күйүмдүү жана камкор болсун!,- дешип тууган-уруктары менен айылдаштары чын дилдеринен куттуктап киришти.

– Ырахмат, ылайым айтканыңар келсин. Баарыңарга кулдугум бар!,- деген ал атынан ыкчам түшүп, Бердиш жаткан ак өргөгө шашыла кадам шилтеди.

– Уулумдун апасы, ден соолугуң жакшыбы?!,-деген ал Бердиш менен мээримин төгө жылуу учурашты.

– Шүгүрчүлүк, байым, өзүңөр узак сапардан кыйналбай келип алдыңарбы?,- деди телегейи тегиз болгон аялы жылдыздуу жылмайып. Жубайлар эч нерседен бейкапар мемиреп уктап жаткан чүрпөсүнө ата-энелик мээримдери менен кубаныч-сүйүнүчтөрүн жаадырып төгүп турушту.

– Байым, уулуңуздун сүйүнчүсү менен көрүндүгүн бериңиз?,- деди шыбырт алдырбай жана байкатпай мышыктай бөкжөңдөп кирип келген Айтолкун бүбү кемпир.

– Берейин эне, берейин. Сүйүнчү сизден айлансын! Мага баш-көз, караан-тирек болгон энеме рахмат деп Бердишим сизди айга-күнгө теңеп жатпайбы. Менин гана уулумдун эмес, айылдагы канчалаган наристелердин ыйык киндик энеси болуп калдыңыз. Кудайым сизге өмүр берсин!,- деген Мамадияр чөнтөгүнөн түйүнчөгүн чыгарып, күн мурунтан камдап койгон салмактуу алтын теңгелерди сууруп чыгып, бүбү кемпирге сунду.

– Каралашкан кыз-келиндерге өзүңүз бөлүштүрүп бериңиз?,- деди бай.

– Ооматыңыз жүрүшүп, мындан дагы зоболоңуз артсын. Ушунуңуздан жазбай эли-журтуңузга, калдайган калайык-калкыңызга калыс жана камкор башчы болуп жүрө бериңиз. Уулуңуз дагы өзүңүздү тартсын!,- деген бүбү кемпир алкоо батасын берип, дабыш чыгарбай кандай кирип келген болсо кайрадан ошондой абалда бөкжөңдөп чыгып кетти. Жарык дүйнөгө көз жарган наристе болсо оромчо-чулгоосунда оозун бүлкүлдөтүп коюп, татуу уйкунун кучагында мемиреп жатты.

Бакыттын кучагына батышкан жубайлар Абдилла бийдин сунушун туура көрүшүп, наристеге Мырза деген ысым беришти. Баланын кыркы чыккандан кийин Мамадияр уулуна жентек тойчо берди. Мырзанын желке далысындагы улактын туягындай келген эн сыңары болгон чач түктү Кундуз баласынын кыркы чыккандан кийин гана Мамадиярга көрсөттү. Буга чейин бул түк чач тууралуу Айтолкун кемпир менен Бердиш гана билчү.

– Бул жараткан кудуреттүү Теңиримдин касиеттүү ыйык белгиси. Мындай эн белгини кудайым ар кимге эле ыраа көрө бербейт. Теңирим Мырза балама узун өмүр берсин. Жараткан Теңирим өзү сүйгөн пендесине гана касиеттүү ыйык белгисин кошо берерин илгертен уккан жайым бар. Эр жеткенде калкынын кызматына жараган, элинин ишенимине арзыган эр азамат болоорунан үмүт кылалы. Бул касиеттүү ыйык эн белгини жакшылыгына гана тилейли!,- деди бүбү кемпир.

– Айтканыңыз кабыл болсун, асыл ой-тилегиңиз ылайым ишке ашсын, бүбү эне!,- деди Мамадияр уулу Мырзаны жүзүнөн аярлай сүйүп, колуна алган ымыркай перзентин асманга карата бийик көтөрдү.

* * *

Мырза бала кезинен тартып эле өзү теңдүү курбалдаштары менен тели-теңтуштарынан кыйла айрымаланып турду. Бою узун, сөөк-саактуу келген ал өзүнөн үч-төрт жаш чоң балдар менен тең болуп көрүнчү. Ал акыл-эстүү жана зирек өстү. Оюнкараак балдар алышып күрөшө кеткенде Мырза өзүнөн улуу балдарды так көтөрө чаап, таранчыдай тырпыратып басып калчу. Чыт курсак балдар эшек минишип, эски тонду улак кылып тартмай тоолук балдардын энчисине тийген турмуштук кадыресе көрүнүш нерсе эмеспи. Ал эми кышкысын болсо тайларды минишип, улак тартыш оюнунун кызыгына батышат. Улам бой тарткан сайын Мырзанын бою теректей узарып, колдору менен буттарынын булчуңдары толо баштады. Эс тарткан өспүрүмдөр эми кунан, тай минишип, союлган улак менен көкбөрү чаба башташты. Мырзанын бир жакшы сапаты күрөштө жыгылган баланы кайра колунан тартып тургузуп, желкесинен таптап коёт. Өзүнөн улуулар менен күрөшүп калганда жыгылып калган болсо мен байдын баласымын деп чыр-чатак, жаңжал чыгарбайт. Жеңилгенин мойнуна алып, теңтуштуктун шертин бек кармайт. Боорукерлик менен калыстык, алсызды аяп коргоо, колунан келсе ар кимге жакшылык кылуу аны бала чагынан коштоп келди.

Бердиш болсо, эл оозунда айтылган сыңарындай кудайым аны “этегинен жалгап”, жыл сайын койчосунан уулдарды чубуртуп төрөп берди. Мырзадан кийин Молдобай, Кожобай, Акунбай жана Султандар жарык дүйнөгө келишти. Алар канчалык таттуу аруу тилектери менен

кыздуу болуу үчүн ар кандай ырым-жырымдарды кылбасын, ыйык жерлерге ак пейилдеринен зыяраттарды жасабасын негедир теңирим аларга кыз көрүү бактысын ыраа көрбөдү.

– Кагылайын каралдым, балдарымдын эң улуусу катары ишенген тирегим, орун басарым өзүңсүң, садагам. Улуу-кичүүгө ызат-сый көрсөтүп, ар дайым кичипейил болгунуң. Улуулардын алдынан эч качан кыя өтпөй жүргүн. Өзүңдөн улуулар турганда эч качан төр талашпа. Алсыздар менен бей-бечараларга күйүмдүү жана камкор болгунуң. Андан сенин бир жериң кемип калбайт. Улуулардын акыл-насаатын сыргадай сактап, кулагыңа кумдай куйгун. Колуңда бар болсо, баарына бирдей тегиз жоомарт бол,- деген Бердиш Мырзага энелик кеп-кеңештерин берип, алтынга тете акыл-насаатын айтат. Мамадияр болсо баласын дайыма жанына ээрчитип, мал багуунун миң түркүн сырларын, ар кыл чарбалык иштерди бирге жасап үйрөтө баштады. Мырза ата-энесинин айткан кеп-кеңештерин, акыл-насааттарын кунт коюп угуп, баарын үйрөнүүгө куштар болуп, чыйрак жана зээндүү өстү. Атасынын айтканынан чыкпай, билбеген нерселерин сурагандан тартынбайт. “Малы жок деп эрден түңүлбө, чөбү жок деп жерден түңүлбө” дегендей атасынын акыл-насааттарынан Мырза ар дайым туура бүтүм чыгарууга тырышты.

Мырза чөп чабык башталган кезде колуна чалгы кармап, чөп чабыкчылар менен бир катарда иштейт. Ал керилип чөп чапканда эки адамдын солун бир алып, алдына түшкөн адамдын шаштысын алып коёт. Оор басырыктуу Мырзада дегеле байдин баласымын деген кекирейүүчүлүк, бой көтөрмөйлүк, мансап тутунуу, каада кармануу деген жаман адаттары жок. Колундагы тамак-ашын тең бөлүшүп жегенди жактырат. Ошондуктан элдин

баары аны жакшы көрүшөт. Жылкы саан башталганда келин-кыздарды таң калтырган  Мырза кулундарды шыйрактап кармап, желеге байлап берет. Мындайда бээ сааган аялдар: “Ой тообо, балбан балабызга көз тийбесин!”,- деп жакаларын карманышат. Анын эмгекчилдиги менен кичипейилдигине ыраазы болушуп, “Ылайым өркөнүң өссүн!” деген аруу тилектерин билдиришип, чын дилдеринен алкап, мактап калышат.

Жамгырлуу кеч күздөрдө, бороонду кыш күндөрүндө жылкычылар менен бирдей жылкы кайтарып, ал кездин узун түндөрүндө алардын кызыктуу аңгемелерин кунт коюп угуудан такыр тажабайт. Курдаштары бир кесе тамак ичсе, теректей болгон боюна жараша  Мырза эки кесе тамак ичет. Карагайдай узун бойлуу, чап жаак, буудай ыраң, бүркүт тумшук мурду жүзүнө жарашкан, көзү оттой жанган кара каштуу Мырзанын жигит курагы башталып, жылбыс муруту чыга баштады. Буту-колунун булчуңдары толуп жетилгени менен балбандыкындай болгон балтырлары али ката элек кезге жетти. Өрөөн ичинде эңиш менен күрөштө аны менен теңтайлаша турган балбан калбай калды. Бирок, аны эңиш менен күрөшкө салган устаттары Мырза али  баралына толук жете элек деп эсептешчү.

* * *

Көк-Арт өрөөнүн башкарган Чыйбыл бий  кезинде эл-журттун көрүнүктүү башчысы болгон атасы Абдылла бийге аш берүүгө, балдары менен неберелерине чоң той өткөрүүгө кызуу камылга көрүп калды. Абдылла бий учурунда Кокон хандыгындагы таасирдүү адамдардан болгон. Ал хан ордосунда ак кызматын өтөгөн, кыргыздардын та-

ламын такай талашып жана көп маселелерди ийгиликтүү чечип келген улуу инсандарга кирген. Абдылла бий Тогуз-Торо жана Көк-Арт аймагынын бийи болгон. Анын эл арасындагы кадыр-баркы абдан чоң болгон, эли-журтуна кайрымдуу жана өз доорунун эс акылдуу адамы болгон. Кийин хан ордосундагы капсалаңдуу бийлик талашууда Кудаяр хандын баш кесерлери тарабынан Базар-Коргондо 9 бийдин катарында хандын буйругу менен анын дагы башы алынып, мыкаачылык менен өлтүрүлгөн. Канкор жана зулум Кудаяр хан жалпысынан 40 кыргыз бийлеринин башын алдырган.

Чыйбыл бий бул жагы Ош менен Өзгөндөн, тигил жагы Аксы менен Кетмен-Төбөдөн эл билермандары менен бийлерин чакырып, чоң масилет курду. Анда көпчүлүк бир бүтүмгө келип, эл башчысы жана Кокон хандыгындагы таасирдүү жана белдүү инсан Абдылла бийдин ашын күз айынын башында өткөрүү бүтүмүнө келишти. Ашка Сары-Өзөн Чүй менен Таластан, Ысык-Көл менен Нарындан жана өзбек менен казактан да коноктор чакырылмай болуп, аларга күн мурунтан чакыруу жөнөтүлдү.

Ошол күндөн тарта Көк-Арт өрөөнү ашты жогорку деңгээлде өткөрүүнүн камылгасын көрө баштады. “Жоону сайса эр сайды, аты калды Манаска” дегендей ашты өткөрүүнүн негизги түйшүгүн Анжиян уездине караштуу Багыш болуштугунун башчысы Чыйбыл бий менен анын жакын урук-туугандары көтөргөнү менен мындайда буга чейин кадыресе көрүнүш болуп келгендей, карапайым элдин башына да көптөгөн мүшкүл иш түштү. Канткени менен ар-намыска бек турган Көк-Арт өрөөнүнүн эли ынтымак менен биримдикти туу тутушуп, кыргыздын атактуу инсаны Абдылла бийдин ашын жогорку деңгээлде өткөрүүнүн аракетинде алпурушуп жатып калышты.

Ак төөнүн карды жарылган, бышыкчылыгы берекелүү мол болгон күз да кирип келди. Атайын ажыратылып белгиленген жерлерге жүздөгөн боз үйлөр тигилип, келген конокторду кимдер тосоору такталып, карапайым эл кумурскадай кымгуут түшүп, кызматка киришип кетти.

Кокон хандыгынын таасирдүү инсаны Абдылла бийдин кыргыз элине жасаган опол тоодой кызматын даңазалоо жана алыс жууктан келген кадырлуу коноктордун алдында жер карап калбас үчүн чоң казандарда жылкынын чүйгүн эттери менен казы-карталар кайнап, чучуктар бышырылып, күнү-түнү жаңыланып, казандарда тынбай бүлкүлдөп кайнап жатты. Союлган койлордун эсеби болбоду. Жез таңдай акындар журт башчысы Абдылланын, анын балдары Нусуп бий менен Чыйбыл бийди макташып дагы, даңкташып дагы жатышты. Аш-тойдун каада-салтына ылайык кыргыздын улуттук оюндарына кеңири орун берилди. Бир жумага созулган аш-тойдо күлүк чабыш, жорго салыш, көкбөрү, күрөш, өпкө чапмай жана кыз куумай оюндары көпчүлүктүн черин жазды. Эң башкысы көпчүлүк калайык-калктын бүйрөсүн кызыткан эр эңиш да башталды.

Эр эңиште Тогуз-Тородон келген эңгезердей көк чепкен Үрпөк баш балбанга эч ким тең келбей жатты. Жашы 45терге келип калган Үрпөк баш аябай күчүнө толуп, балбандыгы ташып, буга чейин эңиштен эч кимге жеңиле элек кези болчу. Эр эңишке тогуздап баш байге сайылган. Үрпөк баш балбан Намангандан келген өзбек балбаны Кара баатырды, казактардан чыккан кыйын Солто балбанды ээринен оодара тартты. Анын ар бир жеңишин кара таандай жайнаган эл кыйкырык сүрөөн менен колдоп-коштоп, кубаттап жатышты. Эртеси күнү дагы анын ооматы жүрүштү. Сары-Өзөн Чүйдөн келген Бука

баатыр кыйла тең тайлашып алышканы менен акыры ал дагы жеңилүү ызасын тартты. Ысык-Көлдөн келген Сур балбан дагы үчүнчү күнү түш оой эңдирип койду. Ошентип, Тогуз-Тородон келген көк чепкен Үрпөк баш балбан өзүнө тең келчү балбан жоктой атын алчылантып, күлүгүн ары-бери ойноктотуп, обочороок жерге жалаң бийлер менен манаптарга, алыстан келген кадырлуу коноктор жайгашкан ак өргөөгө атын булкунтуп чаап келип, жоон добушунун болушунча ач кыйкырыгын салды:

– Аш-тойдун ээси болгон кыраан Чыйбыл болушум, эмне, Көк-Арт өрөөнүндө эр эңишке түшө турган, бычакка сап боло турган балбандарды энеңер тууган эмеспи! Кыйыныңар болсо, чыгаан балбаныңар болсо чыгаргыла, мына мен даярмын!,- деп күпүлдөгөндө ак өргөдөгү конокторго бул сөз өтө жаккандай, кыраан каткырык сала беришти.

– Дегинкиси Чыйбыл бий, Үрпөк баш балбаным калыс сөзүн айтып жатат. Элиңде эр эңишке жарай турган балбаның болсо чыгарбайсыңбы? Болбосо эр эңишке тогуздап сайган баш байгеңди Үрпөк баш балбанга эңишсиз эле тартуулаганың оң. Сыягы бул аш-тойдо менин балбаныма тең келчү балбаның жок сыяктанат?!,- деди Тогуз-Торонун бийи Мадыш кытмырлана какшык-чындык аралаш.

Бул сөз Чыйбыл бийге өтө катуу тийди. Ичинен кан өтүп, зил жүрүп кеткендей заары бетине кайнап чыкты. Үрпөк баштын одоно жана орой айткан калпыс сөзү сай-сөөгүнө жетип, бийдин заманасын курутуп, кабагына кар жаадырды. Ушул саам кең дүйнө ага аябагандай тар болуп турду. Бирок, такыр сыр алдырбай анысын жанындагыларга билдирбеске аракет кылды. Ал ордунан туруп, дагы деле ак боз үйдүн алдында атын алчынтып турган Үрпөк баш балбанга чыкты.

– Сабыр канаат кылгын Үрпөк баш баатыр. Эр эңиш көркү таза жеңип алгандыгы менен барктуу, муну сен менден дагы жакшы билесиң. Көкшүңдү суутуп, эртеңки күнгө чейин бир аз демиңди басып тургунуң. "Өзүңдү эр ойлосоң, башканын шер экендигин" унутбагын баатырым. Баш байгенин татыктуу ээси, чыныгы эр эңиштин кыраанын ким экендигин кудай буйруса баарыбыз эртең чогуу билебиз. Эми барып демиңди басып, эс ал Үрпөк баш!,- деген Чыйбыл бий ак өргөгө кайра кирип кетти.

Алыстан келген бий манаптар менен кадырлуу коноктор өздөрүнө бөлүнгөн боз үйлөргө тарап кетишти. Үрпөк баштын опосуз кылыгына жини кайнап, кабагына кар жааган Чыйбыл бий Көк-Арт өрөөнүнүн аттуу-баштуу кыйын чыкмаларынын баарын өзүнүн ак өргөсүнө алдырды. Чакырылгандардын баары келгенде сөздү Чыйбыл бий өзү баштады.

– Мадыш бий менен Үрпөк баш балбандын айткандары сай-сөөгүмө жете түштү. Сый-урматты билбеген бул наадандар бизди өзүбүздүн үйүбүздө атайылап шылдыңдап, тебелеп-тепсеп, көз көрүнө басмырлап жатышпайбы?! Кантип эле Үрпөк башка тең келээр бир балбан бизден табылбай калсын? "Энеңер балбан тууган эмеспи?",- деп бизди келекелеп, шылдыңдап жатпайбы! Буга эмне дейсиңер, билермандарым? Кеңешиңерди айткыла, угайын, кулагым силерде!,- деген Чыйбыл бий ачуулуу түр менен үн катты.

Ортодо чымын учса угулчуудай болгон ыңгайсыз жымжырттык орноду. Жагымсыз абалды жараткан туңгуюк тынчтыкты акырын тамагын кыра жөтөлүмүш болгон Абдилла бий бузду.

– Анчалык ачууга алдырбаңыз, урматтуу бийим. Аш менен тойдун ээси сизсиз. Оозуна алы жетпегендерге ан-

чалык эле ызаланбаганыңыз оң. Эр эңишти эртең тынч өткөрүп алсак, анын ооматы менен үзүрү сизге, жеңиши элге тийет. Үрпөк баш балбан күчүндө, аябагандай табында экендигинде шек жок. Аны баарыбыз көрдүк. Бирок, анын дагы аргасын тапса болот. Үрпөк баш баатырга бир жараса Чаңгеттик Мырза балбан жарайт. Менин чочуган жерим Мырза балбан али жаш, мындай чоң эңишке мурда түшүп көрбөгөн. Жаш балбанды мертинтип алабызбы деп гана чочуймун. Мени ойлонткону ушул гана,- деди Абдилла бий.

– Ал кимдин баласы? Мен буга чейин Мырза балбан жөнүндө такыр укпаптырмын го?,- деди Чыйбил бий.

– Мырза балбан Чаңгеттик Мамадияр байдын баласы. Ага өрөөндөгү аш менен тойлордо жана чакан тамашаларда тең келген балбан азырынча чыга элек. Бирок, абдан жаш, эр эңиштеги тажрыйбасы аздык кылат, болгону эми гана 18ге чыкты,- деди Абдилла бий.

– Мамадияр бай өзү кайда? Эмнеге бул жерде эмес?,- деди Чыйбыл бий үмүтүнүн чырагына май тама түшкөндөй жандана түштү.

– Өзүнө конок болуп бөлүнгөн казак боордошторубузду өргөөсүндө сыйлап жатат,- деди Чыйбыл бийдин жигити.

– Меймандарга сыр алдырбай, бул жерге баштап келчи?,- деди бий. Жигити чыгып кеткен соң, ал кайра сөзүн улады.

– Чыныгы балбан он сегизинде күч-кайратына толгон кези болот. Ырас, кеп анын күчтүү балбандар менен буга чейин эңишке түшпөгөндүгү, чоң эңиштердеги тажрыйбасынын жоктугу ойлонто турган маселе экен. Анын үстүнө Үрпөк баш оңой олтоң жоолордон эмес. Ал азыр балбандардын көк жалы десек аша чапкан болбойбуз.

"Күлүк күнүндө, тулпар тушунда" дегендей ал ушул кезге чейин эр эңиште жеңилүү эмне экендигин биле элек, анын ызасын тарта элек, бул кашкайган чындык!,- деди Чыйбыл бий кабагын салган ойлуу абалда.

Ушул саам боз үйдүн керегеси ачылып, сырттан Мамадияр бай кирип келди.

– Ассолому-алейкум журт башчылары. Конокторду жайгаштырганча бир аз кармалып калдым окшойт?,- деди ал.

Чыйбыл бий сөздү ток этер жеринен баштады:

– Келиңиз байым, сизди чакыртканымдын себеби, Аркадан келген кадырлуу коноктор көрсөтүп жаткан сыйурматыбызга түкүргөндөй мамиле жасап, обу жок калпыс иш жасап жиберишти. Ага өзүңүз дагы күбө болдуңуз. Алар ооздорунан жаңылып калышты деп эсептеймин. Элдин ар-намысына тийишип, чекилик иш жасап жиберишти. Айрыкча Үрпөк баштын "Энеңер балбан төрөгөн эмеспи?" деп табасы кана шылдыңдап күлгөнүнө унчукпай коюуга акыбыз жок. Уулуңуз Мырза балбанды эртең Үрпөк баш балбанга эр эңишке салсакпы деген бүтүмгө келип олтурабыз. Буга эмне дейсиз? Кеп эми сизде калды?,- деди Чыйбыл болуш.

Мамадияр шарт Абдилла бийди тиктеди. Ал туура, Мырзаны мен сунуштадым дегенсип акырын башын ийкеди.

– Ушундай кысталыш кезеңде, элдин ар-намысы баарынан бийик турганда жок демек белем. Эр эңиште чыныгы балбан гана жеңишке жетишээри анык. Балам дагы чоң эңиште өзүн бир сынап көрсүн. "Күч атасын таанып байт" дейт, уулум дагы билегинин каруусун Үрпөк баш балбандын өзүнө карматып, сынатып алсын. Башка салганды көрө жатарбыз. Камчыбек балам, иниң Мырзаны

тезинен бул жерге чакыр. Мен аны чаракерлерге зарыл иш менен жөнөттүм эле!,- деди үнүн бийик жана өктөм чыгарган Мамадияр бай.

– Бар бол, кыраан бүркүтүм! Мен сенден ушундай калыс ак сөзүңдү күткөн болчумун!,- деген Чыйбыл болуш Мамадиярды белинен сыга кучактады.

Басыз уруусунан чыккан Чыйбыл болуш Көк-Арт өрөөнүндөгү Калмак-Кырчын айылында туулуп-өскөн. Ал болуш болуп турганда жергиликтүү карапайым калктын таламын такай талашкан, элдин кызыкчылыгын бийик койгон жана көзгө толоорлук көптөгөн иштерди аткарган.

1876-жылы февраль айында орус падышасы Александр II Жарлыгы боюнча Кокон хандыгы жоюлуп, анын аймагы империялык Россиянын карамагына карап калды. Жаңы орус бийлиги эптеп элди өзүнө тартуу максатында баштары алынган 40 бийдин бала-чакаларына жардам иретинде аталарынын кунун төлөп берүү үчүн аларды чакыртат.

– Абдылла бий атаңардын куну үчүн эмне сурайсыңар?,- деп орус бийликтери сураганда Чыйбыл тайманбай туруп:

– Мага атамдын бийлиги менен байлыгын бергиле!,- дейт.

Орус бийликтери макул болушуп, ата мурасы бийлиги менен байлыгын беришиптир. Агасы Нусупту Тогуз-Торого болуш кылып, Чыйбылды Көк-Артка болуштука дайындап, ошол замат аны мөөрлөрү менен тастыкташкан. Ошого карабастан Чыйбыл болуш орус империясы тарабынан Борбордук Азияга жөнөтүлгөн ак кулактардын жергиликтүү элге болгон катаал, орой жана баскынчылык адилетсиз мамилесине чыдаган эмес. Айрыкча

кыргыздардын түшүмдү мол берүүчү семиз сугат жерлерин көз көрүнө тартып ала баштагандыгына ачык нараазы болгон жана элди орустарга каршы көтөрүлүш чыгаруу аракетине ооган.

Ал Мадали Эшен, же эл оозунда Ийикчи Эшен деп да аталган белгилүү инсан менен Көк-Арттын Миңдөбөсүндө бир нече жолу кездешип, Анжиян көтөрүлүшүн даярдоого жигердүү катышкан. Ал көтөрүлүшкө түздөн-түз катышууга үлгүрбөсө дагы, көтөрүлүштү даярдоого чоң салымын кошуп, жигердүү катышкан деген жалаа менен Орусиялык империялык согуштук талаа соту тарабынан соттолуп, өлүм жазасына тартуу жөнүндө өкүмү чыгат. Кийинчерээк өлүм жазасы жеңилдетилип, ал көп жылдык сүргүн менен алмаштырылган жана Чыйбыл болуш Сибирге айдалган. Орустар жергиликтүү элдин үшүн алуу жана коркутуу максатында аны Жалал-Абад шаарындагы губерниялык сотко алып бара жатканда анын колу-бутун байлашып, эки кулагы эки мык менен тактага кагылып, арабага чалкасынан жаткырып, айылдардагы элди аралатып алып өткөн. Чыйбыл болуш Сибирде сүргүндө жүргөндө тоо булбулу Токтогул менен жолугушкан. Кыргыздын улуу акыны анын кайгылуу өлүмүнө да күбө болгон. Чыйбыл болуштун аянычтуу өлүмү жөнүндө Токтогул Сибирден сүргүндөн кайткандан кийин Эшманбет менен айтышында мындайча баяндайт:

Көрүп жүрдүм өлгөнчө,
Көк-Арттан барган Чыйбылды.
Айдалып кетип баратып,
Жолдо калды өлгөндө,
Жору-кузгун жеди окшойт,
Адам чыкпай көмгөнгө.

Теңтуштарым өлгөндө,
Көмгөнүм жок, Эшмамбет,
Терең көрүн кең казып,
Көмгөнүм жок, Эшмамбет.
Азаматтар өлгөндө,
Көмгөнүм жок Эшмамбет,
Ак кепиндеп, аруу жууп,
Айпооч салып, белин бууп,
Көмгөнүм жок, Эшмамбет.
Көрөйүн деп сурасам,
Көрсөтпөдү көзүмө,
Кулак салбайт залимдер,
Мусаапыр, муңдуу сөзүнө.
Кайран элдер өлгөндө,
"Кандай неме өлдү?",-деп,
Кабакка сүйрөп койду окшойт,
Карга, кузгун, ит, куштар,
Тарпын талап тойду окшойт...
Катуу турмуш курусун,
Как ушундай болду окшойт!...

* * *

Камчыбек менен Кудайберди Мырзаны таң куланөөк салып калганда Көк-Артка алып келишти.

– Камчыбек аке, өзөгүм карарып, курсагым аябай ачты?, - деди узун бойлуу, колдору менен буттары шадылуу келген Мырза.

– Ал жагынан камтама болбо, курсагыңды кампайтабыз,- деген Камчыбек шашыла сыртка чыгып кетти. Эп-

чил Камчыбек бир торбо акталган таруу таап, жалгыз бой жашаган кемпирдин үйүнө бир чака нак сүт алып келип, дароо бир чоң чара таруу ботко жасатты. Үчөө шашпай жай олтурушуп, чоң чарадагы боткону жаңгактын жыгачынан жасалган кашыктар менен тамактанып киришти. Жарым саам өтпөй нак сүткө бышкан чоң чара таруу ботко түгөнүп, чаранын түбү көрүнүп калды. Чынында Камчыбек менен Кудайберди Мырза үч кашык салганда бир кашык салышып, боткону жеп жаткандай эле түр көрсөтүп олтурушкан.

– Камчыбек аке, боткоңуз жумуруума жук дагы болгону жок? Дагы эмнеңиз бар?,- деген Мырза кашыгын жалап, акеси менен досуна карады.

Экөө чочуп кетишип, бирин-бири тиктеп, шалдайып олтуруп калышты.

– Ой, эмнеге шалпая түштүңөр, тамашаласам дагы болбойбу?,- деди каткырган Мырза.

– Эми мени дөөгө салсаңар дагы эңишке даярмын!,- деген Мырза ордунан туруп, буту-колун керип, чоюнуп кирди.

– Көп дардаңдай бербей өзүңдү бас. Көк чепкен Үрпөк баш балбандардын алпы! Ал менмин деген балбандардын нечени атынан оодарып, азыр "Эңишээрге эр таппай, кагышаарга жоо таппай!" турган кези,- деди досу Кудайберди.

– "Атырылган балбанды кармашканда көрөбүз!". Мен үчүн бул эңиш өзүмдү сыноонун эң ыңгайлуу учуру экендигин даана туюп, жакшы аңдап турамын. "Эр чекишпей бекишпейт" дейт. Үрпөк баш балбан мени жакшы билбейт, мен болсо анын алп балбан экендигин угуп гана келгенмин. Күч атасын тааныбайт дегендей, кимдин ким экендигин көрө жатаарбыз,- деди өзүнө бекем ишенген Мырза балбан.

Күн аркан бою көтөрүлүп калганда үчөө Чыйбыл болуштун ак өргөсүндө болушту.

Чыйбыл бий Мырзаны сынакы көзү менен сынай карап турду. Көпчүлүктүн арасында Мырза теректей узун бою, шадылуу жана булчуңдуу колу-буттары менен кыйла айрымаланып турду. Көзүнүн нуру чачырап, өзүнө бекем ишенгендик, балбандарга гана таандык болгон тайманбастык курч мүнөзү ага жагып турду. Бий Мырзага суктануу менен карады. “Кандай гана сыноо болбосун адам биринчи кезекте өзүнө бекем ишенсе, ийгилик сөзсүз колго тийет” деди ал ичинен. Кол алышып учурашканда күрөктөй болгон жаш балбандын колунда күч менен каруу кубат ашып-ташып тургандыгын кыраакы бий дароо эле байкады, аны колу менен даана сезди.

– Баракелде балам, сени ата-бабаларыбыздын рухтары колдосун. Курманбек баатыр абаң өзү колдосун. Менден эмне сурайсың?!,- деди Чыйбыл бий.

– Бий ата, мага жакшы ат керек. Өзүмдүн атым мындай чоң эңишке жарабайт, жаш асый, табына келе элек?,- деди Мырза балбан.

– Шаңшыган гана кыраан бүркүтүм, баарыбыздын медер тутканыбыз, ишенген тообуз өзүң болуп турасың. Ылайыктуу атты табабыз. Үрпөк баш оңой жоо эмес. Кантсе да өзүңдү сыноочу мезгил келди окшойт. Белиңди бек бууп, аракет кыла көр. “Бирде жигит төө минет, бирде жигит жөө жүрөт” дейт балам, эңилсең жер көтөрөт. Үрпөк баш балбанга эңишке чыгууга тайманбай бел байлаганыңдын өзү мен үчүн чоң сыймык жана шердик. Мен сага терең ыраазымын, балам. Оомийин, жигиттин пири Шаймерден өзү колдосун, Курманбек баатыр атаңдын руху колдосун!,- деген Чыйбыл бий ак батасын берди.

– Торгой балбаным, жаш туйгунга балбандык сырларыңдан бөлүшүп, акыл-насаатыңды айтып, кысынбай кеп-кеңешиңди бергиниң?,- деди Чыйбыл бий.

– Балам, өзүң биринчи болуп, эч качан озунуп опурулбагын. Эң негизгиси Үрпөк баш балбандын бардык айла амалдарынын мизин кайтарганга өзүңдү бек камдап, өтө сак болгунуң. Ал абдан аяр, өтө куу жана кыраакы кыйтыр балбан. Кичине эле бошошуп, анын ыгына көнүп бергениң, анда эле оңбой калганың. Түшкө чейин оодарып, эңип алчумун деп эч качан атырылып ашыкпагын. Ал түшкө чейин болгон күчүн сарптап, сени оодарып түшүүгө бел байлашы анык. Анын көздөгөн мүдөөсү, ойлогон ою бардык күчүн жумшап сени түшкө жеткирбей оодарып түшүү. Түшкү тыныгуу жарыяланга чейин ал бардык күч аракетин жумшап, шайы кеткидей болсун. Калганын анан дагы көрө жатаарбыз,- деди карыя балбан Торгой.

Алтымыштан эчак ашып калган Торгой балбан кезинде атагы таш жарган, кыргыз жеринде гана эмес коңшулаш казак жана өзбек жергесиндеги далай аш-тойлор менен тамашаларда эңишке түшүп, далай баш байгелерди алып келгендерден болгон. Бүгүн ал жаш балбан Мырзага устаттык кеп-кеңештерин берип, аталык акыл-насааттарын айтып, чоң эр оодарыштын алдында аны астейдил даярдай баштады.

– Ээ, караан калгыр, убакыттын тардыгын карабайсыңбы. Эгерде бир жума мурун жолукканыбызда экөөбүз ат үстүндө эңишип, балбандык далай сырларды, анын миң түркүн ыкмаларын үйрөтмөкмүн. Карыя балбан Торгойду кубанткан нерсе Мырзанын Үрпөк баш балбандан чочуркабагандыгы, түк коркпогондугу, кайра тескерисинче өзүнүн күчүнө бөркүндөй ишенип тургандыгы болду.

“Канткени менен али сары ооз балапан эмеспи. Балакет басып, Мырзанын канатын кайрытып, жок жерден бөөдө мертинтип албас бекенбиз?” деген бүдөмүк ой Торгойдун көңүлүнөн басса-турса кетпей турду. Өзүңө ишенбесең анда жоого аттануунун зарылдыгы жок. Андайда майнап болбойт, жалтактап кылчактаганың жоого жарым жеңишти бергениң. Андайлар жеңишке жетемин деп үмүттөнбөй эле койгону оң.

Эр эңиш эки адырдын ортосундагы кең жайыкта өткөрүлгөндүктөн казганактаган эл адырларга батпай, кара таандай жабалактап, деңиздей чайпалып турду. Келтирилген көп аттардын ичинен Торгой балбан Мырзага Орунбайдын кара атын тандап мингизди.

– Кулагыңда болсун, түшкө чейин Үрпөк баштын бардык аракеттеринин гана мизин кайтаргының. Эң башкысы анын талуу жерин байкаштырууга аракет кыл. Анын эмнеге маани бербей ката кетирмей бош жерлери бар экендигин мен дагы бул жактан аңдоого аракет жасаймын. Үрпөк баш атайылап сени чабуулга азгырууга аракет жасайт. Анын ыкмасына илинчү болбо, капканына чабылчу болбо. Андай эле болсо ал сени эки чайнап, бир жутуудан кайра тартпайт. Ал өтө сак, айлакер жана жеткен куу балбан.

Эр эңиш өтчү жайыкка атчан акын жарчы чыкты:

– Оо, калайык калың эл,
Көк-Арт ыйык улуу бел.
Кадыры журтка сиңгендер,
Казак боордош калк келди.
Ирегелеш жайгашкан.
Өзүбек тууган журт келди.
Абдылла бийдин ашына,

Түрүлүп түмөн эл келди.
Аш башы Чыйбыл бийиңдин,
Тамыры чынар бек экен.
Туурунан кетпей бактысы,
Тулпары чыгып байге алды.
Тогуз жолдун тоомунан,
Тогуз-Торо балбаны,
Аркалыктын көк жалы,
Эр эңиштен Үрпөк баш,
Казактан чыккан балбанды,
Камгактай жулуп ал алды.
Өзүбектин балбанын ,
Өтүктөй сууруп бат алды!
Көк-Арт Созок өрөөндөн,
Балбаның барбы Чыйбыл деп,
Ак өргөгө ат салып,
Алышаар балбан барбы?,-деп,
Аш ээсине чап салды.
Ат ойноткон Үрпөк баш,
Түптүү элди түнөртүп,
Ардантып турат карачы.
Чыйбыл бий барбы калкыңда,
Намыска жарар эр бала?!

- дегенде карагер кашканы ойнотуп, эр эңиш өтүүчү майданга Мырза балбан чыга келди.

– Оой, калайык карачы,
Ат ойноткон бул бала,
Оозунан сүтү кете элек,
Наристе түгү түшө элек.
Бала эле бойдон турбайбы?
Айланайын калың калк,

Атырылган жаш бала,
Айбаты каардуу кайсыл бек!
Айдалыда жолдуу шек,
Адамда болот бул сейрек.
Элеси көзгө тартылды,
Бала баатыр Курманбек!
Карт бөрү балбан Үрпөк баш,
Мертинтип койсо не болот,
Кунун кимден сурайбыз?
Чыйбыл болуш караңыз,
Чырактай болгон баланы,
Чырпыгында жайлап албаңыз?!

-дегенде Чыйбыл бий ортодогу калыска карай эр эңишти башта дегендей камчысы менен белги берди.

– Оо, калайык-журт! Бүгүн эр эңиштин накта жеңүүчү балбаны аныкталат. Жеңген балбан тогуздап сайылган баш байгенин ээси болот!,- деген жарчынын үнүн элдин кыйкырык сүрөөнү басып кетти.

– Баш байге үчүн болгон бүгүнкү эр эңишке буга чейин төрт балбанды аттарынан оодарган Тогуз-Торолук атактуу көк чепкен Үрпөк баш балбан жана Чаңгеттик жаш балбан Мырза чыгат!,- дегенде элдин сүрөөн кыйкырыгы дагы дуу этип гүүлдөп жаңыра түштү. Тамашаны көрүүгө келген калк ордуларынан дагы бир ирет козголуп, чайпалып алышты. "Эл оозунда элек жок" демекчи тамашага келгендер өздөрү туура көргөн божомолдорун саймедиреп божурап жатышты.

– Аай, шоруң каткан Мырза, төрт балбанды алган Үрпөк баш сени жөн коймок беле, ага жем болгону калдың го.

– Бул эр эңиш көпкө созулбайт.

– Ай ким билет, Чыйбыл бий дагы жеңил эле алдыра койчу нойондордон эмес. Сары майдай сактаган балба-

нын Үрпөк башка жөн еринен салып жатпаган чыгар?,- деген кеп-сөздөр эл оозунда тыйылбай жатты.

Эр эңиш өтчү ортодогу майданга эңгезердей алп балбан көк чепкен Үрпөк баш балбан жээрде кашка атын ойноктотуп чыкканда аркадан келген коноктор аны кыйкырык сүрөөн менен колдоп коштоп кетишти. Анан кара айгырды булкунтуп майданга Мырза балбан чыга келди. Аны дагы эл сүрөөн кыйкырык менен тосуп алышты. Мырзанын Үрпөк башка караганда арыктыгы эле болбосо, бою жагынан узун экендиги ат үстүнөн эле даана байкалып турду. Эки балбан тең текенин терисинен тигилген тери шымчан. Курларынан жогору жагы жылаңач. Жакын тургандарга Мырза балбандын далы тушундагы жаш тайдын жалындай болгон тутам түгү, эн белгиси карарып көрүнүп турду.

Эр балбандардын эңиши башталаар алдында казак жергесинен келген аксакал калыс эки балбанды ат үстүнөн кол алыштырып, саламдаштырды. Калыс эр эңиштин эреже талабына ылайык камчы менен бирин-бирин жана атаандашынын аттарын чапкылабаш керектигин, ачууга алдырып бири экинчисин камчы менен чаппоо керектигин дагы бир ирет эскертип, аларды таза таймашууга чакырды. Ушул тартиптер сакталбай, кимдир бирөөсү калпыстыкка жол берип, эрежени бузса эңиш токтотуулары, эр эңиштин талабын бузган жеңилди деп эсептелерин аларга дагы бир жолу эскертти.

Элдин бүйүрүн кызыткан эр эңиш дагы башталып кетти. Камчыларын ооздоруна кырча тиштешкен балбандар бири бирин сынашып, бири биринин сырын тартып, атаандаш балбандар билектеринин каруу күчтөрүн байкаштырып жатышты.

Мындай эңиштердин далайын башынан өткөргөн Үрпөк баш балбан Мырзаны билектен шап алып, өзүнө карай катуу булкуп тартмакчы болду эле жаш балбан анын ыгына көнбөй, колун кайра сууруп алууга жетишти. Жаш экендигине карабай Мырзанын каруусунда оргуштаган күч бар экендигин дасыккан кыраан Үрпөк баш дайын сезгендей болду. “Адырандап оолукбагын мадыра башым, баары бир сени бир ыгыма алып түшөмүн. Сага окшогондордун далайын көргөнмүн. Бүгүн сазайыңды гана колуңа карматпасамбы. Эли-журтуңдун алдында эси-көөнүңдөн чыккыс кылып, талпагыңды ташка гана жайгандай кылбасам Үрпөк баш атымды башка коёмун!”,- деди ичинен ызырынган көк жал Үрпөк баш балбан. Кантсе да ал жаштыгына карабай өзүнө ишенген балбанга туш болгондугун мойнуна алууга аргасыз болуп турду.

Мырза балбан кексе Торгой балбандын айткан насааттарынан четтебей, күч каруусун ашыкча сарптай бербей, атаандашынын ар кыл айла амалдары менен ыкмаларынын мизин татыктуу кайтарууга жетишип турду. Кара таандай калкылдаган элге эки балбандын кимиси алып түшөөрү кызыктырып, теребелди жаңырткан кыйкырык-сүрөөн жана кулак тундурган кыйкырык-айкырыктар менен коштолуп, балбандарды чапчаң аракеттенүүгө сүрөп турушту.

– Үрпөк баш ээрге олтурганы эч кимден жеңиле элек. Мырзаны болсо жөн эле мышык чычкан менен ойногондой келекелеп жатпайбы?,- дешип анын тарапкерлери өздөрүнүн балбаны сөзсүз жеңишке жетээрине бөркүндөй ишенип турушту.

– Мырза балбан оңойчулук менен алдырчуулардан эмес. Көрөсүңөр, бүгүн анын ооматы келип, маңдайынын жылдызы жанып турат. Бакыттын кушу бүгүн чындап анын колуна конот!,- деген анын күйөрмандары дагы арбын.

Эңишип жаткан балбандардын өздөрү гана эмес, минген аттары дагы кара терге түштү. Ооздорунан ак көбүктөрүн чачыраткан эстүү жаныбарлар ээлеринин ыгы менен болуп жатышты. Тамашанын кызуусуна баткан калайык-калк канчалаган ач кыйкырык менен сүрөбөсүн чак түшкө чейин эки чыгаан балбандын бирин бири эңип кетүү аракеттеринен эч кандай майнап чыкканы жок. Эңгезердей келген эки балбан эмес, көздөрү кызарып канталап чыккан эки дөө алышып жаткансыды. Эңишке аярлык менен көз салып турган казактын калысы түшкү тыныгууну жарыялап, балбандарды ажыратып, эки жакка бөлдү.

– Жарайсың шумкарым, ушул калыбыңдан жазбай аракетиңди уланта бергиниң. Байкадыңбы, ал сенин колуңду ээрге басып тартууга бир нече курдай аракет жасады. Анысына карабай сен дагы бош келбедиң, азаматым, анын шайын кыйла кетирип, алдастатып койдуң. “Өзүңдү эр ойлосоң, башканы шер ойлогун” деген ушул болот кыраанымм. Тыныгуудан кийин ал кайра дагын күч алат. Ошол аракеттерин толук сарптап бүткөндөн кийин, өзүм сага белги беремин. Ошондо болгон күч кайратыңды жумшашың керек. Эңилбес балбан болбойт,- деген Торгой балбан устатттык насатын, акыл сөздөрүн саймедиреп, Мырзанын кулагына куюп жатты.

Үрпөк баш балбандын жандоочулары дагы тыныгуудан кийинки эр эңишти кандай багытта улантуу тууРасында кеп-кеңеш куруп, масилеттешип жатышты.

– Бул баланы жетелеп тарбияласа, эңиштин сырларына мыктылап каныктырса келечекте андан мыкты балбан чыгаары анык. Бирок, жаштыгы менен курчутугу сезилип турат. Жиликтеринин чучуктары толо элек. Кудай буйруса Мырзаны кийин өзүм жетелеп эрчитип жүрүп,

кыргыздын чыгаан балбанына айландырам. Ага жакшы таптоо жетишпей турагансыйт,- деди куюлган кымыздан ууртай олтурган көк чепкен Үрпөк баш балбан.

– “Жоо аяган жаралуу” дегенди эсиңден чыгарбагын. Дагын устат болот имиш?. Алгач сен аны аттан оодарып, эңип түш. Өрнөк болушуң үчүн аны эңип алышың керек. Жеңилип, алдырып койсоң жаш бала сени тоготпой, теңсинбей калбайбы. Балбандын баркын, анын нарк насилин жеңилген адам гана билет. Ойду-тоону саймедиреп дөөдүрөбөй бүгүнкү эңишти таза жеңип алуунун жолун ойлонгонуң дурус болоор беле?,- деген досу Эшкозу Үрпөк баштын ар-намысын ойготкусу келди.

Түшкү тыныгуудан кийин балбандардын эр эңиши кайрадан улантылды. Эр эңиштин бүтүшү үчүн эки балбандын бири атаандашын атынан оодарып түшүүсү шарт. Бирок, кимиси алат? Кеп ошондо. Аны азыр эч ким так кесе айта албайт. Тажрыйбалуу дасыккан, башынан мындай ири таймаштардын далайын өткөрүп, жеңиштин балдай таттуу даамын далай таткан, кыйынчылыктардын көбүн башынан кечирген кыраан балбанга, жаштыгына карабай билегинин каруусу күчкө толгон, коркуу менен тайсалдоо эмне экендигин түк билбеген жолборс сүрдүү өжөр балбан тушугуп олтурбайбы. Бул да болсо жазмыштын башка салганы, тагдырдын маңдайга жазган тамашасы эмеспи. Андан эч ким качып кете алган эмес. Тогуздап сайылган баш байге жеңген гана балбандын энчисине айланат. Ага балбандын бирөөсү гана татыктуу. Бул алмустактан келаткан ата салттын мурасы. Ага баш ийбеске да, көнбөскө айлаң да, аргаң да жок.

Калдайган калың журттун алдында көздөрү кызарып канталаган эки балбан эмес, эки дөө кагышып жаткандай элес калтырып, эңишип бирин бири алалбай, жулкушуп

сууруп кете албай, билектеринен кан чачырап, агып жатты. Балбандардын жаактарынын түгү чыгып, ызырынып титирешип, жандары кайнап, жиндери түтөп чыкты. Түш ооп, желп эткен жел жок, күн аптабынан улам аба үп тартып, дымып турду.

Бир маалда көк чепкен Үрпөк баш балбан арстандай ач айкырык салып, Мырзанын сол колун ээрге басып, атын теминип, сүйрөп кетүүгө бардык күчүн үрөп, жандалбастана баштады. Көзүнөн от чагылыша түшкөн Мырза балбан сол колу далысына чейин зыркыратып оорутуп чыкканына карабай, атынын үзөңгүсүн чирене тээп, артка тартынды. Колун зорго сууруп алган Мырза чалкалай түшүп, жүзү кара аттын соорусундагы чыпылдаган муздак терге урунду. Жаны көзүнө көрүнө түшкөндөй болду. Аттын соорусундагы муздак тер анын көзүн умачтай ачты. Көзү заар менен ызага толгон Мырза эми чындап ачынгандай, намысына келгендей болду. Ушул саам арт жагынан:

– Мырза балам, башта, убакыт келди!,- деген Торгой балбандын коңур үнүн кулагы чалды.

Күндүн көлөкөсү көк чепкен Үрпөк баш балбандын акырегине түшкөндө Мырза балбан ачынган ач жолборстой катуу айкырык салып, оң колу менен акыректен апчый кармаганда анын эки сөөмөйү атаандашынын денесине бата түшкөнсүдү. Көз ачып жумганча Мырза балбан Үрпөк баштын оң колун жоон билектен алып, үзөңгүнү чирене тээп теминип, алп балбанды аттан жерге оодарып түштү. Көз ирмем аралыгында калдайган көк чепкен Үрпөк баш балбан эңиш өтүп жаткан майдандагы чаңга оонап түшүп, узунунан суналып жатып калды. Анын артынан элдин гүүлдөгөн кыйкырык-бакырыктары теребелди чагылган түшкөн сыңары жаңыртып кетти. Акын жарчы төгүп кирди:

– Улук бийим Чыйбылым,
Урматы элге тең бийим.
Көк-Арт ыйык жериңде,
Телтору атын туйлатып,
Эр Курманбек эрениң,
Элирип жүргөн төрүңдө.
Арбагы колдоп баатырдын,
Намысты колдон чыгарбай,
Баш байге калды элиңде!
Ооматтуу бийим, Чыйбылым,
Ордолуу журтта баатырсың.
Бала балбан Мырзаны,
Кайдан таап алгансың!
Сымбаты анын башкача,
Кайыптан окшойт бул бала!
Калайык калкым карачы,
Кайраты жандан өзгөчө.
Бактысына элимдин,
Энеден кайра төрөлгөн,
Кенже Манас турбайбы!
Кабыргасы катканда,
Капырай?
Тең келбейт адам баласы!

- деп ырдап токтогондо, “Балам көзүгүп кетпесин, оо жараткан, сактай көр!”,- деп жерден бир кочуш топурак алган Мамадияр келме келтире эл тарапка үйлөдү.

– Мырза балбан оодарып түштү! Биздин балбан жеңди!,- деген кыйкырык менен ызы-чуудан кулак тунуп чыкты. Торгой балбан баш болгон Мырзанын жандооч сүрөөнчүлөрү аны аты менен ортого алышып, айлана тегеректешип, улуу жеңиштин салтанатын даңазалап

киришти. Чынында Мырза балбандан мындай жеңишти күтпөгөн Чыйбыл бий атына так секирип минип, жабалактаган элди жиреп, Мырзанын маңдайына жетип барды.

– Кагылайын кенже Манасым, садагаң кетейин Мырза балбаным, элдин ар-намысына жарап бердиң! Сендей алп баатырды төрөгөн энеңе миң мертебе рахмат!,- деген Чыйбыл бий сүйүнүч менен кубанычтан чыккан жылуу жашын жашырбай дымагы жанган Мырза балбанды ат үстүнөн кучактап калды.

Балбандардын эр эңишинде алдырып коюп, жерге кулап түшкөн көк чепкен Үрпөк баш балбанды дагы жандоочулары ордунан тургузуп, майдандын четине алып кетишти. Мырза балбандын эки сөөмөйү батып кеткен анын акырегинен сызылып чыккан кан токтобой агып турду. Табыптар дароо кийиз күйгүзүп, аны ысык бойдон акырекке басышты. Кан мурдагыдай тынбай акпаганы менен таңылган кездемени кызыл түскө боёп, сарыгып турду.

Мырза балбан чындап эле Үрпөк баш балбанды жеңгендигин али толук аңдап туя элек болчу. Сол далысы менен чыканагы чыдатпай сыздатып, оорутуп жатты. Ушул саам ал негедир Үрпөк баш балбанды эстеди. Жабалактап аны курчап алгандарды түрткүлөй өзүнө жол ачып, Үрпөк баш балбандын тобуна карай жөнөдү. Анын оюн түшүнгөн Камчыбек менен Кудайберди жолду кенендеп ачышып, жабалактаган элди сүрүп, Мырзаны ээрчитип жетелешти. Мырзанын келе жатканын көрүшкөн котологон эл ага чачыла жол бошотушту.

– Үрпөк баш аба, абалыңыз жакшыбы?,- деген Мырза шырдактын үстүндө жаткан балбанга чөгөлөй тизе бүктү. Ал балбандын шадылуу колун сыйпалай кармады.

– Түзүкмүн балбаным, кудайым өмүрүңдү берсин, сенден мыкты балбан чыгат- деген Үрпөк баш акырек тушундагы жан сыздаткан оорусун билдирбеске аракет кылгансыды. Ал кара күчкө салып, калпка эле жылмаюуга аракет жасады, бирок анысы жасалма жана аргасыздык экендигин Мырза кадимкидей ачык эле туйду. Үрпөк баштын өңү купкуу тартып, жаны аябай кыйналып жатканы сезилип турду.

– Сол колуңду далыңдан чыгарып салдым окшойт, сөөк салгандарга салдырып ал?,- өзүнүн оор абалда жаткандыгына карабай Үрпөк баш балбан кечиримдүүлүк менен кайрымдуулуктун, айкөлдүктүн улуу үлгүсүн көрсөттү. Бул жаракат аны оңдурбай калгандыгын балбан жан дүйнөсүндө сезип жатты. Мырзага анын көзүнүн каректери тунаргансып, жансыз адамдыкындай туюлуп кетти.

– Эми балбаным баргыныӊ, жеңишиңдин даамын татып, анын шаан-шөкөтүн көр. Атайын кайрылып, менден кабар алгандыгыңа миң мертебе ыраазымын. Балбандардын баары эле мындай кадамга бара бербейт. Зоболоң артсын, аманчылык болсо дагы далай жүздөшөрбүз,- деди Үрпөк баш балбан.

–Теңирим айткандарыңызды кабыл этсин, өзүңүз айткандай ылайым жакшы күндөрдө жолугушалы. Батыраак сакайып, жакшы болуп кетиңиз, балбан аба!,- деген Мырза балбан ордунан козголду.

– Бар бол балам, ушул айкөлдүгүңдөн жазбагын!,- деди Үрпөк баш балбан.

Жол бербей котологон эл Мырзаны колмо-кол көтөрүшүп, аттуу-баштуу сый коноктор олтурушкан ак боз үйгө сүрүлүп алып жөнөштү.

– Оо, калайык-журт, эр эңиш байгесинин татыктуу ээси, биздин кенже Манасыбыз Мырза балбанга ак ба-

таңарды бергиле!,- деген Чыйбыл бий кара таандай котолоп, жарданып турган элге кайрылды.

– Оомийин, кенже Манас атыккан Мырза балбандын зоболосу менен даңкы мындан ары дагы арта берсин!,- дешкен көпчүлүк ак баталарын беришти.

Түнкү асмандагы жылдыздар тегиз жайнап чыккан кезде көк чепкен Үрпөк баш балбандын жаны үзүлдү деген жыландай суук кабар угулду. Мадыш бий баш болгон Тогуз-Торолуктар эч ким менен коштошпой, түн жамына Үрпөк баш балбандын сөөгүн алып, эли-журтуна жөнөп кетишти. Аштын эртеси Чыйбыл бий баштаган Көк-Арт өрөөнүнүн эл башчылары үч үйүрдөй жылкы айдашып, Үрпөк баштын кара ашына жөнөп калышты. Манаста айтылгандай “Көкөтөйдүн ашы, чоң чырдын башы” дегендей Чыйбыл бий атасы Абдыллага арнап аш бергенде кыргыздын кыраан балбаны көк чепкен Үрпөк баш балбан каза болду. Ал эми Мырза балбандын Үрпөк баш балбанды эр эңиште эңип алгандыгы “Кыска жердин кыйырына, узун жердин учуна” шамалдай тез тарап кетти...

* * *

Үрпөк баш балбандын каза болушу Мырза үчүн турмуштук күтүүсүз урулган катуу сокку, эстен чыккыс, көкүрөктөн кеткис оор жана кайгылуу окуя болду. Ал аябай катуу кейип, өтө чүнчүп жана азып кетти. Арадан бир жума өтпөй Мырза балбандын денеси оттой ысып, төшөккө жатып калды. Денеси бирде чоктой ысып чыкса, бирде тиштери шакылдап, чыйрыгып чыгат. Тулкусун, дене-башын былжыраган көз жара басып кетти. Тамакка такыр табити тартпай калды.

– Мырза балама эр эңиште көз тийиптир. Ош менен Анжиян тараптагы илими күчтүү молдо табыптарды чакыртып, окутпасаң абалы өтө начар. Бул жерде менин күчүм жетишсиз?,- деди оор үшкүрүнгөн Айтолкун бүбү кемпир. Анан минтип кошумчалады:

– Үч жашар бука союп, терисинин жылуусу тарай электе ага Мырзаны орош керек. Этин болсо элге канталага тараттырып жибергин. Коконго адам чаптырып, кожо Шергазы эшенди алдырганың оң болот?,- деген кеңешин берди.

Шергазы эшен молдо Мырзаны бир жумача Чаңгетте дубалап окуду. Бирде кой, бирде эчки союлуп, жандыктардын териси жылуу маалында Мырзанын денесине жаап жатышты. Бейтапта жылыш болбой, Мырзанын абалы күндөн күнгө оорлошо берди. Түнкүсүн уктай албай жөөлүп чыгат. Жаактары шимирилип, көздөрү чанагына чүрүшүп, араң эле жылтырап, кабыргалары саналып, аябай арыктап кетти. Тамагынан суюк атала менен суу гана өткөнү болбосо эч нерсе жебей калды. Бир күнү кожо Шергазы эшен молдо Мамадияр байды четке чакырып, астейдил кеп салды.

– Өгүз араба алдыр. Мен балаңы Жалал-Абадка алып кетемин. Жардамчылыкка бир жигитиңди кошуп бер. Пайгамбарлардын назары түшкөн, ар кандай оорулар менен дарттарга зор шыпаалык касиети бар жылуу булак суулары менен дарылабасам жалаң гана дубанын күчү жеткидей эмес. Бир шартым бар, бизге эч кимди жөнөтпөгүн. Зарылдык болсо өзүм кабар айттырамын,- деди кожо Шергазы эшен молдо.

Ошол эле күнү өгүзгө коштолгон араба менен Шергазы эшен молдо Камчыбек менен Кудайбердинин коштоосунда Мырзаны Жалал-Абадка алып кетишти. Жа-

лал-Абаддын касиеттүү Шор булагынын сууларынын шыпаасы тийдиби, айтоор Мырза акырындап дартынан арыла баштады. Бүт денесин басып кеткен былжыраган көз жаралар акырындап катышып, күбүлүп түшө баштады. Толук үч ай дегенде Мырза балбан денесиндеги көз жаралардан толук айрылып кутулду. Бирок, күч-каруусу кетип, дагын деле аябай алсыз. Теректей коркойгон узун денесинен кабыргалары кадимкидей саналып, бирөө жарым сүйөп таябаса өзү ордунан тура албайт. Шергазы эшен молдо күндүр-түндүр Мырзанын жанынан кадам жылбай тамагын өзү карап, бирде жалаң сууктап, бирде ысыктап, туптуура бир ай дегенде аны бутуна тургузду.

Кеч күздө Жалал-Абадка түшүп кеткен алар эрте жазда төрт атчан Чаңгетке кирип келишти. Куландай соо болуп кайткан Мырзанын киндик каны тамган айылынын эли, ата-энеси жана тууган-уруктары өтө кубануу менен кулач жайып тосуп алышты. Айылдын улуу-кичүүсү калбай Мырза менен учурашып, саламдашканы келип жатышты. Элдин кубанычында чек жок эле. Анын аман-соо сакайып кайтканына кысыр калган бээ союлуп, түлөө өткөрүлдү. Мамадияр бай кожо Шергазы эшенди бир жума коноктоп, үстүнө ак тон жаап, башына суусар тебей кийгизип, мингичине жорго күлүк тартуулады. Кайтаарында Мамадиярдын жигиттери аны Кокон шаарына чейин узатып келишти.

* * *

Балык жон тарткан адырларды кымкап сыңары көк чөп баскан жаз айы дагы кирип келди. Асманда көзгө көрүнбөгөн торгой безеленсе, жаңгактуу жашыл токой

ичинде булбул сайраган кереметтүү кез келди. Эл айткандай, өлбөгөн кулга жаз дагы келди. Кыштан илмийип араң чыккан мал жандыктар көккө кенен тоюнуп, денелери жылтырап, кыйла оңолуп калды. Уйлар саалып, бээлер менен кулундар желеге байланып, эл айран менен кымызды кең-кесири ичип калышты. Бир күнү чай үстүндө Мырзанын апасы уулуна кайрылды. Үйдө экөө гана болчу.

– Каралдым балам, мындан ары эңиш деген балакетиңди экинчи укпагыдай болоюн. Мен сени эңиштен арка-мойну үзүлүп, майып болсун деп тууган эмесмин. Элдин назары жаман болоорун өз башың менен тарттың. Анын запкысынан ары барып, бери келдиң. Шорум бар экен, сенин азабыңдан кара чачым куудай ак тартты, - деген Бердиш бышактап ыйлап кирди. Жүз аарчысы менен жашын сүрткөн Бердиш кайра түгөнбөгөн узун арманын улантып кирди.

– Ушунчалык эле ашып-ташып жаткан күчүң болсо эмгекке жумша. “Эрди эмгек эрезеге жеткирет” дешет. Жетим калган Үрпөк баш балбандын балдарынын убал-азабы кимге пайда да кимге зыян?! Жетишет, мындан ары сени аш-тойлорго бут бастырбаймын!,- деген Бердиш дагы шолоктоп ыйлап кирди. Анан эле кайра сөзүн улады.

– Мен дагы эл катары небере эрчитип, аларды эркелетип сүйгүм келет, торолтуп баккым келет. Бойтоңдогон алардын күлкүсүн көргүм келет, чулдураган татуу ширин тилдерин уккум келет? Болду, жетишет, мындан ары эңиш дегениңди экинчи укпагыдай болоюн!

– Апа, болдучу эми жетишет, эски жараны ырбатып козгой бергенден не пайда? Ансыз деле Үрпөк баш тынчымды алып, кээде түшүмө кирчү болду,- деген Мырза башын шылкыйтып жерге салды. Бир топтон кийин ал апасын жоошутуп кирди.

– Макул апа, сиз айткандай эле болсун, Ушуну менен бул сөзгө чекит коюп, мындан ары аны козгобойлу,- деген Мырза ордунан туруп, сыртка чыгып кетти.

* * *

Мырза аябай ойчул жана түнт болуп кетти. Бирок, чарбалык иштерге баш-оту менен киришип, көр тириликке бат эле аралашып кетти. Атасынын оорун колдон, жеңилин жерден алып, бардык жумуштарды өз колуна алды. Ата-энеси ичтеринен буга жетине алышпай абдан ыраазы.

– Аттарды токугун балам, чөп чабылуучу жайыттарды бир сыйра көздөн кечирип келели. Чөп чабык жакындап келатат,- деди бир күнү таң заарынан Мамадияр.

Ата-бала аттарын жанаша бастырып, айтылуу Ийри-Суунун чөп чабынды жайыттарын бир сыйра көздөн кечиришти. Башынан далай иштерди өткөргөн кексе Мамадияр бий чөп чабынды жайыттарды кыдырууну шылтоого себеп гана кылган. Кептин төркүнү башка нерседе болчу. Анын ою Мырзаны үйлөө, ага ылайыктуу жерден колукту табуу максаты турган. Алар учу-кыйырына көз жетпеген Ийри-Суунун башына жеткенде түш оол калды. Аттарын сугарган соң, ооздуктарын чыгарып, тоюнуп алсын деп көккө бош коюшту.

– Эртеңден тарта чалгычыларга камылгаларын көрүүнү дайындай бер. Дагы эки аптадан кийин чөп чабыкты баштаса болчудай. Жайыттардын жетилген чөбүн өз маалында – жаш тулаң мезгилинен өткөрбөй чаап, жыйнап албасаң тоюттун берекеси кетет. Аттар чөпкө тоюнду сыягы, эми Сатаркул аяш атаңдын өрүшүнөн кымыз ичип, өзөк жалгап алалы?,- деди Мамадияр.

– Оо, кудай өзү жөнөткөн кадырлуу коноктор келгиле, кел досум, көптөн бери карааныңды көрсөтпөй, дайының чыкпай кетти го?,- деген Сатаркул меймандарды кулач жайып тосуп алды. Керегелери мыкты жасалган боз үйдүн ичи абдан салкын тартып турду.

– Арбаңыздар аяш ата, узак жолдон кыйналбай келип алдыңыздарбы?,- деген Сатаркулдун кенже кызы Марзия иймене учурашып, меймандарга өзү кымыз куюп, суна баштады. Үстүндөгү аппак көйнөгү, көк түстөгү кооз чыптама кемзели кымча белине жарашып, белинен ылдый төгүлгөн кош өрүм чачы, ботонукундай бакырайган сурмалуу кара көзү ак жуумал жүзүнө жарашып, өзгөчө нурданып жанып турду. Мырзага кымыз сунуп жатканда экөөнүн көздөрү бир ирмемге чагылыша түштү. Жигиттин жан дүйнөсү козголуп, денесин жагымдуу жылуу сезим аралап кетти. Кыздын бир сырдуу көз карашы Мырзанын жан дүйнөсүнө уйгу-туйгу чок салып, анын шаштысын алып койду. Буга чейин Мырза атасы менен Сатаркулдукуна эки-үч курдай келген жайы бар эле. Анда Марзиянын оюнкараак секелек кези болчу. Бүгүн болсо Марзия минтип бойго жетип, көзгө толумдуу маралдай суйкайып, периште сымал келишкен сулуулугу Мырзанын эсин оодарып, шайын кетирип турду. Кыз менен жигиттин жылдыздары бири-бирине шайкеш төп келишип, экөөндө тең бирдей махабаттын учкундары чачырап, ашыктыктык оту тутанып турду.

Ошол күндөн тарта Марзиянын ак куудай болгон сулуу жана назик чырайлуу келбети көз алдынан кетпей, Мырзанын басса-турса оюнан чыкпай туруп алды. Ашыктыктын отуна чындап кабылган жигит өзүнүн алапайын таппай алдастап калды. Мырза досу Кудайбердини эрчитип, жайдын толукшуган жылуу түндөрүндө Марзия

менен жолугушуп, экөө бири-бирине арзуу тилектерин айтышып, жаштардын ортосунда махабаттын оту тутанды. Марзиянын жеңеси Зейнегүл эки жашты жолуктуруп, алардын арзуу тилектеринин ишке ашуусуна башкы себепчи болуп калды.

– Бул менин сизге арнаган белегим болсун,- деген Марзия өз колу менен тиккен кооз жүз аарчыны Мырзага сунду.

– Зейнегүл жеңем сиздин мага ашык болуп калганыңызды айтты. Эмне, жүрөгүңүздөгү арзуу купуя сезимиңизди өзүңүз мага айтпадыңыз?,- деди сырдуу жылмайган Марзия.

– Кечирип кой, Марзия, сенин алдыңа келгенде сага сөз айтуунун өзү мага азап болуп жатпайбы. Сен эмне десең мен баарын аткарууга даярмын. Сенден бир гана нерсени суранамын, мага сүйүктүү жар болуп бер?!,- деди тердеп тепчиген Мырза жаш селкинин алдында өрөпкүп сүрдөгөн абалда.

– Ата-энеңизди жуучулукка жөнөтө бериңиз. Сиздин мага болгон тунук сезимиңизди четке кага албаймын,- деди Марзия.

– Марзия ишенесиңби, сен мен үчүн жомоктогу сулуу периштеге айландың да калдың. Бассам-турсам сенин сүймөнчүктүү элесиң жүрөгүмдөн кетпейт. Дастандарда ашыктыктын айынан улуу акындар акыл-эсинен ажырап, жинди болуп кетиптир десе түк ишенчү эмесмин. Көрсө, таза махабат же жигитти бар кылат, же болбосо биротоло жок кылат дегенге эми бөркүмдөй ишенип олтурамын,- деди Мырза.

– Коюңузчу, апыртып жибердиңиз окшойтко. Мырза балбанга колукту болом деген селкилер көп деп угам го, же калппы?- деди тамашага салган Марзия.

– Болсо болгондур, бирок, менин жүрөгүмдө Марзия деген гана сулуу периште жашайт!,- деди Мырза.

– Мырза аке, кеч болуп кетти, мен кайтайын. Кошуңуз дебеймин, кайрадан көрүшкөнчө аман болуңуз?,- деген Марзия жеңеси турган тарапка шыпылдай басып кетти. Жай этектей Мырза менен Марзиянын баш кошуу тою өтүп, жаш жубайлар жаңы көтөрүлгөн ак боз үйдө өздөрүнчө түтүн булатып, жашап калышты. Мырза менен Марзия бактылуу өмүр кечиришип, Сатан жана Зуура аттуу периштедей кыздарды, Асан, Сабыркан, Самаркан аттуу эр-азамат уулдарды көрүшүп, аларды эл кызматына жарай тургандай кылып тарбиялап өстүрүштү.

* * *

Мырза балбан дээринде өзүн ашкере мактаганды, ыксыз көкөлөтүп даңктаганды жининдей жаман көрчү жана андайларды түк жактырчу эмес. Чыйбыл бий атасы Абдыллага аш бергендеги көк чепкен Үрпөк баш балбан менен болгон эңиш, анын капысынан мерт кетиши Мырзага өмүр бою көкүрөктөн кеткис так менен зил калтырды. Ошол эңиш туурасында сөз болуп калган жерлерде ал шарт ордунан туруп, басып кетчү. Бирок, анын шумдуктуу күчү, балбандыгы туурасындагы айтылган ар кыл окуялар адамдардын оозун ачтырып, айраң таң калтырчу. Мырзанын балбандыгы туурасында эл арасында далай уламыштар жомок сыяктуу айтылып жүрдү.

Айтылуу жаман кыя аталган тик тартма Кара-Кыядан Мырза балбандын өзү минип жүргөн атын көтөрүп чыкканын Маразык бий өз көзү менен көргөндүгүн мындайча баяндайт:

– Күз айлары болчу. Түш ооп калган кез. Күн чайыттай ачык болгону менен анын жайдагыдай табы жок маал болчу. Акшилби жайытынан кеч кайтып келе жаткан-мын. Кара-Кыяга жетип келгенимде анын орто жеринен желкесине атты көтөрүп, өргө карай көтөрүп чыгып бараткан адамды байкап калдым. Чынын айтсам көзүмдүн курчу кетип, майы кайтып калгандыктан алыстан анын ким экендигин даана так ажырата албадым. Ким болсо дагы жанына барып көрөйүн деген ышкы кызыгуум арта түштү. Атыма камчы салып, анын басыгын тездеттим. Чаңгет дарыясынын кечип өтүп, Кара-Кыянын башына чыгып барсам кара терге түшкөн кайран Мырза дем алып олтурган экен. Мени көрө сала ордунан шашыла атып турду.

– Ассолому-алейкум, бий ата, беймаал жалгыз кайдан келе жатасыз?,- деген ал мени менен жылуу саламдашты.

– Тиричилик жумуштар менен балам. Жөнөкөй адам көтөрө алгыс атты Кара-Кыядан ким желкесине көтөрүп чыгып бараткандыгын билейин деп шаштырып келсем өзүң турбайсыңбы, кыраан Мырза балам, күчүңө баракелде! Түф-түф, ылайым бөөдө суук көз тийбесин,- деген бий ага суктануу менен тигилди.

– Бий ата, бүгүн кечке тыным алдырбай мингендиктен атым аябай чаалыгып чарчап, шайы кыйла кетип калыптыр. Анан кыядан такыр баса албай калганынан улам айлам кетип, желкеме көтөрүп чыгууга аргасыз мажбур болдум. Бий ата, айып этпесеңиз сизден бир өтүнүчүм бар. Менин Кара-Кыядан чаалыгып баспай калган атымды көтөрүп чыкканымды эч бир жанга угуза көрбөңүзчү?,- деди Мырза негедир ыңгайсыздана.

– Андан эч камтама тартпа балам, балбандык ар кимдин эле маңдайына, шыбагасына жазыла бербейт. Ал да болсо

тагдырдын жазмышы менен теңирден энчиленчү буйрук сыңары таберик нерсе болот. Макул балам, сен айткандай эле болсун. Мен бүгүн көргөнүмдү эч кимге, жан адамга оозумдан чыгарбаймын. Ага бий катары убадамды беремин. Ылайым зоболоң артып, кудайым сага өмүр берсин. Сен элдин ар-намысына туулган жигит экениңди жакшы билемин. "Улук болсоң, кичик болгун" деген сөз сага окшогон эр-азаматтарга айтылган. Ушунуңдан, кичи пейилдигиңден эч качан жазбагының. Оомийин балам, сени ар дайым жигиттин пири Шаймерден колдоп жүрсүн! Ушул жүрүшүңдөн, ушул калыбыңдан, ушундай турпатыңдан эч качан жазбагын балам!,- деп чын дилимден ак батамды бергенмин,- деди эл-журтка кадырлуу бий Маразык.

* * *

Жайдын толуп турган мезгилинде капылеттен эле жылкычылар ызы-чуу түшүп калышты.Мырзанын үйүрүндөгү эң мыкты делген эки боз бээ жайыттан кайтпай калды.

– Жоголгон бээлерди акыркы жолу ким көрдү эле?,- деди Мырза жылкычыларына.

– Түшкө жуук жылкыларды Чаңгет сайга сугарганы айдаганда баары түгөл болчу,- деди жылкычы Сыргак. Жылкычылар түнү менен жоголгон бээлерди издешип, суй жыгылышты. Жылкылар жайылган жайыттардын коён жатагына чейин издешти. Кумга сиңген суудай болуп, келишкен эки боз бээ табылбады.

Эртеси Мырза бир жигитине шырбаз козу өңөртүп, экинчи бир жигитине бир чанач кымызды артынтып, Ташмырзанын жайлоосуна күн аркан бою көтөрүлүп калганда жетип барып, түшүп калышты.

Үч атчандын келаткандыгын алыстан эле байкаган иттер абалап үрүп, тосуп алышты. Чепкенин желбегей жамынып, боз үйдөн сыртка чыккан Ташмырза Мырзанын албырлуу алп мүчөсүнөн улам аны алыстан эле жазбай тааныды.

– Карга богун чокуй элек жатып, суутуп койгондой эртелеп жолго чыккан дөөпараз балбанды кандай муктаждык биз тарапка айдады болду экен?,- деди өзүнчө күбүрөнүп, сөгүнгөн Ташмырза.

Кече бээлери жайыттан кайтпай калып, жоголгондо эле Мырзанын көңүлү дароо Ташмырзага кеткен. Кудайга шүгүр, Ташмырза итке минген кедейлерден эмес, колунда бар байлардын катарына кирет. Бирок, "Үйрөнгөн адат калабы, уйга жүгөн салабы" демекчи Ташмырзанын илгертеден колу туткактык өнөрү бар. Бирөөнүн байлыгына көз артканды жакшы көрөт. Кызарган нерсе болсо кымырып алсам дегенде эки көзү төрт болуп, кызарып күйүп турат. Айрыкча мал жандыктарга аябай өч. Өзүнүкү көзүнө такыр көрүнбөй, бирөөнүкүнө дайыма сугун артканы арткан.

Жоголгон бээлер киши колдуу болгонун Мырза кече эле түшүнгөн. Бир болсо ушул Ташмырза тараптан табылат деген бүтүм чыгарган.

– Ассолому-алейкум Ташмырза байым, Эли-журтуң менен эсен-соо жатасыңарбы? Мал-жаның тынчпы?,- деген Мырза атынан түшпөй жатып эле саламын узатты.

– Оо, кел, кел Мырза балбаным! Чакыртып алдыра албаган куттуу конокту кудайым өзү мага жөнөткөн турбайбы!,- деген Ташмырза мейман тосуп алуунун шаанисин көрсөткөндөй түр көрсөттү.

– Алыскы туугандан жакынкы кошуна артык эмеспи дегендей Ташмырза досумдан кабар алып, чер жазыша

аңгемелешип кайтайын деп келип калгандагы кербезим,- деген Мырза карылуу алп балбан колун жайып, Ташмырза менен кучакташып көрүштү.

Боз үйгө кирип, бата кылышты. Шырбаз козунун ордуна ирирээк кой эле сойдурайын деген Ташмырзанын сунушуна Мырза такыр көшөрүп көнбөй койду.

– Койдун эти качпас, бай досум. Азыр шырбаздын этине жетеби,- деди Мырза.

Ар кайсыдан сөз козголуп олтуруп, кымыз менен сорпо ичилип, жаш козунун эти желди. Күн табынан кайтып калганда Мырза эки жигити менен өз жайлоосуна кайтышты. Ташмырза атына минип, эки чакырымдай жерге чейин аларды узатып чыкты.

– Ээ, балбаным, бүгүнкү жоругуңа такыр түшүнө албай турамын. Кымыз менен козуну алып келип, менин жайлоомдо кайра өзүмдү сыйлагандай болдуң. Бир нерсе түшүнсөм кудай урсун?,- деди жигиттерден кыйла алдыда келе жатышкан Ташмырза Мырзага.

– Ылайым сыйлашканга, чер жазышып сырдашканга не жетсин, байым. Өзүң менен кең-кесири баарлашып, бир черимди жазып кайтайын деп келгендеги жайым болчу. Ии баса, акылымды шайтан азгырып, унутуп калайын деген турбаймынбы. Жылкычыларыңа кулак кагыш кылып койчу, эки келишкен бооз бээлерим кече жайытынан кайтпай калды. Табылып калса кабар бергизип коёрсуң байым, сүйүнчүсү бар досум,- деди Мырза.

– Макул, балбаным, биздин өрөөндө азыр ууру-кескилердин аягы тыйылган кез. Андайлар билинип калса катуу жазаланат. Ал түгүл андай шумпайларды бир күн түнөтпөй үй-жайы менен башка жакка көчүрттүрүп жиберемин,- деди мыйыгынан кытмыр жылмайган Ташмырза.

– Ошондой эле болсун, кече Кожобай үкөмүн келишкен тору жана кара бооз бээлери жайытынан кайтпай калыптыр. Неси болсо дагы жылкычыларыңа жакшылап дайындап кой, адашып кеткен жылкыларга көз кырларын сала жүрүшсүн.

– Эч кыжаалат болбо досум, жылкычыларыңа айта бар, бээлер оттогон жайыттарды жакшылап чабытташсын. Кайда житмек эле, жүргөндүр бир жерде, чөп уулап кетсе керек да, табылып калаар,- деди Ташмырза.

Эртеси эле жоголгон эки бээ жайытынан табылып, кайра өз үйүрүнө кошулду.

– Биздин бээлерге көзүн арткан Ташмырза ылайым эле таш чайнап калсын!,- деп ызырынды өзүнчө күңкүлдөп сөгүнгөн жылкычы Сыргак.

* * *

Серүүн жайлоосунан атчан кайтып келе жаткан Мырза жонундагы оор жүгү менен саз четине жыгылып калган өгүздү алыстан эле байкады. Төрт чаракер жыгылган өгүздү айланып, кантип тургузаар айласын таппай жатышты. Байдын кол алдында кызматын аткарып, тапкан эмгегинин үчтөн бир бөлүгүн алгандарды бул өрөөндө чаракерлер деп коюшчу.

– Ушунун баарын жасаган сен, көзүң жокпу, өгүздү саздан четирээк жетелесең болбойт беле, даңгесе?!,- деген чаракерлердин мурутчаны ичинен жашырагын жемелеп, тилдеп урушуп жатты.

– Эми мунун жүгүн чечип түшүрүп, кайрадан жаңылап артканча кербендин башы кыйла узап кетмей болду?,- деген чаракерлердин башчысы Шукурулло эмне кылаар айласын таппай, желкесин кашып турду.

– Кысталыш учурда ушундай беймаза акыбалдын жаралганын карабайсыңбы, тообо!,- деди кейип кепчиген ал.

– Жолуңар болсун, бурадарларым. Кыйкырык ызы-чууңар тээ алыстан угулат, деги эмне болуп кетти?,- деди Мырза. Иштин чоо жайын кыраакы Мырза жакындаганда эле байкаган.

– Барар жерибиз кыйла узак, Мырза аке, жүк артылган кербендин башы бир топ узап кетти. Шашып турганда башыбызга мүшкүл иш түшүп, өгүздүн буту сазга батып, жыгылып калбаспы!,-деди Шукурулло.

– Эми кейип кепчигенден пайда жок. Дарыянын тээтигил жеринен суудан чыгып калган жыгачтардын жоонурагынан алып келе койгула. Көптөшүп, өгүздүн жүгүн түшүрбөй эле тургузуп алабыз,- деди Мырза.

Шукурулло бир шеригин шаштырып дарыянын баш жагына, эки жигит этек жагына дырылдаган бойдон агынды жыгачтарды таап келүүгө чуркап жөнөштү. Алар көздөн кайып болгондо Мырза колу менен аркандын бышыктыгын бир сыйра текшерди. Калың эшме кыл аркан экен. Чаракерлер көздөн далдоо болоор замат, бир колу менен өгүздү шап мүйүздөн, экинчи колу менен жүк артылган арканды мыкчый кармаган Мырза, өгүздү шарт булкуй көтөрүп, жаткан жеринен сууруп чыгарып, төрт аягына тургузуп койду. Көп узабай колдоруна үч-төрттөн жыгачтарды көтөрүшкөн чаракерлер далдактап жетип келишкенде саздан чыгарылган өгүз башын жерге салып, чөп оттоп жаткан болчу.

– Вай тооба, Мырза аке, өзүңүз жалгыз оор жүгү менен жаткан өгүздү кантип тургуздуңуз?! Төртөөбүз жабалактап жармашып дагы өгүздү ордунан козгой албай койгонбуз. Күчүңүзгө баракелде, атаңызга рахмат!,- деди Шукурулло.

– Бир аз жардам кылдым эле өгүз жаныбар ынтылып атып туруп кетти. Жаныбар күчүндө экен,- деди Мырза. Ал чаракерлерге өгүздү саздан көтөрүп чыгарып койгондугун мактангысы келбеди.

– Эч кем болбоң, Мырза аке. Сиз болбогондо бул өгүздүн жүгүн чечип, кайра артканча жарым күн убактыбыз кетмек. Бар болуңуз, Мырза аке,- дешкен чаракерлер алкыштарын жаадырып киришти.

– Жолуңар байсалдуу болсун, момун бурадарларым!,- деген Мырза жылмайып атына минди.

* * *

Мырза балбандын бир тууган жатындаш иниси Кожобай өзүнүн жосунсуз жоругуна көпкө дейре арданып, аябай кейип жүрдү. Колуңдан айла келбесе мышыктын мурдун канатып не пайда демекчи Кожобай ошол жоругун эстегенде көпкө дейре бети кызарып, эмне кылар айласын таппай калчу. Ал окуя мындайча болгон.

Өзгөндө Орунбай бай уулдарына чоң сүннөт той берди. Үч күнгө созулган тойдун акыркы күнү чоң эр эңиш өткөрүлдү. Оштон келген Сапарбай балбан үчөөнү катарынан эңип, кезектеги атаандашын күтүп калат.

– Сапарбай балбанга чыкчу киминер бар?!,- деген жарчы казганактап жөө жалаңдап тургандар менен атчандарга кайрылды. Эч ким даап, суурулуп чыга албай турду.

– Сапарбай балбан табында экен, баш байгесин бергиле!,- деген аксакалдар алакандарын жайып, баталарын бермекчи болуп калышты. Ушул саам топ элдин ичинен үн угулду.

– Мына мен чыгамын ага!,- деген эл арасынан өктөм чыккан кыйкырык угулду. Жарданган топтун ичинен бир караан элди жиреп, чыгып келе жатты.

– Өзүнө ишенген кандай кыраан азамат болду экен? Чыкса чыксын, көкшүнү сууп калбасын,- деген үндөр туш тараптан жаңыра баштады.

– Ой тообо, карабайсыңарбы, Сапарбай балбанга чыгамын дегендер да табылат экен. Өзүнө ишенгени үчүн чыгып жатат да. Сапарбайга тең келемин деген балбан да бар турбайбы. Мейли, күчүн сынап көрсүн,- деген эл гүүлдөп, кыйкырык ызы-чуудан кулак тунду.

Ак боз атын теминген, белине чейин жылаңачтанган Кожобай кабагын карыш салып, майдандын чок ортосунда атын ойноктотуп турган Сапарбайга карай көпчүлүктү атына жөөлөтүп чыгып келатты. Мырза көз ирмемге өз көзүнө ишене албай, дендароо боло түштү. Атына кантип камчы тартып жибергенин өзү дагы байкабай калды. Ал карагер атын алчынтып ортого чыкканда эр эңишти алып барып жаткан калыс Кожобайдын кайдан келгендигин, аты жөнү ким экендигин эми гана сурамжылай баштаган учур болчу.

– Сапарбай балбан, бул иниңдин сага эңишке чыгамын деген эркелигин туура кабыл ал. Бүгүн, бул чөлкөмдө сага тең келчү билеги күчтүү балбан жок сыңары. Өркөнүң арта берсин!,- деген Мырза Кожобайдын атынын чылбырын кармап, ортодон жетелеп чыга баштады. Окуянын мындай кескин өзгөрүшүн түк күтпөгөн Кожобайдын заары бетине чыгып, ушул кезде бир тууган акеси эмес атасын да таанныбай, ызасы кайнап чыкты. Ичиндеги болгон ызасын агасы Мырзага чыгарды. Оозуна ак ит кирип, кара ит чыгып, сөгүнүп жатты.

– Сени төрөгөн эне мени деле төрөгөн! Мени токтотууга сенин кандай акың бар? Анчалык кыйын экенсиң, жалтактап жашынбай өзүң чыкпайт белең эр эңишке?! Сенин чоңдугуңа чокоюм, сен мага ээлик кылганыңды, зомбулук көрсөткөнүңдү тыйгының. Керек болсо мен деле сага окшоп, эр жетилдим. Күчүмдү сынап көрүүгө акым бар, ага уруксат бер!,- деген Кожобай үнү тыйылбай какшап дагы, зарлап дагы басылбай сайрап келе жатты.

Экөө элден алыстап, ээн жерге келгенде атын токтоткон Мырза үкөсү Кожобайга кайрылды:

– Кел үкөм, эми экөөбүз эркектерче жай баракат сүйлөшөлү. Азыр жигиттерче эңишебиз. Эгерде менин сол колумду ээрге басчу болсоң, мен сени токтоосуз Сапарбай балбанга алып барып өзүм саламын. А эгерде менин сол колума алдырып койчу болсоң, экинчи эр эңишке түшпөскө убадаңды бересиң? Ушуга макулсуңбу?!.- деди буга чейин үн катпай келген Мырза эми чындап үтүрөйдү.

Мырзанын бул айткандары Кожобайга шылдың жана келеке катары туюлду. Ал намысына келе түштү.

– Мага демектен эки колдоп кармашсаң дагы каршы эмесмин! “Өзүңдү эр ойлосоң, башканы шер ойлогун” дегенди эсиңизден чыгарбаңыз!,- деген Кожобай дале титиреңдеп, кызарып-татарып турду.

Мырза инисинин кылык-жоругуна түк да, эч канчалык дагы терикпеди. Карагер аты менен ага сол жагынан бастырып келип, белиндеги кемерге шадылуу бакубат колун салганда Кожобайдын көзүнөн от чачырап кетти. Ал канчалык тырбалаңдап тыбырчалап, акесинин колунан жанталбастап бошонгусу келбесин аракетинен эч кандай майнап чыкпады. Мырза акырын гана сол колу менен Кожобайды ээрден көтөрүп туруп, аны көк майсаң чөптүн үстүнө олтургузуп койду.

– Эми эркектик сөзүбүзгө туралы, жатындаш бир боорум. Сен мындан ары көпчүлүктүн алдында эңишке түшөмүн деп оолукканыңды токтотосуң. Ал эми мен болсо сени жалгыз сол колум менен ээр каштан алып, жерге олтургузуп койгонумду оозума албоого ант беремин, серттештикпи?!,- деди Мырза жайбаркат гана ат үстүндө туруп. Агасынын алдында Кожобайдын ээликкен жели чыгып, агасынын накта балбан экендигине тан берип, башын шылкыйтып жерде олтурду. Ушул саам жер жарылса, Кожобай ал туңгуюкка ойлонбостон кирип кетүүгө даяр болчу. Кожобайдын бети дуулдап, кызарып ысып чыкты. Уяттын улуу күчүнөн агасынын жүзүнө тик даап карай албай, башын шылкыйтып, анын алдында эч нерсеге жарабасын, накта алсыздыгын, анын алдында өзүн бир бечара чабал экендигин туюп, аңдап турду. Балбан болуу бактысы ар кимдин эле бешенесине жазыла бербесин Кожобай жан дүйнөсү, ички туюму менен айкын жана ачык сезди. “Акем менен азилдешемин, аны менен теңтайлашамын деп накта шермендем чыкты, даана ит болдум!”,- деди ал ичинен.

– Кечирип коюңуз аке, иттик менден кетти, мындан ары сиз айткандай эле болсун,- деди бирде бети кызарган, бирде жүзү бозоргон Кожобай.

Арадан бир ай өткөндөн кийин жылкычылар менен учкундап күйүп жаткан арча отундун четинде өзү теңдүү курдаштарына ал ыймандай сырын ортого төгүп, ал окуяны айтып салды.

– Ой тообо, ишенсеңерби, ишенбейсиңерби Мырза акемде өгүздүн күчүндөй эле күч бар турбайбы, чиркин. Аны мен өзүмдүн жон терим менен сездим. Колу барбы чиркин, тим эле калдайып карагайдын устуну, шумдугуң кур, устундун эле өзү дейсиң. Канчалык жан үрөп, бол-

гон күчүм менен сол колун ээрге бастырмакчы болдум. Бирок, анымдан ныпым майнап чыкпады. Устундай катуу колун бастырмак тургай, кыймылдатканга дагы алым жетпеди. Акемдин колу кудум эле таш сыңарындай катуу экен!,- деди башын чайкаган Кожобай.

– Аны бир айтасыңбы, миң айтасыңбы элдин баары жакшы билет. Көк чепкен Үрпөк баш балбанды алган Мырзада оңой эмес күч бар экендиги талашсыз!,- деди олтургандардын ичинен кимдир бирөөсү.

– Кенже Манас деген ысым ага тек жеринен берилбеген да,- деп кошумчалады дагы бири.

* * *

Мамадияр байдын конушу жайгашкан жайлоого Чыйбыл бий жөнөткөн жаш чабарман жигит атын терге түшүрүп, жиииликтирип шашып чаап келди. Жигиттер анын атын алып, Мамадияр бай олтурган боз үйгө алып келишти.

– Кел чабарманым, кел, деги тынччылыкпы? Атыңды күйүктүрүп чаап келгениңе караганда мандемдүү кабарың бар сыяктанат ко?!,- деди Мамадияр бай тынчсыздана.

– Байым эч кыжаалат болбоңуз, алдыңызга жакшы кабар менен келдим. Чыйбыл атам мени өзү сизге чаптырды. Эртең бул жерге хан ордосунан өкүлдөр келишип, абаңыз Туркенин кунун төлөп бере турган болуптур. Бий атам сизге бир аз даярдык көрүп, калайык-журтун чогултуп турсун деген өтүнүчүн айтты,- деди чабарман жигит.

– Кайран бийим сөзүнүн өтөөсүнөн чыккан турбайбы. Ырахмат жакшы кабарыңа балам. Жигиттер, конокту жакшылап сыйлагыла,- деген Мамадияр бай кайра чабарманга кайрылды.

– Чыйбыл бий өзү дагы келет бекен?

– Ооба, бай ата. Хан ордосунан келгендерди өзү баштап келмей болду.

– Кудаяр хан убадасына турган экен да,- деди сакалын сыйпалап, ойлуу тунжураган Мамадияр бай. Ушул саам анын көз алдына абасы Туркенин жаркын элеси тартылды. Улуу казатта ал өзгөчө эрдик көрсөтүү менен баатырларча каза болгон эле.

Чабарман кетээри менен Чаңгеттин эли хан ордосунан келчүүлөрдү тосуп алуунун даярдыгына киришип кетишти. Кысыр калды бээ менен жаш тай союлду. Келиндер менен кыз-кыркындар боорсок жайышып, жылкычыларга кымыз алдырткамы жайлоого атчан бала чаптырылды.

Эртеси күн аркан бою көтөрүлүп калганда алыстан атчандардын караан тобу көрүндү. Акбоз атын алкынткан Чыйбыл болуш баш болгон, анын жанында кынындагы ийри кылычы күнгө чагылышып жалтылдаган хан ордосунун жүз башы Захиджан бек баштаган он жоокер жана Көк-Арт өрөөнүнүн бир топ эл башчылары келип түшүштү. Чаңгеттин жигиттери келген меймандардын аттарын алышты. Мамадияр бай баш болгон айылдын кадырлуу аксакалдары алгач Чыйбыл бий менен кол алышып учурашып, анан калган коноктор менен саламдашты.

– Урматтуу калайык-журт,-деп сөзүн баштады Чыйбыл бий.

– Кудаяр хан кыргыз балбаны Туркенин эрдигин адилеттүүлүк жана калыстык менен баалап, өзүнүн хандык жарлыгы менен анын бала-чакасына тартуусу менен белек-бечкектерин атайын жөнөттүрүптүр. Алгач улуу казатта баатырларча каза болуп, шейит кеткен Туркенин арбагына куран түшүрөлү.

Меймандардын катарында келген молдо ажы Жапар казы кыраатын келтирип, куран түшүрүп, бата дуба кылынды.

– Жүз башы Захиджан бек, улук даражалуу Кудаяр хандын жарлыгын элге өзүңүз жарыя кылыңыз?,- деди Чыйбыл бий. Бала кезинен кыргыз айылында туулуп өскөн хан ордосунун жүз башы, өзбектин жигити Захиджан бек кыргыз тилинде так сүйлөдү:

– Момун мусаапыр кандаштарым, мен бел туткан тоолуктарым, Турке акебиз жолборстой тайманбаган эржүрөк киши болгонун баарыңар жакшы билесиздер. Тагдырдын жазмышы экен арабыздан эрте кетти. Канчалаган казаттарда аны менен дайыма үзөңгүлөш чогуу болдук. Андай азамат эр жигит дүйнөгө бир гана жолу жаралат. Анын тайманбаган айбаты менен жолборстой сүрү эле душмандар менен каапырлардын жүрөгүн түшүрүп, эсин алып, шаштыларын кетирчү. Ал киши казатта шейит кетти, демек бул деген Турке акебиз бейишке кетти дегендикти билдирет. Чагылгандай чартылдаган мындай баатырларыбыз бизге өмүр бою өрнөк болуп кала берет. Абдан боорукер жана букараларына камкор жана кечиримдүү болгон Кудаяр хан атабыз Туркенин туугандарына Чөкө-Дөбөдөн тартып Серүүн жайлоосуна чейинки сугат жерлери менен жайыттарын түбөлүккө колдонуу үчүн өзүнүн жарлыгын чыгарып, бармагы менен тастыктап баскан мөөрүн Турке акебиздин жакын тууганы Мамадияр бай акебизге сиздердин көз алдыңыздарда тапшыруунун өзү мен үчүн ченемсиз улуу сыймык болот,- деген Захиджан бек аябай жукартылып ийленген териге араб тилинде жазылган жана хандын бармагы басылган жарлыгын Мамадиярга тапшырды.

– Ал эми Турке акебиздин жакын тууган-уруктарынын кем-карчына аз да болсо пайдасы тийер деген максатта хандын дагы бир тартуу аманатын тапшыра кетейин,- деген жүз башы Захиджан бек Мамадияр байга алтын теңгелер салынган кайыштан тигилген салмактуу торбочону тапшырды.

– Жоокер Хуснидин!,- деген жүз башынын өктөм үнү жаңырды.

– Лаппай бегим, мен мындамын!,- деген ийри кылычын салаңдаткан селдечен жана узун чапанчан жоокер Захиджандын алдына келип, башын жерге салып, ийилип туруп калды.

– Эми бул жерге Кудаяр хандын өзгөчө белектерин келтириңиз!

– Куп болот, бегим,- деген ал башын ийген боюнча кайра бурулбай шыпылдай артка кайтты. Ал тез эле алтын жип менен оймолонуп тигилген эки кооз чапанды жүз башынын алдына келтирди.

– Чыйбыл бий ата, Мамадияр бай ата улуу даражалуу Кудаяр хан атабыз ушул чепкендерди өз колум менен сиздерге кийгизип коюуну мага милдет катары тапшырган болчу. Ханыбыздын тапшырмасын аткарууга мага уруксат этиңиздер,- деген Захиджан бек жүз башы бий менен байга өзгөчө жасалгаланып тигилген сыйлуу чепкендерин кийгизди.

– Ханыбыз тартуулаган сарпайыңыздар куллук болсун!,- деген жүз башы жылмайып башын ийди.

– “Сыйга сый, сыр аякка бал” демекчи, булардын алдында ханга ыраазылык сөзүңдү айтып кой?,- деген Чыйбыл бий акырын Мамадиярдын кулагына шыбырады.

– Сиз турганда менин сүйлөгөнүм туура эмес болот, бийим?,- деди Мамадияр бай эч ким укпагыдай акырын гана.

– Кудаяр ханга окшогон итке менин айтаар кебим жок!,- деген бий каарын төгүп, кабагын чытыды. Мамадияр сүйлөөгө аргасыз болду.

– Захиджан бек, атайын ат арытып келгениңиздерге кулдугум бар. Кудаяр хандын шейит кеткен абамдын арбагына көрсөткөн сый-урматы үчүн жакын туугандарынын атынан терең ыраазычылыгымды билдиремин. Кокон хандыгынын аймагында ар дайым тынчтык менен ырашкерлик жана биримдик болсун. Ханыбызга букараларынын ыраазычылыгын жеткирип барасыз деген ишеничтемин, жүз башы бегим,- деген Мамадияр бай кыска гана сүйлөдү.

Хан ордосунан келген меймандарга атайын алар үчүн тигилген ак өргөдө өзгөчө сый тамак тартууланды. Алар жазылып көпкө олтурушканы жок. Эртерээк кайтпасак болбойт деген таризде жүз башы Захиджан бек көрсөтүлгөн сый-урматка ыраазычылыгын билдирип, коштошуп Коконго карай жол тартышты.

– Көрдүңбү, митайым түлкү Кудаяр хандын амалкөйлүгүн. Ал ордосунун күнү бүтүп баратканын сезип жатат. Кыргыздар менен кыпчактарга жасаган кечирилгис кыянатчылыгын эми жымсалдагысы келип жатпайбы, шумпай кузгун десе! Атамдын канын ичкен канкор Кудаярханды бул дүйнөдө эч качан кечирбеймин!,- деген Чыйбыл бий хан тартуулаган чепкенди үстүнөн чечип туруп жерге ыргытты да ага бутун сүртүп сүртүп тебелеп, үстүнө жаба түкүрдү да сыртка чыгып кетти.

* * *

Кайсыл бир жылдары Чаңгетте Мырзанын 90дон ашкан чоң энеси Зулайка байбиче кайтыш болду. Көзү барында кемпирдин айткан керээзи бар болчу. “Сөөгүмдү чоң атаңардын жанына койгула, башка силерден эч нерсе сурабаймын” деген жарыктык Мырзага эки-үч курдай бул туурасында кулак кагыш кылган жайы бар болчу. Сөөктү акыркы сапарга узатуунун камылгасы көрүлө баштады. Адаттагысындай эле эркектер жылкы союшуп, эт бышырганга казан асышып, чучук жасоонун убаракерчилигине киришсе, келин-кыздар казан асышып, боорсок бышырууга киришти. “Байкуш байбиче татыктуу узун өмүр сүрдү, анын өлүмү той сыяктуу ак” дешти көптү көргөн аксакалдар. Мүрзөгө жай казып даярдоого атайын адамдар бөлүндү. Бардык иштерге өзү баш-көз болгон Мырза күйпөлөктөп, өлүмдүн кем-карчтарына байланышкан түркүн маселелерди чечип жүрдү. Чоң энесинин табыты жаткан боз үйдөн алыстабайт. Анткени кемпирдин кайтыш болгонун уккан айылдаштары алгач боз үйгө өкүрүп келишип, анан гана ар кандай иштерге бөлүнүшүп, кол кабыш кылып жатышты

Күн бешим ченден ооп калганда мүрзөгө жай казууга кеткендердин бири Сулайман атын желдирип келип калды.

– Мырза аба, сизге айтчу кебим бар?,- деди ал үнүн жай чыгарып. Экөө топурап кызмат кылып жатышкан көпчүлүктөн оолакташып, четке чыгышты.

– Дагын эмне болуп кетти, деги тынччылыкпы?!,- деди Мырза жүрөгү бир нерседен бүшүркөгөнсүп.

– Аба, көрдөн таш чыгып калды. Белден ылдыйлап казып түшүп калган болчубуз. Анан эле күрөктөрүбүз ташка урунуп калса болобу? Адамдын кулачы араң жеткидей моло таш сыңарындай аябагандай чоң, жаткан бука сыңары көлөмдүү таш экен. Кыймылдатып чыгарып салууга аракет кылдык, бирок такыр козголчудай эмес. Кандай дейсиз, ал жерди калтырып, башка жерден казалыбы? Мени сизге акылдашканы жөнөтүштү?,- деди Сулайман.

Муну уккан Мырза кызык абалда калды. Чоң энесинин керээзине ылайык көрдүн жайы чалынын жанына казылып жатса. Анан калса канча жылдардан бери Чаңгеттин мүрзөсүнөн таш чыкпаган. Анын үстүнө Мырза ал жерди атайын калтырып, "бул жерге чоң энемдин сөөгү коюлат" деп элге жарыя кылып, энчилеп ээлеп келбеди беле? Эми ал жерди таштап, аттап кетсе эл эмне дейт, калк кандай ойлоп калат. Дос душман бар дегендей эртең эле оозуна алы жетпегендер "Мырза энесинин акыркы керээзин аткара албай калды" деген сасык сөз чыгарышат эмеспи!

– Акылыңардан айныдыңарбы, анткенге такыр болбойт. Казыла баштаган жайды ата-бабаларыбыз эч качан таштаган эмес. Сулайман сен бара бер, мен артыңдан жетип барамын. Колдон келсе ал таштын эки тарабын казып, бошотуп койгула. Анын бир айласын табаарбыз. Көрдү башка жакка жылдырууга такыр болбойт, сөөк ошол жерге коюлуусу керек!,- деди Мырза.

Көп өтпөй ал көр казып жаткандарга тамак-аш алып, мүрзөгө жетип барды.

– Көлөмдүү чоң таш экен Мырза аба, кармаганга дагы абдан ыңгайсыз. Аркан ороп, атка тарттырып көрсөкпү, кандай дейсиз?,- деди жай казгандардын башчысы Касымбек. Анан ал кайра кебин улады.

– Көрдө калгыр бул ташты төртөөбүз чыгарууга абдан эле аракет жасадык. Ордунан кичине козголгону менен көтөрүп чыгарууга такыр мүмкүн эместей. Зоңкоюп жатканын карабайсызбы, кесепетинин?,- деди Касымбек. Алардын көл-шал терге түшкөндөрүнө караганда байкуштар ташты чыгарабыз дешип, кыйла эле аракеттенгендей түрлөрү бар.

– Жигиттер, силерге өзөгүңөрдү жалгап алсын деп тамак-аш ала келдим. Оокат-ашты ат  байланган долоного илип койгонмун, барып шам-шум этип алгыла? Курсагыңар да аябагандай ачкандыр. Таштын болсо бир айласын табаарбыз,- деди Мырза.

Курсактары ачып, шайлары кетип калган жигиттер мүрзөнү  капталдай ат байланган тарапка кобурашып жөнөп калышты. Алар тамактанып бүтөйүн деп калганда Мырза алардын жанына басып келди.

– Касымбек,  бул бейиттен качандыр бир кезде таш чыкканын көрдүң беле?

– Жок Мырза аба, анча-мынча аттын башындай болгон таштар чыкчу, бирок өгүздүн өлүгүндөй болгон мындай чоң ташты бул жерден чыкканын биринчи ирет көрүп жатамын?,- деди Касымбек.

– Чоң энемди кайсыл бир мастан “Ылайым эле көрүңдөн таш чыксын!” деп катуу каргаган окшойт ко сыягы?,- деди Мырза.

– Койсоңузчу болбогон кепти, бейиши болгур Зулайка чоң энем бирөөнү каргамак түгүл, жаман сөз айтпаган кудайдын бир жараткан момун пендеси эмес беле, тооба келтириң!,- деди Касымбек.

– Мейли жигиттер, көрдүн жайын жакшылап кенен жана тереңирээк каза көргүлө. Кийин чоң энем чыгып кетпегидей болсун,- деп артынан тамаша сөз ыргытты да атына минген бойдон теминип жөнөп берди.

Мырза бир топ узай түшкөнчө бейитте жай казып жаткандар ооздоруна сөз келбей, айран-таң калган бойдон сестейип олтуруп калышты. Анан Касымбек ордунан атып турду.

– Мырза аба, ташты эмне кылабыз?!,- деп кыйкырды Касымбек. Мырза анын үнүн укту, бирок артына кылчайып кайрылып карап да койбой узап кете берди.

– Кызык киши го, жарыктык десе, эми көрдөн чыккан таштын айласын кантебиз?!,- деген Касымбек ордунда таштай каткан боюнча туруп калды. Жагдайды Сулайман баамдап, анын сезимтал жаны бир нерсени туюп калгансыды. Ал ордунан шарт турду да казылып жаткан көр тарапка тызылдап чуркап жөнөдү. Артынан эле катыны уул төрөгөндөй анын кубанычтуу үнү угулду:

– Эй жигиттер, келе бергиле? Мырза абам ташты эчак эле чыгарып коюптур!

Калгандар дагы шадыраңдап чуркап жетип барышты. Жаңы гана казылып жаткан көрдүн четинде бир адамдын кулачы жетпеген оңбогондой салмактуу чоң таш жатты.

– Ой тобоо, карасаңар, биз ордунан козгой албай койгон ташты Мырза балбан кабагым-кашым дебей көтөрүп, чыгарып салганын!,- дешти таңдана. Заматта төртөө жабалактап жабышып, ал ташты ордунан көтөргөнгө аракет кылышты. Бирок, чоң ташты араң гана ордунан бир карыштай көтөргөнгө чамалары жетти. Кийин канчалаган башка адамдар дагы атайын кызыгып, ал ташты көтөрүүгө аракет жасашты, бирок эч кандай майнап да, натыйжа да чыкканы жок.

Ошондой кийин ал таш биротоло “Мырзанын ташы” аталып, ага биротоло энчиленип калды. Ал ташты атайын көрүү үчүн жана көтөрүүгө бел байлап аракеттенүү үчүн алыс-жакындан канчалаган адамдар келишпеди.

Бирок, бири да Мырза балбандын ташын көтөрө албады. Алардын баары Мырзанын чыныгы тубаса балбандыгына ынанышып, анын күчүнө таазим этишип, баштарын ийишти. Арадан кылымдар өттү, канчалаган мезгилдин аптаптуу ысыктары менен сууктарына, жамгырлары менен карларына тушуккан Мырза балбандын ал ташы өтмүштүн запкысына кабылды. Акырындап керкилип жана укаланып олтуруп, ал таштын төрттөн бир бөлүгү азыр деле Чаңгеттин мүрзөсүндө күнгө күйүп жатат дешет көргөндөр.

* * *

Мырза балбан жашы кырктарга жакындаганда жөө жүрө албай, көбүнчө атчан жүрүп калды. Алп денесинин чоңдугуна жараша салмагы оорлошуп, буттарынын сан булчуңдары шымына батпай калды. Буттарынын жоон сан булчуңдары тапандай толуп, жөө басса катуу өйкөлүшүп, кездеме эмес тери шымдар дагы түт келбей, булчуңдары өйкөлгөндөн улам кызарып чыгат. Ошондон улам ал көбүнчө атчан жүрүп калды. Ат адамдын канаты дегенге Мырза балбан эми чындап ынанды. Ал камбар атанын тукумун аздектеп сыйлап, аттардын эң мыктыларын таптап минип калды.

Күз келип, жаңгак терим башталган кезде Мырза жаш жаңгактарды ат үстүнөн кучактап туруп, эки-үч курдай катуу булкуп силккенде жаңгактар жерди сары түскө бөлөп, төгүлүп жайнап калат. Жерге төгүлүп калган жаңгактарды балдары менен мандикерлер бөжөңдөп жерден баштарын көтөрбөй, шыпылдап терип киришет.

Калың токой ичинде түшүмү аябагандай берекелүү мол болгон жалгыз түп жашыраак жаңгакка келген Мырза ат үстүндө туруп, анын колу жеткен шактарынан жаңгактарды үзүп, чөнтөгүн томпойтуп толтурду. Андан соң даракты кучактап туруп, үзөңгүнү чирене тээп, эки-үч ирет катуу силкилдетип булкту эле бышкан жаңгактар мөндүрдөй дыбырап, жерге жайнап калды. Тээ этекте кобураган теримчилер күүлгөн жаңгактарды терип келе жатышат.

Токойду аралап, жалгыз аяк жолго чыккан Мырза жапайы өскөн алчанын түбүндө көлөкөлөп олтурган ак чапанчан, аппак сакалы жайкалган жолоочу чоочун абышканы байкап калды.

– Ассолому-алейкум, аба!,- деди ат үстүнөн Мырза.

– Ваалейкума-ассолом!,- деди аны көзүн жүлжүйтө күлмүңдөй тиктеген  бейтааныш аксакал. Кийимине караганда аксакал бул чөлкөмдөн эместей.

– Жаңгакты аюу күбүп жатабы десем сен турбайсыңбы. Аюуга тийиштик кылбай, бул жерден батыраак жылып кетейин деп калган элем. Атыңдын бышкырыгын угуп, кайра олтуруп калдым,- деди карыя.

– Артымда ээрчиткен теримчилерим бар. Жаңгакка чыга албаймын. Колумдан келишинче ат үстүнөн эле күбүп беремин,- деди Мырза.

– Жаш балаты жаңгактарды Кара-Алмадан аюу кучактап алып, булкуп силкилдетип мамалактарына күбүп берип жатканын көргөнүм бар,- деди карт карыя. Чалдын жанында  кол таяк менен чакан баштык торбо жатты.

Жаңгактан даам татыңыз?,- деген Мырза бир топ жаңгактарды колу менен кыса карсылдатып чагып, абышкага сунду.

– Кудайдын ырыскысынан ооз тийейин,- деген карыя жаңгактан даам татып кирди. Анан көзүн жүлжүйткөн абышка Ийри-Суунун жаңгактуу аралаш токойлоруна суктануу менен көз чаптырды.

– Жараткан теңирим кыргыздарга бейиштин төрүн тартуулаган турбайбы. Токойлорунда миң түркүн мөмө-жемиштер жайнап өсүп, ар кыл айбанаттар жашайт. Тоолорунда болсо бүркүттөр шаңшып, кайберендер мекендейт. Жараткан Теңирим элибизге ырыскысы мол табиятты тартуулаганына шүгүрчүлүк келтиргенибиз оң,- балам деди абышка.

– Бүгүн меникинде түнөп, куттуу коногум болуңуз, аба?

– Сунушуңа рахмат, балам. Жолоочунун жолдогусу жакшы дегендей сапарымды улантайын. Чын дилиңден чакырганыңа миң мертебе ыраазымын. Сен берген жаңгак дагы мага кыйла кубат болду. Оомийин балам, өркөнүң өсүп, өрүшүң кең болсун. Эли-журтуңда ар дайым токчулук менен бакубатчылык болсун!,- деген абышка батасын берди.

– Жолуңуз шыдыр, жолдошуңуз кызыр болсун. Кудайым сизге күч-кубат берсин!,- деди Мырза.

Арадан үч-төрт жыл өткөндөн кийин ошол чалды Мырза элдин аягы үзүлбөгөн Өзгөндүн чайканасынан капылеттен кезиктирди. Базардагы иштерин бүтүргөн соң ал тамактанганы илгертен тааныш ашынасы Латыпжандын чайканасына баш бакты. Бош орун издеген Мырза бурч ченде олтурган баягы дербиш аксакалга көзү түштү. Ойлонбостон шыр ошол тарапка кадам шилтеди.

– Ассолому-алейкум, аба. Демдүү, күчтүү жүрөсүзбү? “Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт” деген ырас белем. Мына кайрадан дагы жүздөшүп олтурабыз!,- деди кубанычы койнуна сыйбаган Мырза.

– Валейкума ассолом!,- деген карыя сен ким элең дегендей көзүн чүрүштүрө аны тиктеди.

– Жаңгак күүгөн аюу балбаным, өзүңсүңбү?!,- деген абышка да күтүүсүздөн болгон кездешүүгө аябай кубанып турду. Мырза карыянын эс тутумунун тунуктугуна аябай айран таң калды.

– Жарыктык аба, ошол жолугушууну алиге чейин унута элексизби?,- деди Мырза таң калгандыгын жашырбай.

– Кантип унутуп калайын, алгач жаңгакты аюу күбүп жатабы деп коркуп кеткенимди айтпайсыңбы. Кийин аттын кошкуругу угулгандан кийин гана адам бар экендигин туйбадымбы,- деди кыткылыктаган карыя.

– Латыпжан, абам экөөбүзгө ысык нан менен мантыдан мында келтир, өзөгүм карарып, курсагым аябай ачты. "Жакшы тамак калганча, жаман курсак айрылсын" кылалы.- деди тамашага чалган Мырза.

– Мен чайымды ичип, кетүүгө камданып калдым эле, балам. Мейли эми бир аз өткөндөрдү эскерип, сага жолдош болоюн,- деди көңүлү көтөрүлө түшкөн абышка. Ак сакалы жайкалган ак чапандуу абышка Мырза куйган набат салынган көк чайдан ууртап, ысык нан менен мантыдан алып отурду. Алар аш бышымча аңгемелешти. Абышка алыскы тоолорду кыдырып, жыландын уусу жана дары-дармек чөптөр менен эл арасындагы оорулуу бейтаптарды сакайтаарын ортого салып олтурду. Бул өнөр ага ата-бабаларынан мурас катары калыптыр.

– Эми менин жолго чыгаар убактым келди, мен турайын?,- деди абышка. Мырза Латыпжан досун чакыртып, абышканын баштык торбосуна эки нан жана бир нече даана набат салдырды.

– Мырза балам, адамгерчилигиңе, жоомарттыгың менен кичи пейилдигиңе терең ыраазымын. Уул-кыздарың

менен небере-чеберелериңдин урмат-сыйын көр. Кошконуң менен кошо кары. Кудайым өмүр берсе, аманчылык болсо кайсыл бир учурда дагы кездешип калаарбыз,- деген абышка Мырза менен Латыпжанга батасын берди. Эки дос ак чапанчан карыяны чайкананын оозуна чейин узатып коюшту.

Көптөн бери жолугушпаган эки дос черлерин жаза кыйлага аңгемелешип олтурду. Күн бешимге ооп калганда Мырза кетүүгө камданды.

– Болуптур досум, мен кайтайын. Күндүн табы кайтып, салкын түшүп калды. Үйдөгүлөрдүн баарына менден ысык салам айткын,- деди Мырза.

– Мейли анда, жолуң шыдыр, жолдошуң кызыр болсун. Байбичеңе салам айтып, балдарыңдын беттеринен өөп кой. Көпкө жоголуп кетпей, чөлгө түшкөндө келип тургун?,- деди Латыпжан. Мырза белек-бечкек салынган куржунун атка артып жатканда, чайканада иштеген Мансурбек чуркап чыкты.

– Аяш ата, бел бооңузду калтырып кетиптирсиз?,- деген элпек бала Мансурбек бир жак учу түйүлгөн ак түстөгү бел боону Мырзага сунду.

– Бул меники эмес? Каап, караан түшкүрдүкү десе, бул бел боо биз менен чай ичкен баягы абышканыкы турбайбы. Эсинен чыгарган карыя белбоосун унутуп кете берген окшобойбу?,- деген Мырза калдастап калды. Мырза Латыпжандын көзүнчө бел боонун түйүнчөгүн чечти эле андан беш даана таза алтын теңге чыкты.

– Каап десең, абышканын сары майдай сактап жүргөн теңгелери калып кеткен турбайбы!,- деди оор үшкүрүнгөн Мырза.

– Латыпжан досум, сен бул аманатты алып кал. Карыя сыйпаланып, теңгелерин таппай калганда сөзсүз бул жер-

ге келет. Келип калса аманатын берип, батасын ал?,- деди Мырза.

– Макул досум, келип эле калса чалдын аманатын өз колуна  тапшырамын,- деген Латыпжан да абышканын унутчаактыгына аябай кайгырып, жаны кейиди. Кош-тошкон Мырза Чаңгетке карай жол тартты.

* * *

Абдылланын ашында Үрпөк баш балбанды эр эңиште жеңип, арты кайгылуу окуя менен аяктагандан кийин Мырза чоң аш-тойлордогу эр эңиштерге такыр түшпөй калган. Көк чепкен Үрпөк баш балбандын каза болуп калышы Мырзанын жүрөгүнө өмүр бою эстен кеткис оор так менен өчпөс из калтырды. Ошондон уламбы чоң аш-тойлордо өткөрүлгөн эңиштерди тамаша кылууга да ал ынтызарланбай, ал түгүл бут да баспай калган.

Бир ирет Өзгөндүн Жазы деген айылында чоң аш-той өткөрүлдү. Эл башчысы катары ал тойго Мырза дагы сыйлуу конок катары чакырылды. Тойго аталган кунанды жетелешип, бир коноктук болушкан алар Өзгөнгө жол тартышты. Ата-бабалардан келаткан кыргыздын каада салтына ылайык тойдо улуттук оюндардын бардык түрлөрү боюнча мелдештер менен тамашалар уюштурулду. Көпчүлүктүн бүйрөсүн адаттагыдай эле эр эңиш кызыктырып турду. Эр эңишке тогуздап баш байге сайылды. Ар тараптан келишкен балбандар күч сынашып жатышты. Коргон-Төбөдөн келген түрк балбаны Жасурбекке эч ким тең келбей, ал эңишке чыккан атаандаштарын бир четинен ат үстүнөн оодарып, жеңишке жетишип жатты.

Балбандардын эңишин башкарып жаткан калыс жардапып тамаша кылып турган көпчүлүк элге жар салды:

– Жасурбек балбанга дагы кимиң чыгасың?! Тогуздап сайылган баш байгени алууга ынтызар балбан барбы араңарда?! Эгерде эч ким Жасурбекке даап чыга албай турган болсо, баш байге ага ыйгарылат!,- деди эр эңиштин калысы. Ушул саам эл арасынан кимдир бирөө кыйкырып жиберди.

– Бир жараса Мырза балбан жарайт!,- кара таандай чуулдаган эл аны туура көрүп, шыр эле заматта колдоп кетишти.

– Мырза балбан чыксын, Кенже Манас чыксын!,- деген үндү эл дагы коштоп улап кетти. Элдин Мырзаны эңишке чакырган гүүлдөгөн үнү улам катуулап, эми кадимкидей жаңыра баштады.

– Кенже Манас, Мырза балбан барсыңбы?! Элиң өзүңө гана ишенет!,- деген кыйкырык сүрөөндөр кулакты тундуруп, улам бийиктеп, мурдагыдан дагы катуу жана бийик чыга баштады. Мырза мындай болот деп түк күтпөгөн. Ал үч уктаса да мындай болоору түшүнө кирмек эмес. Көрсө калдайган кара таандай жабалактаган эли анын кыраан эрдигин, теңдеши жок балбандыгын алиге дейре унута элек турбайбы? Эл балбанын эч качан унутпайт дегени ырас окшобойбу? Элдин анын ысмын атаган кыйкырык-сүрөөндөрү улам бийиктеген сайын аны толкундатып турду. Эми түрк балбанга эңишке чыкпаса болбой калды. Элдин назарын калтырууга, алардын ишенимин өчүрүүгө, шагын сындырууга эми чындап болбой калды. Эгер Мырза азыр баш тартса анын кылыгы жарабастын жоругуна айланып, элди тоотпогондукка, кара таандай калкылдаган калкты шылдыңдагандыкка жатып калбайбы.

– Элдин эсинен чыга элек экенсиң, балбаным. Эми алардын назарын калтырып болбойт. Сага болгон тоодой үмүттөрүн өчүрбө, алардын сага болгон терең ишеничтерин суутпа, күйөрмандарыңдын шагын сындырба!,- деди бир тууганындай болуп калган агасы Камчыбек.

– Өзүңүз жакшы билесиз, көптөн бери эңишке түшпөй калбадымбы?,- деди Мырза.

– Жасурбек менен бир аз эңишкен түр көрсөтүп, анан элден кечирим сурап кой. Андан сенин бир жериң кемип калбайт да,- деди ага салабаттуу түрдө караган Камчыбек.

– Антип элди алдаган болбой калат ко?,- деди Мырза.

– Андай болсо эрк өзүңдө, күч атасын таанабайт дегенди менден жакшы билесиң?,- деди Камчыбек. Калкылдаган эл болсо дагы деле "Кенже Манас, Мырза балбан чыксын!" деп эми андан суранбастан ачык эле талап кыла башташты. Мырза атын теминип, эр эңиш майданы жакты карай бастырды. Мырзага эми элдин суроо-талабын аткаруудан башка арга калбагандыгына толук ынанды. Калдайган калың калкынын сүрөөсү ага бекем дем жана кошумча күч-кубат берип турду.

Бел курчоосуна чейин жыланачтанып чечинген, калдайган Мырза ортого чыкканда эл дагы бир ирет гүүлдөп сүрөп беришти.

Эр эңишти алып барып жаткан калыс балбандарды дагы бир ирет элге тааныштырды.

– Менин оң жагымда Чаңгеттик Кенже Манас атыккан айтылуу Мырза балбан! Ал эми сол жагымда буга чейин бүгүнкү эңиште төрт балбанды ат үстүнөн оодарып түшкөн, айтылуу Коргон-Төбөлүк Жасурбек балбан!,- деди. Казганактап кайнаган эл эки балбанды бирдей кыйкырык сүрөөнгө алышып, колдоп беришти.

Курларынан жогору жактарын жылаңач калтырышкан балбандар аттарын ойноктотуп, эңиш майданына чыга келишти. Мырзанын далысында жаш тайдын жалындай болгон баягы бир тутам эндей чачы турду. Эрежеге ылайык ортодогу калыс эңиштин эреже шартын дагы бир ирет балбандардын эсине салды. Анан эр эңиштин башталгандыгын билгизип, колунда жогору көтөрүп кармап турган камчысын ылдый түшүрүп, эңиш башталгандыгына белги берди. Балбандар бирин-бири аңдып, аярлана сактана акмалап калышты.

Жасурбек балбан жаштыгын сездирип эки ирет Мырзанын колун ээр кашка бастырууга аракеттенип көрдү. Бирок, Мырза анын айласын кетирип, колун артка сууруп тартып кетип турду. Балбандардын тамырлары чыңалып, көздөрү кызарып, канталап чыкты. Оздорунда кырча тиштеген камчыларынан жаактары түктөйүп, карышып калды. Ат жаныбарлардын дагы ооздорунан көбүктөрү чачырап, тизгиндин чыңалып тартылуусунан улам ооздуктарынан кан ага баштады. Эки балбан тең эңилгиси келбей, жеңишти гана мелжеп жатышты. Эки кыраан, эки балбан бири-бирине тең келээри тамаша кызыгына баткан элге дагы даана байкалып турду. Бир ирет Мырза балбан Жасурбек балбандын оң колун эки колдоп кармай калып, каттуу булкту эле анын аты алдыңкы эки бутуна тизелей калып, кайра оңолуп туруп кетти. Бул көрүнүш Мырза балбандын билегинин күчү али кайта элек экендигин билгизди. Эр балбандардын денесинен шорголоп тер кете баштады.

Жасурбек балбан дагы оңой-олтоң алдырчуулардан эмес экендигин көпчүлүккө тастыктагысы келип турду. Атын жулкунтуп айланткан ал Мырзанын сол колун эки колдоп артка чалкалатып тартып жөнөдү. Мырзанын сол

колунун оорусу көзүнө көрүнө түштү. Ал кыйла чалкалап барып, кайра колун сууруп алууга жетишти. Атаандашынын бул кадамы анын көзүн ачып, жаалын кайнатып, катуу ачуусун келтирди. Арстандай ач айкырык салган Мырза балбан Жасурбек балбандын оң колун чымырканып өзүнө карай катуу булкту эле анын аты теңселе калып, кайра оордугун өзүнө келтиргенге аракет кыла баштады. Мындай ыңгайлуу учурду Мырза балбан текке кетиргиси келбеди. Азыр бардык күчүн сарптабаса кийин мындай ыңгайлуу учур кайра келбесин, кийин өтө кеч болуп калаарын Мырза жакшы түшүндү. Эми ал Жасурбек балбандын колун коё бербей, тиштенип тырышып жатып, акырындап анын оор тулку денесин өзүнө оодарып тарта баштады. Анын аты жакшы эле туруп берди. Бирок, ушул учурда эч кимдин оюна келбеген, эч ким күтпөгөн кызык көрүнүш болуп кетти. Жасурбек балбан кармап турган, Самаркандда атайын ийленген териге жез мык менен капталып жасалган кооз ээрдин башы чорт сынып кетти. Көз ирмемде Жасурбек балбан ат үстүнөн оодарылып, жерге сулап түшүп калды.

Элдин кыйкырык-чуусу кайрадан күчөп кирди:

– Кенже Манас!, Мырза балбан!,- деген кулак тундурган кыйкырык үндөр эми ураан катары жаңырып жатты.

Атынан түшкөн Мырза балбан чаңга буланып жаткан жеринде бозоруп туруп калган Жасурбек балбанга барып, аны кучактап, далысынан таптады. Жасурбек болсо Мырза балбандын оң колун бийик көтөрүп, анын жеңүүчү экендигин калыстан мурун элге жарыялады. Ошентип, дагы бир жолу Кенже Манас аталган Чаңгеттик Мырза балбандын даңазасы таш жарып, зоболосу ого бетер көтөрүлүп, шердиги ансайын артты.

– Мырза аке, мен сиздин бул өрөөндөгү атактуу балбан экендигиңизди далай жолу уккан элем. Бүгүн сиз менен эңишип, жеңилгендигиме эч өкүнбөймүн, кайра утулганыма кайылмын. Мен жөнөкөй балбандан эмес, атактуу балбандан эңилдим. Сиз менин туу карманган улуу устатым боюнча каласыз!,- деди Коргон-Төбөлүк Жасурбек балбан.

Арадан он күн өтпөй Чаңгетке Коргон-Төбөдөн Жасурбек балбандын тажиясына деген суук кабар менен чакыруу кагазы келди.

– Ой, шумдугуң кур!,- деди кээ бир оозуна алы жетпегендер.

– Мырза балбан дагы бир балбандын башын жеген турбайбы?! Эми кийинкиси ким болоор экен?,- дешип шыпшына таңданышып, жакаларын карманышты. Ал эми чындыгында Жасурбек балбандын өлүмүндө Мырзанын эч кандай тийешеси жок болчу. Жараткан Теңир кайсыл пендесин качан алаарын, кайсыл мезгилде, кандай шартта кантип жанын алаарын өзү билет турбайбы. Тээ алмустактан келаткан жашоонун мыйзамын, турмуштун заң ченемин эч ким өзгөртө да албайт, ага эч ким туруштук да бере албайт турбайбы. Ошол эле күнү Мырза менен Камчыбек баштаган жоон топ атчандар бир бээ жетелешип, Жасурбек балбанга топурак салганга үлгүрүп калуу үчүн Коргон-Төбөгө шашылыш жөнөп кетишти.

* * *

Арадан кыйла мезгил өткөн соң Мырза атайын Латыпжанга жолукканы Өзгөнгө түштү. Экөө жылуу маанайда учурашкан соң зээни кейиген чайканачы абышканын унутуп кеткен аманатына кайра кайрылып келбегендигин айтты.

– Мен ал карыяны баягыда сени менен олтурганда эле көргөнмүн. Эски тааныштардай ысык ымалада сүйлөшүп жатканыңардан улам, жакшы тааныштарыңдан турбайбы дегенмин?,- деди Латыпжан.

– Кайдан досум, ал абышканы буга чейин бир гана жолу кезиктиргенмин.

– Абышканын аманат алтын теңгелери сенде тура берсин. Эсен-соо болсо жоготконун издеп бир күнү кайрылып келип калаар?

– Жок досум, өзүңдө эле турсун. Эгер ал карыя бул жерге баш багып калса, Чаңгетке өзүм баштап барамын. Ал мусаапыр карыя туурасында Мансурбекке дагы катуу дайындадым,- деди чайканачы Латыпжан.

Ошол, ошол болду, негедир аппак чапанчан ак сакалы жайкалган айкөл мусаапыр момун карыя унутуп кеткен аманатына негедир кайра кайрылып келбеди. Анын момун мусаапыр аксакалды атайын издетип сураштыруусунан дагы эч кандай майнап чыкпады. Кээ бирөөлөр аны акыркы ирет кытай тарапка жол алганын көргөндөр бар экен деген божомолдорун айтышты. Абышканын алтын теңге оролгон бел боосу болсо Мырзанын боз үйүнүн керегесинде ар дайым ээсин күтүп, асылып турду. Ал кайда гана көчпөсүн абышканын ак белбоосу ар дайым ыйык тумар сыяктуу кошо жүрдү.

* * *

Пайгамбар жашына жакындап калганда Мырзанын табы катуу айнып, төшөккө жатып калды. Ушул жашка келип, тейит уурусунун чыгаан балбаны Мырзага эңиштеги көз тийгенди айтпаганда, сыркоолодум деген

жан эмес болчу. Бир жума жаткандан кийин ал жанына бир туугандарын, өмүрлүк жары Марзияны, уулдарын, агасындай болуп калган Камчыбек менен досу Кудайбердини алдырды.

– Кудайга шүгүр, жараткан Теңирге миң мертебе ыраазымын. Бул дүйнөдө армансыз жашап, татыктуу доор сүрдүм. Жашоого, кудайга миң мертебе ыраазымын. Карапайым мээнеткеч элге, колунда жок мусаапыр бей бечаралар менен кембагалдарга, майыптарга колумдан келишинче жакшылыгымды көрсөттүм, аларды сүйөп тадым, алардан байлыгымды аянбадым. Калп айткан болсом, төбөмдө кудай турат. Эми менин да убакты саатым келип, ичээр суум түгөнүп, көрөр күнүм батып бараткандай шекилдүү. Турмушта өйдө-ылдый нерселер, кээде ачууга алдырып койгон пендечилик кездер болду. Эгерде менден какыс-кукус сөз өткөн болсо кечиргиле. Оорумду колдон, жеңилимди жерден алган баарыңарга ыраазымын. Өзгөчө ысык-суугумду тең көтөрүшкөн, чырактай болгон уулдарды төрөп берген зайыбым Марзияга миң мертебе ыраазымын,- деген Мырза демин басып, олтургандарга кыдырата бир сыйра көз жүгүрттү.

– Мырза, жаратканга шүгүрчүлүк келтир. Бир аз сыркоолоп калган турбайсыңбы, табып чакыртып каратсак, куландай соо болуп, жакшы болуп сакайып кетесиң?,- деди Камчыбек.

– Жок, Камчыбек аке, бул сапар андай эмес, мен торго түшүп калдым сыңары, убакты саатым келген окшойт. Аны көөдөнүм менен сезип жана туюп турамын. Көңүл кушун көтөргөн жылуу сөзүңө ыраазымын, Камчыке?,- деген ал дагы бир азга тыным алды. Анан кайра сөзүн улады.

– Эки арман мага өмүр бою тынчтык бербей, жан дүйнөмдү эзип, сары зилдей мени кажып, кыйнап келди. Аларды мен өзүм менен кошо көрүмө да ала кетет окшоймун.

Биринчи арманым, көк чепкен Үрпөк баш балбандын капылеттен болгон өлүмү болду. Ошондо Үрпөк башка эңишке чыкпай койсом болбойт беле? деп өзүмдү-өзүм азырга чейин зекип келемин. Ошол кара баскан эр эңишке түшпөгөндө ал кудай берген өмүрүн сүрмөк беле деймин. Шордуу балдары атасыз жетим калмак эмес болчу. Ал эми экинчиси болсо, мага кызырдай капилеттен кездешкен дарыгер дербиш чалдын чайканада унутуп, калтырып кеткен алтын теңгелери болду,- деди Мырза. Ал кыйлага дейре тунжуруп үн катпай жатты. Анан ал акырын колун шилтеди:

– Эми баарыңар жай жайыңарга баргыла, өз тиричилигиңерди уланткыла. Жашоонун бүтпөс улуу агымы, турмуштун түгөнгүс түрмөгү менен туткасы бир адамдын кетиши менен эле токтоп калбайт, ал улана берет,- деген ал жанына зайыбы Марзия менен Камчыбек акесин алып калды.

Арадан үч күн өтпөй Мырза балбан уктап жаткан боюнча ойгонбой, ордунан турбай калды. Ал биротоло түбөлүк уйкуга, кайра кайткыс сапарга кете берди. Артында анын таза ысымын бийик сактаган, балбандык даңк даңазасын уламыш дастан катары улаган Ала-Тоодой калдайган калың эли-журту, бир туугандары, уулдары жана неберелери калды. Анын кыркы белгиленип жатканда Чаңгетке Тогуз-Тородон элүүдөй атчандар "Кенже Манастан, бир боорумдан, Мырза балбандан ажырадык!,- дешип, өкүрүп түшүштү. Алардын арасында айтылуу көк чепкен Үрпөк баш балбандын эрезеге жеткен төрт баласы да бар болчу...

***Май-август айлары, 2016-жыл.***
***Жалал-Абад шаары.***

# II БӨЛҮК

## МЫРЗА БАЛБАНДЫН УРПАКТАРЫ

*(Санжырасы)*

Кыргыз элинин башка улуттардан аттын кашкасындай өзгөчөлөнгөн негизги бир айрымаланган белгиси көптөгөн ууруларга бөлүнгөндүгү болуп саналат. Кыргыздарды дүйнөгө тааныткан «Манас» эпосунда кыргыздын байыркы уурулары сырткы душмандарга ар дайым биргеликте күрөш алып баргандыгы так-таасын баяндалган. Сөз кадырын аздектеген кыргыздар уруулардын келип чыгышын баяндаган санжыраларга өзгөчө аяр жана этият мамиле жасап келишкен. Анткени кыргыз санжыраларында элибиздин тарыхы менен маданияты жана үрп-адаттары менен каада-салттары толук камтылган. Кыргыздар жөн жеринен жети атасын билбеген инсанды адам катарында санашкан эмес. Жети атасын санай албагандарды кыргыздар теги жоктор деп эсептешкен.

Тейит уурусу байыркы кыргыз ууруларынын катарына кирет. Мырза балбан кыргыздын ичкилик тейит уурусунан болот. Айтылуу «Манас» эпосунда тейит уурусу «Чоң казатка» катышкан уурулардын бири катары айтылгандыгы дагы кашкайган чындык жана уруу элдеринин улуу мекенчилдигин тастыктайт. Мына ушул жагынан алганда байыркы ичкилик Тейит уурусу өзүнүн ич арасында Арык тейит, Бай тейит, Кара тейит, Сары тейит.

Уйгур тейит жана Чал тейит болуп бөлүнүшөт. Мырза балбан Уйгур тейиттеринен болот. Бул аныктаманы анын жакын урпактары дагы ырасташат.


Уйгур тейит уурусунан чыккан Мырза балбандын небереси, Сузак районунун Барпы айыл аймагына караштуу Комсомол айылында жашаган Сабыркан уулу Исраил өз уурусунун аталышы туурасында төмөндөгүдөй оюн билдирет:


– Биздин уруубуздун уйгур тейит аталып калышынын эки варианты бар. Биринчиси Бишкекте жашаган Эгемберди Эрматовдун ырасташы боюнча мындайча айтылат: «Элдик санжырадан, уламыштардан, улуу муундагы эски аксакалдардан бизге келип жеткен маалыматтар боюнча, уйгур тейит жалпы тейит урууларынын арасынан болжол менен мындан 700-800 жыл мурда өзүнчө топ болуп бөлүнгөн.»


Экинчи варианты боюнча Ысык-Көлдүн жээгине Кашкардан келген колунда бар, абдан бай көпөс адам соода-сатык жүргүзүү максатында чоң дүкөн салат. Аны жергиликтүүлөр уурусунан атабай эле «уйгурдун дүкөнү» дешип, ошентип аталып калат. Ал эми чындыгында ал бай адам кыргыздын тейит уурусунан чыккан адам болгон. Андан улам ошентип уйгур тейит уурусу пайда болгон дешет.


Биздин Ата-Бабаларыбыз Акбууранын башы Сары-Кол, Турук жерлерин мекендешкен. Ал жерде Абыт жана Жолдош деген чоң бабаларыбыз өткөндүгү тарыхый чындык. Жолдоштун баласы Кошуке бала-чакалары менен Чаңгет өрөөнүнө келип, олтурукташып жайланышып ка-


лышкан. Чаңгет өрөөнүнө кирген Чөкө-Дөбөдөн баштап Серүүн жайлоосуна чейинки жерлерди Кошукенин бир тууганы Туркенинин Кокон хандыгынын казатында баатырларча курман болгондугуна байланыштуу Кудаяр хан бармак мөөрү басылган атайын жарлыгы менен Кошукенин урпактарына түбөлүккө пайдаланууга берген. Бул тарыхый чындык болуп саналат. Эми төмөндө Молдобай, Кожобай, Мырза балбан жана анын бир туугандарынан тараган урпактардын санжырасын беребиз.



Мамадиар
Акунбай
Кожобай
Молдобай
Султан
Мырза
Салият
Райим
Уултай
Токто
Каримбай
Урпия
Чубак
Бурул
Манас
Зульфия
Минавар
Мамат
Жумагул


Мырза
Сатан
Асан
Зуура
Сабыркан
Самарткан
Гулайым
Абылкасым
Исраил
Буажар
Мавлюда
Искендер
Эгемкул
Исхак
Акмактым
Макбурат
Байзак
Ысманкул
Пиримкул
Аксаткын
Саара
Суйменкул
Алымкул
Акмоор
Темирлан
Гулгаакы
Орозкул
Зулайка
Бубуниса
Курманжан
Сафия
Мырзакул
Сайкал
Абылай
Айназик
Алихан
Айдана
Адахан
Ыйманкул
Ырыскул


Мырза
Асан
Датка
Жаныл
Толонбай
Толубай
Ганыбай
Гулназ
Жумакан
Гулсан
Ырыс
Салтанат
Дилназ
Самаган
Аяна
Диана
Айжан
Кумар
Гулина
Умар


Мырза
Самарткан
Ороз
Турдукул
Кайкы
Уркан
Салимбек
Дуйшо
Дилбар
Кимсанбай
Илияз
Суюнбу
Бактыгул
Кадырали
Сонун
Залира
Анарбай
Буайма
Айтолкун
Замира
Кутманбек
Айкокул
Дурусбек
Акмоор
Нурсултан
Арууке
Райана
Байкут
Ыргал
Амирхан
Шайырбек
Режепай
Ширинай
Шеримбек
Осмонбек
Кошуке
Аделина
Илим
Каныкей
Тынчтыбек
Сыймыкбек
Чачыкей
Айдай
Сыргайым
Нуртемир
Алтынбек
Зулфия
Акылбек
Ысламбек
Эмилбек
Мурат
Омуркан
Эрбол
Курманбек
Темурлан
Мирана
Аруузат
Асылзат
Сабина
Жусупбек
Болотбек
Советбек


Молдобай
Абдыкул
Акбермет
Аманбай
Роза
Клара
Гульнара
Мирланбек
Даян
Назар
Аалымбек
Уланбек
Байтегин
Акмаржан
Сумая
Дастанбек
Гулзира
Айгерим
Рустамбек
Мухамед
Мухиддин
Нураддин
Барсбек


Абылкасым
Талантбек
Таалайбек
Зоопари
Абдилла
Тажиниса
Абдалим
Абдаким
Буалима
Болотбек
Баймурза
Алмазбек
Ayyке
Байжигит
Эржигит
Айгул
Айнура
Назгул
Союзбек
Калдар
Мадина
Камчибек
Адина
Нурбол
Маржан
Алтынбек
Эрбол
Бекбол
Акмарал
Адеми
Каныбек
Чолпон
Адилет
Айназик
Орозгул
Нурпери
Арлен
Арген
Элмира
Элнура

# III БӨЛҮК

## ЖАРАЛУУ МЕНИН ЭЛИГИМ

*(Аңгеме)*

Чоң энем менин келгениме жетине албай сүйүнүп, жан-алы калбай дасторконго жайлоонун керемет берекелерин: кымыз, каймак, быштак, боорсокторун жайнатып алдыма койду. Биз божураша сүйлөшүп, чай ичип олтурганда колуна камчысын кармаган чоң атам  дагы кирип келди. Мен чоң атам менен учурашканы ордумдан шак атып турдум.

– Оо, азаматым десе, менин уулум чоң жигит болуп калган турбайбы! Кел, балам, келе маңдайыңдан жыттап, сагынычымды бир жазып алайынчы!,- деген чоң атам мени өзүнүн бооруна тартты. Чоң атамдан тоо гүлдөрүнүн, кымыздын, анан калса жылкы жаныбардын жагымдуу жыты буркурады.

Мен дагы чоң атам менен чоң энемди аябай сагынып, атайын аларга учурашканы жайлоого келгенмин. Атам менен апам берип жиберген белек-бечкектери бул жакта эле калып, алар менин келгениме жан терилерине батпай сүйүнүп жатышты. Менден айыл апаны, тууган-уруктарды, инилеримди бир сыйра зерикпей такып сурагандан кийин, көңүлү жайланган чоң атам Ашым Асылкан чоң энеме кайрылды:

– Ээ, байбиче, бул эликтин деги мал боло турган кейпи барбы? - деп сурады.

– Кечээгиден кыйла түзүк, суу иче баштады. Бирок, салган чөбүңө карагыдай түрү жок,- деп жооп берди чоң энем.

– Чоң ата, кандай элик жөнүндө сөз кылып жатасыңар?,- дедим мен бир чети таң кала, бир чети бүшүркөй аябай кызыга.

– Ээ, балам, бул өзүнчө бир окуя,- деп чоң атам жаздыкка жамбаштай жатып, анан сөзүн баштады.

– Бир жума мурун биз жылда конуп өргүгөн Кара-Жайык жайлоосуна төмөнкү айылдан келген, Жусуп деген киши пайда болду. Ал мага биринчи көрүнүшүндө эле жаккан эмес. Эски калпагын башынын бир жагына кыйшайта кийген, мылтыгын желкесине асынган, кырктар чамасындагы бакжайган сары киши экен. Ал келгенден баштап жайлоодо мылтыктын үнү басылбай, жапайы жан-жаныбарлардын дагы тынчы кете баштады. Жусуп бир күнү мага жолугуп:

– Ээ аксакал, бу эликтер кайсыл тарапта көп болот?,- деп сурады.

– Балам, азыр элик атчуу мезгил беле, алар корукка алынган, аларды атууга мүмкүн эмес, - дедим. Ал менин айтканыма нааразы болгондой, чыйт түкүрүп, жактырбагансып басып кетти.

Ошол күнү кечке маал жылкыларды жайытынан айдап келе жатсам, капысынан эле баары тегиз дүр этип үркүп калышты. Кулактарын тикчийтип, буттары менен жер чапчышып, бышкырышып арчалуу токой жакты карап туруп калышты. Буларга эмне болуп кетти деп, аттан түшүп барсам, арчанын түбүндө бир кансыраган алсыз байкуш элик жатыптыр. Ал жаныбар мени көрүп, туруп качууга жандалпастап аракеттенди, бирок шайы жетпеди. Көрсө, анын арткы оң санына мылтыктын огу тий-

иптир. Ошентип аны алып келип, мал доктур Саматты чакыртып, бутуна дары коюп, этияттап таңдырып, байлап койгонбуз. Кече анын абалы өтө начар болчу. Ал эми оңбой калгыр Жусупту болсо жаратылышты коргоочулар кайберен атып жүргөн жеринен кармашып, мылтыгын алышып, өзүнө очойтуп айып пулун салышыптыр,- деди чоң атам.

– Элик азыр каерде чоң ата, көрсөм болобу?,- дедим мен чыдамым кете чыйпылыктай.

– Коё тур балам, шашылба, таң атсын, анан көрөсүң,- деди чоң атам камырабай жай гана.

Мен таңдын атышын чыдамсыздык менен аябай зарыгып күттүм. Боз үйдүн ачык түндүгүнөн асмандагы миң сан жылдыздар жымыңдашып, улам бири учуп, артынан кыска нурун калтырып, бачым өчүп калып жатты. Аларды тиктеп жатып, көзүм уйкуга кантип илинип кеткенин сезбей калыптырмын.

Түшүмдө болсо балалуу эне эликти мыкаачы, жырткыч аңчы Жусуп мылтыгын сунуп, атканы жатыптыр. Эне элик жакшы жетиле элек эгиз ала чаарчыктарын кыя албай, айланчыктап, ары-бери кулагын тикчийте элеңдеп, мекиренип чуркап жүрөт. Эне элик эгиз ала чаарчыктарын мылтыктын огунан эптеп сактап калгысы келгендей Жусупту аянычтуу, көзүнөн жашын куюлтуп, жалооруй тиктейт. Ал эми эргежээлдей өңү керсары тарткан Жусуп болсо арсалактап каткырып күлүп, мылтыгын бирде эне эликке, бирде ала чаарчык улактарга мээлеп маашырланат. «Атпаа, атпаа-аа!» деп жүгүрүп баратамын. Бирок, ортобуздагы жебедей аралык такыр кыскарбай тушоолоном. Бир маалда «тарс!» эткен мылтыктын каттуу үнү жаңырды. Ок дарынын көк түтүнү абага бозомтук болуп тарай берди. Мен дагы чуркап бараткан бойдон чөпкө ча-

лынып, бет маңдайым менен кулап түштүм. Чочуп ойгонуп кетсем,  түшүм экен. Денем бүт бойдон көл-шал болуп, чыпылдап тердеп чыгыптыр. Мунун баары түшүмдө болгонуна чындап аябай  кубандым. Шашыла кийинип алып сыртка чыксам, чоң атам эликтин жараатына дары коюп, таңып жаткан экен.

– Мына балам, түндөгү сага айтып берген элик ушул,- деди чоң атам. Чоң атамдын эликтин жараты сакайып келе жатканына курсант болгону анын өңүнөн, карыялык мээриминен даана байкалып турду.

Элик болсо эки кулагын тикчийтип, сен кимсиң дегендей, жашылданган бакыракай алаңдаган көздөрү менен мени таң кала карап турду.

Мына ошентип чоң атам экөөбүз күндө эликтин жараатын дарылап, таңып жүрдүк. Элик экөөбүздүн мамилебиз барган сайын күчөй берди. Ал чоң атам экөөбүзгө акырындап үйүр алып, бизден анча чочуркабай да калды.  Күндөн-күнгө элик сакайып, акырындап өзүнө келе баштады. Кадимкидей өз алдынча оттоп, берген сууну калтырбай ичип калды. Жараат алган бутун мурда жерге жакшы коё албаса, эми таканчыктап жерге коюп, аксап болсо дагы баса баштады. Жебедей атылган күндөр билинбей агылып жатты. Жайлоонун күңгөй тарабындагы түркүн чөптөр саргыч түскө боёлуп, тоонун жели аймаласа жездей көлкүп ачылат.

Чоң атам күндөрдүн бир күнү:

– Балам, бүгүн досуң менен ойноп, чериңди жазып ал, эртең аны тоого коё беребиз, өз үйүрүнө агытабыз,- деди.

Эртеси чай ичип болгондон кийин биз эликти жетелей ээрчитип, арчалуу тоону көздөй жол тарттык. Мына тоого дагы жетип келдик. Асман тиреген арчалар,  шылдырап агып жаткан туптунук булак суусу, ар түркүн куштардын

сайраган үндөрү айлананы өзгөчө шаңга, кайталангыс кереметке бөлөп турду. Чоң атам мага айлананы чабыттачы дегендей дүрбүсүн сунду. Мен дүрбү менен арчалуу жайыттарга көз салдым. Бизден бир чакырым алыстыкта бир топ эликтер бейкапар жайылып, оттоп жүрүшүптүр. Арчаларга далдаалай барып, аларга жакындап калганда өзүбүздүн эликти агытып, коё бердик. Ал бизден жүз кадамча узагандан кийин биз менен коштошкондой бир жалт карап алды да, эликтерди көздөй акырын таскактай жүгүрүп жөнөдү. Биздин «жаралуу элигибиз» жайыттап оттоп жатышкан эликтерге жеткенде, аны тегеректешип, «Кайда адашып жүрдүң?» дегендей жыттагылай, мекирене башташты. Бирок, сүзгүлөп кошпой, жатыркатып бөлүп салышкан жок. Анан кайрадан тегиз жайылып, бейкапар өр тарта оттой башташты. Ал эми биздин «жаралуу элигибиз» болсо оттоого такыр табити тартпагандай, башын жерден алып, улам-улам биз жакты карап, мекиренип жатты. Ал канчалык каалабасын, канчалык аракет кылбасын биз калың арча токоюнан ага баары бир көрүнбөйт болчубуз.

Көп өтпөй менин жайкы каникулум дагы аяктады. Мен чоң атам, чоң энем менен коштошуп, шаарга карай жол тарттым. Автобуста келе жатып, баягы биз сакайткан «жаралуу эликтин» улам-улам бизди карап, биздин карааныбызды издеп жаткандыгын көз алдыма элестетип, автобуста жай термелип бара жаттым…

***«Кыргызстан пионери» гезити,***
***24-март, 1978-жыл. №24 (4940).***
***Базар-Коргон айылы.***

# ПЕРЗЕНТ

*(Аңгеме)*

Райондук оорукананын төрөт үйүнүн алдында беш-алты киши тынчы кетип, ары-бери басып жүрүштү. Алардын арасында түн жарымында күтүүсүздөн аялынын толгоосу толгой тарткандыктан улам аман-эсен көз жарса экен деп, өмүрлүк жубайын ушул жерге алып келген жылкычы Жаркынбай да бар. Түн пардасы сүрүлүп, чыгыштан таң сөгүлүп, агарып келе жатты. Асмандагы жымыңдаган жылдыздар улам суюлуп, күн нурунан айбыккандай бүлбүлдөп өчүп баратты. Аңгыча төрөт үйүнүн эшиги кыйчылдай ачылып, андан башын чыгарган ак халатчан мээрбан айым сыртта жүрүшкөн «аталардын» арасынан бирөөнү издегенсип, көзү Жаркынбайга урунганда жылмайып, шаңкылдап коё берди.

– Сүйүнчүңүздү белендеңиз абаке, аялыңыз аман-эсен көз жарды, уулдуу болдуңуз!

Көз ирмемдеги сүйүнүчтүү жакшы кабар Жаркынбайды эсин дендароо кылып койгонсуду. Ал түгүл саамга эс-учун дагы жоготуп койгондой туюлду өзүнө. Анан кайра дароо өзүн колго алып:

– Оозуңа май айланайын, кызым, сүйүнчү сенден айлансын, деги эжеңдин абалы жакшыбы?!

– Камтама болбоңуз, абалы дурус, өзүн жакшы сезип жатат. Ал эми чүрпөңүз болсо үч кило алты жүз грамм салмак менен төрөлдү.

Сүйүнүчтүү кабардан улам чекесинен чыпылдап муздак тер чыккан Жаркынбай:

– Муну сүйүнчүңө алып кой кызым,- деп чөнтөгүнөн кочуштай акча сууруп чыкты.

– Коюңуз, аке, мунуңуз болбойт?,- деген мээрбан айым бир аз артка кетенчиктеди.

– Болбойт-этпейт дегеницди укпайын балам, мен чын ыкласымдан берип жатпаймынбы,- деген Жаркынбай акчаны медайым кыздын ак халатынын чөнтөгүнө салып койду. Ал жылмайып, күлмүңдөгөн бойдон кайра төрөт үйүнө кирип кетти.

– Оо, абаке, куттуктайбыз, бешик бооңуз бек болсун!,- дешип ал жердеги «аталар» да Жаркынбайды тегеректешип, бир четинен колун кысып, куттуктап киришти.

– Ырахмат, ырахмат айланайындар, силердин түгөйлөрүңөр дагы аман-эсен көз жарып алышсын, ылайым башыңар көбөйсүн!,- деп ар бирине чын дилинен ыраазычылыгын билдирген Жаркынбай кубанганынан денесине батпай толкундап сүйүнүп, ушул саам деңиздей чайпалып турду.

– Бул балаңыз канчанчысы, абаке?,- деп алардын ичинен бирөөсү сурап калды.

– Биринчиси, айланайындар, ишенсеңер тун чүрпөм болот,- деген Жаркынбай байлануу турган атын көздөй басты. Эр ортону элүүлөр чамасындагы бул адамдын тун уулум деген сөзүнө ал жердегилер же ишенишерин, же ишенбесин билбеген абалда аң-таң кала беришти.

– Экинчи катынынан биринчи уулу болсо керек да,- деди арасынан кимдир бирөөсү. Дегинкисинде Жаркынбай жылкычы тун уулум болот деп аларга болгон чындыкты айткан эле.

* * *

Айылда Жаркынбайдын ысымы дайыма урмат-сый менен оозго алынган алдыңкы жылкычы. Чарбалык же майрамдык кандай гана жыйындар болбосун анын ысымы ар дайым биринчи аталып, сыйлык алмайын калбайт. Жаркынбай бою теректей узун, кара торусунан келген, мүнөзү токтоо, оор басырыктуу, сөзгө абдан сараң келген кудайдын момун пендеси. Калбүнү өмүрлүк жар кылып, өз алдыларынча түтүн булаткандан тартып, ат жалынан түшпөй, жылкычы болуп иштеп келатат. Жылкы жаныбардын тукумун андан жакшы билген адам айылда эмес, бул өрөөндө жок. Күйөөсүнүн түйшүгүн тең бөлүшкөн Калбү дагы эмгекчил, мээнткеч чыкты. Желе тартып, кулун байлап, бээ саайт. Айыл-апага, аксакалдарга жайкысын чанач менен кымыз жөнөтүп турат. Жубайлар жаз келип, жер бети көккө бөлөнөөрү менен жайлоого көчүп кетишкен бойдон күздө гана кыштоолоп түшүшөт. Айылына Жаркынбай бышык кызыл кыштан заңгыраган беш бөлмөлүү үй салып, алдына алма бак олтургузган. Жаздан күзгө дейре анын чарбачылыгын бир тууган иниси Көчөр карайт.

Телегейи тегиз көрүнгөн жубайлардын көкүрөгүндө басса-турса жүрөктөрүн эзген өкүнүч-өксүк менен армандуу кайгы-муң кошо жашап келет. Эрди-катын баш кошкондон тартып, наристе үнүн угууга, перзент жытын кумарланып жыттоого зар болушту. Жаңы баш кошкон жылдары башкалар сыяктуу эле эртели-кечпи перзенттүү болушарына күндө күн кандай чыккан болсо, кудум ошондой эле ишенишчү, жакшылыктан үмүт кылышчу.

Арадан жылдар билинбей өтүп жатты. Беш жыл, он жыл, мына жакында жыйырма жыл болот. Жаратканга эмнеден жазышты экен, жубайлардын ортосунда негедир бөбөк үнү жаңырып, наристе ойноп, күлүп жайнабады. Ал турсун эл оозунда элек жок демекчи, «Калбү төрөбөс куу жатын турбайбы» деген суук ушак кеп да тарады. Жыландай бул суук сөз аларга жетпей коймок беле. Биринин көңүлүн экинчиси ооруткусу келбеген жубайлар ортодо эч нерсе болбогондой ушакчылардын оозун жаап, ынтымактуу жашай беришти. Кантсе дагы Калбү сезимтал аяр жан эмеспи. Калбүгө акыркы кездери күйөөсү Жаркынбай негедир сарсанаа тарткандай, абдан ойчул болуп, өтө чүнчүп түнт тартып бараткандай туюлчу болду.

Жаркынбайдын так эсинде калбаптыр. Кайсыл бир жылы иниси Көчөрдүн төртүнчү баласы төрөлүп, алардыкына куттуктап жентектегени барышты. Казанга эт салынып, өткөн-кеткендерден сөздөр козголуп олтуруп, үйлөрүнө түндү оодарып, абдан кеч кайтышты. Салынган төшөктө көөдөй караңгы шыпты тиктеген экөөнөн тең уйку качып турду. Оо бир оокумда, түн каткан жымжырттыкты Калбү биринчи болуп бузду.

– Жаркынбай, билдирбеске аракет кылганың менен мен дагы жакшы менен жаманды, ак менен караны ажыраткан тирүү жанмын. Сенин айталбай жүргөн ички зарыңды туюп, сезип эле келемин. Өзүм дагы сага ачык эле айтайын деп эзилип, кыйналып да, быкшып да жүрөмүн. Ар бир пенде баласы бул турмушта аркамдан туяк калтырайын, артымда из калсын деп жашайт турбайбы. Кудай мага бала төрөп, аны эркелетип чоңойтууну, энелик бакытты ыраа көргөн эмес окшойт. Бул жарык дүйнөдө мен сага миң мертебе ыраазымын, сага түк нараазы эмесмин. Балким али да кеч эместир, башка аял алып, төшөк

жаңыртсаң, эбепке-себеп болуп перзенттүү болоор белең? Эмнеге унчукпайсың, деги бир нерсе десең боло?!,- деген Калбү көмкөрөсүнөн түшүп алып, оо далайга өксүп ыйлады.

Ошондо Жаркынбай аялы соолуккандан кийин:

– Экинчи оозуңдан мындай жыландай суук сөзүңдү укпайын!,- деп бир гана кесе өкүм сүйлөдү. Ал түнү жубайлар түнү бою кирпик кагышпай, ар кимиси өздөрүнүн түпкүрү жок сансыз ойлору менен алпурушуп, таң атырышты…

* * *

Ошол- ошол болду, кийин бул тууарасында жубайлардын ортосунда экинчи сөз козголбоду. Бир жолу Жаркынбай жылкыларды жайытынан көзөмөлдөп үйгө келсе аялы Калбү жок. Аялынын көйнөк кечектеринин түгөл жоктугу гана анын төркүнүнө кеткендигин айгинелеп турду. Өзү келип калаар деген ой менен Жаркынбай аны эки күн күттү. Үчүнчү күн дегенде таң заарынан атына минип, кайындарына өзү жол тартты. Дүкөндөн белек-бечкек, кант менен чай алды. Кайын журту аны мурдагысындай эле жакшы маанайда кабыл алышты. Жакшы сый көрсөтүшүп, меймандашты. Эртеси чай ичилип бүтүп, дасторконго бата кылынгандан кийин Жаркынбай Калбүгө буйрук бере кайрылды:

– Туруп камылгаңды көр, эртерээк жолго чыгалы. Калбүгө унчукпастан күйөөсүнүн айтканын аткаруудан башка арга калбады.

Дагы бир ирет көңүлгө өчкүс так салган мындай окуя болгон. Кыштын узун түндөрүн кыскартуу үчүн

жылкычылар кезектешип шерине жешчү. Ошондой олтуруштардын биринде арак менен бозого алагүү болуп калган Жаркынбайдын жакын досу Нарынбай мындай «кеңешин» айткан:

– Досум, мен сага күйгөнүмдөн айтып жатамын. Дүйнөдө аял деген куруп кетиптирби, согончогу канабаган тигил катыныңды айдап жиберип, башкасын албайсыңбы? Сага кыз алсаң дагы жарашат. Жаккан кызың болсо көз ирмеп гана мага көрсөтүп койчу, өзүм үйүңө алып барып, олтургузуп коёюн. Ар пенденин башына келет, жаман айтпай жакшы жок, баарыбыз ысык жанбыз, кокус эртең көзүң жумулуп кетсе, башыңда өкүрүп турчу балаң жок экендигин ойлосоң боло!

Жаркынбай ага жооп кайтарбады, ордунан шарт туруп, эч ким менен коштошпостон кийимдерин кагынып-силкинип, сыртка чыгып кеткен. Ошондон кийин буга чейин аябай ынак болгон эки дос саламга келбей калышты.

Калбү дагы жөн жатканы жок. Илгери үмүт менен эмнелерди гана жасап, нелерди гана кылбады. Көрүнбөгөн табыптар менен эмчи-домчулары калбады. Жети токоч салып, айыл ападагы жалаң балалуу аялдарга таратты. Жети жолу сүмөлөк кайнатты. Базар-Коргондогу Арстанбап Ата менен Чаткалдагы Ыдырыс пайгамбардын күмбөзүнө зыярат жасады. Негедир жараткан анын үмүт тилегин кабыл кылбай, Калбүнүн боюна бүтпөй, ичине жан кирбей жатты.

Бир ирет Жаркынбайлар жайлоого көчүп чыккандарына бир айча болуп калганда иниси Көчөр аялы Наркыз менен балдарын алып, мейманчылыкка келишти. Алардын үч уул, эки кызы бар. Наркыздын болсо дарбыз жутуп алгандай, дагы ичи дөмпөйүп турат. Кой союлуп, эт желип, кымыз ичилген соң балдар сыртка ойногону

чыгып кетишти. Анан күтүлбөгөн жерден сөздү Көчөр баштап калды:

– Аке, жеңе, биз Наркыз экөөбүз сүйлөшүп, бир бүтүмгө келдик. Бизди туура түшүнгүлө, жат эмеспиз, бир боорбуз, акем экөөбүз жатындашпыз дагы. Биздин балдар силердин дагы балдарыңар деп санайбыз. Балдардын же кыздардын бирин силерге бала катары берели деп чечтик. Силерге эрмек, ары-бери жумшап, колуңар узарсын,- деди Көчөр.

Жаркынбай инисинен мындай сөздү күтпөгөндүктөн ыраазы болуу менен келини экөөнү алмак-салмак карады.

– Мен макулмун, жеңең эмне дээр экен?,- деди Жаркынбай.

– Силерге миң мертебе ыраазымын кичине бала, ылайым Наркыз экөөңөрдүн өркөнүңөр өссүн! Уул-кыздарыңардын убайын көргүлө!,- деген Калбү ошол жерден бышактап, солкулдап ыйлап жиберди.

– Ой жарыктык десе, коюңуз эми жашыбаңыз. Тууgандын топурагы алтын деген ушул болот!,- деди Наркыз дагы көзүнө жаш кылгырып. Ошондо Жаркынбай иниси менен келинине чындап аябай ыраазы болгон.

Көчөр менен Наркыздын экинчи класста окуган баласы Нурбек жайлоодо калып калды. Ал мурдагыдай эле Жаркынбайды аба, Калбүнү чоң апа деп жүрдү.

Арадан бир ай өтпөй Көчөрдүн чоң баласы Касымбек жайлоого атчан келип, абасы менен чоң апасын айылга мейманчылыкка чакырып жатышкандыгын айтты.

– Атайын алыстагы бизди чабарман аркылуу чакырттырып жатышкандыгына караганда бир маанилүү мандем бар го?,- деди Жаркынбай Касымбекке суроолуу карай.

– Байгожо чоң атамдын кызы Айтолкун эжем күйөөсү, балдары менен Бишкектен келишиптир. Ошон үчүн

сиздерди чай ичип кетсин деп чакырып жатышат,- деди Касымбек.

– Оо, анда барбасак болбойт, анда камыналы,- деди Жаркынбай жайдары. Нурбек үчөө жашай баштагандан тартып, Жаркынбай менен Калбүнүн жашоосунда жаңы өзгөрүү, жаңы нук башталып, боз үйдө ырыс-кут менен жакшылык түнөк тапкандай болуп калган.

Бир чанач кымызды артынышып, Жаркынбайлар дагы айылга бачым эле түшүп келишти. Байгожо аксакалдын үйү бака-шака түшүп, казанда эт кайнап, самоордо чай кайнап, келин-кесектер боорсок бышырышып, шайдоот жүгүрүп кызматта жүрүшүптүр. Көрсө, карындашы Айтолкун медицина илиминин кандидаттыгын жактаган экен. Айылыбыздан чыккан биринчи илимдин кандидаты деп элдин баары эле өздөрү илимдин кандидаттыгын жактагандай, дегеле жетине алышпай, сүйүнүп алышыптыр. Мындайда илбериңки иш билги жана зээндүү тапкыч Калбү жөн жатпай калсын. Шыпылдай тамына кирип, бокчосу катылган сандыгынан чепкен менен калпак, жоолуктарды сууруп чыкты. Байгожо аксакалга чепкен жаап, башына Бакай калпак кийгизди. Кемпиринин башына чоң ак жоолук байлады. Калбү Айтолкун менен күйөө балага дагы бир сыйра сарпай кийгизгенге үлгүрдү.

Түштөн кийин Жаркынбай Калбү менен иниси Көчөрдү жанына чакырды.

– Мен балдарды алып жайлоого кайтайын. Касымбектен бир койду өңөртүп жиберемин. Эртең Айтолкун менен күйөө баланы жакшылап коноктоп койгула,- деп жайлоого аттанып кетти.

Үчүнчү күнү түшкө чукул Көчөр атына нан, боорсок жана бышкан устукан эттерди артынып жайлоого келди. Ага - ининин ортосундагы кол бала болуп калган Нурбек

эпилдей жүгүрүп, дароо чай демдеп, дасторконго олтурушту.

– Аке, Айтолкун карындашыбыз жеңемди Бишкекке алып кетти. Ошол жактан өзү иштеген жерде жеңемди бир аз күн карап, текшерет экен. Элдин айтканына караганда карындашыбыз аялдар маселеси жагынан күчтүү дарыгер дешет. Ал келгенден бери аялдардын баары эле анын жанынан үйпөлөктөп чыкпай калышты,- деди Көчөр чай ичип олтуруп.

Арадан эки жумага жакын убакыт өтүп кетти. Калбүдөн негедир дайын жок. Жаркынбай кадимкидей жүдөп кетти. Нан оокаттан өксү деле болушкан жок. Келини Наркыз үч күндө бир тандырга нан жаап, баласынан бердирип жатты. Жыйырма күн дегенде Жаркынбай жылкыларды жайыттан көзөмөлдөп келсе, Калбү келип калыптыр. Негедир Жаркынбайдын көзүнө Калбү мурдагысынан дагы суйкайып сулуу тартып, басышы маралдай чайпалып, өтө чырайлуу, ансайын жароокер жана ансайын сүйкүмдүү, ансайын назик болуп кеткендей туюлду. Жаркынбай аялын чындап аябай күсөп сагынгандыгын эми сезди, Калбүнү бекем кучактап, аппакай алкымынан, беттеринен аймалап өпкүлөгүсү келди, дирилдеген жумшак мамактарын кармалап, жалынып-жалбарып сүйгүсү, сагынычын кандырып жазгысы келди. Бирок, калпка эле сыр бербей, анысын билдирбеске өзүн мажбурлап, сездирбеске аракет кылды. Калбү дагы күйөөсүн сагынгандыгын билдирип, сырдуу жылмая карап, эркелегиси келген эңсөөсүн, сагынычын жашырбай туйдургандай, маралдай керилип, акырын чайпала басып кетти...

* * *

Акыры жубайлардын  зарлап күткөн үмүт-тилектери кабыл болгонсуду. Калбүнүн боюна бүтүп, денесине жан киргендей болду, кийген көйнөгү улам таар тартып, ичи томпойо баштады. Жаркынбай аттанып кеткен түнү Калбү кайынсиңдиси Айтолкун менен сырдаша олтуруп, өмүрүнүн өзөгүн өрттөгөн өкүнүчтү ортого салган. Айтолкун жеңеси Калбүнү райондогу ооруканага алып барып, бир сыйра текшерип, изилдөө өткөргөн соң жеңесине кубанычтуу кабар айткан:

– Жеңе, ушул кезге чейин көңүлүңүзгө  уялап келген ар кандай жаман ойлорду эми биротоло унутуңуз. Эне болуу бактысы сизде дагы болооруна дарыгер катары толук ишенемин. Жаш кезиңизде катуу суукка урунуп калган сыяктанасыз. Анын дабаасы жеңил,  аны дарыласа болот. Мен айткандарды толук жасап, үч айлык дарылануудан өтөсүз. Сизди Бишкеке ала кетемин. Доктор катары бир нерсени айтып коюуга тийишмин. Кийин төрөтүңүз оор болуп, ал кесарево жолу менен аякташы мүмкүн. Бул айтканым, курсагыңызды кесип төрөтүшөт дегеним. Бирок, ал жагынан эч камтама болбоңуз, азыр медицина илими аябай өнүгүп өрчүгөн кез. Керек болсо мен өзүм сизди төрөтүп аламын. Эң башкысы акемди күч-кубатынан тайдырбай, жакшылап кастарлап карап, аздектеп багыңыз,- деп күлгөн эле Айтолкун.

Баары доктор Айтолкун айткандай болду. Калбүнү операция жасоо жолу менен ийгиликтүү төрөтүп алышты.

* * *

Бүгүнкү жаңы күндүн чыгышы менен перзенттүү болгон Жаркынбай жаш кезиндегидей атына чапчаң гана шайдоот  жеңил ыргып минди. Жер жүзүндө, дегеле ааламда андан өткөн бактылуу эч бир жан жок сыяктанды. Жүрөгүн кубаныч бийлеп, денеси кайдадыр алып учкансыйт. Айылга баруучу жолду кыскартуу ниетинде атынын башын беделүү аңызга бурду. Жер жүзүндөгү жалпы тирүүлүккө, адамзатка  өмүр нурларын чачыратып чыгып келе жаткан таберик күн, көзгө такыр илешпей асманда безеленип сайрап жаткан боз торгой үнү, дегеле табияттын өзү негедир күндөгүдөй эмес,  башкача сулуу, өзгөчө ажайып, негедир ушул тапта ансайын кереметтүү сезилип турду. Ансыз деле тизгин тарттырып келаткан атынын оозун бошотуп, жаныбардын соорусуна камчыны удаа-удаа берип калды. Мелүүн таңкы шамал Жаркынбайдын жүзүн аймалады. Ал жүрөгүнө батпай ашып-ташкан сүйүнүчүн, жан-дүйнөсүн толкуткан кубанычын айдың талаага жаңыртып коё берди:

– Ааламга жашоо нурун чачыраткан оо, улуу Күн, сен да мага сүйүнчүңдү сун, жылуу нуруң менен!  Мен жашым улгайганда уулдуу болдум, мен перзенттүү болдум, мен ата болдум! Сүйүнчүңдү сунгун аянбай!  Тээ алмустактан, жер бетинде жашоо башталгандан бери адамзат менен жан-жаныбарларды асырап келген кутман Жер-Эне, менин уулум сенин дагы перзентиң, кана эмесе, көрүндүгүңдү  бергин мага аянбай!  Эзели башынан ак кар, көк муз кетпеген,  коктуларын маралдар менен кайберендер мекендеген, оо, менин улуу Тоолорум, мен силерден суранамын, уулума тоодой өмүр бергиле!...

* * *

Кара терге түшкөн аттын оозун Жаркынбай айылга жакындаганда гана тартты. Айылдын кире беришинде боз-ала чаңга бөлөнүп, ойноп жатышкан беш-алты тестиер балдар кезикти. Арасында иниси Көчөрдүн көкүрөк күчүгү Бактыбек да бар экен. Бети-башын жаласа күчүк кадимкидей тойчудай болгон Бактыбек көзүн жүлжүйтүп абасын тиктеп момпосуй, же пул, эч эле болбогондо абасынын эркелеткен жылуу сөзүн күткөндөй жалооруй тиктеп карап калды. Жаркынбай:

– Жүгүр, балам, бачым учкунуң, шашылгын балам, атаңа сүйүнчүлөп бар, абам уулдуу болуптур дегин, тезинен чурка!

Жаркынбай канчалык жай сүйлөйүн десе дагы негедир үнү өктөм жана буйрук катары бийик чыкты. Буга өзү дагы таң калып койду. Кептин төркүнүн дароо түшүнгөн Бактыбек:

– Жаркынбай абам уулдуу болуптур, сүйүнчү-үү!,- деген бойдон тынч жаткан айылды аралай жаңыртып, кыйкырган бойдон үйүн көздөй тызылдап чуркап жөнөдү.

Ойноок баладан мындай тапандык менен тапкычтыкты, мындай чечкиндүү кадамды такыр күтпөгөн Жаркынбай көзүнөн атып чыккан сүйүнүчтүн жылуу жашын, бейкапар, жалооруй таңдана караган балдарга байкатпай, башын шарт буруп, жеңи менен аарчый атынын жалына агызганга үлгүрдү. Тоо желине агылып, сүйүнчү деген кубанычтуу улуу сөз тирүүлүктүн тирегиндей ансайын ыйык сезилип, жаңырыктаган жан дүйнөсүнө үлкөн үрөөн сепкендей туюлуп жатты…

***Сентябрь айы, 1986-жыл.***
***Базар - Коргон айылы***

# МЕН КАЙДАН ТАБЫЛГАМ?

*(Сатиралык аңгеме)*

Балдар бакчасынан келген Нураалы карындашы менен ойной бергенден зерикти окшойт, ашканада кечки тамактын камылгасын көрүп жаткан апасынын жанына келди. Апасы баласынын келгенине ныпым көңүл бурбай, өз иши менен убараланып жатты. Бир саамга апасынын кыймыл аракетине көз салып турган Нураалы акыры мындай деди:

– Апаке, мен кайдан табылгам?

Ишинен аябай чарчап келгенге сиркеси суу көтөрбөй араң турган апакеси:

– Кулак мээмди ачытпай, тигинде солдоюп сулап жаткан атаңдан сурачы, бутка урунушуп, сен эле жетишпей турдуң эле!,- деп ачууланган апасы уулун сумсайтып кагып койду.

Шагы сынып, көңүлү ансайын чөккөн Нураалы сумсайган кейпинде диванда гезит окуп чалкасынан жаткан атасынын жанына келди. «Деги чоң кишилерди такыр түшүнүп болбойт. Жатагалып кечке окугудай чамбылала кагаздардын эмнеси кызык болду экен?»,- деп ойлоду бала ичинен.

– Ат- оов, мен кайдан жаралгам? - деп сурады бала.

Чалкасынан жатып алып гезит окуп жаткан атасы ошол калыбын өзгөртпөй шыр эле жооп бере салды:

– Сени чарбактагы токсон кабат капустанын жалбырактарынын арасынан таап алганбыз,- деди камырабастан.

– Алдап жатасыз,- деди баласы мурдун шуу эттире тартып, - Төртүнчү кабатта чарбагыбыз жок болсо, капуста кайдан өсмөк, калпычы десе!

– Эмнеге алдамак элем, сени чоң атаңдын чарбагындагы капустанын ичинен таап алганбыз. Атасы өзүнүн тапкычтыгына корстон боло баш көтөрбөй, гезит окуганын дале уланта берди. Өтө ишенимдүүлүк менен айтылган бул жооп баланы чындап ынангандырсыды.

– Анда Айнашты кайдан тапкансыңар?,- баланы эми эжесинин тагдыры кызыктырды. Атасы буга дагы баш көтөрбөй бачым эле жооп узатты.

– Аны илегилек алып келген.

– Илегилек деген эмне?

– Илегилек деген, сен мультфильмдерде күндө көрүп жүргөн кадимки аистке окшогон куш болот. Ал көбүнчө көлмөлөр менен саздуу жерлерди мекендейт.

– Анда Айзатты ким алып келген?,- баланы атасынын айткандары ушунчалык таң калтырды, эми аны карындашын ким келтиргени кызыктырып турду.

– Айзаттыбы? Мм-мм, аны учуп баратышкан турналар жоолукка ороп, бизге таштап кетишкен. Өзүнүн тапкычтыгына ыраазы болгон атасы гезиттен башын көтөрбөй дале диванда сулкайып окуп жатты. Гезиттин азгырыгы ага жанында кыйладан бери баласы тургандыгын дагы унуттуруп салгансыды.

– Ат-оов, сизге бир нерсе айтайынбы?

– Айт, айта гой күчүгүм, кулагым сенде.

– Мен сиздин кайдан табылганыңызды билемин,- деди баласы тапкан жаңылыгына аябай сүйүнө кыткылыктай күлүп, чын дилинен кичинекей алакандарын чапкылады.

– Кана айтчы, садага, мен кайдан табылыптырмын?,- деген атасы гезитин мындай коюп, эми чындап жанында турган баласына үңүлдү.

– Сизди узун моюн жирафтар гезитке ороп таштап кетишкен. Ошон үчүн сиз дивандан такыр түшпөй, кечке эле гезит окуп жата бересиз!,- деген баласы казан-аяк калдырап жаткан ашкана тарапка карай жүгүрдү. Колуна көз айнегин кармаган атасы уулунун айтканына таң калган бойдон кала берди.

– Апа, апаке, сизди кайдан табышканын айтып берейинби?,- деген баласы апасынын этегине оролду.

– Айтчы, берекем, мени кайдан табышыптыр?,- апасы чындап кызыгып, ишин таштай сала эртерээк билүүгө ашыкты.

– Сизди крокодил Гена тамак-аш ташыла турган баштыкчага салып, үйүбүздүн астанасына таштап кеткен. Ошондуктан сиз ар дайым баштыкты колуңуздан түшүрбөй көтөрүп, тамак-аш ташыганды жакшы көрөсүз!

– Айнаш, Айзат, кайдасыңар!, Кубанычы койнуна сыйбаган Нураалы өзүнүн тапкан жаңылыгын жар салууга ашыгып, балкон тарапка карай жүгүрдү.

Баласынан мындай тапкычтыкты күтпөгөн энеси колунан иши түшүп, шалдайып олтуруп калды.

***19-декабрь, 1991-жыл.***
***«Кыргызстан маданияты» гезити.***
***№51 (1297)***

# ТАБЫШМАКТУУ ПУТЁВКА

*(Сатиралык аңгеме)*

Эшиктин коңгуроосу күтүүсүздөн чырылдап, бир топко үнү басылбай турду. Бул кайдагы өжөр неме деген Айша ашканадагы жууп жаткан идиш-аяктарын таштап, эшикти ачууга шашыла кадам шилтеди. Бир паста «балким кайдагы адашкан дагы бир алжыган мастыр» деген ой да башына келип кетүүгө үлгүрдү. Эшикти ачкан Айша босогодон адашкан чоочун мас адам эмес эле күйөөсүнүн эң жакын досу Өмүрбекти көрдү. Анын бир колунда бир тутам гезит, экинчи колунда базардан азык-түлүк жашылчаларга толтурулган оор баштык турду. Аяшынын күйүгүп тердеп алгандыгына караганда шашылыш келип калгандыгын байкоого болоор эле.

– Саламатсызбы аяш, жакшы турасыңарбы, Асан үйдөбү?,- деген катар-катар суроолорун жаадырды ал демиге.

– Ырахмат, жакшы турабыз. Ал ишинен кайта элек. Бир аз күтсөңүз келип калат. Бу эмнеге босогодо туруп калдык, үйгө кириңиз?,- деген Айша эшикти чоң ачты.

– Капа болбойсуз аяш, убактым аябай зык. Конок тосмок элек. Жайчылыкта дагы келербиз. Каап десеңиз, досумдун үйдө болбой калганын карабайсызбы. Чачы түшө баштаган алтын башынан өөп койбойт белем. Бул үчүн ал канча жолу таттуу түн уйкусунан кечпеди беле.

– Эмне болуп кетти өзү, деги айтайын дегениңиз жакшылыгынабы?,- деп Айша шашкалактай түштү.

– Жакшылыгына, жакшылыгына, андан көрө аяш, мага бачымыраак бир барак менен калем бериңиз. Айша

берген актай баракка ал бир нерселерди жазды да анан аяшынын чай ичип кетиңиз дегенине да көнбөй, шашылган бойдон коштошуп чыгып кетти.

Эшикти ичинен илген Айша Өмүрбек калтырган катка бачым учуп жетти. Баракта бир гана сап сүйлөм жазылыптыр. «Асан досум, Мексикага путёвка алышың менен чын дилимден куттуктаймын! Жаман досуң Өмүрбек».

«Кайдагы путёвка? Эмнеге ал жөнүндө менин кабарым жок?»

Айшанын ою табышмактуу путёвкага жипсиз байланды да калды. Жасаймын деген иштери улам колунан түшө берди. Ал түгүл бапестеп этияттап сактап жүргөн кооз чыныларынан бирөөнү колунан түшүрүп жиберип, талкалап да алды.

«Баса, путёвка эмне үчүн Ысык-Көлгө, же андан дагы алыска кетсе Сочиге же Кавказга эмес? Кайдагы ата-бабаларыбыз угуп көрбөгөн, жердин жети түбүндөгү Мексикага? Мына кызык. Ии-ии баса, Мексикада жакында катуу жер титирөө болуп, көптөгөн бийик кабаттуу үйлөр кыйрабады беле. Ал туурасында газеталарга жазышып, ал түгүл телевизордон дагы көрсөткөндүгү акылыма жара чыгып, эсимден түк чыккан турбайбы. Асан кыйраган шаарларды кайра калыбына келтирүүгө жардам берейин деп чечкен болбосун. Антсе мен кой демек белем. Иштеп көп акча таап келмек да. Кой, кантсе дагы аны күтөйүн. Өзү биринчи айтмайын путёвка жөнүндө ооз ачпаймын,- деп кесе бүтүмгө келген Айша эрдин бекем тиштенди.

Асан иштен өз маалында келди. Көңүлү абдан шайдоот көтөрүңкү экен. Кыңылдап ичинен ыр кайрып алган.

– Берекем, шам-шум эткенге бир нерсең болсо бачым алып келчи. Өзөгүм тимеле карарып баратат. Ал аялын атынан атабай дайыма «берекем» деп эркелетчү.

Күйөөсү алдына коюлган тамакты ушунчалык ичтейи ачылып жеп жаткандыгын «берекеси» бет маңдайында карап олтурду.

– Ишиңде кандай жаңылыктар бар?,- деп аялы сөз узатты.

– Буйруса жаңы обьектибизди мөөнөтүнөн мурда тапшырганы жатабыз,- деп күйөөсү компоюп койду. Ал ири курулуш мекемесинде прораб болуп иштөөчү.

– Жакшы болгон турбайбы. А балким сыйлыгыңарга путёвка берип жүрбөсүн?,- деди аялы чай сунуп жатып.

– Жок,- деп кесе айтты күйөөсү.- Мында акчалай гана сыйлык берилет. «Ии, муну кара, такыр сыр бергиси жок. Тымпыйып, мени эч нерсе билбейт деп ойлоп жатса керек, кытмыр десе»,- деди аялы ичинен.

Тамак ичилип бүткөндөн кийин жубайлар телевизордон концерт көрүштү. Айша аны деле жарытып көрө албады. Көзү телевизордо болгону менен ою табышмактуу путёвкада болду. Жатар алдында ашканада бир аз ишим калды деген шылтоо менен күйөөсүнүн кийимдерин аңтарып, бир сыйра колдон өткөрдү. Жер жуткансып, путёвка түп орду менен жок. Айша аң-таң болду. «Бир болсо жумушуна катып койгон болушу мүмкүн», - деди ичинен аялы.

Төшөккө жаткандан кийин да аялынын уйкусу такыр качып туруп алды. Күйөөсү болсо коңурукту кош тартып, алда качан эле уйкуга кирген. Айша чыдай албады, Асанды капталга сайгылап, нукуп жатып ойготту.

– Бай болгур, көзүңдү аччы бир азга, сенден бир нерсени сурайынчы,- деди аялы.

– Сөзсүз азыр сурашың керекпи? Эртең сурасаң деле болот эле го, - деген күйөөсү нараазы болгондой күңкүлдөдү.

– Деги сенин Латын Америка өлкөлөрүнүн бирине саякаттап барайын деген ниетиң жокпу?,- деди чыдамы кеткен Айша.

– Сен эмне, мени шакабалайын деп турасыңбы! Кайдагы Американы айтасың. Андан көрө Ысык-Көлгө барып келгенге кудуретиң жетеби деп сурасаң боло!,- деген Асан нараазы болгон түрүн көрсөттү.

– Деги сенин дени - кардың сообу өзү? Көп башымды оорутпай менин жанымды тынч койчу, эртең жумушта оор күн, отчетту даярдашым керек,- деген Асан тескери бурулуп жатты да бат эле кайрадан коңуругун кош тартып, уйку дүйнөсүнө көшүлүп кирип кетти.

Айша укмуш түш көрдү. Түшүндө Асан башына мексикалыктардын камыштан жасалган калдайган шляпаны - сомбрерону кийип алыптыр. Денелери күнгө тегиз күйгөн эки мексикалык сулуу кыз анын колтугуна жабышып, деңиз боюнда сейилдеп жүрүшөт. Деңизде болсо ар түстөгү катерлер менен кайыктар жайнайт. Сууга түшүп, күнгө кактанышкан адамдар деңиз жээгинде тим эле кумурскадай кайнайт дейсиң, бут коёрго жер жок. Айрыкча ар жерде томолонуп оонаган, жамбаш-куйруктарын күнгө кактаган жарым жылаңач кыздардан тим эле көзүң адашып тунарат. Бир маалда баягы кара торусунан келген эки кыз анын күйөөсүн кайыкка олтургузуп, белгисиз тарапка багыт алышып, деңиз менен сүзүп жөнөп калышса болобу. Айша күйөөсүнүн атынан чакырып, жан далбастап сүзүп бараткан кайыкты көздөй чуркады. Күйөөсү болсо укса да укмаксанга, көрсө да көрмөксөнгө салып, кыздар менен кайыкта сүзүп кете берди. Айша суу мойнуна жеткен жерге чейин барып, анан үнүнүн болушунча «Ас-а-ан! Арты-ңа-а кай- ры - ы-л…!», - деп кыйкырып жаткан жеринен чочуп ойгонуп кетти. Жүрөгү

кабынан жарып чыкчуудай тарсылдап согуп жатыптыр. Күйөөсү болсо бышылдап деңизде эмес эле өзүнүн койнунда, жанында эле таттуу уйкунун кучагында көшүлүп уктап атыптыр.

Кечинде Асан жумуштан үйүнө келсе аялы столдун үстүн түркүн даамдарга жайнатып салыптыр. Сыйлуу коноктор келгенде гана колдонулуучу сервиздер стол үстүндө параддагы аскерлердей тизилип турушат. Ашкана тараптан болсо казанда бир нерсе чызылдап куурулуп, даамдуу тамактын жыты мурунду өрдөйт.

– Азыр биздикине коноктор келишет. Сен жашырып, мага айтпаган нерсени алар факты менен мойнуңа коюп беришет!, - деди ашканадан баш баккан Айша күйөөсүнө мыскылдуу карап. Эч нерсеге түшүнө албаган Асан өзүнчө таң калып, ийинин куушуруп койду.

Коноктор күттүрбөй өз маалында келишти. Эки дос Өмүрбек менен Асан көптөн бери көрүшпөгөндүктөн кучакташып учурашты. Анан баары даам жайнаган столго олтурушкандан кийин алгачкы сөздү Айша алды.

– Урматтуу коноктор, чайга олтурардын алдында табышмактуу путёвканын сырын чечип алсак. Анан күйөөсүнө кайрылды:

– Асан, сыр туткан путёвканын жайын өз оозуң менен эле олтургандарга айтып бер. Бул жерде жат адамдар жок,- деди аялы.

– Айша деги эмне деп жатасың? Деги түшүнсөм майнеке болоюн. Кандай путёвка, кайсыл путёвка жөнүндө кеп козгоп жатасың?!,- деди Асан айласын таппай, кызарып-татара түштү.

– Анда азыр баары ачыкка чыгат!,- деген Айша баарын каратып туруп, серванттагы кызыл чайнектин ичине салынган кагазды алып чыгып, Асандын алдына таштап койду.

– Байболгур, алдагы катта жазылган табышмактуу путёвканын жөн жайын бизге деле түшүндүрүп койчу, баарыбыздын кулагыбыз сенде!,- деди үнүн бийик чыгарган Айша конокко келген меймандарга кыдырата көз жүгүртүп.

Катты колуна алган Асан аны аягына чейин окубай жатып, боорун тырмап каткырып калса болобу.

– Катты мага кече эле көрсөтсөң болмок берекем,- деди күлкүсүн тыя албай жаткан Асан. - Ырас, Мексикага путёвка алганым чын. Бирок, аны жалгыз эле мен эмес өлкөбүздүн бардык футбол күйөрмандары алышкан. Мындан эки күн мурун футбол боюнча Мексикада өтүүчү дүйнөнүн XIII чемпионатына өлкөбүздүн курама командасы мыкты оюндары менен өз тайпасынан путёвканы жеңип алган. Өмүрбек болсо катты футбол күйөрманынын тили менен жазган турбайбы!, - деп дос-күйөрмандар кайрадан каткырып калышканда, аялдар да «табышмактуу путёвканын» окуясына аргасыздан кошо күлүштү.

***Июль айы, 1986-жыл.***

***Базар-Коргон айылы***

# ДЕШТИ...

*(Шакаба)*

Сенектик мезгилинин доору күч алып турган кези. Калайык-журт менен эл башкаргандар буйрук беришти:

– Тубар койлордун ар жүзүнөн эки жүздөн козу аласыңар!

Көпчүлүк чабандар терең үшкүрүнүшүп, үн чыгарышпай «аткарабыз»,-- дешти.

Заңгыраган жарык жана кенен кабинеттерде папкелерин кучактап олтурушкан чоңдор:

– Ар баш саан уйдан жыл ичинде беш миң килден сүт өндүрөсүңөр! – дешти. Карапайым эл ага дагы «макул» дешти. Үймө - үй, айылма - айыл кыдырып жүрүшүп, кошуп жазуу жана көз боёмочулук менен сүт планын дагы ашыра аткарышты.

Жогорку жактагы Ак үйдөгү жетекчилер:

– Аксакалыбызды депутаттыкка көрсөтүп жатабыз. Бардыгыңар бир кишидей добуш бергиле!,- дешти. Калк жок дебеди, шайлоодо бир кишидей добуш беришти.

– Эл башкарган чоңдор: - Биз силерди жыргатабыз, куунатабыз, бейиш төрүнө чыгарабыз! Силер болгону башыңарды көтөрбөй, эч качан эч нерсени ойлонбой тынып иштей бергиле!,- дешти.

Эл аларга ишенип, чыдап күтүп келишти.

Кайра куруу элибизди ойготуп жиберди окшойт. Адамдар эми бардыгына кызыгышып, бардык нерселерди билгилери келишти.

– Эмне үчүн айлыктарыбызды көбөйтпөйсүңөр?!, дешти жаалданган адамдар.

Айласы куруган төбөлдөр ар кайсыл шылтоолордун башын бир айтышып, чөптөн пас, койдон жоош болуп калышты. Каяша кеп кайрышса эле ээлеп турган кызматтарынан ажырап калышчуудай.

– Эмне үчүн базар экономикасына өтүшүбүз керек?!,- дешти кыжырданган адамдар.

– Экономикабыз калбыр болуп тешилип калган, аны жамашыбыз керек!,- дешти билермандар.

– Эмне үчүн бизде бир эле партия болушу керек?!,- дешти адамдар. - Бул өзү туура эмес. Америкада эки эле партия болсо биз андан дагы көптү түзүшүбүз керек!

Элдин башын айланткандан башка эч нерсеге жарабаган партиялар менен ар түрдүү кыймылдар жана бейформалдар жазгы жаандан кийинки козу карындай жайнап чыга келишти. Адамдардын айласы кетип, алардын кайсыл бирине ишенишээрин, кимисинин артынан ээрчирин билбей баштары маң болуп калышты.

– Эмне үчүн биз дайыма бир беткей ойлонушубуз керек?!,- дешти жаалданган адамдар. - Жок, мындан ары бул кордукка чыдай албайбыз. Жоголсун ар кандай тыюу салуулар! Жашасын плюрализм, ура!,- дешти.

Тилдери менен буудай кууруган куру чечендер менен ала көөдөндөрдүн бардыгы трибуналарды ээлеп алышып, адамдардын башын ансайын айландырып салышты.

– Эмне үчүн бизде митингдер болбошу керек?,- дешти жаалданган адамдар. – Бул такыр туура эмес, ойлонуп көрүшүбүз керек туугандар. Митингдерге чыксак көп нерселерге жетишебиз. Дем алыш күндөрдү күтүп олтурушпастан адамдар көчө бербей таптап басып кетишти.

– Эмнеге эле чет элдин кийимдерине мынчалык өчсүңөр?,- дешти сатармандар.

– Өзүбүздүн кийимдерди кийгенден уялабыз!,- дешти алармандар.

– Эмне үчүн дүкөндөрүбүздө азык-түлүктөр азайып баратат?!,- дешти адамдар.

– Ач калганга акырындап көнө бергенибиз оң. Эртеби-кечпи жарым ачка жүрүүгө турмуш өзү көндүрөт,- дешти билермандар.

– Эмне үчүн бизде гезит-журналдарга жазылуу кымбаттап кетти?!,- дешти кыжырданган калк.

– Силер эмне, маалымдуулуктун баасы арзан болот деген белеңер? Антсеңер терең жаңылгансыңар,- дешти кыйындар.

– Эмне үчүн бизде иш таштоолор болбойт?!,- дешти адамдар. Мунун өзү дагы туура эмес. Иш дегениң токойго качып кеткидей карышкыр беле, ал күтө турат!,- дешти адамдар.

Анан адамдардын бардыгы жумуш ордуларын таштап салышып, көчөлөргө топтолушуп, митингдер менен пикеттерге чыгып кетишти.

Талааларда бышкан буудайлар орулбай, картөшкөлөр казылбай, көмүр шахталары жабылып, вагондордун жүктөрү түшүрүлбөй, крандардан суу чыкпай, дүкөндөрдүн текчелери аңгырап бош калды. Анан адамдар буга айран-таң калышып:

– Бул эмнеликтен?!,- дешти.

***17-январь айы, 1991-жыл.***
***«Кыргызстан маданияты» гезити.***
***№3 (1251)***

# МАХАБАТ САГЫНЫЧЫ

*(Новелла)*

Мектепти бүтүрүп жаткан жылдын жазында классыбыздагы үркөрдөй аз сандагы кыздарыбыздын катарына сен келип кошулдуң. Үй-бүлөңөр менен айылыбызга жаңы көчүп келген элеңер. Директорубуз сени бизге тааныштырып, эң арткы менин жанымдагы бош орундукка олтургузду. Мектеп формасы сымбаттуу мүчөңө куюлушуп жарашып, кыздарыбыз алда качан эле «чанышкан» ак бантигиң болсо чачыңа көпөлөк конуп алгансып ансайын жарашып, ансайын ажарың ачылып, ого бетер жагымдуу көрүнүп турдуң. Мектепти бүткөнгө чейин сени балдарыбыз «жаңы кыз» деп атап жүрүштү. А мен болсом экөөбүз бирге олтуруп калгандыктан «жаңы кыздын» жигити аталдым. Менин жаныма олтуруп калганыңа балдарыбыздын ичтери тарып, көрө алышпай күйүнүп жүргөндүктөрүн сезчүүмүн.

Арадан бир жарым жыл өткөндөн кийин сени студенттердин аягы такыр үзүлбөгөн Чернышевский китепканасынан капысынан жолуктурдум. Сени кезиктиргениме аябай кубанып турдум. Көздөрүң жайнап, ошондо сен да сүйүнүп турдуң. Кечинде жатаканаңа чейин узатып бардым. Ошол күндөн тартып экөөбүз бат-бат жолугушуп, кино-концерттерге чогуу бармай көнүмүш адатка айланды. Сени эки-үч күн көрбөй калсам кадимкидей кусага батып, сагынчу болдум. Экинчи курста сени университете өтүүчү жаңы жылдык оюн-зоок кечесине чакырдым. Ал кече биз үчүн түк унутулгус, өмүр бою эсте калаарлык керемет түн болду.

Кечени соңуна чыгарбастан кийинип, сыртка чыктык. Дүпүйүп кышкы карга көмүлгөн арчалуу аллеяда түнкү шам сыяктуу электр жарыктары чачырайт. Кар дале басылбай бир калыпта себелеп жаап жатты. Сен аябай кыялкеч элең. Ойго келбеген нерселерди таба коюуга шыктуу болчусуң.

– Кел, экөөбүз сырдуу аалам чексиздигине саякаттап келебиз!,- дедиң колумдан алып.

– Макул, бирок кантип сапар тартабыз? Космостук кораблибиз жок да?,- дедим назик колдоруңду алаканыма жашырып.

– Ал жагын мага кой. Сен эр жүрөктүүлүктү көрсөтүп, алдыбыздагы опурталдуу саякаттан коркпосоң гана болгону,- деп чын дилиңден кыткылыктап күлдүң. Чындап эле эч нерсе түшүнө албай турганыма ансайын жетине албай кубанып, жыргап турдуң.

– Колумду бекем кармагын. Эгер бошотуп жиберчү болсоң сырдуу Галлактика дүйнөсүндө экөөбүз экинчи кайра кезигишпей тургандыгыбызды жадыңдан түк чыгарба. Эмесе көзүңдү жум дагы, башыңды чалкалатып, жүзүңдү болсо себелеп жаап жаткан карга тоскун. Мен кеттик деп буйрук бергенде гана көзүңдү ачасың. Беш, төрт, үч, эки, бир кеттик!

Түнкү асмандан жумшак аппак кар боройлору акырын себелеп жаап турду. Бетибизге түшкөн карлар көз ирмемде эрип жатты. Төбөдөн, асмандан түшүп келаткан карды тиктеген адам өзүн бийиктикке карай учуп бараткандай туярын ошондо алгач билдим. Колдорубуз бекем кармашкан бойдон табышмактуу чексиздикке, сырдуу галактиккага улам бийиктеп учуп барабыз.

Бир саамдан кийин мен «учуумду» байкатпай токтотуп, сени карадым. Сен болсо көзүңдү ирмебей, дале

жүзүңдү карга тосуп турдуң. Жоолугуңдун четинен чыккан саамай чачтарың менен жарашыктуу узун кирпиктериңе кар бүртүкчөлөрү жабышып турду. Ошол турушуңда, ошол турпатыңда сен мага ансайын ажарлуу, ого бетер сүйкүмдүү көрүндүң. Сени акырын өзүмө имерип, аярлай кучагыма тарттым. Сен дагы чексиздикке «учканыңды» токтотуп, бакырайган жагымдуу көздөрүңдү жумдуң. Боорума ушунчалык мээрим төгүү менен назик гана кысып, албырып турган бетиңден сүйдүм. Сенден бир башкача жагымдуу жыт буркурап, ал мени магдыратып, өзүңө тартып балкытып турду. Жүрөктөрүбүздүн бир башкача калыпта согуп жатканын бирдей сезип, өзүбүздү бир адамдай туюп турдук. Мунун баары өңүмдө болуп жатса дагы ылайым түшүм болуп чыкпаса экен деп жараткандан жалбарып сурандым. Ошондо сени кезиктирген тагдырыма миң мертебе ыраазы болуп, ошол тапта коргошундай балкып, эрип турдум. Бирок, тагдыр жазмышы дайыма эле адамдар каалагандай боло бербей турагандыгын, миң түркүн сырларды жана сыноолорду ичине каткан катаал турмушта адам баласына азап менен кайгы алып келген оор жазмыштар болоорун бакыт кушун эми гана кармадык деген биз анда кайдан билиптирбиз да, кайдан туюптурбуз.

Университетти сенден бир жыл эрте бүттүм. Атайын жолдомо менен киндик каным тамган айылыма иштөөгө жиберилдим. Жумуш менен алаксыган күндөр билинбей өтүп жатты. Институтту бүтөөрүң менен баш кошууну чечкенбиз. Сен мамлекеттик бүтүрүү экзамендериңди тапшырып жатканыңда, мага ишим боюнча алыскы шаарга командировкага барууга туура келип калды. Дароо сени менен сүйлөшүүгө телеграмма салдым. Телефондон жагымдуу назик үнүң жаңырып, биринчи

экazаменинди «бешке» тапшырганыңды айтып, сүйүнчүлөдүң. Кубанычыңды тең бөлүшүп, чын дилимден куттуктадым. Сүйлөшүүнүн соңунда сага командировкага жөнөп жаткандыгымды айттым. Сен мага ак жол каалап, чыдамсыздык менен күтөөрүңдү билдирдиң.

Бирок, көрсө алысыраак тууганыңар мурдатан эле сени өздөрүнө келин кылып алууну көздөп жүрүшүптүр. Сүйлөшкөн жигити болсо, алдыраарда жаздыраар болбойлу дегендин амалын күн мурунтан ойлонуп да коюшуптур. Сен келгенден бир жума өтпөй жатып, жеңелериң достору менен сенин диплом алганыңды куттуктап келген тууганыңа сени качырып беришиптир. Барган жериңдин көшөгөсүнө олтурбай, жоолук салып, көйнөк кийгизмекчи болгон аялдарды такыр жаныңа жолотпой койгонуңда, айлалары куруган алар аргасыз апаңды алдырышыптыр. Алды-үстүнө үйрүлүп түшкөн туугандарын байкуш энең кантип кыймак эле.

«Садагаң кетейин кызым, эгер мени эне көрсөң, эсиңе келгин. Жакшы жерге тындыргын деген атаңдын керээзинен ак кутулайын. Анын үстүнө төрүмдөн көрүм жакын калды. Сени буйруган жериңе тындырып алсам, эки дүйнөдө арманым болбос. Эгерде өз билгеним болот, мени дагы, тууган-уруктарды дагы биротоло кечтим десең, анда жолуңду тоспоймун. Бир ууч топурагымды кошо түйүп беремин, башың ооган жагыңа кете бергин!»- деп айткан оорукчан апаңдын сөздөрү жүрөгүңө бычактай сайылып, сай-сөөгүңдү сыздатканы менен аргасыз арманыңды көз жашыңа чыгарып, туугандарыңа келин болуп, бөк түшүп олтуруп калыптырсың. Мунун баарын командировкадан келгенден кийин, жазган катыңдан окуп, алаканымдагы бакыт кушун учуруп жибергендей шалдырап олтуруп калдым.

…Арадан бир топ жылдар өткөндөн кийин кыш күндөрүнүн биринде экөөбүз тогуз жолдун тоому болгон, адамдардын аяктары эч качан үзүлбөгөн автобекеттен капилеттен кездештик.

– Сени көргөнүмө өтө кубанычтамын. Качандыр бир мезгилде ушул кездешүү сөзсүз болмок. Мен бул күндү чыдамсыздык менен күтүп, абдан самап жүргөнмүн,- дедиң.

Көздөрүң ошондогусундай эле балбылдап жанып турду. Бирок, экөөбүздүн ортобузда кандайдыр бир көзгө көрүнбөгөн тосмо, алыстык менен аңгыраган ээн боштук бөлүп тургансыды. Баягы жагымдуу жыпар жыт болсо сенден дале укмуш аңкып турду.

– Мени кечир, ошондо чечкиндүүлүктү көрсөтө албай, алсыздык кылдым, шертибизге тура албадым. Баарына мен айыптуумун,- дедиң. Ажарлуу жана сүйкүмдүү жүзүңдөн көз жаштарың мөлт-мөлт таамып кетти.

– Экөөбүздө тең эч кандай күнөө жок. Ак сүйүүгө шек келтирбейли. Менин жан дүйнөмдө ал мухиттей таза бойдон түбөлүккө жашай берет. Чыныгы махабат адамга бир гана жолу келет, аны унутууга акыбыз жок,- дедим.

Ортобузда оор жымжырттык орноду. Кепти кайра сен баштадың.

– Үй-бүлө күтүп, бала-чакалуу болгондурсуң?

– Өкүнө турган жайым жок. Турмуш өзү эле калчап, олтурчу тууруна кондуруп коёт турбайбы. Бирок, жүрөктө калган арман өзүң менен кошо кетет дегенге мен толук ынандым.

– Мени кой, өзүң жөнүндө айтчы, сүйлөп берчи?,- негедир мен анын жагымдуу үнүн ушунчалык каалап, аябай самап турдум.

– Тагдыр пендесин каалагандай калчайт турбайбы. Баарына чыдайт экенсиң, бышып көнөт экенсиң. Кесибим боюнча иштеп жатамын. Үйүмө келгенде чарчоомду жазаар, көңүлүмдү көтөрөр уул-кызым бар. Кээде кайгы менен күйүткө батып, турмуштук арзыбаган нерселерге ызага батканымда бир мырза жигит дайыма мени Галактика чексиздигине саякаттатканы алып кетип калат. Ал мырза жигиттин чыгармалары мага ар дайым жан-шерик жана кубат - тирек болуп келет, - деп ал мени муңайым жылмая карады.

Экспресс автобус жөнөп калды.

– Бактылуу бол!, - дедиң колуңду сунуп жатып.

– Бололу!,- дедим мен дагы ага жылмайып.

Сен түшкөн автобустун карааны улам узап, ал көздөн кайым болуп үзүлгөндө гана үйүмө карай бет алдым. Көз алдыма атакелеп чуркап чыкчу мотурайган балдарым тартылды. Аларга батыраак жетүүгө ушунчалык ашыгуу менен кадамдарымды тездеттим. Кар болсо дале басылбай себелеп жаап жатты…

***Февраль айы, 1990-жыл.***
***Базар-Коргон айылы***

# АЙЛА КЕТКЕНДЕ

*(Аңгеме)*

Быйыл кыш негедир созулуп туруп алды. Март айы ортолоп калгандыгына карабастан күн такыр жылыбай, кардын дегеле кетээр түрү байкалбайт. Баарынан дагы элеттиктерге абдан кыйын болду. Кыш кыйынчылыгы алардын кабыргаларын кайыштырып, шаштысын алып турган чагы. Малына камдаган тоюттары эчак эле түгөнүп, чөптүн куну да аябай өсүп, чөп менен беде быякта турсун самандын баасы дагы асмандап көтөрүлүп кетти. Эки күн катары менен кар жаап, бир жумадан бери күн бети көрүнбөй, теребел бозоруп, кыш аязы аябай күчөп турат. Кылычын узун таштаган кыш айы негедир жаздын кезегин кечиктирип, элдин шайын оодарып, атайылап сынап жаткандай туюлат.

Жумушта олтурсам айылдагы жакын тууганым Асранкул акем кирип келди.

– Ассолому алейкум иним, ден соолук, иштериң жакшыбы, Келиним менен бала-бакыраң аман-соо жакшы жатышабы?,- деп учурашып калды.

– Кудайга шүгүр, жакшы турабыз, жеңем, карындашинилерим менен тууган-уруктар, айыл-апа тынчпы?, – деп акем менен кол алыша жылуу учураштым.

– Баары тынч үкөм, болгону шайтан ургур кыштын азабы эсибизди оодарып, шайыбызды кетирип турат,- деген капалуудай көрүнгөн акем стулга олтурду.

– Оомийин иним, жигиттин пири Шаймерден колдоп, ишиң дайыма жүрүшө берсин. Эли-журтубуз эсен болсун!,- деген акем алаканын жайып бата кылды.

– Жумушуңа тоскоол болбодумбу?,- деди акем.

– Пусурманым, койсоңузчу тамашаңызды, сиз келгенде калган иштер күтө турат, - дедим анын көңүлүн көтөрүп.

– Андай болсо мындай кылалы, мен сага бир иш боюнча акылдашканы келдим. Убактың болсо жайынча олтуруп, башка жерде сүйлөшсөк кантет?

– Мейлиңиз аке, сиз сыртка чыгып туруңуз, мен мобуреки кагаздарды катчы кызга берип коюп, артыңыздан чыгайын.

Асранкул акем менен ичимдиги кошо сатылуучу ашканага кирдик. Экөөбүз жолукканда илгертен эле кичинеден сеп этмей жагыбыз бар. Ашкананын төр жагына өтүп олтураарыбыз менен кардарларды тейлеген кыз оокаттардын тизмесин алып келди.

– Карындашым бизге экиден шашлык койдуруп, үндүктүн шорпосунан бер, анан бир бөтөлкө таза арагыңды алып келе кал,- дедим.

– Тигинисин жөн эле койсок кантет, негедир көңүлүм чаппай турат. Анан калса сени менен бир маселени акылдашайын дегенмин,- деди акем бир аз кыйпычыктагансып.

– Бүтпөгөн иш барбы бул дүйнөдө аке, бүтүрөбүз. Күн суук тартып турганда бир аз ичибизди жылытып албасак болбой калат ко,- дедим. Экөөбүз жүздөн алгандан кийин, маңдайы нымшып тердей түшкөн акем сөзүн улады.

– Келгенимдин жөн жайы мындай иним, марттын башынан эчкилерим тегиз төлдөй баштаган. Жалкысы жок, улактар жалаң эгизден. Анан калса эки эчким үч эм тууп салган. Бул жагы жакшы болгону менен эчкилер чөп-чардан тартылып калгандыктан сүттөрү жакшы чыкпай, улактары тойбой жатат. Уйлардын сүтү болсо музоолорунан ашпай калды. Тоют болсо өп-чап, чөп бер-

сеӊ анан сүт чыгат экен да,- деген акем мени муӊайым жалооруй карады.

– Деги канча эчкиӊиз бар өзү?

– Тууту жыйырма болчу, төлдөгөн улактары болсо отуздан ашып кетти. Сүткө такыр тойбогон улактар маараса, кулак-мээӊе жетип, зээниӊ кейип кетет экен. Кечинде жеӊеӊ кичине балага жолугуп, дүкөндөрдө кургатылган ун сыяктуу сүт сатылат экен, ошондон алып кел, улактарга кошумча сүт берейин деп мени сага жөнөткөн,- деди акем.

– Анда анын жарасы жеӊил турбайбы.

– Кеп ошол жеӊил болбой жаткандыгында болуп жатпайбы. Сага келгенге чейин бир нече дүкөндөрдү кыдырып чыктым. Түгөтү куруп калгансып, кургатылган сүт биринде дагы жок болуп чыкпадыбы!,- деди акем кайгыргандай.

– Көп кыжаалат боло бербеӊ, эӊ оболу мобур эки «бөдөнүн сүтүн» алып жиберели да анан улактардын сүтүн ойлонуштуралы,- деп шишеде калганын экиге бөлүп туруп алып жибердик.

Чындап эле дүкөндөрдөн кургатылган сүттү таппай койдук. Сатуучулардан сурасак «түшүп турчу эле, акыркы мезгилдерде эмнегедир кем келип калды. Ал импорттук азык катары Россиядан келет болчу» деген жоопторун айтышты. Асранкул акемдин маанайы ансайын чөгүп, калдайган денеси көз алдымда кичирейгенсип, ансайын шалпая түшкөнсүдү. Ошол учурда бир баласын колунан жетелеген , ымыркай кызын колуна көтөргөн орус келин дүкөндүн сатуучусунан балдарга буламык жасап берүүчү «Малыш» сүт азыгынан эки даана сатып алды.

– Эврика, таптым аке, буйруса улактарыӊыз ачка калбайт!,- деп акемди далысынан чапкылап жибердим.

Кантип дегендей ал мага суроолуу карады. Мен акемди акырын четке тартып, балалуу орус келинди көрсөттүм. Аларга көз жүгүрткөн акем эч нерсе түшүнө албай кайра өзүмө суроолуу тигилди. Мен акырын кулагына шыбырадым.

– Тигил келин дагы балдарына кургатылган сүт сатып алып жатпайбы,- дедим. Ошондо акем кайрадан орус келин эмне сатып алып жатканына көз жүгүртүп, анан дүкөндүн текчесине тигилди. Сүйкүмдүү татынакай наристе баланын сүрөтү тартылган буламык сүт азыктары болгон «Малыштар» текчеде жайнап тизилип турду. Акем мени колдон булкулдата тартып алып, сыртка карай жетелеп жөнөдү.

– Деги сенин эс-акылың жайындабы өзү?! Балдардын ырыскысын талашып, кудайга кесирлик иш жасагандай болбоймунбу, бул эмне деген орунсуз кылыгың!,- деген акем мага ачуулана бурк этти. - Тапкычтыгын кара мунун! Тамекисин түтөткөн акем анысын дембе-дем тартып кирди.

– Сунуш кылыш менден, кабыл алыш, же кабыл албай четке кагуу ал сиздин иш аке. Ачка калган улактарыңыздын убалын дагы ойлонуңуз. Сиз сатып алчу балдардын «Малыш» буламыгынан килтейген Совет өлкөсүнүн экономикасы эңшерилип кетпейт!

Бир саам ойлуу тунжурап турган соң акем кайра мага кайрылды.

– Улактар муну ичип, эмээр болду бекен, кандай дейсиң?

– Ой жарыктык десе, керек болсо улактарыңыздан мурда өзүңүз талашып ичээрсиз. Бул азыкта витамин дегениңдин баары бар,- дедим акемдин кызыга баштаганына ичимден компоюп калдым.

– Бирок, сиз жеңеме айтып коюңуз, буламыкты ата-ладай коюу кылбай сүт сыяктуу суюк кылып кайнатсын. Ушул саам мага акем Асранкул ачка калгандыктан улам маарап жатышкан улактарын көз алдына элестетип жаткандай туюлуп кетти.

– Макул алса алайын, мындан башка арга дагы калбады окшойт,- деген акем тамекисинин калдыгын тебелеп өчүрдү. Анан кайра желкесин кашып, ойлоно калды.

– Садыр, кызык иш эми башталмай болду окшойт. «Келе балам, мага бир кап тигил буламыктан бере салчы?» деп дүкөнчү кыздан кайсыл бетим менен сураймын. Жоок мен мындай кордукка чыдай албаймын!

– Ай жарыктык десе, аларга соода жүрсө болгону. Сиздин канча алып жатканыңыз аларды ныпым кызыктырып койбойт. Бошогон текчелерин эртеси эле кайрадан толуктап коюшат.

– Жок болбойт!,- деп кесе айтты акем, - Дүкөндөрдү кыдырып, ар биринен аз-аздан сатып алабыз.

Ошентип буга чейин кыдырган дүкөндөргө кайрадан баш багып жүрүп, Асранкул акемдин бир кабын наристелердин «Малыш» азыгына толтурдук.

– Эми иним болоор иш болду, бул шермендечилик жоругубузду экөөбүздөн башка эч ким билбегидей болсун.

– Бул «диверсанттык» ишибизди үчөөбүздөн башка эч ким билбеши керек деп айтсаңыз,- деген мен акемдин чочулоосун ансайын козутуп койдум.

– Кайдагы үчүнчү адамды айтып жатасың?,- деген акем алактай автобекеттен эки жагын элеңдей каранды.

– Үчүнчү «кылмышка шектүү» шеригибиз жеңем болот да.

– Обу жок шакаба кылганыңды токтот!,- акем мени жактырбагандай карады. Анан кайра бат эле капасы тарап, жалбаргандай мага кайрылды.

– Байболгур, андан көрө кургатылган сүттү издеп көрчү? Тигил чоң дүкөндөгү келин айтты го, силер издеп жаткан кургатылган сүт шаардагы чоң дүкөндөрдө болушу мүмкүн деп.

– Макул аке, караштырып көрөйүн. Жүрүң эми «улактар ачка калбасын» операциясын ийгиликтүү чечкендигибизди белгилеп койбойлубу?,- деп акеме кайрылдым. Акемдин таалуу жерин жакшы билемин.

– Антпесек дагы болбой калды, суук тим эле чучугума жете түштү окшойт, тоңуп калдым. Мен бул капты автобуска салып келе койоюн.

* * *

Асранкул акемдин өтүнүчүн аткарып, бир жумадан кийин шаардан кургатылган сүт унун таап, айылга жөнөтүп жибердим. Апрель айы ысык келип, табият да көркүнө чыгып, адырлар бат эле жашыл майсаңга бөлөнүп чыга келди.

Аптаптуу жай келип, отпускага чыгууга камылга көрүп жатканмын. Жумуштан үйгө келсем сүйүнүчкө баткан келинчегим кудуңдап жакшы кабар айтты.

– Иштерман акемдин баласы келип кетти, келаткан ишембиде үйүнө мейманчылыкка чакырыптыр. Кичине баланы жатып кетиңиз десем көнбөй койду. Атасын жазбай тартып, баласы дагы иш билги,- деп келинчегим тимеле жетине албай кубанып алыптыр. Столдогу дасторкондун үстүн ырыскылардын көркүн келтирип, айылдан берип жиберишкен тандыр наны, сары май, каймак, идиште кымыз турду. Асранкул акем экөөбүздүн «улактар ачка калбасын» окуясын эстеп, бырс этип күлүп жибер-

дим. Улактары жетилип, союшка жарап калган окшойтко сыягы.

– Сени кайсыл шайтан кытыгылап жатат, кайсыл арыңа күлүп жатасың?,- деген аялым жактырбагандай кабагын чытый мага карады.

– Асранкул акемдин ичип алгандагы бир окуясы эсиме түшүп кетти,- деп жанымды жедим.

– Сен иштерман акеме күлбө, өзүңө күл. Ал акем ичсе чени менен ичет, бирөөгө эч жамандыгы жок. Айылдагы менмин деген байлардын бири, аны пешене тери менен иштеп тапкан,- деп келинчегимдин саймедиреп акем менен жеңемди обу жок мактап божурагандары кулагымдын сыртынан кетип жатты. Колума бир сындырым тандыр нанын алып, аны моокумумду кандыра жыттадым. Көз алдыма тоо этегине жайгашкан айылымдын элеси, анда өткөн балалыгым тартылды. Ушул тапта айылыма болгон кусалык менен сагыныч көөдөнүмө батпай, ашып-ташып толкуп турду. Көрсө кызык иштер мени алдыда күтүп тургандыгын анда мен билбеген экенмин. Мен болгону айылыма барчу күндү, ишембинин келишин чыдамсыздык менен күтүп жаттым.

* * *

Айылга күн ысый электе жетип алуу максатында жолго эрте чыктык. Үлп эткен жел жок дымыган жай аптабы күчөгөн маалда, түшкө чукул Асранкул акемдикине жетип келдик. Калың алма багындагы сөрүгө атайын жай даярдалыптыр. Арыкта шылдырап тунук суу агып жатат. Асранкул акем менен Шайыргүл жеңемдин биздин келээрибизге күн мурунтан астейдил камылга көргөндүктөрү

байкалып турду. Учурашып, ал-ахыбал сурашкандан кийин дасторконго олтуруп, бутубузду жаздык. Арыкта шылдырап агып жаткан сууга салынган чоң көк түстөгү кастрюлдан бир чыныдан муздак кымыз сунулду.

– Мал жандыктарды кичи жайлоого чыгарып салганбыз. Ысыкта бул жерде кармаш кыйын. Жаңгактуу токойлор жай мезгилинде мал бакканга абдан ыңгайлуу,- деп Асранкул акем сүйлөп олтурду. - Азыр бардык күч-аракетибизди кышкы тоют камдоого жумшап жатабыз. Өткөн кыш бизге эстен кеткис каттуу сабак болду.

– Кичине бала, Сайрагүл даамдардан алып олтургула?,- деген Шайыргүл жеңебиз ырыскыга жайнаган дасторкон үстүнө дагы кошумчаларын келтирип, биздин келгенибизге тимеле жетине албай жүрөт.

Жаңы келин болуп түшкөндө бизге бөлүнгөн колоттон жаңгак тергени барганбыз. Жаңгагы шумдуктуудай мол болгон чоң түп жаңгакка курттай ирбеleңдеп тырмышып жатып чыгып, ылдый жакты карабай туруп, жаңгактын бутактарын катуу силкилдетип, күүп жибердим. Бышкан жаңгактар мөндүрдөй дыбырап, жерге төгүлдү. Артынан эле жеңемдин ачуу кыйкырыгы жаңырды.

– Коку-ууй башым жарылды, бул эмне кылганыңыз бала, менден ала албай жүргөн өчүңүз бар беле!,- деген жеңем олтуруп алып, уңулдап ыйлап кирсе болобу.

– Өзүңүз эмнеге жаңгактын түбүнө туруп алдыңыз, мен сизди жылган экен дептирмин,- деп айтканым менен абдан ыңгайсыз абалда калдым. Жеңем болсо тегеле тыйылбай солкулдап ыйлап жатты. Айтоор жеңем бир кыйладан кийин соолукту.

– Жеңе кечирип коюңуз, мен сизди чын эле байкабай калыптырмын,- дедим жаңгактын башында туруп. Жеңем мага тултуюп, капа болгон таризде үн катпады. Мен дагы

өчөшүп, көк беттикке салдым, жаңгакты күүбөй, бутакта бутумду салаңдатып олтура бердим. Бир маалда Асранкул акем келди.

– Ой эмне олтурасың, мен буга чейин силерди бир түп жаңгакты күүп болушуп, жаңгагын терип коюшса керек деп келатпаймынбы,- деди. - Кайда жүрөт тигил тирмезек?,- деп жеңемен сурады.

– «Тирмезек» жаңгактын башында олтурат,- деп бийиктен үн салдым. Жеңем болсо бырс этип күлүп жиберди.

– Эмнеге олтурасың ал жерде үкүдөй болуп, күүбөйсүңбү жаңгакты?!,- деди акем мага ачууланган түрүн көрсөтүп.

– Силерди жаңгактын алдынан качан качып жылат экен деп саргайып күтүп олтурбаймынбы. Жеңем болсо жоолугу менен башын катуу оронуп, чулганып алган окшойт, жылыңыз десем такыр укпай жатпайбы,- деп өлө албай жатып жеңеме тийише кеттим.

–Полундура, урматтуу жарандар, сактангыла, жаңгакты күүгөндү азыр баштаймын, башыңарга көк жаңгак тийчү болсо мага таарынбагыла!,- дегенимде жеңем менен акем жаңгактын түбүнөн шашкалактап бачым качып чуркап чыгышты. Мен жаңгак бутактарын катуу силкken сайын бышкан жаңгактар мөндүр сымал катуу дыбырап, жердин бети кыпкызыл болгон жаңгакка жайнап жатып калды. Шайыргүл жеңемдин менин үстүмөн акеме арызданып, даттанбаганына ичимден ыраазы болуп калдым. Ошондогу кымча бел сулуу жеңем азыр толмочунан келген жылдыздуу аял. Андагы жаңгактын башында маймылдай бутактан-бутакка секирген арык, бирок чыйрак жана шамдагай чапсаң «кичине бала» болсо чачын күмүш аралаган салабаттуу киши болуп калган.

Кой союлуп, туугандардын баарынын башы биригип, оо түн бир оокумга чейин өткөн-кеткенден кептер козголуп, күрү-гүү түшүп, жакын туугандар аябай шаттуу жана көңүлдүү олтурушту. Асранкул акем экөөбүзгө төшөктү салкын болот деп атайын сөрүгө салдырды. Айылдын түнкү салкын абасынын касиетиби, негедир уйкум качып турду. Бир маалда Асранкул акем тууралган эт салынган табак менен бир бөтөлкө арагын көтөрүп келди.

– Баары жатышты окшойт. Эми экөөбүз ага-ини катары өзүбүзчө божурашып, боор тартышалы,- деген акем арактан чыныларга бөлө куйду.

– Келе иним, туугандыктын туурун бек кармап, бир боордуктун ыйык каада-салтынын бекем болушу үчүн алып жиберели. Чоң аталарыбыз жатындаш болгон экен, биз алардын тамырларын жайып, минтип көз тийбесин, көбөйүшүп олтурабыз. Туугандардын арасында көзүңдүн майын коротуп, чарчап чаалыкпаган илимге жакыны өзүң болду. Зоболоң мындан ары дагы арта берсин, иним!,- деген соң чыныларды кагыштырып алып жибердик. Сатил чайнекке куюлган кымыздан чоң чыныга куюп алып, рахаттана аз-аздан ууртап коюп олтурдум.

– Сабыр, көздөй көргөн эң жакын иним өзүңсүң, сага ыймандай сырымды айтпасам болбой калды?,- деген акем мени ойлуу тиктеди.

– Ооруну жашырсаң, өлүм ашкерелейт дегендей айлам куруп калды. Эртели-кечпи ал баары бир ачыкка чыгышы керек.

– Ой жарыктык десе, маалкатпай ачык эле айтпайсызбы, дагы эмне болуп кетти,- дедим кош көңүл гана.

– Сага кандайча түшүндүрсөм экен, кыскасы башка катындан дагы бир балам бар, айтайын дегеним сенин дагы бир иниң бар.

– Койсоңузчу?!,- уккан кулагыма ишенбей акемди теше карадым.

– Ушундай иш болуп кеткен үкөм, балам быйыл бешинчи классты бүтүрдү.

– Андай ишке качан үлгүрдүңүз? Кой оозунан чөп албаган акем бар деп жүрсөм кеп быякта деңизчи. Көрсө Дон Жуан да өзүбүздөн турбайбы,- дедим. Акем тамашалап жатабы дейин десем андай түрү байкалбайт, олуттуу айтып жаткандай.

– Дон жубаның эмнең?,- акем мени суроолуу тиктеди.

– Дон жубан эмес, Дон Жуан - катынпоз деген болот. - Көрсө кылгылыкты кылып, кыл жип менен бууп койгонмун деңизчи. Ала жипти аттаганыңызды деги жеңем билеби?

– Акырын сүйлө, кеп ошол жеңеңдин биле элегинде болуп жатпайбы.

– Ээ маселе быякта деңизчи, пачактын иши чатак дегендей «кечиккен махабатыңызды» жеңеме мен айтышым керек окшойт, эгерде мен жаңылбасам.

– Жеңең сени аябай сыйлайт, сен айтсаң балким туура кабыл алып, түшүнөөр беле?,- акемдин түрү мага жалынып жаткандай аянычтуу көрүнүп кетти.

– Ойноштун жыргалын, ысыгын, кыял-жоругун таткан сиз болсоңуз, «иттик акемден кетти, жаңылбаган жаак, мүдүрүлбөгөн туяк болбойт экен, эми аны кечире көрүңүз» деп мен мокочо азезилдей көрүнүп, ортого түшүүм керек экен да!,- дедим чындап жиним келип. Акем туура айтасың дегендей башын ийкегиледи.

– Жок аке, боткону өзүңүз бышырдыңызбы, эми өзүңүз ашай бериңиз!,- деп мен дагы өктөм айттым. Акем уурулук менен кармалган жаш баладай башын жерге салып, үнсүз үңкүйүп олтурду. Бир саамдан кийин акеме боорум ооруп, аны аяп кеттим. Кантсе да жакын агам эмеспи.

– Болоор иш болуптур, эми кейигенден пайда жок. Анын да бир айласы табылаар,- деп арактын калганын чыныларга толтура куюп, өзүмдүкүн шап тартып жибердим.

– Түнгө караганда таңдын иши акжолтой деп коюшат. Калганын эртең сүйлөшөлү,- деп жатууга камындым. Кайгы жокто кайненем өлдү дегени ушул тура деп койдум өзүмчө. Асранкул акем да оор үшкүрүнүп алып, төшөгүнө кыңкайды. Ал түнү менен уктай албай, ары-бери ооналактап чыкты.

* * *

Анда союздук Совет өлкөсү күтүрөп, күчөп турган учур болчу. Асранкулга колхозго бөлүнгөн жаңы «Нива» комбайны тийген. Жай келип, ыргалган эгин талаалары орулуп жаткан кез. Комбайнчылар ишти күн чыгарып, шашкеде башташат. Анткени түнкүсүн шам түшүп, эгин талаалары бир аз нымдаша түшөт. Ылдыйкы чөл тарапта эгиндер эрте бышып, ал орулган соң комбайнчылар улам өрдөп, тоо тарапка жылып олтурушат. Мындай кезде комбайнчылардын «ити чөп жеп» аларга акча менен арагын көтөрүп чуркагандардын аяктары үзүлбөйт. Баарына буудай керек, колхозго да, элге да. Буудай эккендер да комбайнчылардын көздөрү менен тең айланышып, алардын артынан калбай акмалап калышат. Ушундайда комбайнчылар кадырын капка салышып, «колхоздун буудайы орулуп бүтмөйүн силердикин оро албайбыз!» дешип, каадаланып бойлорун көтөрүп калышат. Канткен менен колхоздун иши да жүрүшүп, элдин эгини да орула берет.

Комбайнда эгин оруп жаткан Асранкул атчан абышканы алыстан эле байкады. Аксакал буудай талаасынын башында анын чыгышын күтүп турду. Асранкул эгин тааласынын башына чыгып, артка бурулганда абышка мындай түш дегендей камчысын жаңсады. Асранкул комбайндын бийик кабинасынан чыгып, тепкичтери менен жерге түштү.

– Ассолому алейкум аба, жолуңуз болсун, келип калыпсыз.

– Ва алейкум ассолом, кырманың кызылга толсун иним. Жөн келмек белем, сенде жумушум бар үчүн келдим,- деген аксакал колун сунду.

– Колдон келсе аткарабыз аксакал.

– Кеп мындай иним, тээтигил адырдын арткы капталына арпа эккенмин. Азыр тегиз бышып, чымчык-куштар шаштыны ала баштады. Эбин таап, оруп бересиңби деп алдыңа келгендеги жайым. Шериктериңе кайрылсам комбайны жаңы, коромжуга учуратпай оруп берет дешип сага жөнөтүштү. Айткан кызмат акыңды берейин балам,- деди абышка.

– Аба караштырып көрөйүн, көрүп турасыз колхоздун буудайы дагы бышып, дандары төгүлүп жатпайбы. Анан калса чоңдорубуз дагы бизди катуу көзөмөлдөп калышкан. Аракет кылайын аба,- деди Асранкул.

– Ошенте көр балам, эптеп оруп бер, дагы кимге жалдырамак элем. Качан кабар алайын балам?

– Ушул талаанын эгинин батыраак бүтүргүлө дешкен, ошондо кабарлашаарбыз.

– Андай болсо мындай кылалы иним, ашпозчуңар Айша менин карындашым болуп кетет. Ороор күндү ага айтсаң, ал мага кабарлап коёт,- деген абышка Асранкулду иштен калтырбайын деп коштошуп, даракка байланган атын карай басты.

Түшкү тамакта ашпозчу Айшага тулку бою маралдай келишкен, кымча бел, кош эмчеги көкүрөгүн тепкен, ак жуумал айдай чырайлуу, жылдызы келишкен чырайлуу сулуу кыз жардамдашып жүрдү. Комбайнчылар менен эгин ташыган айдоочуларга, саманды престөөдө иштеп жаткандарга түшкү жана кечки тамакты Айша жасап берет. Эртең менен чайды эгин оргондор өздөрү самоордо кайнатып ичишет. Түшкү тамак адаттагысындай эле төгүл-чачыл жана берешен мол болду. Тандырга жабылган ысык нан, кымыз куюлуп, эки бөтөлкөнүн «шапкеси» ыргып кетти. Тамак ичилгенден кийин комбайнчылар менен айдоочулар бөлүнүп алышып, карта чапмай оюнун баштаашты. Утулган тарап кечкинин «кызытмайын» сатып алмай.

– Ой жеңе, кызганбай сиңдиңизди чакырбайсызбы, жакындан таанышып алалы!,- деди бир аз кызып калган мамадана айдоочу Муктар.

– Сиңдиме силердин «тишиңер» өтпөй калды го. Эл сүйлөсө дагы сен Муктар көзүңдү курулай кызартып, шилекейиңди агызба!,- деп Айша жооп кайтарганда олтургандардын баары кыраан-каткы түшүп, күлүп калышты. Баары карта ойноп жатканы менен көздөрүнүн кыры менен Айшанын сиңдисин жутуп жиберчүүдөй тиктеп жатышты. Асранкул дагы бир эки курдай бейтааныш маралдай келишкен кызды суктануу менен көз чаптырууга үлгүрдү.

Түштөн кийин Асранкул ишке жөнөп жатканда Айша жанына басып келди.

– Акем алдыңа бардыбы?

– Аксакалды айтасыңбы, ооба келди.

– Убактысын таап, арпасын оруп берип койчу кудай жалгагыр. Кымыз менен нанды акем кызынан бергизип

жибериптир, соопчулук иш кылып, кары кишинин батасын ал,- деди Айша.

– Кам санаба, аксакалдын арпасын сөзсүз өзүм оруп беремин,- деди Асранкул.

Эртеси күн бүркөлүп, жайкы ак жамгыр майдалап жаап кирди. Мындай учурда эгин чабууда иштегендер комбайн менен техникаларды карай турган бир кароолчуну калтырышып, калгандары үйлөрүнө эс алганы тарап кетишет. Кезек Асранкулга келгендиктен бул сапар эгинчилердин жайкы талаа станында ал жалгыз кароолчулукка калды. Жамгыр такыр токтобочуудай тынбай майдалап жаап, Асранкул коколой башы менен чатырда жалгыз. Күчүн уйкуга чыгарып, курсагы ачканда балык консервасы менен уйдун тушенкасын ысытып жеп алат. Курсак ток, кайгы жок, болгону чатырда жатмай.

Чатырды дыбыратып жайкы жылуу жамгыр майдалап бир калыпта жаап жатты. Асранкул партком таштап кеткен гезитти окуп жаткан.

– Аке барсызбы?,- деген сырттан кыздын жагымдуу үнү угулду. Сыртка чыкса Айшанын өткөндө келген сиңдиси колуна түйүнчөк кармап туруптур.

– Саламатсызбы аке, сизге үйдөгүлөр тамак берип жиберишти эле,- деди Айшанын акжуумал сүйкүмдүү сиңдиси.

– Ка-ап, убара болуптурсуң да, кир чатырга жамгырда турбай. Бир чети келгениң да жакшы болду, эки күндөн бери адамдын үнүн угууга зармын,- деди Асранкул.

– Сиз тамакты муздатпай жылуусунда жеп алыңыз?- деген кыз түйүнчөктү чечип, дасторкон жайды.

– Мага шерик бол, чогуу тамактаналы?

– Ырахмат аке, мен тамактанып алганмын,- деген кыз колуна «Советтик Кыргызстан» гезитин алды.

– Партком өткөндө таштап кеткен, партиянын XXV сьездиндеги генеральный секретардын докладын окугула деген,- деди Асранкул.

– Анан окуп чыктыңызбы?,- деди кыз гезитке көз жүгүртүп жатып.

– Окуп чыктым, бирок болгону «узакка созулган дүркүрөгөн кол чабуулар» дегени гана эсимде калды,- деди Асранкул. Кыз чын дилинен кыткылыктап күлдү.

– Тамашөкөй окшойсуз.

– Таанышып алсак кантет, менин атым Асранкул.

– Өткөн жолу келгенимде эжем мага силерди сыртыңардан тааныштырып, сизди аябай мактаган. Мага такай отун жарып берип, суу ташууга кол кабышын аябайт, от жакканга керосин дагы камдап берген деген, атым Айганыш.

– Ата-энең атыңды өзүңө куюлуштуруп эң туура койгон экен. Аппакай болгон Айдын канышасы турбайсыңбы.- деди Асранкул.

– Үйүңүздөгү балдарыңызды, аялыңызды сагынбадыңызбы аке?

– Кызым менен уулумду аябай сагындым. Ал эми аялыма болсо мен эмес, менин иштеп тапкан пулум кызыктырат. Көп пул иштеп таппасаң үйгө келбей эле койгун деген,- деп тамашага салганда Айганыш дагы кыткылыктап күлдү.

Асранкул Айганышты боз үй көрүнгөн жерге чейин узатып барды. Ошондон тарта басса-турса Асранкулдун оюнан акжуумал тарткан аппакай Айганыш кетпей, анын жылдыздуу жүзүн көз алдына кыялданып элестетүү ага жагымдуу сезимди жаратчу болду. Күн ачылгандан эртеси түштөн кийин Асранкул дем албай, комбайндагы жарым бункер буудайы менен Таштан чалдын арпасы-

на оргону түштү. Арпа аянтын жарымдатып оруп калганда Таштан аксакал, артынан кымыз куюлган идишин көтөргөн Айганыш келди. Асранкул комбайнды өчүрүп, Таштан абышка менен учурашты.

– Арпаңыз аябай жакшы болгон турбайбы, эки айланганда эле бункерим толуп калды. Данды кайсыл жерге төгөбүз?

– Муктар шоопур менен сүйлөшүп койгонмун, ал үйгө түшүрүп бермек болгон,- деди аксакал.

– Андай болсо Муктарды чакырып келиңиз, арпаны биротоло анын машинасына төгүп, калганын дагы оро салайын,- деди Асранкул. Чал атына минип, талаа станынан Муктарды чакырганы кетти.

Асранкул менен Айганыш бийик өскөн доложонун көлөкөсүндөгү көк майсаң чөпкө олтурушту. Айганыш чоң чыныга кымыз куюп, Асранкулга сунду. Ал чыныны алып жатып, анын жумшак аппакай болгон назик жумшак билегин кармалап жиберди. Жүзү заматта кызарып, албыра түшкөн Айганыш уялыңкы жер карады. Асранкулдан ал мындай орунсуз кылыкты күтпөгөн эле.

– Коюңузчу аке, бала-чакалуу кишинин минткени уят иш эмеспи, же күйөөдөн чыккан келинге боло берет деп шылдыңдап жатканыңызбы?!

– Жүрөгүмдү биротоло багынтып алсаң кантейин Айганышым,- деген Асранкул чыныдагы кымызды бир дем албай жутуп жиберди. Айганыш унчукпай ордунан туруп, комбайндын көлөкө жагына айланып басып кетти. Капа кылып, таарынтып алдым окшойт деген кыязда Асранкул кыжалат болуп калды. Бир саамдан кийин Асранкул Айганышка үн салды.

– Айганыш мен кечинде сага барамын, чыгаарсың? Андан жооп болбоду. Машинанын дүрүлдөгөн добушу

угулганда Асранкул комбайнды жүргүздү. Данды машинанын кузовуна төгүп, арпанын калганын оруп кирди. Таштан чал менен Муктар долононун көлөкөсүнө олтуруп, кымыз ичишти. Айганыш болсо ары жакта башка дарактын көлөкөсүндө олтурду. Калган арпанын даны дагы машинага төгүлүп, Таштан аксакал аны үйүнө түшүргөнү Муктар менен кетти. Атын ошол жерге аркандап, тушап койду.

– Кымызды ичип, идишин Айша эжеме берип коюңуз. Мен боз үйгө барайын,- деди Айганыш Асранкулга тик карабай.

– Мейлиң Айганыш, бирок мен түндө сөзсүз сага барамын, чыгаарсың?

– Сизден суранамын, келбеңизчи!- деген Айганыш тез-тез кадам таштап жөнөп кетти.

– Баарыбир барамын, оюңа жаман ой келбесин, мен сени менен баарлашып, болгону сүйлөшкүм гана келет!- деди Асранкул узап бараткан Айганыштын артынан.

Ал күнү Айганыш чыккан жок. Асранкул таң сүрө баштаганда көңүлсүз чатырга кайтты. Катуу капа кылып, чындап таарынтып алган окшоймун деп кечке маанайы суз жүрдү. Кечинде элдин баары уйкуга киргенде Асранкул дагы боз үйгө карай жол тартты. Боз үйгө жүз кадамча калганда Таштан чалдын картаң дөбөтү эки-үч курдай үрүмүш болгонсуду. Жайдын салкын түнүндө Асранкул көк чөпкө чалкасынан түшүп, асмандагы жылдыздарды карап жатты. Анда-санда сүтак сайрап, чегирткелер тынымсыз чырылдайт. Түнкү асманда болсо саманчынын жолу созула керилип жатат. Арадан эки саатча убакыт өткөндөн кийин кимдир бирөөнүн кадамынын шыбырты угулду. Жаткан жеринен акырын турган Асранкул өзүн карай келаткан Айганыштын караанын көрүп, жүрөгү

бир башкача дүкүлдөп согуп кирди. Айганыш болсо периште сымал жай гана каалгый басып келатты.

– Өжөр экенсиз, кече келгениңизди билгенмин, өзүмдү мажбурлап чыкпадым. Мени унутаарсыз деген элем, бүгүн болсо чыдай албадым, өзүм келдим, сизди көргүм келди,- деди Айганыш акырын шыбырап.

– Айганышым, мени аярыңды, акеңдин сезимин тебелебей сыйлаарыңды билгенмин. Бассам-турсам сенин элесиң көз алдымдан кетпей калды,- деген Асранкул Айганышты аярлай өзүнө тартып, жүзүнөн жумшак гана сүйдү. Айганыш болсо бетин ала качып, башын Асранкулдун көкүрөгүнө койду. Айганыштын денесинин жагымдуу жыты, түнкү табияттын кереметтүү сулуулугу Асранкулду ансайын магдыратып, ого бетер балкытып турду.

– Кече кирпик какпай таң аттырдым, бүгүн болсо сизди чындап аядым. Чыдай албай алдыңызга өзүм келдим, эси жок окшоймун,- деди Айганыш.

– Антип айтпачы жароокерим, жараткан өзү экөөбүздү табыштырып жатпайбы. Сени алгач көргөнүмдө эле жүрөгүмдөн биротоло түнөк тапкансың,- деген Асранкул Айганыштын бети-мойнунан аймалап өпкүлөп кирди. Асранкулдун колу Айганыштын жумшак эмчегине тийгенде ал алсыз назик кыңкыстап, сакалы өскөн Асранкулдун бетинен сүйдү.

– Акетайым, менин асылым, кайдан дагы сизге кезигип калдым, мени мынча азапка салдыңыз?!- деген ал жалбарып шыбырап сүйлөп жатты. Эркектин күчтүү колун, жагымдуу демин сезген Айганыш ага эч каршылык кылбай, балыктай туйлап, анын ыгы менен болуп жатты. Кайта-кайта «менин акетайым, менин асылым» деп жалбарган Айганыш ошол тапта коргошундай балкып, өзүн

булут үстүндө калкып, учуп жүргөндөй туйду. Аппакай жүзүнөн, жумулган көздөрүнөн, азгырган алкымынан аймалап, өпкүлөп жаткан Асранкул «менин периштем, менин асылкеч жароокерим» деп Айганышка жалынып да, жалбарып да, суранып да жатты. Жайкы кайталангыс кереметтүү түн миң түркүн талаа гүлдөрүнүн жытына аңкып, айлуу теребел бир башкача ажайып сулуу жана кайталангыс кереметтүү болуп турду. Анда санда сүтактын чочугандай үн созгону, булбулдун сайраганы түнкү жымжыртыкты бөлүп турду.

* * *

Кийинки күнгө бизди Боромбай абамдын тун баласы Туралы бизди баш кылып, туугандардын баарын үйүнө мейманчылыкка чакырган. Эртең мененки чай ичилип бүткөндөн кийин Асранкул акемди басып келели деген шылтоо менен үйдөн сыртка сууруп чыктым.

– Кайда барабыз?- деди акем сыртка чыкканда.

– Боромбай абамдыкына,- дедим алдыга түшүп. Экөөбүз тең башыбызды жерге салып, таарынышкан адамдардай мен алдыда, агам артымдан ээрчип, ар кимибиз өз ойлорубуз менен алпурушуп бараттык. Түндө эле акемдин маселесин туугандардын ортосуна салып чечүү бүтүмүнө келгенмин. Боромбай абам үйдүн айбанчасында калың салынган төшөктө үргүлөп олтуруптур. Жашы сексенге жакындап, кулагы оорлошуп, анан калса көзү дагы жакшы көрбөй калган. Эки жакка чыкса неберелери жетелешет. Көбүнчө абышкасын айланчыктап, чоң апабыз Макбурат чалына кам көрүп, жанынан алыстабайт. Жөжөлөрүнө жем берип жаткан чоң апабыз биздин келгенибизди көрүп, алдыбыздан утурлай тосуп чыкты.

– Келгиле айланайындарым, келгиле, бу карга богун чокубай жатып, саарлап келип калыпсыңар дегин жайчылыкпы?,- деген чоң апабыз абабыздын жанына төшөктү улай салды.

– Үкөлөрүң келиптир,- деп чалынын кулагына эңкейип катуу кыйкырды.

– Чоң ата, демдүү олтурасызбы?,- деп абамдын колун өзүмө алдым.

– Сен ким элең?,- деген абам нуру качкан көзүн жүлжүйтүп, мени тиктеди.

– Ортончу кайнагамдын шаардагы баласы Сабыр!,- деген чоң энем чалынын кулагына дагы кыйкырып кайталады.

– Аа, дурус балам, кабар алганы келгениңе рахмат, кайда болбогула тынч, аман болсоңор болгону, ошонусуна каниет, шүгүрчүлүк кылалы,- деди Боромбай абам. Атамдын көзү өтүп кеткенден кийин абамды чоң ата деп калганбыз.

– Мен Асранкул үкөңүзмүн, жакшы жатасызбы?,- деп менден кийин акем учурашты.

– Бул чоң кайнагамдын баласы!,- деген чоң апам чалынын кулагына дагы кыйкырды. Мага чоң апам абама тилмечтин вазыйпасын аткарып жаткандай туюлуп кетти. Кулактын иши чатак турбайбы деп койдум ичимден.

– Абаңар карылыкка моюн сунуп калган, бирок эс акылында жана жеп ичкенинде эч айып жок,- деди чоң апабыз.

– Мен чай демдей салайын, силер абаңар менен баарлашып тургула,- деген чоң апамды токтоттум.

– Чоң апа, биз чайга ыраазыбыз, камтама болбоңуз. Силер менен бир орчундуу жагдайды акылдашканы келдик. Мүмкүн болсо үйгө кирип сүйлөшсөк,- дедим. Антпесек

биздин жашыруун өтчү маслетибиз бүт айылга угулчуудай.

– Мейли, мейли, андай болсо абаңарды үйгө жетелегиле,- деди чоң апам. Үйгө кирип жайланышкан соң чоң апабыз коюңуз дегенибизге көнбөй жатып, дасторкон жайып, чоң чыныларга айран куюп келди.

– Кептин төркүнү мындай чоң апа, Асранкул акемдин күтүүсүздөн буга чейин биз билбеген жаңы баласы табылып калды!,- дедим.

– Эмне дейт, койчу ботом, кайдагы шойкомду баштабай?!,- деген чоң апам да уккан кулагына ишенбей, чындап чочуп кетти.

– Ошондой, ошондой, бөркүңөрдөй ишене бергиле, мага ишенбесеңер өзүнөн уккула,- деп акем жакка башымды нускадым. Чоң апам Асранкул акеме суроолуу тигилди эле ал башын шылкыйтып, дасторконду мелтиреп тиктеген бойдон башын көтөрө албай койду.

– Ушундай иш, чоң апа, аны жеңебизге кантип угузаарыбызды билбей башыбыз маң болуп жатат. Ак никеси кордолгон байкуш жеңем тополоң-тоз, ызы-чуу салып, акемди картайганда үйүнөн кууп чыгып, эл-журтка шермende кылбаса экен деп тилеп жатамын.

– Эмне деп жатат?,- деген абам чоң апама кайрылды. Кемпир чалынын кулагына кыйкырды.

– Асранкулдун экинчи катынынан баласы табылыптыр. Келинге кантип угузабыз деп келишиптир!

Асранкул акем аны бирөө шибеге менен сайып жибергендей ордунан так секирип кетти.

– Жарыктык десе, акырын сүйлөңүзчү, бүт айылга угулмай болду!

– Токолундагы баласы канчага чыгыптыр,- деди абам.

– Он экиге чыгып калды,- деди акем үнүн пас чыгарып.

– Он экиге чыгыптыр!,- деген кемпир адаттагысындай эле дагы кыйкырды. Асранкул акем бул саам да селт эте чочуп кетти. Анан ордунан туруп, кеттик дегенсип мага ишаарат кылды. Мен акемди жеңден тартып олтургузуп, чоң апама кайрылдым.

– Чоң апа, сиз абама болгон ишти жайынча түшүндүрүңүз. Туралы акем мейманчылагандан кийин жалаң аксакал башчы туугандар калып, акемдин баласын жеңеме эптеп угузалы. Аны ачыкка чыгарбасак болбой калды. Кайниңизди сар-санаага чөктүрүп, балакет басып дартка чалдыктырып албайлы. Калган туугандар менен кечке чейин кабарлашып, кеңешкиле. Ал жерде абамдын сөзү өтүмдүү болоорун өзүңүз жакшы түшүнөсүз. Ага дейре Шайыргүл жеңемдин билбей турганы эле оң,- деп биз эгиз козудай ээрчишип үйдөн чыктык.

Көңүлү өтө кайт болгон Асранкул акем эми ал алдыга түштү. Мен аркасынан илкий ээрчип келемин. Кечинде анын үстүнөн болуучу туугандар соту менин дагы тынчымды алып, кооптоно баштадым. Шордуу акем «ит талаган түлкү кейпин кийбесе экен» деп тынчым кете баштады. Кантсе да болоор иштин эрте болгону дурус дедим ичимден. Байкуш жеңем, күтүүсүз бул турмуштук соккуну кандай кабылдаар экен? Ушул жагы мага табышмак туюлуп, кимисине жан тартаарымды билбей, күн мурунтан  эзилип жаттым. Эртең бул кабар айылга дүңк этип тараары турган нерсе.

Асранкул акем почтальондун атындай мени түз эле дүкөнгө баштап келди. Бир бөтөлкө арак алып, үн-сөзү жок тең бөлүп салдык. Сыртка чыккандан кийин акем мага кайрылды.

– Сен үйгө бара бер, мен малдан кабар алганы тоого кеттим.

– Кечинде сөзсүз келиңиз?

– Келбегенде эмне, келемин. Жеңең менин башымды кесип алмак беле!,- кара булуттай түнөргөн акем тоо тарапты карай жөнөдү. Мен үнсүз аны тиктеп кала бердим. Менин да үйгө барганга бутум такыр тартпай турду. Кыйла тургандан кийин айылдын четиндеги бийик дөңсөөгө чыктым. Айыл ичи алаканга салып койгондой кашкайып, чар тарабы тегиз көрүнүп турду. Мен билгенден ак мөңгүсү башынан түк кетпеген Бабаш-Ата тоосу шаңкаят. Айыл ичи кыйла өзгөрүп, көптөгөн жаңы тамдар түшүптүр. Ар бир үйдө мөмөлүү дарактар олтургузулуп, бир кылка тигилген теректер көккө карай бой тирешет.

Түшкө жуук үйгө келдим. Көңүлү көтөрүңкү Шайыргүл жеңем күлүмсүрөй алдыман тосуп чыкты.

– Кичине бала, акеңиз кана?

– Жайлоодогу малдардан кабар алганы кетти. Кечке жуук келип каламын деди.

– Жүрүңүз үйгө кирели, силерди күтүп, тамактанбай олтурбайбызбы,- деген жеңем алдыга басыңыз дегендей мага жол бошотту. Ушул саам жеңемдин алдында ак никенин шертин бузуп, кыянаттык жосунсуз жорукту Асранкул акем эмес эле мен жасагандай жеңемдин көзүн тике карай албай, өзүмдү ала качып, күнөөлүү адамдай кара терге түштүм. Байкуш кана шордуу жеңем, кечинде сай-сөөккө жетчү суук кабарды укканда кандай абалда калаар экенсиз? Тамакка такыр табитим тартпай турду. Жеңем менен келинчегим болсо өздөрүнчө бир нерсени кызуу талкуулашып, көңүлдөрү абдан шат. Шайыргүл жеңемдин алдында, болгондо да ал жайган ак дасторкондо сыр бербей тымпыйып олтуруу мен үчүн оор азап, оор күнөөдөй сезилип турду. Акыры чыдай албадым.

– Мени Сапар досум жолуксун деген экен, ага өтүп, учурашып келейин. Кечинде мени күтпөй Туралы агамдыкына өтө бергиле, мен кечирээк барамын,- деп эшикке чыкканга шаштым.

– Арактьы эби менен ичип, кадырыңды кармангын, көчөдө оонап калып, туугандарга шерменде болбойлу!,- деген аялымдын үнү артымдан узатып калды.

– Койсоңчу Сайрагүл, кичине бала өзүнүн нарк-насилин сактай билген абройлуу жигит,- деген жеңемдин колдогон сөзү мени башка чапкандай эле болду. Чакырбаса деле Сапардыкына барып, кечке эптеп убакытты өткөрүүнү чечтим.

* * *

Туралы акемдикине келсем чакырылган туугандардын баары эчак эле жыйналып калышыптыр. Баарынын көңүлдөрү көтөрүңкү маанайда шайыр-шат, күлүп жайнап олтурушат. Шорпо тартылгандан кийин Асранкул акем экөөбүз сыртка чыктык. Ал тамекисин дембе-дем тартып, алдыда болуучу талкуудан тынчы кетип, жүрөкзаада болуп жатты.

Устукандар тартылып, беш бармак желгенден кийин дасторконго бата кылынды. Анан сөздү Боронбай абам алыстан баштады.

– Араңарда эң улууңар жана аксакалыңар менмин. Кудайга шүгүр, баарыңарга ыраазымын. Ар дайым мени сыйлап, сөзүмдү эки кылбай урматтап келесиңер. Эчкинин жашындай өмүрүм калды. Эртели- кечпи көзүм өтүп кетсе тууганлардын башчысы Туралы болот. Андан кийин Асранкул менен Сабыр турат. Ынтымакчылыкты бекем

кармагыла, жакшылык менен жамандыктарда тикеңерден тик тургула, эң башкысы бири-бириңе күйүмдүү болгула. «Туугандын топурагы алтын» деген насил сөз элибизде тегин жеринен айтылган эмес. Элчиликтен эч качан чыга көрбөгүлө, туура айтып жатамынбы?!,- деген абам баарыбызга кайрылды.

– Эң туура аба, калыс ак сөздү айтып жатасыз!,- деген эркек-аялдар бир добуштан дуулдап коштоп кетишти.

– Андай болсо дагынкысын уккула. Туугандар арасында ар кандай иштер, түшүнбөстүктөр, ушак-айыңдар ойноп кетет. Пенденин башына эмне деген гана мүшкүл иштер түшпөйт. Андайда жашырбай ортого салганды үйрөнгүлө. Тээ атам замандан бери ата-бабаларыбыз кандай гана маселе болбосун ачык айтып, ак сүйлөп чечип келишкен. Айып иш кылгандарды өзүбүз эле калыстык менен жазалап, оң жолго салып, тескеп тарбиялап келгенбиз. Чындыкты айтып жатамынбы же калппы?!,- деген абам дагы баарыбызга кайрылды.

– Адилет сөз, эң туура айттыңыз, ак сөзүңүздө калет жок!,- деп баарыбыз чалды бир ооздон коштодук.

– Элибизде «Өзөндөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман», «Кеңешип кескен бармак оорубайт» деген алтынга татый турган накыл сөздөр бар. Ар нерсени өз учурунда чечкен оң болот,- деген абам баарыбызды кыдырата бир сыйра карап чыкты.

– Өзүбүздүн ичибизден ийри жылан чыгып олтурат, Шайыргүл балам, Асранкул сенин алдыңда оор күнөө иш жасаптыр!,- деген Боронбай абам жеңеме тике карады. Буга чейин абамдын сөзүн муюп угуп олтурган Шайыргүл жеңемдин ордунан селт этип, чочуп кеткендигин баарыбыз байкадык. Эч нерсеге түшүнө албай турган жеңем «Эмне шумдук болуп кетти!» дегендей Боронбай абама тигилди.

– Ооба балам, ак төшөгүңдө, койнуңда жаткан күйөөңдүн башка аялдан да баласы бар экендигин мага бүгүн айтышты. Ал бала 12 жашка толуп калыптыр,-деген абам тамагын кыра жөтөлүп, саамга тыным алды.

Шайыргүл анын үстүнө кимдир бирөө муздак сууну жаба куюп жибергендей тулку денеси муздап, ичиркенип үшүп кетти. Өңү купкуу болгон Шайыргүл күйөөсү Асранкулду ушунчалык жек көрүү жана жийиркенүү менен тике карады. Денесин майда калтырак басты. Дем алууга аба жетишпегендей, көзү караңгылашып кетти. Чымын учса угулчуудай болгон жагымсыз жымжырттык, ыңгайсыз тунжуроо орноду. Оңтойсуздукту туудурган жымжырттыкты кайрадан Боронбай чалдын өктөм чыккан бийик үнү бузду.

– Баарыңар уктуңар, бала тестиер тартып, ак менен караны ажыратканга жарап, эс-акылына кирип калыптыр. Ал атасы жок жетим деген суук сөздү, тек-жайы жок нокотек деген заар сөздү угуп жүргөндүр!,- деп абам катуу кыйкырып жибергенде аялдар гана эмес эркектердин баары селт эте чочуй түшүп, ордуларынан козголо түшүштү.

– Жеткен наадан экенсиң Асранкул, сенде адамдык ар намыс деген калбаптыр! Өлтүрүп жатса да нымтырабай чындыкты мурдараак айтпайт белең бизге?!,- деген Боронбай чал ызырынып, титиреп чыкты.

– Иттин гана баласы десе, сага эмне дешти дагы билбей калдым!

– Өзүңүздү кармаңыз абышка, «жаңылбаган жаак, мүдүрүлбөгөн туяк болбойт» демекчи, кайним бир жаза тайып, жаңылыптыр, ал кимдин башына түшпөйт, «кунаажын көзүн сүзбөсө, бука жибин үзмөк беле» дегендей тигил токолдо дагы иш болсо керек да,- деген чоң апам Макбурат ортого түштү.

– Мен сүйлөп жатканда сен куюшкандай кыпчылбай жым олтургун!,- деген Боронбай чал заардуу көзү менен кемпирин олурая карады.

– Мен ашка тоёмун, бирок туугандын башына эч качан тойбоймун! Мага баарынан тууган улук. Биздин урукта балдар эч качан ызаага батып, кордолуп шорлобоосу, ийменип жалтактабашы, көз жашын агызып төкпөшү керек! Муну баарыңар оң кулагыңар менен дагы сол кулагыңар менен дагы жакшылап угуп алгыла. «Жакшы ат эч качан камчы салдырбайт». Тез аранын ичинде ал баланы мага алып келгиле, эл журтка шерменде болбой өз тукумубузду тааныштырып коёлу. Эй Асранкул, эркекмин десең шүмүрөйбөй башыңды бийик көтөрүп, намыска тургунуң! Баарыбыздын алдыбызда Шайыргүл баламдан азыр кечирим сурагын?!,- деди үнүн бийик жана өктөм чыгарган Боронбай чал.

– Шайыргүл, сенин алдыңда күнөөлүүмүн, кечирим сураймын. Эгер кечире алсаң, кечиргин?,- деген Асранкул да сөзүн баары уга тургандай даана жана так чыгарды. Шайыргүл болсо баарына кайдыгер болгондой купкуу кейпинде бир жерди үнсүз тиктеген бойдон таштай катып турду.

– Шайыргүл балам, мен сага миң мертебе ыраазымын. Ылайым уул-кыздарыңдын убайын көргүн. Күйөөңдүн орунсуз-опсуз иши үчүн улуу башымды кичүү кылып, жалпы туугандардын атынан өзүм дагы кечирим сураймын. Бул иш мындан кийин ар бириңе сабак болсун, эми баарыңар үй-жайыңарга тарагыла!,- деди Боронбай чал.

* * *

Асранкул менен Сабыр ал түнү Туралынын үйүндө жатып калышты. Боронбай чалдын бүгүнкү кечте айткандары баарына каттуу таасир калтырды. «Карынын сөөгүн апта сакта, айткан кебин капка сакта» деген макалдын маани-маңызын эми түшүнгөндөй болушту. «Атанын сөзү - акылдын көзү» демекчи Сабыр абасына чындап терең ыраазы болуп калды. Аксакалдын акылынын тунуктугу менен баамчыл көрөңгөлүгүнө, айткан ар бир кебинин салмактуулугуна ынанбаска, моюн сунуп көнбөскө арга жок эле. Анын айткан ар бир сөздөрү олтургандарга таамай тийди. Баракелде аба, бар болуңуз! Сөздүн улуу кенчин баалаганыңызга, анын баркы менен нарк-насилин тутунганыңызга рахмат! Сабыр абасына өмүр тиледи. Бакайдай карыбыз бар, ырысыбыз бар экен.

Асранкул болсо буга чейин көп жылдар бою кыйнап жана эзип келген оор жүктөн, бычаксыз кескилеп келген сар- санаадан түбөлүккө кутулгандай кыйла жеңилдене түшкөнсүдү. Ким эмне десе ошол десин, эми ал баласы бар экендигин эч кимден жашырып корунбайт. Эң башкысы Шайыргүлдөн кечирим сурап алды. Бул ага чоң канааттануу сезимин жаратты. Шайыргүл кандай кадамга барса да, кандай бүтүм чыгарса да ал баарына кайыл болот. Баласы Самаган эми көмүскөдө болбойт, аны туугандары өзүбүздүн кулун деп кабыл алды. Асранкул Боронбай абасын кучактап өпкүсү, аны аздектеп төбөсүнө көтөргүсү келди. Көрсө абасы кандай киши экендигин буга чейин сокур адамдай жакшы билбей келген турбайбы. Анын көзү кечеги окуядан кийин ачылды. Асранкул

он эки жыл чече албай келген маселени абасы жарым сааттын ичинде заматта чечип салды. Карылардын кыйындыгы алардын нарктуу кебинде, алардын ак батасында турбайбы көрсө.

Чай үстүндө Туралы Асранкулга кайрылды.

– Сары майдай сактап, бизден жашырган жаш токолуң кайсыл айылдан, аты-жөнүн билсек болобу? Бырс этип күлүп жиберген Сабыр аз жерден ысык чай куюлган пиаласын колунан түшүрүп жибере жаздады.

– Кызыл-Үңкүрдөн Таштан деген чалдын кызы, аты Айганыш. Көргөнгө ушунчалык ашыгып жатсаң көрүндүгүн бер, алпарып тааныштырып келейин,- деди какшыктаган Асыранкул.

– Шайыргүлдүн жини таркасын, анан бир союшту алып, атамды баштап алып, баладан кабар алып келбесек болбойт. Атам эң туура айтты, тууган деген базарда сатылбайт, кеп ушундай,- деди Туралы каадалуу маселени чечип жаткансып.

– Сен дагы эр экенсиң, кысталактын баласы. Биз бир катынды эптеп бага албай жүрсөк, бул пысмык кылгылыкты кылып коюп, он эки жыл сыр бербей жүргөнүн көр, ой тообо! Дегеле сөзгө жок чоркок, дундук элең ал келинди кантип тузагыңа илип ала койдуң, ушуга такыр акылым жетпей койду. Эми чоң катыныңдан сак боло гөр, эки-үч жума көзүнө көрүнбөй эле койгонуң дурус. Кантсең да этияттан, майып кылып койбосун. Колунан эч нерсе иче көрбөгүн, уу берип коюшу мүмкүн,- деген Туралы мазактай каткырып күлдү.

– Сүйүүнүн күчү керемет, ал эмне гана дедиртпейт дегендей акем ал жеңебизге асмандагы айды алып беремин деп өпкө-жүрөгүн жерге бир чапса керек да,- деп мен да Асранкул акемди чымчылап кеттим.

– Силерге эми кудай берип калбадыбы, колуңардан келеби жасагыла, катыныңардын көйнөгүнө баш каткандан башка колуңардан пок да келбейт!,- деген Асранкул колун шилтеп, сыртка чыгып кетти.

– Оо сага жетиш кайдан, биз эми бир бечарабыз да. Андан көрө элде жок өнөрүңдөн бизге да үйрөтүп койсоң жакшы болот эле?,- деген Туралы артынан каткырып күлүп калды .

* * *

Үйүнө келээри менен Шайыргүл төшөккө күп түшкөн бойдон жатып калды. Денеси таштай муздап, ичиркенип калтырап жатты. Күйпөлөктөгөн Сайрагүл айланчыктап жүгүрүп жүрдү. Өңү купкуу тарткан апасын көргөн кыздары дагы алаңдашып коркуп кетишти.

– Жеңетай мобур эки дарыны ичип алыңызчы, оңоло түшөсүз?,- деген Сайрагүл ага даары берип, карагаттын шириндиги кошулган ысык чай ичирди. Ошондон кийин гана Шайыргүл бир аз өзүнө келип, бетине кызыл жүгүрдү.

– Мен дурус болуп калдым, кабатыр тартпай силер барып эс алгыла,- деген Шайыргүл кыздарын бөлмөдөн чыгарып жиберди. Абысыны Сайрагүл төшөгүн анын жанына салды. Термоско чай демдеп, Шайыргүлдүн башына коюп койду.

Шайыргүл түнү менен кирпик какпай, ойлонуп чыкты. Канчалык аракет кылса да күйөөсү он эки жыл мурун көзүнө кантип чөп салганын такыр эстей албай койду. «Кунажын көзүн сүзбөсө, бука жибин үзөбү» дегендей аягы суюк кандай шуркуянын колуна илинип калды экен.

Жо-ок деди Шайыргүл, балалуу болуп калганына карaганда ал иш далайга созулган.

Ал кечинде айтылган сөздөрдүн маанисин таразалап кирди. Кайнатасы катары болуп калган Боронбай чалдын «Мен ашка тоёмун, бирок башка тойбоймун. Мага баарынан мурда тууган артык!» деп айтканы кулагынан такыр кетпей койду. Күйөөсүнүн котур ташы койнунда экендигине ушунча жыл бирге жашап, билбегендигине, сезбей келгендигине өзүн зекип жемелеп, өткөн ишке катуу өкүндү. Аялдык ар-намысы тебеленгендигине аябай ыза болуп, көзүнө жаш тегеренди. Кайра эле Боронбай чалдын сөздөрү кулагына жаңырып туруп алды. «Кой, арам сийдик дегизбей эртең эле ал баладан кабар алайын. Балада ненин күнөөсү» деген Шайыргүл бир бүтүмгө келди.

* * *

– Аба, сизди апам тез келсин деп чакырып жатат?,- деди Асранкулдун баласы Самат.

– Атаңды дагы чакырдыбы?- деди Сабыр.

– Жок, сизди эле келсин деди.

– Барып тур, азыр аркаңан барамын. Самат чыгып кетти.

– Жеңемден алгачкы шыбаганы мен жейт окшоймун,- деди  тынчы кеткен Сабыр.

– Кам санаба. Сага кичине шыбага тийет. Чоң шыбага баары бир Асранкулдуку болот. Ал шордуу келин да акыры ызаасын кимдир бирөөдөн чыгарышы керек да. Кечинде эс-учун жоготуп коё жаздабадыбы, бечара,- деди Туралы.

* * *

Эки абысын бир нерсени кызуу талкуулап жатышкан экен. Сырттан кирип келген Сабырды көрүшөөрү менен экөө бирдей токтоп, тынчый калышты.

– Жакшы олтурасыздарбы жеңе?

– Аа, кичине бала, келдиңизби, чайга олтуруңуз?

– Ырахмат жеңе, азыр эле Туралы акемдикинен чай ичип чыктым,- деди Сабыр.

– Сизди мени бир жерге алпарып келээр бекен деп чакырттырдым эле?,- деди Шайыргүл.

– Макул, барып келели жеңе.

– Анда эртерээк жолго аттаналы, кайра кеч кирбей кайтып калгыдай бололу. Кичине бала, сиз машинаңызды жүргүзө бериңиз, мен кем-карчымды ырастай салайын,- деди Шайыргүл.

Машина айылдан чыккандан кийин Шайыргүл кайнисине кайрылды.

– Сиз билчү белеңиз, кичине бала?

– Жок жеңе, шаардан келген күнү айтты. Кайрадан ортодо жымжырттык орноду.

– Ой кокуй десе, акылымды даана ит жеген турбайбы. Деги кайда барарыбызды сиз билесизби кичине бала?

– Кайда барышыбыз керек өзү?

– Билмексендикке салбай эле коюңуз, акеңиздин ушунча жыл бизден жашырган жаш токолуна барабыз.

– Жеңе, сөзсүз бүгүн барыш керекпи, кийинчерээк барсак болбойбу?,- деди Сабыр башын кашып.

– Болбойт кайним, темирди кызуусунда сок дейт! Көрөйүнчү акеңизди азгырган ал шуркуя бетпак сойку-

ну, кандай неме болду экен!,- Шайыргүлдүн заары бетине чыгып, ызырына ачуулана сүйлөндү. Кайрадан ортодо ыңгайсыз жымжырттык орноду, экөө тең сүйлөшкөндү каалабай турду. Алыстан айылдын элеси көрүндү.

– Дүкөн бар жерге токтотуңуз кичине бала?,- деди Шайыргүл. Айылдын орто чениндеги дүкөнгө токтошту. Шайыргүл дүкөндөн таттуу ширindиктерден алды. Акчасын жеңесинин көнбөгөнүнө карабай Сабыр төлөдү.

– Таштан  чалдын Айганыш деген кызынын үйү кайда экендигин айтып бере албайсызбы?,- деди Сабыр жаш дүкөнчү кыздан.

– Ал эже кийинки айылда турат. Барганыңызда сурасаңыз, үйүн көрсөтүп коюшат,- деди сатуучу кыз.

Айылдын кире беришинде крандан суу алып жаткан кыздан даректи дагы такташты. Айтылган үйдүн алдына машинаны токтотуп, Сабыр дарбазаны такылдатты. Алгач иттин үргөнү угулуп, анан бирөөнүн келаткан кадамы угулду. Дарбазаны кыз бала ачты.

– Келиңиздер,- деди кыз бейтааныш адамдарды карап.

– Айганыш эженин үйү ушулбу?,- деди Сабыр.

– Ооба ушул үй, кириңиздер, апам азыр келип калат,- деген кыз дарбазанын калиткасын кенен ачты. Үй бышык кыштан салыныптыр. Короонун ичи кенен келип, бардык буюмдар орду ордуна коюлгандыгы байкалып турат. Үйдүн алды күзгүдөй таза шыпырылган. Ireттүүлүк менен тазалык дароо эле көзгө урунат. Кыз сөрүдөгү төшөктүн үстүнө үйдөн дагы жаңы төшөктөрдү алып чыгып, калыңдатып салды.

Элпек кыз заматта алдыбызга дасторкон жайып, чай демдеп келди.

– Атың ким балам?,- деген Шайыргүл кызга кайрылды.

– Самара, эже,- деди жылмайган кыз. - Сиздер чай ичип, олтуруп туруңуздар, мен казан аса койоюн,- деген ал ордунан турду.

– Кой убара болбо балам, апаң келсе биз учурашып бат эле кайтабыз,- деди Шайыргүл.

– Убаркерчилиги жок эже, апам да келе турган маал болуп калды,- деген Самара үй жагына кирип кетти.

– Тыпылдап тетиктигин караң кичине бала, жакшы тарбия көргөн кыз экен,- деди Шайыргүл. - Иши кылып бул кыздын атасы дагы акеңиз болуп чыкпаса болду?,- деген Шайыргүл Сабырга мыскылдуу карады. Ал үн каткан жок.

Сөрүдө олтурган адамга үйдүн чарбачылыгы алаканга салгандай даана көрүнүп турду. Картошкалар тегиз гүлдөп калыптыр. Жөөктөрү катарлаш эгилген помидор, капуста жана болгар калемпиринин түшүмү берекелүү болуптур. Атайын жасалган тосмонун ичинде ондон ашуун тооктор кукулуктап жүрүшөт. Аңгыча дарбаза тарсылдап калды. Кыз чуркап чыгып, дарбазанын калиткасын ачты.

– Келдиңизби апа, бизге меймандар келишти.

Гүлдүү көйнөгү өзүнө жарашкан, экиге бөлүнүп өрүлгөн чачы белинен ылдый түшкөн, ачык маңдай, ак жуумал тарткан жылдыздуу келин биз менен жылуу учурашты.

– Куш келипсиздер, күттүрүп койгон жокмунбу?,- деген ыймандуу келин жеңем менен кол алышып учурашты, мага акырын башын ийкеп койду.

– Самара, бизге ысык чай демдеп, оокаттын аракетин көрө бер кызым?,- деген Айганыш сөрүнүн четине коомай олтурду.- Нандан алып, чайдан ичип олтуруңуздар?,- деди келин.

Айганыштан аялзатына таандык болгон бардык мыкты сапаттар көзгө даана байкалып турду. Келишимдүү

бой келбети, ак жуумал тарткан чырайлуу өңү, моймолжуган кирпиктүү көзү өзүнө жарашып, жылмайганда пайда болчу бетиндеги чуңкурча анын сулуу зайыптыгын айгинелеп, чырайын ачып турду. «Кызга алмашкыс жубан бар» дегендей Айганышта бир караган адамды өзүнө арбап салаар табигый сулуулук менен наздуулук оттой болуп жанып турду.

– Уулуң көрүнбөйт да?,- деди Шайыргүл.

– Достору менен сайга чөмүлгөнү кетсе керек,- деди Айганыш. - Өзүңүздөрдү тааныштыра олтуруңуздар,- деген Айганыш Шайыргүлдү карады.

– Сен тууп алган баланын атасы менин күйөөм болот!,- деген Шайыргүл Айганышты сынагандай теше тиктеди. Акжуумал Айганыштын жүзү дароо кызарып чыкты. Анан акырын гана:, - Жакшы экен,- деп койду.

– Мен бир аз сейилдеп басып келейин,- деп ордумдан турдум.

– Мейлиңиз кичине бала, биз күндөштөр өзүбүзчө кең-кесири сүйлөшүп алалы. Катындардын кебин аңдыганыңыз сизге жарашпайт,- деди Шайыргүл. Айганыштын бети ансайын кызарып чыкты.

Мени дарбазадан чыгарып койгону чыккан Самарадан балдар каерде чөмүлүшөөрүн сурадым.

– Бир аз жогору бассаңыз сайга кеткен жалгыз аяк жол бар. Ошол жол сизди туура эле балдар чөмүлчү жерге алпарат,- деди кыз.

Ит аяк жол менен ылдыйлай түшүп жөнөдүм. Сайга жакындай бергенде эле балдардын чуру - чуу түшкөн үндөрү угула баштады. Бир топ балдар белдеринен келген тунук сууга жыргап-куунап чөмүлүп жатышыптыр. Ал эми балдардан бир топ жогору жагында кыздар көйнөктөрү менен чөмүлүп жатышат. Мен дарактын

көлөкөсүндө аларды тамаша кылып, кыйла олтурдум. Чөмүлгөндүн кызыгына батышкан балдар мени байкашкан деле жок. Бир саатча убакыт өткөндөн кийин балдар кийине башташты. Анан бир аяк жол менен жогору карай чубалып, өрдөп чыга башташты. Алар менин тушумдан чубалжып өтө баштаганда мен балдарга кайрылдым.

– Саламатсыңарбы балдар?,- мен ордумдан турдум.

– Саламатсызбы,- дешти балдар бир ооздон жабыла. Алардын жүзүнөн бул чоочун киши ким болду экен деген таңыркоо менен кызыгуу пайда болду.

– Араңардан Самаган деген киминер болосуңар?,- дедим. Балдардын арасынан бирөө бөлүнүп чыкты. - Самаган менмин,- деди бала. Бир эле караганда баланын жүзүнөн ак жуумал тарткан апасынын да, Асранкул акемдин да окшоштугу көзгө даана уруна түштү.

– Мен да ссуга түшөйүн дедим эле, бирок суу өтө эле тайыз экен,- деп баланы кепке тарттым.

– Тээтигил жерде терең жери бар, чоң кишилер ошол жерде чөмүлүшөт, жүрүңүз алып барайын?,- деди Самаган.

– Кой азыр эмес, эмки келгенимде түшөөрмүн.

Калган балдар бизден жыйырма кадам алдыбызда баратышты.

– Самаган, сен кимдин уулу болосуң?

– Асранкулдун, а сиз ким болосуз?

– Мен атаңдын иниси боломун, атым Сабыр, сага аба боломун,- дедим.

– Жакшы экен,- деген Самаган күрүчтөй аппак болгон тиштерин көрсөтүп, жылмайып күлүп койду. Үйгө жакындай бергенде машинаны көргөн Самаган кайра мага кайрылды.

– Кызыл жигули сиздикиби?

– Ооба, меники.

– Келатканыңызда суусу кайнап кеттиби?

– Жок кайнабады, биз салкында келип алдык. Бала мени карап дагы жылмайып койду.

– Самаган, атаң сага келип турабы?

– Келип турат, бирок мектепке эле келет. Үйгө жүрүңүз десем такыр көнбөйт,- деди бала сумсайыңкы.

– Мен айтып коёмун, эми үйүңөргө дагы келип турат.

– Чын айтып жатасызбы, үйгө дагы келип турабы?!,- деген Самаган чындап сүйүнүп кетти.

– Келет, сөзсүз келет, мен өзүм алып келемин. Сага абаң катары убадамды беремин!

Мени караган ал дагы жылмайып койду. Самаган дарбазаны ургулап такылдатканда калитканы эжеси ачты. Самаган экөөбүз кол кармашып, сөрүнүн жанына келдик.

– Экөөбүз таанышып алдык, туурабы Самаган?,- деп ага кайрылдым. Ооба дегенсиген ал башын ийкеп, жылмайды.

– Келегой балам, учурашалы?,- деген Шайыргүл Саманганды маңдайынан өөп, башынан сылап койду. - Чоң жигит болуп калган турбайсыңбы.

– Ай кичине бала, машинаңызды ачып бериңизчи, култтап койгон экенсиз, белек-бечкектеримди ала албай олтурамын,- деди Шайыргүл.

– Жүр Самаган экөөбүз алып келели,- деп аны колунан жетелеп алдым. Шайыргүл жеңемдин маанайы көтөрүңкү экендигинен улам аялдардын сүйлөшүүлөрү ийгиликтүү болгондугун баамдадым. Экөө тең биринен экинчиси калышпаган зайыптардын кыйындары экендигинде шегим болбогон.

Шайыргүл жеңемдин Самаганга алып келген костюму бир аз чоңураак олтуруп калды. Башына калпак кийгизди.

– Сарпайың куллук болсун, Самаган!, - деп ага кайрылдым.

– Рахмат аба,- деген ал дагы бир жолу жылмайып күлүп койду.

– Бар балам, эми колу-бутуңду жууп, көйнөгүңдү алмаштырып чык, азыр тамак ичебиз?,- деди Айганыш.

Түштөн кийин күн салкындап калганда кайра жолго чыктык. Шайыргүл жеңем арт жакта ой дүйнөсүндө ойлуу келатты.

– Жеңе, уйкуңуз келген жокпу?

– Жок кичине бала, эмнеге уктамак элем.

Бир топ жолду арбытып калгандан кийин кайрадан жеңеме кайрылдым.

– Жеңе сиздин улуулугуңузга башымды ийдим, куллугум бар, рахмат сизге,-дедим.

– Коюңузчу кичине бала, муну турмуш дейт. Турмушуң кургур бул жашоодо пенделерин каалагандай калчайт турбайбы. Ага моюн сунбаска, баш ийбеске аргаң да жок. Ал эми балада эмне айып, аны өксүтүүгө акыбыз жок, - деди алдыдагы узун жолду ойлуу тиктеген Шайыргүл…

***Август айы, 1998-жыл.***
***Жалал-Абад шаары***

# БАЛАЛЫГЫМ КАЛГАН АЙЫЛЫМ

*(Аңгеме)*

Тоо койнуна жайгашкан Жедигер айылы мен бала чактан билгени кырк түтүнгө жетпеген чакан айыл болчу. Башынан ак мөңгү, көк муз кетпеген, шаңкайып көк тиреген Бабаш-Ата тоосун этектей орун алган айылымдын батыш тарабын Кара-Конуш менен Акжар жайыты, чыгыш жагын Бел-Коргон менен Кең-Коо айдоо жерлери ээлеп турат. Айылдын жогору жагын тоо этектей көтөрүлгөн Шамалдуу-Кыр бийик адыры, ал эми ылдый жагын жыш өскөн жаңгак токойлорунан кийин Сөгөт-Булак айылы жайгашкан. Ал эми Жедигер, Ак-Тыт жана Сөгөт-Булак айылдарынын дал ортосуна Катар-Жаңгак сегиз жылдык мектеби орун алган.

– Болот, тур балам, элдин баары малын Акжарга айдап кетти. Тур, турагой, күчүгүм, күн да шашке болуп калды?,- деген апамдын үнү мени таңкы таттуу уйкудан ойготот. Апам сааган сүтүн сепараторго тартуу үчүн, очокко казан асып, от жага баштайт. Мен сыртка чыкканда куштар сайрап, бошотулган уйлар мени эле күтүп тургандай алдыма түшүп жөнөп калышат. Адаттагыдай эле итибиз Актөш болсо тилин салаңдатып, мени ээрчип алат.

Уйларды жайытына айдап келгенден кийин апам дасторкон жайып, жаңы тартылган каймак, айран менен чай ичебиз.

– Бел-Коргондогу жерди айдатып, малалатып койдум. Быйыл кол менен нокот эгели, балдарым. Сен, Бо-

лот, туурасынан кетмен менен чаап кеткин. Үкөң болсо эки-үчтөн нокот таштап, артыңдан жүрсүн. Күн ысып кеткенде үйгө келип дем алгыла, кайра күн салкындаганда чыккыла. Үрөндүк нокоттун арасынан мобур экидей кемпир курсак нокоттор чыкса зерикпей алып ыргытып салгыла, андан нокот чыкпайт,- деген атам иним экөөбүзгө кемпирдин курсагындай бырышып калган эки-үч нокотту көрсөттү.

Айрандан чалап жасап, тандырга жабылган бир нанды баштыкка салган биз Бел-Коргондогу эгин экчү жерибизге келдик. Былтыр буудай эккен элек, быйыл болсо атам нокот эгүүнү чечти.

– Оо-уу, бул жерди бир жуманын ичинде араң эгип бүтсөк керек!,- деди иним Самат ишти баштабай жатып.

– Көз коркок, кол баатыр, атам үч күндө эгип бүтөсүңөр дедиби, демек бүтөбүз!,- дедим. Биздин үстү жагыбызда кошунабыз Акылай кемпир жыйырмага чукул койлорун жайып, кайтарып жүрдү. Үчүнчү күнү кечке жуук айдоо жерибизге нокотту дагы эгип бүттүк. Ошол күнү көйнөгүмдү чечип салып иштедим эле, аркам күнгө кызарып күйүп, денем аябай ачышып, ысытмам көтөрүлүп чыкты. Кетменди көтөрүп Акылай кемпирдин жанынан өтүп баратсам, ал мага кайрылып калды.

– Үч күндөн бери эле тырбалаңдап убара тартасыңар, деги эмне эктиңер?,- деди кемпир.

– Нокот эктик эне,- дедим.

– Аа, кокуй күн десе, эми анынаар чыгаар болду бекен десең? Каап десе, кетмендеп терең эгип салдыңар окшойтко. Нокотту теше менен эгиш керек болчу да?,- деди кемпир.

Кемпирдин айткандары мени бир топ кыжаалат кылып, кабатыр ойго салып койду. Чын эле нокот терең көмүлүп,

чыкпай калса эмне болот? Анда үч күндүк эмгегибиз жөн эле талаага, текке кеткен болобу? Ушул учурда Акылай кемпир мага жүзү суук мастан, ал түгүл жезкемпир сыңар көзүмө ырайымсыз жаман, жеккөрүндү өңү суук көрүнүп кетти. Мурдараак айтып койсо болбойт беле, мастан кемпир! Үч күндөн бери иштеп жатканыбызды коюн жайып, күндө көрүп эле жүрбөдү беле? Качан биз эгип бүткөндөн кийин, эми чыкпайт деп айтып отурат. Эккен нокотубуз куураган куу шыйрак, куу баш жезкемпир айткандай тегиз кемпир курсак болуп, жер бетине өнбөй калса кантет? Анда эле шорубуз каткан турбайбы?! Ушул ойлор мени үйгө жеткиче желкемден басып, аябай эзип келди.

Үйгө келсем атам иним экөөбүздү апама мактап кирди.

– Менин уулдарым азамат, үч күндө чоң ишти бүткөрүп салышты!,- деген атам өзүнчө корстон болуп турду.

– Ата, Акылай кемпир, силер нокотту терең эгип койдуңар, эми аныңар чыкпайт деп айтты го,- дедим.

– Ал балээни билет бекен, тантырай берет, балам. Быйылкы экспериментибиз жакшы болсо, кийинки жылы да кол менен нокот эгебиз!,- деди атам биздин көңүлүбүздү көтөрүп. Атам жаңылбаптыр, эртеси эки күн катары менен жазгы ак жамгыр төгүп жаады. Бир жумадан кийин Бел-Коргонго барсам биз кол менен эккен нокоттор жер бетине жөөк-жөөк болуп, пахта сыңары катарлай тизиле өнүп чыгып, караган адамдын көзүн кубантып турду. Мастан кемпирдин тилеги таш капканына жетине албай кубандым. Даркан талаа, жер эне биздин үч күндүк эмгегибизди текке кетирбегенине жетине албай сүйүнүп турдум. Кийин чабык иши дагы жеңил болуп, нокот пахта сыңары чартактап өсүп, даны дагы берекелүү мол болду.

* * *

Бир күнү түш оой Таштан аке көчө менен жогору карай өтүп баратып, апама кайрылды.

– Сайра эже, Насирдин акемдин бээсинин буту сынып калыптыр. Мал болгудай эмес, союп деңгене кылып жатышат. Айыл апаны айтып жүрөм, эт бөлүшүп алганы барыңыз,- деди. Апам мага чаканы карматып:

– Таятаңдыкына барып, элге бөлүнгөн эттен алып кел, балам?,- деди.

Насирдин абам менен Асылкан энемди биз таята-тайэне дейбиз. Алар атам менен апамдын өкүл ата, өкүл энеси болушат. Былтыркы бир окуя шарт эсиме түштү.

Жай саратаны болчу. Бизге кошуна Кайры кемпирдин чөбүн Насирдин таятам чаап жаткан. Түшкө жакын апам бышырылган оокатын ороп, бир колума чайнекти карматып, таятаңа жеткирип кел деп жөнөттү. Мен барсам таятам чөптүн тең жарымын чалгы менен сулата чаап, жаңы солду баштап калган экен. Көйнөгүн чечип салып, башына ак жоолукту ороп алыптыр. Иштин кызуусуна аябай берилип, кериле чалгы шилтеп, чөп чаап жаткан таятам менин келгенимди байкаган деле жок. Оң далысынын алдында жана белинин ортосунда чыны пиаладай болгон чоң эки жаранын тактары таятам чалгысын кериле шилтеген сайын денесинде ары-бери жылып, мага кыймылдап жаткандай коркунучтуу көрүнүп кетти. Көзүм чакчайган бойдон, эмне кылаарымды билбей, мен ордумда таш сыңары селейип, катып туруп калдым. Бир маалда мени байкап калган таятам чалгысын шарт ыргыта салып, ар жакта илинүү турган көйнөгүн үстүнө шаша кийе койду.

– Аа, балам келдиңби, жол болсун?,- деди таятам.

– Таята, апам сизге берип жиберди эле,- деп тамак оролгон дасторкон менен чайнекти жаңы чабылган чөптүн үстүнө коюп, үйгө карай чуркап кеттим.

Оо, кийин, эс тартканда таятам Насирдин Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу болгондугун, ал Ата-Журтун душмандардан коргоп, кан аккан фронтто эки жолу оор жарадар болуп, госпиталдан дарыланып сакайып чыккандан кийин кайрадан согушка аттанып, беш жыл душмандар менен салгылашкандыгын, ал түгүл Кызыл Жылдыз ордени менен сыйлангандыгын билдим. Бирок, таятамдын бир да жолу орденин тагынганын, согуш тууурасында айткандарын укпадым. Согуштун ардагери жана катышуучусу катары мамлекеттен деле жыргатып эч кандай жеңилдиктерди алганы жок. Дегеле аскер комиссариаттарынын эшиктерин каккылабады. Элдин айтымында согушка бут басып барбаган эле бир адам таятамдан Кызыл Жылдыз орденин сураганда ал кармата берген деп жүрүштү. Кээде андан согуш туурасында айтып бербейсизби дегендерге таятам:

– Согушту эч бир пенденин башына салгылык кылбасын. Ал дегениң жалаң ый менен кайгы, кыйроолор менен өлүм. Биз көрдүк, ошол жетишет, ылайым силер көрбөгүлө,- деп гана коюучу.

Чакамды көтөрүп алып, таятамдыкына барсам бээнин этин алты дөбөгө бөлүп жатышыптыр. Айылдын эли сыйлаган кадырман аксакалдар Ташыбек, Боронбай, Көчөр, Примкул, Эшалы, Асан, Артыкбай, Камбар, Эргешбай жана Нышаналы абамдар бакылдашып, аңгеме дүкөн куруп, дасторкондо тегеректей сүйлөшүп отурушуптур. Нышаналы абанын бою өтө кичине болгондуктан биз балдар аны Меке чал деп койчубуз. Менин балалык кыя-

лымда бул чалдар кудум дүйнөгө ушундай жаралышып, өмүр бою чал боюнча кала беришет деп ойлочумун.

– Туура айтасың, Ташыбек, ордуна жетилген бээ келбесе дагы жакшы бышты кунан келип калгыдай болсун, кандай дейсиңер?,- деген Примкул аба калган курдаш аксакалдарга кайрылды.

– Макул анда, ошондой эле болсун. Насирдин дагы күйбөгүдөй болсун,- деген Эшалы абам аксакалдар бычкан бааны колдоп берди.

– Келгиле анда, ушул бүтүмгө бата кылалы. Бир айдын аралыгында дөбө башчылары акчаны жыйнап, айылдын бийи Ташыбекке топтоп бергиле,- деп Эшалы абам бата кылганда калган элдин баары тегиз колдошуп, алакандарын жайышып, бата кылышты.

Анан Асан абам мага кичинекей кооз чарабзал маки, чөнтөккө салып жүрүүчү ачылып-жабылмай тегерек чынжырлуу кооз саат, бир бет аарчы, гүл салынган жыгач кашык, бир ачкыч менен камчыны карматып, мага кайрылды:

– Балам, ушул буюмдарды мына бул алты дөбө этке бирден таштап чыккын?,- деди. Мен ал буюмдарды бирбирден бөлүнгөн алты дөбө этке таштап чыктым. Эт алганы келген жалпы эл аксакалдардын калыстыгына ичтеринен терең ыраазы болушту. Мен билгени ал кезде аксакалдардын айтканы айткан, дегени деген эле. Алар эч качан калыстыктан тайышчу эмес.

– Кана эмесе, дөбө башчылары, өзүңөргө тийген дөбөлөрдү бөлүштүрө бергиле!,- деди айылдын бийи Ташыбек абам.

* * *

Айылдын чыт курсак балдары бир жолу Акжарга жайлоого бардык. Айылдын малдуу элдери жаз келгенден күз түшкөнгө чейин айылдан анча алыс эмес жерге жайлоолоп көчүп чыгышчу. Уй- жылкылар, кой менен эчкилер колхоздун эгинине зыянын келтирбесин дешип, боз үйлөрү менен чатырларын тигишип, жака өөрдөп көчүп чыгышчу. Он чакты мектепке бара элек балдар Көчөр чалдын боз үйүнө барып калдык. Анын Дурус деген баласы бизге теңтуш болчу.

– Оо, кайран, кыраандарым, келгиле, келгиле. Кемпир, айылдан сыйлуу коноктор келип калыптыр, дасторкон салып,булардын курсагын тойгуз?,- деген Көчөр абабыз кемпири Зуура энеге кайрылды.

– Кана, кайран баатырларым, кимдин балдарысыңар, айткылачы?,- деп бизге кайрылды. Ар бирибиз бирден атыбызды, анан аталарыбыздын ысымдарын айтып чыгабыз. Зуура энем болсо дасторконун жайып, нан каймактарын коюп, бизге кымыз куюп берет. Анан Көчөр абабыздын төкмөчүлүк «өнөрү» башталат.

Чогулуп келген чыт курсак,
Чоор таман, бок курсак.
Мадыра баш маңкалар,
Аа-а, анда кыйыныңдан баштасак.

Оо, Төрөгелди токугун,
Тооктун богун чокугун.
Ала бээни сойоюн,
Анан, астын сага койоюн.

Оо, Орозалы окуңуз,
Тооктун богун чокуңуз.
Кара бээни сойоюн,
Анан кайран кыраанын,
Көтүн сага койоюн!,

- деген Көчөр чал комузун чертип, безеленип уйкаштырып ырдап кирет. Биз болсо ырсайып күлүп, кыраан-катты түшүп, бекер концертке жыргап күлүп калабыз. Көчөр чал ансайын күчөп, төгүлүп ырдай баштайт:

Кыраандарым, баатырларым,
Зериккенде кумарларым.
Өзүм алып берип келиндерди,
Зуура апаңарга күң кыламын.

Кошко салып өзүңөрдү,
Өгүздөй мен иштетемин.
Өлөсө болуп чарчаганда,
Көтүңөргө тепкилеймин.

Арсылдап мынча күлбөгүлө,
Тиш чыгып калат көтүңөргө.
Чоңойуп эр жеткениңде,
Сындап алам ар бириңди!...

– Койсоңузчу, жаш балдарды мазактап дөөдүрөгөнүңүздү? Ата-энелерине айтып барышса уят эмеспи?,- деген Зуура эне чалын тыйымыш болот. А биз болсо, чыт курсак балдар, Көчөр чалды дагы ырдай түшсө экен деп самап, ансайын дымып күтүп калчубуз.

* * *

Бир жолу атам талаадан 12 түп жаңгактын жаш балаты көчөттөрүн алып келди. Көчөттөрдүн бийиктиги болгону адам боюндай эле бар. Аларды суугa салып коюп, олтургузганы жер казып даярдай баштадык.

– Тээтигил жаңгактарды мен силердей кезимде таякем Сатар молдо балдары менен олтургузган болчу. Арканды узун таштаган таякем ошондо тигип койгон экен, мына азыр балдары, небере-чеберелери анын жаңгагын терип жешип, өздөрүнөн артканын базарга сатып, кем-карчтарына жаратып жатышат. Убагы келгенде силер дагы ушул жаңгактарды атам менен бирге олтургузган элек деп айта жүрөсүңөр,- деген атам саптуу лопатка менен балакай жаңгак көчөттөрдү олтургузганы жерди чуңкурлатып казып кирди. Аралыгы төрт метрден ашпаган 12 чуңкурчанын баарын атам өзү казды. Биз болсо ар бир чуңкурга бир чакадан койдун кыгын салып чыктык. Азыр ал көчөттөр тегиз жетилип, бой керген чоң жаңгактарга айланган. Жыл сайын жакшы түшүм берип, анын үзүрүн иним Самат бала-чакасы менен көрүп келет. Касиеттүү алп жаңгактар мен айылга барганда дайыма мага атамды элестетип турат.

Эл оозунда мындай уламыш айтылып келет. Улуу грек полковедеци Александр Македонский, же болбосо чыгыш элдеринде Искендер Зулкарнайн деген ат менен белгилүү болгон улуу согушкер өзүнүн Борбордук Азияга жасаган жеңиштүү жортуулдары учурунда анын миңдеген жоокерлери чума менен ич келте ооруларына чалдыгып, күчтүү армиясы бир четинен кырыла баштайт. Анын

түштүк Кыргызстандын Арстанбап аймагына жөнөтүлгөн эр жүрөк кыраан колбашчысы да он миңдеген иргелген күчтүү армиясы менен кеткен боюнча дайынсыз жок болуп кетет.

Согуштук жана аскердик тактика менен чабуулдун сырларын эң мыкты өздөштүргөн Македонский Индияны басып алууга болгон жортуулун бир жылга убактылуу токтотуп, жоокерлерине тыныгуу жарыялайт. Кийинки жылы жаз келгенде Арстанбап аймагына согуштук жүрүш менен кетип, оорудан кырылып калды деген он миңдеген жоокерлери аман-соо жана түгөл Македонский өрлөп жаткан жайга шаңдуу кирип келишет. Ошондо дүйнөнүн көп жерин багынткан тажрыйбалуу согушкер Александр Македонский Арстанбаптан кайткан колбашчысын өзүнүн талаа өргөөсүнө алдыртат. Эр жүрөк кол башчы падышага жүгүнүп кирип келгенде, ал аны ордунан тургузуп сурайт.

– Силер кантип тирүү калдыңар? Мен силерди чума менен ич келтеден эчак эле кырылып калды го деп ойлогон элем. Тирүү калганыңардын сыры эмнеде?!,- деп кол башчысынын көзүнө тике карайт. Ошондо кол башчысы падышага минтип жооп кайтарат:

– Оо, менин улуу даражалуу өкүмдарым, бизди шайыбызды алган оорудан жана арып-ачыккан жоокерлеримди өлүм оозунан улуу тоону мекен катары медер туткан согушкер, эр жүрөк кыргыз деген эл, алардын кудай тартуулаган касиеттүү жаңгагы тегиз кырылып калуудан аман сактап калды. Мына падышам, ал касиеттүү жемиш!,- деп Александр Македонскийге кыргыздын жаңгагын тартуу кылат. Кол башчы бир нече жаңгакты чагып, анын маңыздарын алгач өзү татып, анан падышага ооз тийүүгө сунат. Анан кол башчы өкүмдарына кайрылып:

– Улуу даражалуу падышам, кыргыздар бизди өздөрүнүн жакын досторундай кабыл алышты. Алар биздин миңдеген жоокерлерди ажал оозунан, айкын өлүмдөн сактап калгандыктары үчүн мен алардын элине жана жерине тийбөөгө сизден сурабай туруп убада берип койдум, буга кандай дейсиз, өкүмдарым?!,- деп суроолуу өкүмдарга кайрылат.

– Сен оң жана сол кулагың менен жакшылап угуп алгын. Эч качан менин атымдан бирөөгө убада берчү болбогун. Сен кечирилгис оор күнөө иш кылгансың. Бул менин сага болгон акыркы эскертүүм экендигин эч качан эсиңден чыгарбагын. Муну мен, экөөбүздөн башка эч ким жок болгондугу үчүн гана сага айтып жатамын. Сен менин ишенген эр-жүрөк кол башчымсың. Сени каза болуп калдыбы деп кабыргам аябай кайышып турган. Менин жоокерлеримди кырылуудан сактап калган кыргыздарга башымды ийемин жана алардын жери менен элине азаттык беремин. Бирок, бүткүл жоокерлерге менин жарлыгымды жарыя кылып жеткиргиниң. Өзүн грекмин деп санаган ар бир грек жоокери касиеттүү кудай берген кыргыз жаңгагын Греция жергесине алып барып эге турган болушсун. Менин жарлыгымды аткарбаган жоокердин башы чыккынчы катары алынсын!,- деген экен улуу согушкер Александар Македонский. Ошентип, падышанын жеке буйругу менен кыргыз жаңгагы Грецияга көчүрүлүп олтургузулуп, дүйнөлүк соода-сатыкка чыгарылып, аалам элинде ал грек жаңгагы деген ат менен таралып кеткен. Бул туурасында 1985-жылы «Правда» газетасына «Кыргыз жаңгагы туурасындагы легенда» деген аталыштагы ири макала жарыяланган. Тарыхчылар дагы муну илимий негизде тастыктап, жазып чыгышты. Дүйнө жүзүндө 40 миң гектардан ашуун аянтты ээлеген табигый жаңгак токойлору бир гана Кыргызстанда өсөт.

* * *

Атам тиккен жаңгактар аябай кеч жетилди. Мен университетти бүтүрүп, үйлөнүп, бала-чакалуу болгондон кийин жаңгак бышкан берекелүү күз айында келинчегим менен балдарымды ээрчитип, айылыма, атамдыкына келдим. Тили жаңы чыккан кичине небереси Айбектин ар бир сүйлөгөн сөздөрү атам менен апама даары сыяктуу алардын көңүлдөрүн көкөлөтөт. Эртеси, бир кезде атама биз кол кабыш кылып эккен жаңгактардын ичинен түшүмү болумдуусун иним Самат күүп калды. Жердин бети кыпкызыл жаңгакка төшөлүп жатып калды. Иним жаңгакты тегиз күүп бүткөндөн кийин аны терип кирдик.

– Чоң ата?,- деди үч жашар небереси Айбек атама.

– Ов, садагаң кетейин, балам, эмне дейсиң?,- деди атам небересине. Быйтыйган колуна үч-төрт жаңгакты кармап алган Айбек:

– Чоң ата, бизде жаңгак аябай көп, ээ!,- деди кудуңдап сүйүнгөн Айбек.

– Ооба, балам, күчүгүм, бизде жаңгак аябай көп. Мына ушул жаңгактарды силерди жесин деп эккенмин!,- деген атам небересин бооруна тартып, бетинен сүйдү.

– Чоң ата, алмабыз да көп, ээ?,- деди Айбек. Атам ансайын жетине албай элжиреп балкып, кубанып турду.

– Туура айтасың, балам, алмабыз да көп,- деген атам небересин ансайын эркелетип, көкүрөгүнө кысты.

– Ушунун баары силер үчүн тигилген, айланайындарым,- деген атам катар тизилип эгилген жаңгактары менен алма бактарына суктанып, ыраазы боло көз чаптырды. Ушул саам атам өзүн дүйнөдөгү эң бактылуу,

өзүн ааламдагы телегейи тегиз адам катары сезип турду. Ошондогу атамдын абалын, анын кубанычын, ички жан дүйнөсүн өзүм да неберелүү болгондо, анын балдай ширин тили чыкканда түшүндүм. Көрсө, кыргызда «балам, балалуу болгондо билесиң» деген сөз жөн жайынан айтылбайт турбайбы.

* * *

Анда мектепке бара элек кезим эле. Күүгүм кирип калганда тынбай маараган эчкисин жетелеген Султан абам үйгө келди.

– Садык, балаңды берип тур. Эчкинин улагы жарга камалып калыптыр, чыгарып келели?,- деди ал атама. Ал бизге жакын тууган болгондуктан чоң ата дечүбүз.

– Жапар, чоң атаң менен барып келегой,- деген атам мага кайрылды. Бир колуна эшилген кыл арканын, экинчи колуна эчкисин жетелеген Султан абамдын артынан түшүп, эчки экөөбүз аны ээрчип жөнөдүк. Эчкинин улагын жоктоп, тынбай маараганы кулак-мээнин мазасын алат. Айылдын четинде тээ илгери жер көчкүдөн кийин пайда болгон чоң жар болоор эле. Ээрчишкен Султан абам, эчки жана мен үчөөбүз жарга да жетип келдик. Эчкини жардын башында өскөн жалгыз түп долоного байлаган Султан абам мени колуман жетелеп, жардын четине алып келди. Түн улам коюуланып, караңгы түшүп келатты. Чөнтөгүнөн кол фонаригин алып чыккан Султан абам аны күйгүзүп, фонариктин жарыгын түнкү жарга карай бурду. Бийиктиги отуз метрдей келген жардын ортосундагы эчки-улактар ойногон кыйма-чийме жар боорундагы тар жолдо ак улак жалгыз маарап турду. Фонариктин

жарыгына чагылышкан улактын көзү мага күйүп тургандай коркунучтуу көрүнүп кетти. Караңгыда жардын сүрү менен бийиктиги мага ансайын коркунучтуу көрүнүп, денемди майда калтырак басып кирди. Эне эчки менен улактын тынбай маарашкандары негедир алар мага мен түшүнбөгөн өз тилдеринде сүйлөшүп жаткандай туюлду.

– Тээтигил, жарга камалып турган улакты көрдүң да балам?,- деген абам мени кайра жардын башына алып келди. Колго эшилген кара арканды абам менин белиме бир ороп, анан колтугумдун алдынан дагы бир орогон соң, анын бекем байлангандыгын тартып текшерип көрдү. Колго эшилген кара аркандын кылдары көйнөгүмдөн тешип өтүп, денеми кычыштырып, сайгылап кирди.

– Мен сени акырын жар менен ылдый түшүрө баштаймын. Качан улакка жеткениңде жеттим деп кыйкырып койгунуң?,- деди абам.

– Аба, жарда жыландар жокпу?,- дедим абама.

– Жок, балам, коркпо, жыландар азыр уктап жатышат. Абам мени акырын жар менен салаңдатып, ылдый түшүрө баштады. Коркконумдан улам кара кыл аркандын денемди сайгылаштырып кычыштырып жаткандыгын дароо эле унутуп салдым. Бир маалда жыңайлак бутум жумшак нерсеге уруна түшкөндөй болду.

– Чоң ата, токтотуңуз, мен жеттим!,- дедим. Улак дагы ким келди деп коркуп кетти окшойт, маараганын ансайын күчөтүп кирди. Энеси дагы ага жооп кайтарып, жардын башында тынбай маарап жатты. Улакты акырын кармасам, анын денесин дагы калтырак басып, титиреп жатыптыр.

– Жапар, балам, улакты жардан ары карай түртүп, кулатып жибер?!,- деди жар башындагы Султан абам.

– Эмнеге, улак өлүп калбайбы?!,- дедим анын айтканына дегеле түшүнө албай таң калдым. Анткени жардын

алдында чоң таштар, шишелердин сыныктары менен таштанды темир-тезектер көп экендигин бул жерге ойногону келгенде өз көзүм менен далай жолу көргөнмүн.

– Улакты кудай албайт, ал томолонуп-жумаланып түшүп, кайра эле туруп чуркап кетет!,- деди кайрадан жар башында турган Султан абам кыйкырып. Мен бечара улакты аяп турдум. Ал мага көнө түштүбү, эми маарабай, тынып калды. Бирок, денесин майда калтырак басып, дале титирегени токтобой  жатты. Энеси болсо улагын жоктоп, ал маарабай калганга тынсызданып, ансайын күчөп маарап кирди.

– Эмнеге үндөбөйсүң, түртүп кулатып жибер, эч нерсе болбойт!,- деген абам жогору жактан кайра дагы үн салды. Мен болсо абамдын сөзүнө ишенгим келбей, улакты чындап аяп турдум. Эгерде азыр аны жардан ары түртүп, кулатып жиберсем, баары бир улактын бир жери сынып, же майып болуп калаары анык болчу. Мен андай кадамга бара албаймын. Бул менин акыркы чечкиндүү бүтүмүм болду.

– Чоң ата?,-  абама ылдыйдан кайра үн салдым.

– Эмне дейсиң?,-  жогору жактан жооп кайтарылды.

– Мен улакты бекем кучактап, кармап алайын. Сиз бизди тартып алыңыз?!,- дедим.

– Ой, кулагы жок, чунак бала десе, мен айткандан кийин кулатып жибербейсиңби?!,- деген абам эми үнүн бийик, буйрук катары каттуу өктөм чыгарды.

– Жок, кулатпаймын, улак майып болуп калат?!,- дедим мен дагы өзүмдүн оюмду бербей, ансайын көгөрүп, ого бетер кежирленип туруп алдым. Эми абам үн катпай, бир саамга ойлонуп калды.

– Чоң ата?,- деп кайра ылдыйдан үн салдым.

– Эмне дейсиң?,-  чоң атамдын үнү эми жайбаракат, жоошуп калгандай чыкты.

– Анда сиз арканды ылдый түшүрүңүз?

– Аркан кыскалык кылат, жардын түбүнө чейин жетпейт?,- деди абам. Бир топтон кийин абам кайра үн салды.

– Эмне, улакты кулатпайсыңбы?!

– Жок, чоң ата, кулатпаймын!

Мен эми чындап көгөрүп туруп алдым. Түн болсо улам коюуланып, жардын алды дагы, үстү дагы эми мага көрүнбөй, айлана капкараңгы болуп калды. Эми улак экөөбүздүн мындан аркы тагдырыбыз, мындан аркы жаныбыз бир арканга байланып калганына толук ынанып турдум.

– Сен коркпогун улагым, эми анын бизди тартып алгандан башка аргасы жок,-дедим улактын жумшак жүнүнөн сылагылап. Улактын энеси болсо ал маарабай тынып калганга ансайын күчөп, тынбай мекиренип маарап жатты.

– Жапар, балам?

– Угуп жатам, чоң ата?

– Макул балам, сен айткандай болсун. Мен силерди тартып алайын. Эгерде улак тыбырчылап, буттары менен тепкилеп, сенин шаштыңды алып койсо, аны таштап жибергин, өз убалы өзүнө, аны кудай албайт. Даяр болгонуңда айткының?,- деди жогору жактан Султан абам. Мен улакты колумдан чыгарып жибербейин деп бекем кармап, аны каттуу кысып, кучактап алдым. Бечаранын тыбырчылай турган деле алы калбаптыр.

– Чоң ата, тарта бериңиз, биз даярбыз!,- дедим.

Абам акырын арканды тарта баштады. Улак экөөбүз ары-бери чайпалып, акырындап жогору карай көтөрүлө баштадык. Улакты катуу кучактап алганымдан улам анын жүрөгүнүн тынбай түрсүлдөп согуп жаткандыгын денем менен туюп турдум. Султан абам улак экөөбүздү жардан аман-соо тартып алды. Улакты коё берерим менен ал чур-

кап барып, энесинин эмчегин эмип кирди. Улагын мекиренип жыттагылап жалаган энеси эми маарабай, сүтүн агызып, улагына ийип турду. Мага байланган арканды чечкен абам, аны кайра ороп жыйнап туруп, түйүп койду. Улак энесин эмип болгондон кийин абам эчкини жетелеп, мен кайрадан алардын артынан түштүм. Үйдүн тушунда атам бизди күтүп туруптур.

– Кармалып калганыңардан улам барсамбы деп калдым эле?,- деди атам.

– Садык, сага бир нерсени айтып коёюн, буйруса балаң элинин кызматына жараган эстүү жигит болот. Азаматсың уулум, ылайым кудайым өмүрүңдү берсин,- деген Султан абам көкүлүмдөн сылап койду.

– Аке, чай ичип кетиңиз, оокат даяр?,- деди атам абама.

– Рахмат, Садык, барайын, жаман чалым кечикти деп кемпирим да камтама болуп жатса керек,- деген абам эчки менен улагын жетелеп, түнкү жолун улады.

* * *

Айлыбызда Кайры деген кемпир жашаган. Анын таенеси өзбек, таятасы тажик, чоң атасы менен энеси таза кыргыздар болгон деп калышчу. Эл кадырлап сыйлаган Кайры энебиз кыргыздын таза баласы Сатар молдого турмушка чыгып, беш уул, бир кыздуу болушту. Сатар абабыз илимдүү киши болгон экен. Араб тилин Бухарадагы медреседе окуп, аны жатка билип, эркин сүйлөгөн Жедигер айылындагы сабаттуу жана калыс аксакал бий болгон дешет аны жакшы билгендер. Ислам дини боюнча китептердеги курандар менен сүрөөлөрдү дагы жатка билгендиктен алыс-жууктан келишип, андан таалим-тарбия алып кеткендер да көп болуптур.

Сатар ababыз Совет бийлигине чын ыкласынан жана ак дилинен кызматын өтөгөн. Ленин түзгөн Совет бийлигинин алгачкы жылдарында Базар-Коргондогу бир катар токой чарбаларында токтойчу болуп иштептир. Сатар молдо абамдын үйү айылдагы башка үйлөрдөн айрымаланып, анын короосунда жаңгак, өрүк, алмурут менен түркүн сорттогу алмалар бакыйып өсүп, айыл ичинде бакзарлуу үй катары өзгөчөлөнүп турчу. Фрунзе атындагы колхоз уюштурулуп, көчүрмө жылдары балдары Кызыл-Ай айылына көчүп барып, отурукташып калышты. Эл- журтка чоң кадыры бар Кайры кемпир болсо келгин куш сыңары жаз келгенде уйлары менен койлорун бул жакта багып, кеч күздө кайра балдары мал- жаны менен Кызыл-Айга көчүрүп кетишчү.

Кайры кемпирдин балдарынын кенжеси Медер медицина институтунда үчүнчү курска чейин окуп жүрүп, кийин негедир аны бүтүрбөй армияга кызмат өтөгөнү кетип калды. Балдарынын эң кенжеси болгондуктан атасынын конушу - Сатар молдонун үйү анын энчисине тийди.

– Ээ, Жапар жээним, убагында окуунун кадырын барктабай көпкөн экенмин. Дос-жоролор, тели-теңтуштар менен кафелерден чыкпай, чардап жүргөн кездер көп болду. Бир жолу окуудан чыгарып салганда Ашым акем кайра сүйлөшүп киргизип койду. Кийинкисинде өзүм намыстанып, армияга кызмат өтөгөнү кетип калдым. Кийин кайра окуумду улантсам болмок, бирок моюн жар бербеди. Бешенеге жазганы ушул экен, анан үйлөнүп, бала-чакадан кол бошобой калды. Өзүң деле окуп жатпайсыңбы, аракетчил студенттерди мугалимдер дайым колдоп келишкен. Азыр болсо жогорку окуу жайлары самандай көбөйүп, контрагын төлөп койсоң болду, курстан- курска көчө бересиң. Мугалимдериң болсо кол эле карап турушат?,- деп калчу Медер таякем менен сүйлөшө келсең.

Медер таякемдин бир жакшы сапаты көркөм адабият дегенде эт-бетинен кетчү. Советтик адабият менен кыргыз адабиятынын классик жазуучуларынын чыгармаларын бирин калтырбай окуп чыккан. Ал түгүл дүйнөлүк адабияттан дагы кеңири кабардар болчу. Каникулга келген сайын таякеме көркөм адабий китептерден такай ала келчүмүн.

Бир ирет таякеме Гарсиа Маркестин «Жалгыздыктын жүз жылы» романы менен «Полковникке эч ким кат жазбайт» аттуу повестин алып келдим.

– Таяке, ушул жазуучу Айтматов менен жашташ. Экөө тең 1928-жылы туулган. Былтыр Нобель сыйлыгына ушул эки жазуучу көрсөтүлүп, Маркес жеңип кетти,- дедим.

– Койсоңчу, болушу мүмкүн эмес! Азыр Айтматовдон өткөн күчтүү жазуучу дүйнөдө төрөле элек!,- деди таякем.

– Мен деле кыргыз катары Чыңгыз Айтматовду пир тутамын. Болгону, мен сизге болгон фактыны констатациялап гана жатамын,- дедим.

– Макул, алгач бул «иттин баласын» окуп чыгайын. Калганын анан сүйлөшөлү,- деген таякем китепти окуп чыкканы алып кетти. Ал эки күн катары менен сыртка чыкпай китеп окуду. Үчүнчү күнү кечинде баласы Абдумалик келди.

– Жапар аке, биздикине барып чай ичип келиңиз?,- деп чакырып кетти. Барсам жеңем менен таякем дасторконун жайышып, мени күтүп олтурушуптур.

– Келиң бала, чайга мына чакырабыз, ана чакырабыз деп жатып, убакты-сааты бүгүн чыгыптыр,- деди Төркүн жеңем.

– Кел, Жапар, төргө өт,- деди таякем.

– Таяке, төр сиздики, мен мындай эле олтурайын.

– Жок, сен меймансың, бул менин үйүм,- деген таякем ой-боюма койбой мени төргө чыгарды.

– Окууларыңыз жакшыбы, бала, дагы канча жыл окуйсуз?,- деди жеңем.

– Аз калды, жеңе, дагы бир жыл окусам бүтөмүн.

– Жапар, тамактын алдында тигинден кичине сеп этелиби?,- деди таякем телевизор коюлган столдун үстүндөгү орус арагын көрсөтүп.

– Жок, ырахмат таяке, билесиз го мен ичпеймин,- дедим.

– Туура кыласың, жээним, ушунун кесепетинен мединститутту бүтпөй калбадымбы,- деди оор үшкүрүнгөн таякем. Үндүктүн этине демделген даамдуу палоону жеп болгондон кийин көк чай ичип, божурашып аңгемелешип олтурдук.

– Төркүн, алчы тигил китепти мага?,- деди таякем жеңеме.

– Бала, таякеңиз бул китепти эки күн бою бүктүшүп жатып алып окуду. Мынча кызыктуу китеп болуп кетти экен деп, ачып окуп көрөйүн десем орусча жазылыптыр,- деди жеңем.

– Кыргызча жазылганда деле сенин тишиң бул китепке өтмөк эмес,- деген таякем жеңемди кагып койду.

– Гарсианы окуп чыктым. Ойлору мага өтө эле абстрактуу сезилди. Чындыкка, турмушка төп келбеген жазуучунун фантазиясы чыгармасында басымдуулук кылып кеткен, кандай дейсиң?,- деген таякем мага кайрылды.

– Таяке, бул деген илимий китеп эмес, көркөм адабият. Жазуучуга окурмандарга өз оюн толук жеткирүү үчүн көркөм салыштырууга, ойлордун ар түрдүүлүгүнө жана фантазияга кеңири жол берилет да,- дедим.

– Сен эмне, муну Чыңгыздан бийик турат дегени турасыңбы?,- деген таякемдин жини келе түштү.

– Жок, таяке, мен экөөнү бир катарга коёр элем. Экөө тең доордун күчтүү, алп жазуучулары. Гарсиа канчалык кыйын болбосун «Саманчынын жолун», «Жамиланы» жаза алмак эмес. Бирок. Гарсиа Нобель сыйлыгын алып кетти,- дедим.

– Кеп сыйлыкта эмес, кеп анын окумдуулугунда. Чыккан китептеринин тиражы боюнча кимиси алдыда?,- деди таякем.

– Азырынча Гарсиа алдыда,- дедим.

– Кысталак, карасаң, ушундай дечи, мурутуң өрттөнгүрдүкү!,- деген таякем китептеги колумбиялык жазуучунун сүрөтүн жактырбагансып карап койду.

– Таяке, экөөндөгү бир окшоштукту байкадыңызбы?,- дедим.

– Байкадым, «Жалгыздыктын жүз жылы», «Кылым карыткан бир күн», романдарынын аталыштары үндөшүп турат,- деди таякем.

– Жарыктык десе, бул деген болгону сырткы эле көрүнүшү, темалардын гана окшоштугу. Кеп, жазуучулардын экөө тең чыгармаларын мен деген автордук баяндоо менен берип жаткандыгында. Эки жазуучуда тең ойдон чыгарылган, тиричиликтеги окуялар жана мифологиялар менен турмуштун реалдуу чындыгы камыр-жумур болуп жуурулушуп, куюлушуп, анан синтездешип, сиңишип кеткендигинде болуп жатпайбы? Булардын чыгармаларынан кайсыл жерде турмуштун чындыгы, кайсыл жерде ойдон чыгарылган мифология менен уламыштар камтылгандыгын аңдай албай калып жатпайбызбы? Улуу жазуучулардын кыйындыгы ушунусунда,- дедим.

Биздин сөзүбүз жеңемди тажатып жиберди окшойт, мен ишимди кыла берейин деген таризде ал ордунан туруп, сыртка чыгып кетти.

– Чириген бай капиталисттер сыйлыкты дагы жең ичинен өздөрүнө ыйгарып алышса керек. Чыңгызга эч ким тең келе албайт. Айтматовдой жазуучу кылымда бир гана жаралат!,- деген таякем ордунан туруп, орус арагы менен эки стаканды дасторконго койду.

– Мындан алып жибербесек негедир сөздөрүбүз коошпой жатат. Кантип эле Чыңгыздан күчтүү жазуучу болуп кетсин?,- деген таякем куюлган арактын бирин мага сунду.

– Кел, жээним, тынччылык болсун, Айтматовго кудай өмүр берсин!,- деген таякем стаканды кагыштырып туруп алып, жиберди. Карап турмак белем, мен дагы алып жибердим.

– Таяке, Карпов менен Каспаров - дүйнөдөгү эң күчтүү шахматисттер. Экөө тең дүйнөнүн чемпиондору болушту. Мен ойлойм, Айтматов менен Гарсиа да дүйнөнүн күчтүү жазуучулары. Кеп, алардын, эки кыйын жазуучунун бир доорго туш келип калгандыгында болуп жатат. Экөө эки доорго туш келсе оң болмок беле?,- дедим. Дагы бирден сеп эткенден кийин сыртка чыктык. Медер таякем фильтирсиз «Прима» сигаретин тамызды.

– Айтматов чылым чекпейт, ал эми Гарсиа сигарет менен сигараны өкүртө чегет экен деп уктум,- дедим.

– Эмки келгениңде экөөнүн жаңы чыгармаларынан ала кел. Азыр Чыңгыз кайсыл чыгармасын жазып жатат?,- деди таякем.

– Угушума караганда «Тоолор кулаганда» деген романын баштаптыр. Философиялык ойлор кенен камтылган татаал чыгарма деп жатышат,- дедим. Таяке жээн баары

бир трайбализмге азгырылып, Айтматовду Гарсиадан бир сөөм жогору коюп салдык.

– Чыңгыздан ашкан жазуучу бул дүйнөдө али төрөлө элек?,- деди таякем коштошордо.

* * *

Так эсимде калбаптыр, кайсыл бир жылы кыш оор түшүп, февраль айында бир эле түндө бир метрге жакын кар жаап салды. Арадан үч күн өткөндөн кийин айылга жол тарттым. Элдин баарынын алма бактары оор карды көтөрө албай шактары айрылып, айрымдары түбү менен омкорулуп калыптыр. Бир гана алма бактар кыйрабастан, жаңгактар менен өрүктөрдүн бутактары айрылып, ал түгүл теректер дагы оор карды көтөрө албай ийилип сынып, келтирилген чыгашалар түзүк эле болуптур. Бирок, таң калыштуу жери Медер таякемдин короосундагы ар түркүн сорттогу алма бактарынын бири дагы зыянга учурабаптыр. Жаңгактары менен теректеринде оор карды көтөрө албай бутактары айрылып, сынып кыйрагандары бар экен.

Кыш чилдеси өз өкүмүн жүргүзүп, сырттагы сууктан ит өлчүдөй. Түкүргөн түкүрүгүң жерге түшпөй, музга айланып тоголонуп кетет. Инимдин ысык үйүндө чай ичилип бүткөн соң келиним Айнашка кайрылдым.

– Медер таякемдер жакшы жатышабы?

– Өкүл атамдын табы жок, төрт күндөн бери төшөктөн турбай үйүндө жатат,- деди келиним.

– Мен анда таякемдин ал-ахыбалын сурап коёюн,- деп алардын үйүнө жөнөдүм.

– Жапар, кел жээним, иштериң жакшыбы?,- деди төшөктө жаткан таякем.

– Кудайга шүгүр, элдин катарында кыбырап иштеп жүрөбүз,- деп кол алышып учураштым.

– Сизди табы жок дегенинен кабар алып, амандашып чыгайын,- деп келдим.

– Абдан туура кылыпсың, жата берип зээригип да кеттим,- деди таякем. Жаактары шимирилип, кыйла арыктай түшкөнү көзгө дароо урунду.

– Ээ, жээним, келгениң аябай жакшы болбодубу, бир чер жазышып, сүйлөшүп алат экенбиз. Өзүң билесиң, «алма быш, оозума түш» деген заман эчак өтүп кеткен. Өткөндө кар калың жааганда, ишенсең түнү менен уктаганым жок. Күндүзү жааган карга эле бак-дарактардын шактары көтөрө албай ийилип калган. Алма алам десең, аны бапестеп карай дагы билишиң керек, жээним. Кышка карата жыйылган отундардын арасынан узун каккыч даярдап, түнү менен көз ирмебей алма бактарынын бутактарына жабышкан карларды каккыч менен ургулап, дарактарды силкилдетип, жабышкан карларды түшүрүп чыктым. Аракетим текке кетпеди, бактарым кыйрабай аман калды. Коңшу-колоңдорго дагы айтканмын, бир күндүк уйкуңарды кечип койгула, «бир күн миң күн эмес», дарактарга жабышкан карларды кол же каккыч менен силкип, жеңилдетип тургула дегенмин. Эч кимиси кулак салбады. Поезд кеткенден кийин Асан досум менен Муктар жээн келиптир. «Ошол күнү биз деле уйкуну кечип койсок болмок экен» дешет. Алма болуп берсе инилериңдин окуусуна, кийим- кечесине пайдасы тийбей койбойт,- деди таякем.

Ошол жылы Жедигер айылы боюнча Медер таякемдин алмасы гана болду. Андижандан келген өзбек соодагерлер алманы өздөрү терип алышып, жакшы баада соодалашып кетишти. Ошондон тарта таякем Медерди айылдын «Мичурини» деп калышты.

* * *

Байгожо чалдын баласы Сооронбай көп жылдар бою Кызыл-Ай айылында жашады. Өз убагында үй-бүлө күтүп, алты уул-кыздуу болду. Кезинде өз ишин мыкты билген айдоочу болгон деп коюшчу. Жашы элүүлөрдөн ашкандан кийин балдарын Кызыл-Айга калтырып, атасынын журтуна, эски үйүнө көчүп келди. Көчүп келгенден көп өтпөй биринчи аялы каза болуп калып, үч-төрт жылдай башы бош жүрүп калды. Айылдагы бир топ жесир келиндерге жуучу салдырды эле бири дагы көнбөй коюшту. «Сооронбай жалкоого тийгендин өз шору, аны багасыңбы же өзүңдү багасыңбы. Аны билбеген эле шор пешене тийбесе ага эч ким тийбейт» дешти жесир келиндер бир ооздон. Жээни Арапбай башка айылдан кара торунун жылдыздуу жаш келинин көндүрүп алып берди. Ал аялы дагы чубуртуп эки кыз, эки уулду төрөп берди.

– Катынга тийип койсоң эле болду, анан өзү эле төрөй берет,- дечү Сооронбай жалкоо досторуна корстон боло сүйлөп.

– Башка иш колдон келбесе да, бул жагынан мени кудайым өксү кылган эмес. Жесир келин-кесектер арагы менен оокат-аштарын даярдап, жашыруун түнкү меймандылыкка чакырып турушат. Иш-тажрыйба керек болсо, кой союп чакырсаңар, бөлүшөмүн «мадыра баштар» деп каткырган Сооронбай досторун тамашалап, «өрдөгүн учурганды» аябай жакшы көрөт.

– Жалкоолук боюнча дүйнөлүк чемпионат өткөрүлсө Сооронбай сөзсүз биринчиликти алмак!,- дейт анын жакын досу Жакып.

– Кудайдан жөө качкан бул жалкоого иштерман аялдар туш келип, уул-кыздарынын эстүү чыгып калгандыгын карабайсыңбы. Эгер бул аял болуп төрөлүп калганда барбы, күндө күйөөсүнөн көк чаначтай таяк жеп жүрүп өтүп кетмек экен шордуу. Кудайымдын кең пейилдигине арга жок, мунун эки бутунун ортосуна кичине нерсени илип койгонун көрбөйсүңбү. Бул өзү болгону тулкусу курулай шагыраган бир кап жаңгак да!,- деп кейип калчу досу Жакып.

Эл ушунтип айтканы менен кайсыл жерде той-тополоң болобу, ашар болобу, же чөп жыйыш керек болобу Сооронбай жалкоо катышып, аралашпаса ал тузу кем тамак сыяктуу болуп калат. Тили менен иштин баарын бүтүргөн Сооронбай болбосо элдин жарпы жазылбайт.

Жылда эрте жазда айыл эли жапа тырмак Ой- Жаңгактын тушунан айылдын баш жагына жайгашкан көлмөгө жана айылга кетчү арыкта суу жакшы аксын дешип, ашар ыкмасы менен жапа тырмак арык чабышат. Арык чапмай ашарга эл көпчүлүк катышып, ишти түш оой бүтүп калышты. Ашарчыларга ар бир үйдөн ар кыл тамактар жасалып чыгарылды. Андан бир күн мурда Сооронбай «бөдөнөнүн сүтүнө» олда катыра тойгон болчу. Келген тамактарга такыр табити тартпай, таңдайы каткан ал муздак булак суусун алдырсам дегенде эки көз төрт болуп, ылайыктуу адам таппай турду. Бир маалда бетин сепкил баскан Карынбайдын сапсары баласы Каныбек Сооронбай олтурган топко келип кошулуп, алардын четине көчүк басып, олтуруп калды.

– Айланайын аяш уулум, Каныбегим өзү тил алчаак, элпек бала. Кудай буйруса Каныбек аяш уулум үйлөнсө өзүм өкүл ата боломун. «Элдин кичүүсү болгончо, иттин кичүүсү бол» деп коёт. Садагаң кетейиним, тигил чоң чай-

некти алып, колоттон булактын муздак суусун алып чыга койчу, аяш уулум?,- деген Сооронбай балага кайрылды. Аны жактыра бербей караган бала «шык» деп башын чайкап койду. Ысыкта суу ташып, ага зарыл келиптирби.

– Каныбегим, өзү «атка жеңил, тайга чак», азыр жүгүрүп барып, булактын суусун алып келе коёт, туурабы аяш уулум?,- деген ал эми Каныбекке жалдырагандай өтүнүч менен муңайым карады.

– Ысык боткодой мынча жабыштың? Балээңе суу керекпи, өзүң барып алып келип ич, мен сага суу ташыгыдай малайың белем? Тапкан экенсиң майбашты!,- деген Каныбек атасындай болгон Сооронбайдын шагын сындырып койду.

– Менин балам, аяш атасына ушинтип анда-санда эркелеп коёт. Азыр чайнекти алат да, эпилдеп суунга чуркап барып келе коёт,- деген Сооронбай акыркы үзүлбөгөн үмүтү менен ага жалдырай күлүмсүрөп карады.

– Эй, чанач, суу керекпи, өзүң алып келип иче бер. Тим койсо баятан бери жаагың тынбай какшайсың да!,- деген ал ордунан шарт туруп, үйүн көздөй жөнөп берди. Ал жерде олтургандардын баары боорлорун тырмап «аяш ата менен аяш уулдун кылыгына» кыраан-каткы түшүп, күлүп калышты. Баятан бери балага жалбарып жаткан Сооронбайдын муңайым жүзү заматта карарып, жүзү өзгөрүлө түштү.

– Кысталактын баласы десе, сага короткон кайран сөз. Сен Карынбай аябай мас болуп келген түнү адашып жаралып калган окшойсуң. Бул кейпиңде сен адам болуп жарыбайсың. Карынбай досум менен аяшымдын шору бар экен, аларды дагы далай какшатасың го бул кейпиңде!,- деген Сооронбай эми суунга кимди жөнөтсөм деп, отургандардын арасынан «тил алчаак» элпекти издей баштады.

* * *

Айылымда ар кыл мүнөздөгү, ар түркүн тагдырдагы жердештерим жашайт. Бирок, алардын баарынын башын бириктирген улуу ынтымакчылык менен ширелишкен болоттой бекем элчиликтин бардыгына, элимдин кеңпейилдиги менен меймандостугуна ар дайым жараткандан шүгүрчүлүк келтиремин. Тагдырыма буйруган экен, маңдайыма жазылган экен эл аралап, жер кезип Вашингтондо, Лондондо, Варшавада, Ярославль менен жердин түбүндөгү Сахалин аралында болдум. Жаман эл, жаман жер болбойт. Ал шаарлар канчалык кооз болбосун, элдери канчалык сый-урматын көрсөтпөсүн балалыгым калган кичи мекеним ар дайым менин көзүмдөн учуп, мени өзүнө тартып, ар дайым сагындырып келет. Орус жазуучусу Иван Тургеновдун «Ата-Журтуңдун түтүнү да жыпар жыттанат» деген салыштыруусунун таамайлыгына чындап ынанып, башымды ийдим. Түндө түшүмө аян болуп айылым кирди. Ата-журтка болгон кусалыктан, көөдөн тепкен жүрөгүм бол бачым, кеттик, кеттик эле дегендей тынбай уруп сокконсуйт. Кудай жолумду ачса, эртең айылыма жол тартамын…

***Август айы, 2004-жыл.***
***Жалал-Абад шаары***

# КОРОЛЕВАНЫН УЮ

*(Аңгеме)*

Тимур жердин түпкүрүнө жайгашкан, болгондо да түз эле аскалуу тоого барып такалган жаңгактуу токой ичиндеги мындай айылга туш келем деп үч уктаса түшүнө кирген эмес. Район борборунан жүз чакырымдай алыстыкта жайгашкан Акжар айылына түн ортосунда, эл жайлаар маалга кирип келишти.

– Мына айылга да жетип келдик, бүгүн меникинде konok болосуң,- деди шопур Аскар. Тимур чоң чемоданын көтөрүп, Аскардын артынан ээрчиди.

– Сайкал, конок алып келдим, биздин мектепке жаңы мугалим келди,- деди Аскар.

– Куш келипсиз, үйгө кириңиз,- деди башына гүлдүү жоолук салынган элеттик чырайлуу келин.

– Айылыбыз менен эртең жарыкта таанышасың, бул жер сага жагып калаарына ишенемин. Көрөсүң, бир аз жашагандан кийин бул жерден түк кеткиң келбей калат,- деди Аскар.

Узак жол жүргөнгө эзилип чарчап калгангабы Тимур ойгонгондо күн кыйла көтөрүлүп калган экен. Сыртка чыккан Тимур көргөн көзүнө ишене албай, бир ордунда селейип каткан боюнча туруп калды. Аскардын кең короосунда кызыл, сары, көкмөк болгон алма бактары шактарын көтөрө албай ийилип турду. Ал эми кашага тосмонун ары жагында алмалары бир аз майдарак келген жапайы алма дарагы, кызыл, саргыч жана карамтыл көгүш тарткан жапайы алчалар, дарактын алпы болгон

жаңгактар дүпүйүп, айлананы ээлеп, курчап турду. Тимур «Арстанбап – жердин бейиши, жаңгак көп өскөн ар кыл аралаш дарак токойлорунун керемет мекени» деп айткан декандын сөзүн эстеди. Токой ичинен миң түркүн куштардын безеленип сайраган үндөрү шаардан келген Тимурдун кулагына бир башкача жагымдуу угулуп турду. Эки-үч үйдөн кийинки көчөдөгү калган үйлөр дарактардын көптүгүнөн жана бийик өскөндүгүнөн улам көрүнбөй турду.

Чай ичилгенден кийин Аскар Тимурду мектепке алып келди. Жаңы окуу жылы башталарына саналуу күн калгандыктан мектеп мугалимдеринин баары – он бири тең мектепте экен.

– Келгениң абдан жакшы болуптур. Алыскы айыл дешип негедир жаш мугалимдер бизге анча келе беришпейт,- деди элүүлөр чамасындагы көз айнек тагынган мектеп директору Касымбек агай.

– Мага сенин келээриңди күн мурунтан айтышкан. Бүгүн жашай турган жериңе алпарып, сени Кайрынса эне менен тааныштырайын. Эртеңден баштап мектепке келе берсең болот,- деди директор. Мектептин кире беришинде №18 Катар-Жаңгак орто мектеби деген жазуу бажырайып илинип турду.

Кайрынса кемпир жетимишти таянып калыптыр. Эки кызы турмушка чыгып, колунда 6 класста окуган небереси Айбек бар экен. Тимурга үйүнүн жанына салынган чакан эки бөлмөлүү үйдү даярдап коюшуптур.

Сентябрь айы кирип келип, жаңы окуу жылы башталып кетти. Тимур 5 класстан тартып, 10 класстардын окуучуларына англис тилин окута баштады. Университеттен алган билимин, окуткан мугалимдердин берген кеп-кеңештерин жана практика учурунда үйрөнгөн усул-

дук ыкмаларды балдарга сабак өтүүдө кеңири колдоно баштады. Англис тилин кошумча окутуу боюнча атайын кружок да ачып салды.

– Балдар, кыздар, эне тилибиз болгон кыргыз тилинен сырткары орус, англис жана башка чет тилдерди жакшылап үйрөнүп алсаңар анын эч зыяны болбойт. Канча тил билсең, ошончо дил билген болосуң. Чет тилин үйрөнүп алсаңар турмушта анын пайдасы тийбей койбойт,- дейт Тимур балдарга сабак өтөөр алдында. Тимурдун аракети болдубу, же чындап эле окуучулардын англис тилин үйрөнүүгө болгон кызыгуулары ойгондубу, айтоор жылыштар акырындап сезиле баштады.

Тимур мектепте чет тилин окутуу менен эле чектелип калбастан, айыл турмушу, анын эли менен жакындан тааныша баштады. Кээде колу бош болуп калганда шопур Аскардын үйүнө барып, бир топко чейин чер жаза сүйлөшүп олтуруп келет. Аскар болсо «мен сени ушул жерден үйлөп, алып каламын, Сайкал жакшы кыздардан караштыра бер» деп аялына тамаша сөз ыргытат. Анда Сайкал «агайдын өзүнүн сүйлөшкөн кызы болсо керек»,- деп калат.

Кайрынса кемпирдин тушундагы үйдө 3 жаш кызы жана бир баласы бар аял жашайт. Чоң кызы Сайрагүл 6 класста, андан кийинкиси Кайыргүл экинчи класста, 6 жашар Нургүл менен 3 жашар көкүрөк күчүгү Талант али жаш бала. Бир ирет Кайрынса кемпир, небереси Айбек болуп чай ичип олтурушканда Тимур кемпирге кайрылды:

– Эне, тигил туштагы кошунаңыздын күйөөсүн такыр көрө элекмин, башка жакта иштейби?,- деди Тимур.

– Аа, шоруң каткыр Зымыратты айтып жатасыңбы? Күйөөсү колунан көөрү төгүлгөн уста жигит болчу. Та-

мын салып бүтөөрү менен каттуу ооруп, төшөктөн турбай жатып калды. Доктурга деле алып барышты, жардам болбоду. Ооруканадан жаны үзүлүп калды. Кайын- журту деле өп-чап жашашат окшойт деп калдым. Анан калса ар кимдин өзүнүн тиричилиги бар эмеспи. Зымырат болсо тың келин, бечара. Балдарымы бутуна тургузушум керек деп жан алы калбай, тырмаландап тынбай тырмышып иштеп келет. Чиедей жетиле элек балдарын бечара өзү эптеп жалгыз багып келе жатат. Жетим жетилет дейт, эртең эле кыздары чоңойуп калса, апасынын оорун колдон, жеңилин жерден алып калышаар. Кыздары менен баласына кудайым ылайым өмүр берсин, кыздары абдан эстүү жана элпек. Өлгөндүн өзүнүн эле шору дегендей кишинин момуну болгон Калдарбай уста болсо кете берди. Зымырат балдарына жарыбаган пособие алат. Ал кийимине жетеби же тамагына жетеби?,- деген кемпир анда оор үшкүрүнүп.

Тимур бир күнү кружогун өткөрүп, үйгө кечирээк кайтты. Кемпирдин үйүндө бакылдаган адамдын үнү угулуп жатты. Бир маалда Айбек баш багып, тамак ичүүгө Тимурду чакырып кетти. Тимур кемпирдин босогосуна келгенде мал доктур Ашырбай кемпир менен небересине уй туурасында астейдил аңгеме дүкөн куруп жатыптыр. Ичип, бир топ кызып калган кишинин үстүнө киргенге негедир Тимурдун буту тартпай турду. Мал доктур Ашырбай болсо бакылдап сүйлөп жатты:

– Эне, биз кыргыздар, чын-чынына келгенде уй жаныбарды анчалык кадырлап сыйлабайбыз. Анын баркына жетпейбиз. Уйду индия эли сыйласын. Алар уйду тим эле өздөрүнүн кудайындай ыйык көрүшөт. Огородуна кирип калса кууп айдап чыкпайт, качан кенен тоюп, өзү чыкмайынча тим коюшат. Көчөдө жатса анын тынчын албай

адамдар гана эмес, машиналарын дагы бипилдетпей айланып өтүшөт. Индиялыктар уй сүт бергени үчүн терең аздектешет. Уй дегениң, ойлоп көрсөң энекебай, өзүнчө эле тирүү басып жүргөн завод эмеспи. А биз, кыргыздар эмне кылабыз? Кашаңдан эле өтүп калсын бешилик менен жара тарткандан кайра тартпайбыз. Индияда жашаган уйлар абдан бактылуу,- деген мал доктур Ашырбай пиyaладагы арагын лак эттирип жутуп жиберип, бети-башын кызыктай тырыштырып туруп, башындагы эски калпагын жыттап калды.

– Эне, мен сизге айтып коёюн, индиялыктар уйдун этин такыр жешпейт. Алар дегениң, уйду өздөрүнүн кудайындай ыйык көрүшөт деп айтпадымбы. Индиянын уйлары чындыгында жолдуу, анан калса ооматтуу жаныбарлар. Ал эми биз кыргыздар эмне кылабыз, биз уйдун этин былчылдатып жыргап гана чайнап жейбиз. Эт саткан касапчыларга баш баксаң кой менен жылкынын этине караганда уйдун эти арбын. Кыргызстандагы уйлар накта шору каткандар экен деп койдум, энекебай. Байкасаңыз, уй деген жаныбар чынында касиеттүү, өзүнө урмат-сыйды талап кылган мал эмеспи. «Бир уйду мүйүзгө чапсаң, миң уйдун мүйүзү зыркырайт» деген сөз жөн жеринен айтылбаган. Уйлар союлган малдын канын туюп калышса тим эле барбы, ал жерди айланчыктап кетпей топтолуп алышып, мөөрөп боздошчуудай болсо барбы, адамдардын өкүрүгү шоона эшпей, бул жакта эле калат. Муну кыргыздар аңдашпайт, индиялыктар жакшы билишет, алар уй менен кошо кайгырышат,- деди мал доктур Ашырбай.

– Койсоңчу, кайдагы шумдукту айтасың, тобоо келтир!,- деди кемпир жакасын карманып.

– Ай жарыктык, мага ишенбесеңиз мугалим жигиттен сураңыз?

– Эй, балам, агайыңды тамак ичкенге чакырдың беле?,- деген кемпир небересине кайрылды. Мен калп эле жөтөлүмүш болуп, үнүмдү кыра жасап, босогону аттап кирип келдим.

– Мына мугалим бала өзү дагы келип калды,- деген Ашырбай мал доктур ордунан турбай мени менен кол алып учурашты.

– Иним, бул караңгы жарыктыкка индиялыктар уйду кандай сыйлаарын айтсам, түк түшүнбөй жатат?,- Дегин-киси кемпирде да күнөө жок, аны түшүнсө болот, билими болбосо, өмүр бою ушул айылдан сыртка чыкпаса, караңгы болсо кайдан билсин,- деп койду Ашырбай мал доктур. - Ии, баса, индиялыктар жалаң англис тилинде сүйлөшөт, туурабы иним?,- деген ал мага кайрылды.

– Туура, Ашырбай аке, Индия 300 жыл бою Англиянын колониясы болгондуктан англис тили аларда мамлекеттик тил катары саналат,- дедим.

– Мына, көрдүңүзбү эне, илимдин адамы бар жоктон кабардар болот. Ка-аап, мен Индияда жашаганымда кандай бактылуу адам болоор элем. Алардын кудайындай кастарлаган уйларын дарылап, кадыр-барктуу, анан эң башкысы акчалуу бай адам болуп жашамакмын!,- деди мал доктур Ашырбай.

– Мына мени эле алалы, бүгүн мен өз жанымдан энемин уюна укол сайдым, ал болсо бир шише арагын куюп, колума беш сом карматты. Бул деген адилеттүүлүккө жатпайт. Анын ордуна индиянын кемпири болгондо колума беш миң рупий карматмак, туурабы иним?,- деди менден колдоо күткөндөй Ашырбай мал доктур. Мен ооба дегендей башымды ийкедим.

Ушул саам Тимур Габриэль Маркестин «Жалгыздыктын жүз жылы» аттуу романындагы:

– «Төлдөгүлө, уйларым,- деп кыйкырып жатты Аурелиано Екинчи кубаныч менен шаттыктын жагымдуу талмасы астында. - Төлдөгүлө - өмүр ансыз деле өтө кыска!» деген саптарын эстеп, жылмайып койду. Негедир ушул саам Ашырбай мал доктур Аурелиано Екинчиге аябагандай окшошуп турду.

– Жер жүзүндө эң бактылуу уйлар -- бул индиянын уйлары. Индиянын эли гана уйду чындап барктай жана сыйлай билишет, аны биз гана баалабайбыз! Ашырбай кеткенден кийин Айбек  мага кайрылды:

– Агай, индиянын эли чындап эле уйду ушунчалык катуу сыйлашабы?,- деди.

– Ооба, индиянын калкы уйду дүйнөдөгү эң ыйык мал деп санашат,- дедим.

– Индиянын эли жалаң англис тилинде сүйлөшкөндөрү дагы ырасбы?,- деди Айбек.

– Индияда англис жана хинд тилдери бирдей мамлекеттик тил катары колдонулат,- дедим Айбекке.

* * *

Айылдагы окшош күндөр билинбей өтүп жатты. Тимур берген англис тили окуучулардын сүйүктүү сабагына айланды. Кружокко жазылгандар улам көбөйүп жатты. Мектеп директору Касымбек агай калган мугалимдерди да Тимурдан үлгү алгыла деп уяткарчу болду.

– Англис тилин канчалык мыкты өздөштүрбө математиканы жакшы билмейин, сен эч ким эмессиң!,- деген Сооронбай чычалап калчу болду.

– Сага эч ким каршы эмес, сен дагы окуучулардын математикага болгон кызыгууларын, анан алардын ма-

тематикага болгон сүйүүлөрүн ойгото бил. Бир сабакты экинчи сабактан өйдө койгонду сенден экинчи укпагыдай болоюн!,- деген мектеп директору Сооронбайды катуу кагып койду.

Жаңы жыл жакындап, балаты майрамына катуу даярдыктар көрүлө баштады. Башталгыч класстардын окуучуларына райондук билим берүү бөлүмүнүн профсоюздук уюмунан колдоо көрсөтүлүп, ар кыл таттуулар менен мөмө-жемиштерден атайын белектер даярдалды. Жаңы жылга үч күн калганда мектепте жаңы жылдык балаты майрамы өткөрүлдү. Эң кызыгы жана эң башкысы буга чейин мектептин турмушунда болуп көрбөгөн өзгөчөлүк, жаңылык болду. Окуучуларды Жаңы жыл менен бир гана Аяз ата менен Аяз кыз гана куттуктабастан Санта Клаус кошо куттуктаганында болду. Аяз ата менен менен Санта Клаустун ортосундагы бир гана айрымачылык: Аяз атада узун тон болсо, экинчисинде кыска кышкы тон болду. Анан дагы бир өзгөчөлүк Аяз ата ата-энелер менен окуучуларды кыргыз тилинде куттуктаса, Санта Клаус болсо окуучуларды жана келген меймандарды англис тилинде куттуктады. Жаңы жылдык балаты майрамына Санта Клаустун келиши коноктор менен окуучулар үчүн күтүлбөгөн, эсте калаарлык унутулгус окуя болду. Санта Клаус жогорку класстын окуучуларына англис тилинде суроолорду берип, ошол тилде жооп бергендерге дептер, ручка жана китептерди белек катары тартуулады. Күн мурунтан даярдалган программа боюнча кыргыз. орус жана англис тилдеринде ырлар ырдалып, майрамдык кече өтө шаңдуу, абдан кызыктуу өттү. Ошентип, окуучулар кышкы каникулга тарап кетишти.

* * *

Көп балалуу Зымырат мектепте пол жуугуч болуп иштейт. Эртең менен таң заарында жана кечинде ал мектепте болгондуктан, кээде анын кенже балдары апасы мектептен келгенге чейин Кайрынса кемпирдикинде болушат. Тимур жаңы жылдык балаты майрамын өткөрүп үйүнө келсе Зымыраттын кенже кызы менен баласы кемпирдикинде экен. Кайрынса кемпир баш болуп, баары чогуу чай ичкен соң, Тимур Кайыргүл менен үкөсүн өзүнүн бөлмөсүнө чакырды. Экөөнө бирден момпосуй карматкан соң ал Кайыргүлгө кайрылды:

– Кайыргүл мен эртең шаарга кетемин. Каникул учурунда ата-энем жана бир туугандарым менен учурашып келейин деп чечтим. Сага бир сыр айтсам, эч кимге айтпайсыңбы?,- деди Тимур Кайыргүлгө.

– Жок, агай, эч кимге айтпаймын,- Кайыргүл агайына таң калгандай суроолуу карады.

– Мен бир сырды жакшы билемин, аны сага гана айтып жатамын. Улуу Британияда Елизавета деген королева жашайт. Аны Англиянын эли «Биздин королева» дешип абдан катуу сыйлашат. Анын ата-бабалары Улуу Британияны тээ илгертен бери башкарып келишет. Королдук бийлик улуттун символу жана салты катары аларга ата-энелеринен мурас катары укумдан-тукумга биротоло сакталып калган. Ал эми ар жыл сайын жаңы жылда дүйнөнүн ар кыл бурчунан балдар менен кыздар королевага ыймандай сырларын баян эткен каттарды жазышат. Балким сен дагы Англиянын королевасына кат жазып жүрбө, буга кандай дейсиң?

– Королева Елизавета кайрылгандардын баарынын өтүнүчүн аткарабы?,- деди Кайыргүл.

– Жок, Кайыргүл, бирок ал келген каттарды сөзсүз өзү окуп чыгат. Анан кимге жооп берүүнү өзү гана чечет. Сага бир болгон окуяны айтып берейин. Бир ирет королеванын үй-бүлөсү түшкү тамакка чогулуп калышат. Баары келишет, бир гана королева негедир кечигет. Бир топтон кийин анын үй кызматынын башчысы королеванын иш бөлмөсүнүн эшигин каккылап, анан баш багат. Кирсе, көзүң жамандыкты көрбөсүн, Улуу Британиянын королевасы Елизавета иш ордунда ыйлап олтурган болот. Мындай көрүнүшкө таң калган кызматкери ага кайрылат:

– Улуу урматтуу королевам, сизге эмне болду? Деги бейтаптап, сыркоолоп ооруп калган жоксузбу?!,- дейт. Анда королева мындай дейт:

– Жок, Ричард, мен сопсоомун. Африкадагы Конго өлкөсүндө жүздөгөн балдар ачкачылыкка дуушар болушуптур, аны азыр эле радиодон уктум. Алар ачкачылыктан кыйналып жатышса анан мага кантип тамагымдан тамак өтсүн? Урматтуу Ричард, сенден суранамын, менин маянама тамак-аш азыктарын сатып алып, ошол балдарга тез жеткирүүнү камсыздай көр, сенден муну абдан өтүнөмүн?!,- деген экен. Көрдүңбү, ал кандай кайрымдуу, абдан боорукер жана күйүмдүү аял. Кайыргүл бир саамга ойлоно түштү, анан Тимурга кайрылды:

– Арзыбаган иштер менен королеваны алагды кылуунун кереги жок, агай. Анын жумушу бизсиз деле жетиштүү болсо керек,- деди Кайыргүл.

– Албетте, ал сенин ыктыярың, бирок, мен сенин ордуңда болгонумда, тобокелге салып, королевадан уй сурайт болчумун,- деди Тимур.

– Өзүбүздүн уюбуз болгондо абдан жакшы болмок деңизчи. Эч кимден сүт менен айранды сурабай калат элек,- деген Кайыргүл мээримин төгө инисин карады.

– Бул өтүнүчтү аткаруу королевага ыңгайсыздыкты жаратпас бекен, кандай дейсиз агай?,- деген Кайыргүл Тимурга кайрылды.

– А сен кат жазып көр, балким окуп калаар. Ал деген Улуу Британиянын королевасы! Албетте, мен дагы толук кепилдик бере албаймын. Ошентсе да мындай деп сүйлөшөлү, сен эч кимге көрсөтпөй королевага кат жазып, эртең мага алып келгин. Мен аны королеванын тилине которуп, шаардан салып жиберемин. Балким жолубуз болуп калар, сүйлөштүкпү, бул кат тууралуу экөөбүздөн башка бир дагы жан билбегидей болсун, макулбу? Кайыргүл ооба дегендей башын ийкеди.

Эртеси таң азандан Кайыргүл агайына королевага жазган катын алып келди. Анда мындай деп жазылыптыр.

«Урматтуу Улуу Британиянын улук даражалуу королевасы Елизавета. Мен сизге Кыргызстандан жылуу салам жолдоймун жана сизди кирип келе жаткан Жаңы жылыңыз менен куттуктаймын. Сизге ыймандай сырымды айтууну эп көрдүм. Апам өзү жалгыз үч кыз, бир уулун багып жатат. Эжем экөөбүз мектепте окуйбуз, ал эми сиңдим менен үкөм али кичинекей. Апам кээде кыялданып, уй сатып алсак жакшы болоор эле деп бизге айтып калат. Бирок, уй сатып алганга чарк-чамабыз жок. Айылда элдин көбүнүн уюю бар, бизде болсо жок, андыктан уюу барлардан сүт менен айран сурап калган учурлар көп болот. Урматтуу королева, мен сизге бир өтүнүч менен кайрылайын дедим, эгер колуңуздан келсе бизге уй тартуу кыла алар белеңиз? Кийин мен чоңоюп, өз алдымча иштей баштаганда сизге уйду кайтарып сатып берүүгө убадамды беремин. Кайыргүл Турдуматова, №18 Катар-Жаңгак орто мектебинин 2-классынын окуучусу, Акжар айылы, Кыргызстан.»

Кайыргүлдүн көз алдында анын катын англис тилине которгон Тимур ошол эле күнү шаарга жөнөп кетти. Ал

туура эле балдар үйүндө бирге тарбияланып өскөн досу Александрдын үйүнө барды.

– Кел, досум, аман-эсен жүрөсүңбү, кеткен боюнча дайның чыкпай кеттиң го?!,- деген Саша аны кулач жайып тосуп алды.

– Ишенсең досум, иштерим аябай көбөйүп кетти. Анын үстүнө алыскы айылдагы мектепке бөлүнгөн эмесминби. Каникул баштаалар менен бул жакка чаптым. Саша, мен иштеген айылды көрсөң тим эле барбы, өзүңдү чыныгы жомок дүйнөсүнө түшүп калгандай туясың. Табияты тим эле укмуш керемет, кооз жер. Колуңду созсоң эле башынан ак кар, көк муз кетпеген тоонун аскасына урунат. «Арстанбап жер соорусу, бейиштин төрү экендигине ынандым. Арстанбапта болбогон адам бул турмушта жашадым дебей эле койгону оң»,- деген деканыбыз Сапарбаев агайыбыз туура айткан экен. Кудай буйруса быйыл жайында Наташа экөөңөрдү сөзсүз конокко чакырамын!,- деген Тимур Акжар айылы, Арстанбап, мектеби жана элет элинин карапайымдыгы менен меймандостугу туурасында чечилип сүйлөп олтурду.

Александрдын жубайы Наталья да Тимурдун келгенине жетине албай сүйүндү. Тамак үстүндө үчөө балдар үйү, анын директору Жапар Садыковду, анын аялы Сонунбү эжекейди эскерип олтурушту. Бир убакыт таап, балдар үйүнө барып, өздөрүнө билим жана таалим-тарбия берген агай-эжейлери менен тарбиячылардан кабар алууну чечишти.

– Саша, Наташа силер менин эң жакын адамымсыңар. Силерден жашыра турган эч нерсем жок. Мен бир маселе боюнча силер менен кеңешейин, оюңарды угайын деп келдим,- деген Тимур Кайыргүлдүн катын Сашага сунду. Саша катты окуп чыгып, анан келинчеги Наташага сунду. Үчөө балдар үйүндө гана бирге тарбияланбастан, уни-

верситеттин чет тилдер факультетинде да чогуу окушкан. Болгону Наталья француз тилинин адиси. Жубайлар кыргыз тилинде кадимкидей түш жоорушат.

– Достор, эмне дейсиңер?,- Тимур аларга кайрылды.

– Се ля ви, (Турмушуң кургур ушундай - француз тилинде) дегин Тимурчик!,- деди Наталья. - Мен оюңду түшүндүм, сени толук колдоймун. Королева Елизаветаны да тынч жаткырбайт окшойсуң,- деп күлдү Наталья.

– Сенчи Саша, сен эмне дейсиң?,- Тимур эми Александрга кайрылды.

– Менин периштем колдоп жаткан соң мен кайда бармак элем. Эмкисинде Тереза апага кат жазып келбесең болгону,- деди тамашага салган Александр.

– Ырахмат досторум, мени колдооруңарга бөркүмдөй ишенгенмин, иштин калганын мен силерге өзүм түшүндүрөмүн,- деди Тимур.

* * *

Арстанбаптын чок ортосуна жайгашкан Акжар айылына Тимур кышкы каникул бүтөрүнө бир күн калганда келди. Майда барат белек бечкектерден сырткары Айбекке кыргыз-англис тилинин сөздүгүн, Кайрынса кемпирге гүлдүү чоң жибек жоолук тартуулады.

– Жоолукту сизге апам берип жиберди,- деди Тимур.

– Ырахмат, садагаң болоюн, ата-энең, бир туугандарың аман-эсен, тынч жатышат бекен балам?,- деген Кайрынса кемпир алар тууралуу Тимурдан ар нерселерди сурап, зерикпей божурап сүйлөп олтурду.

Бир жолу мындай окуя жүз берди. Күнгө жекшемби болчу. Айбек менен Тимур уйларды сыртка чыгарып байлап, аларга чөп салып, сарайдын ичин мал кыгынан тазалашты. Кыш чилдеси болгондуктан күндүн табы анча

болбосо да уйларга бир маал сыртка чөп салып, түшкө чукул сугарганы дарыя тарапка айдап жиберишет. Түш оой алар суукта үшүп калбасын үчүн кайрадан чөп салып, сарайга киргизип коюшат. Айбек мал сарайды тазалап бүтөөрү менен телевизор көргөнү үйгө кирип кеткен. Күн дагы бүркөлүп, кар жаачудай болуп турду. Теребелди тегиз аппак кар басып, жер бети тоңголок.

Бир маалда Тимур көчө тараптан ыйлаган баланын үнүн укту. Бул ким болду экен деп дарбазаны ачкан Тимур жогору жактан ыйлап келаткан Кайыргүлдү көрдү. Апасынын чоң жибек жоолугуна чулганган анын колунда үч литрлик капкактуу сары сатил идиш. Суукка тоңуп, кыйла үшүп калгандыктан бети колдору кызарып, көз жашын көлдөтүп ыйлап алыптыр.

Алдын торой баскан Тимур ал эки-үч кадам калганда ага кайрылды.

– Кайыргүл, сага эмне болду, үшүп калдыңбы, эмнеге ыйлап жатасың?,- деди Тимур. Аны эми гана байкаган кыз ансайын күчөп, озондоп ыйлап кирди.

– Үү-үү, апам камыр жууруганга сүткө жөнөткөн болчу, жолдо тайгаланып кетип, сүттүн баарын төгүп алдым, эми апам мени жемелеп урушат!,- деген Кайыргүл ансайын эчкирип ыйлап кирди.

– Кой, Кайыргүл, кейибе, ошого дагы ыйлачу бекен. Болбогон нерсе турбайбы, азыр Кайрынса энеңден сүт сурап беремин,- деген Тимур аны колунан алып, үйгө жетелеп кирди.

– «Элдүү түлкү ач калбайт» демекчи Зымыраттын кыздары дагы жетилип, булардын да жакшы жашар күндөрү келет,- деди кемпир. - Мындай суукта сени көк муштум кылбай эжелериңди жиберсе болбойт беле?,- деген кемпир кызга кайрылды. Кайыргүл үн катпады.

– Эжелери айыл ичин кыдырып, сүт сурагандан уялышат!,- деди Айбек.

– Сен шүк олтур, сенден эч ким сураган жок!,- деген кемпир небересин кагып койду. Анан кызга чай берип, жылыткан соң, идишине толтура куюлган сүттү кемпирдин буйругу менен Айбек Кайыргүлдү жетелеп жеткирип келди. Зымыраттын өзүнүн уюу болбогондуктан сүт менен айранды кез-кез айылдаштарынан сурап алып турчу. Ал эми кышында уюу барларда деле сүт азайып калчу. Мындайда ак ичкиси келген балдарынын талабын аткаруу кыйла оорлой түшчү.

* * *

Ызгардуу кычыраган кыш да кетип, көк көтөрүлүп жаз да келди. Дарактар жалбырактарын чыгарып, Арстанбап аймагы жашыл ааламга чулганып чыга келди. Элеттиктер эгиндерин эгип, картошкаларын олтургуза баштады. Алма, алча, долоно тегиз гүлдөй баштады. Куш-парандалар бак-дарактарга уяларын салып, табият тирүүлүктүн, жашоонун улуу симфониясына бөлөнүп жатып калды.

9-май майрамынан кийин Тимур сабагын өтүп бүтүп, түштөн кийинки кружокко даярдык көрүп жаткан. Бир маалда англис тил кабинетинин эшиги шарт ачылып, катуу чуркап келгендиктен улам энтигип, алактап алган Айбек шашыла кирип келди.

– Агай, Зымырат эжеге бир англичан музоолуу уй алып келиптир. Агайыңды тез чакырып кел деп мал доктур Ашырбай мени сизге жөнөттү, тез келсин дейт!

– Койсоңчу, англичан экендигин кантип билдиң?

– Сиз сабак өткөндө кандай сүйлөсөңүз ал киши да кудум ошондой сүйлөп жатат,- деди Айбек.

– Жүр анда, баралычы, музоолуу уйду эмнеде алып келиптир, аны жетелеп келдиби?,- деди Тимур.

– Жок, агай, аны борту бар машинага жүктөп келди. Аябагандай чоң карала уй экен, музоосу да кудум энесиндей карала!,- деген Айбек Тимурга жанаша басып, быдылдап тынбай сүйлөп келе жатты.

– Агай, уйдун да, музоосунун да мойнунда кызыл лентага байланган коңгуроолору бар экен. Уй менен музоо басканда же баштарын бурганда коңгуроолор жагымдуу үн чыгарат экен,- деди Айбек.

Алар Зымыраттын үйүнө жеткенде ал жерде бир топ адамдар топтолуп калыптыр. Арасында мал доктур Ашырбай, Кайрынса кемпир, Зымырат кыздары менен жана жакынкы коңшулар үймөлөктөшүп туруптур.

– Мындай асыл тукум уйду ушунча жыл ветеринар болуп иштеп жүрүп, биринчи жолу көрүшүм. Жаныбардын сөлөкөтүн карасаңар, биздин уйлар мунун алдында эчки эле болуп калат!,- деген Ашырбай уйду айланчыктап, суктанып карап жүрөт.

– Мына, биздин тилмечибиз да келип калды, байболгур иним, бул меймандын эмне деп чулдурап жатканына түк түшүнсөм майнеке болоюн, өзүң сүйлөшчү?,- деди Ашырбай Тимурга.

– Биздин айылга куш келипсиз, урматтуу мейман,- деп Тимур чоочун жат кишиге англис тилинде кайрылганда ал апасы эркек бала төрөгөндөй аябай кубанып кетти.

– Саламатсызбы, кудай жалгагыр, келгениңиз абдан жакшы болбодубу, королеванын аманатын ээсине кантип тапшырарымды билбей, башым маң болуп калды эле,- деди эжигейдей сапсары болгон англичан. Экөө бир топко дейре сүйлөштү. Мейман колундагы портфелинен бир барак кагаз сууруп чыгып, аны Тимурга узатты. Ал кагазды окуган Тимур башын ийкегилеп, экөө кайрадан ай-

ылдыктар үчүн ныпым түшүнүксүз болгон чоочун элдин тилинде, улуу Шекспирдин тилинде эркин сүйлөшүп, кең- кесири баарлашып жатышты. Бир кезде Тимур апасынын жанында турган Кайыргүлдүн жанына басып келип, анын кулагына акырын шыбырады:

– Улуу Британиянын королевасы уй менен музоону силерге жөнөтүптүр,- деди. Заматта, күтүүсүз сүйүнүчтөн кыздын көздөрү чырактай болуп балбылдап жана түштү. Капилет келген кубанычы койнуна сыйбаган кичинекей Кайыргүл бирде уй менен музоону, бирде аны алып келген мейманды, бирде апасын, бирде Тимурду күлмүңдөй жылмая карагылап, балалыктын тунук сүйүнүчү жаш денесине батпай, толкуп ташып чыкты. Анын кубанычы ушул саам ааламга сыйбагандай чексиз болчу.

– Зымырат эже, Кайыргүл экөөңүздөр жүрүңүздөр, мейман силерди чакырып жатат?,- деген Тимур аларды келген конок тарапка ээрчите басты. Элдер улам көбөйүп, карала уй менен музоону тамаша кылып жатышты. Төртөө сөздөрү элге угулбай турган жерге жеткенде мейман менен Тимур кайрадан апасы менен кызына түшүнүксүз болгон тилде сүйлөшүп киришти. Анан Тимур Зымыратка кайрылды.

– Зымырат эже, Кайыргүл Англиянын королевасына кат жазган болчу. Мен аны которуп, Жаңы жылдын алдында салып жибергенмин. Ал эми бул киши королеванын аманат белегин сиздерге тапшырып, эртерээк жолго чыгайын деп жатат. Кайыргүл сен мобу эки жерге атың менен фамилияңды жазып, анан бүгүнкү күн менен жылды жазып кой. Ал эми королеванын сага жазган катын бул байкең сага таштап кетет. Аны мен кийин окуп беремин. Мейманды чай ичип кетиңиз десем көнбөй жатат,- деген Тимур Кайыргүлгө кайсыл жерге жазыш керектигин көрсөттү. Кагазды колуна алган англичанин Кайыргүлдү көкүл чачынан сылап, ага жапжаңы кооз конвертти сунду.

Деги эмне болуп жатканын жакшы аңдап түшүнө албай турган Зымырат эми гана эсине келгендей шашып калды.

– Эч болбосо нан алып чыгайын, ооз тийсин!,- деди ал Тимурга карап. Ал келген мейманга анын тилинде кайрылып, Зымыраттын өтүнүчүн айтты. Ал жылмайып, Зымыратка өз тилинде ыраазылыгын билдиргендей болду.

– Зымырат эже, мейман мен абдан ыраазымын, жол кыйла узак экен, эртерээк кайтайын деп жатат.

Англичанин Кайыргүлдүн жанына келип өз тилинде сүйлөдү эле, аны Тимур которуп берди.

– Королеванын катында баары жазылган дейт. Мейман уй менен музоону жүктөп келген машинанын кабинасына олтуруп, кайра шашыла жөнөп кетти.

– Зымырат эже, бул уй менен музоону королева тартуу кылганын үчөөбүздөн башка эч ким билбей эле койгону оң. Сурагандарга жакшы адамдар беришти деп коюңуз. Мейман адам менден ушуну силерге айтып коюумду өтүндү. Королева кайрымдуулук багытындагы жакшылык иштерин жарыя кылганды эч качан жактырбайт. Эми королеванын Кайыргүлгө жазган катын окуп берейин,- деген Тимур Кайыргүлдүн колундагы кооз конвертти алып, аны этияттап аярлай ачты.

«Менин кичинекей, сүймөнчүктүү кызым, Кайыргүл. Мен сенин катыңды алып, аябай кубандым. Ишенсең, мен Кыргызстандан биринчи жолу кат алып жатышым. Көрсө, мен Улуу Британия элинин гана королевасы эмес, сенин дагы королеваң экендигиме аябай сыймыктанып, кубандым. Бул үчүн сага терең ыраазычылыгымды билдиремин. Сенин катыңды окуп чыгаарым менен Кыргызстан жөнүндө баарын-баарын билүүгө ушунчалык сабырым кетип, аябай ашыктым. Сенин өлкөң мени аябай таң калтырып, өтө суктантты. Асман тиреген Тянь-Шань,

Памир тоолору, касиеттүү Ысык-Көл эмне деген гана керемет жер. Айтмакчы, СССРдин космонавты Алексей Леонов «Ысык-Көлдү космос мейкиндигинен карасаң, ал кудум эле адамдын жүрөгүнө окшоп көрүнөт» дегенине мен толук ынандым. Ысык-Көл картадан деле адам жүрөгүнө окшошуп турбайбы.

Менин сүймөнчүктүү, кичинекей Кайыргүлүм, сенин «мен чоңоюп, иштеп калганымда сизге уй сатып беремин» дегениңе мен миң мертебе ыраазымын. Ушул сөзүңдүн өзү эле мага канчалык күч кубат менен каниет алып келгенин билгениңде эле! Королевалар өздөрү тартуу кылган белегин эч качан кайра артка кайрып албаган. Мындай жорук королевага, анын даражасына туура келбейт. Бул менин сага тартуулаган белегим деп кабыл алгын. Мен сенден суранаарым жакшы окугун, ар дайым апаңдын тилин алгын, эжелериң менен үкөлөрүңө ар дайым кайрымдуу жана мээрман болгун. Мен терең ишенемин, Кыргызстандын таза абасы менен кооз жер шарты сенин уюң менен музооңо сөзсүз жагат. Сенин королеваң Елизавета»

Зымыраттын күтүүсүз жерден музоолуу уйлуу болуп калгандыгы айыл ичине чагылгандай тез тарап, бир айга жакын элдин баары ушул туурасында гана сөз кылып калышты. Ал түгүл алыскы коңшу айылдардан адамдар атайын жол арытып, уй менен музоону көргөнү келип жатышты. Бирок, кызыккандар канчалык такып сурамжылабасын, уйду ким бергендигин, анын кайдан келгендигин билген бир да жан болбоду. Мал доктур Ашырбай күн мурунтан эле айткандай уйдун сүттүүлүгү жергиликтүү уйларга караганда алда канча көп экендиги Зымырат алгач саaганда эле анык болду. Уйдун жооштугунда кеп жок эле.

– Бул жөнөкөй кашеки мал эмес, муну асыл тукум жаныбар деп коёт. Колдон келсе мунун тукумун көбөй-

түүнүн аракетин ойлонушубуз керек. Атаңдын көрү, мал болбосоң коё кал, башыма чач чыкканы мындай көөш малды көрбөгөнмүн!,- дейт мал доктур Ашырбай.

– Ай, Зымырат,- деди бир күнү таң заарынан келген Кайрынса кемпир.

– Адамдын аласы менен көздүүсү ичинде болот дейт. Алдагы шылдыраган коңгуроолорду алып салып, ордуна көз мончок тагып койсоңчу? Келгендер эле көп болуп жатат. Балдарыңдын ырыскысы буулуп калбасын!,- деди. Ошол эле күнү Зымырат кызыл лентаны коңгуроосу менен кошо алып салып, эч ким байкабагандай кылып, уй менен музоого көз мончок тагып койду. Апасы менен тырмактай болгон кызы королевага жараткандын күнүндө узун өмүр тилешип, ага чын дилдеринен чыккан алкоолорун жана ыраазычылыктарын айтышат. Ал эми чынында ушунун баарын жасаган балдар үйүндө тарбияланып өскөн томолой жетим, мугалимдик кесибин алгач ушул Акжар айылынан баштаган, эне сүтүн тоё эмбеген, ата-эне мээримин көрбөгөн таштанды Тимур экендигин эч ким аңдаган да жок, ойлоп дагы койбоду. Королеванын каты, уй менен музоонун мойнуна байланган кызыл лента менен коңгуроо Натальянын ойлоп тапкандыгын, анын кылыгы экендигин Тимур башында эле туйган болчу…

***Апрель айы, 2001-жыл.***
***Жалал-Абад шаары***

# ТЫНЧ ОКЕАНДЫН МАТРОСУ

*(Аңгеме)*

Түшүмдө атам тиккен алма багын аралап жүрүптүрмүн. Аппак болуп тегиз гүлдөгөн бакзардын кулпурган сулуулугуна көзүм тойбой, жай басып, теребелге суктана карап, аралап жүрөмүн. Бал аарылар гүлдөн- гүл тандап ызылдашып, көпөлөктөр болсо каалгый учуп жүрүшөт. Алгач асмандан көзгө илешпеген торгой үнү жаңырды. Бир аз мезгил өтпөй безеленип булбул сайрап кирди. Көп өтпөй чырылдаган таранчылардын үнү жаңырды. Ал дагы көпкө созулбай айланага гүрү-гүүлөгөн кептерлердин үндөрү угула баштады. Мен болсо табияттын кайталангыс сулуулугуна моокумум канбай, тегиз гүлдөгөн бакзардын бутактарын аяр кармалап, денем балкып аралап жүрдүм. Капысынан эле кайдан-жайдан тооктун какылыктаган үнү чыкты. Жака -белимди карасам эч кандай топк көрүнбөйт. Күтүүсүздөн ушунун баарын «карр-карр!» деген карганын жагымсыз ачуу каркылдаган үнү бузуп, анын заар обону улам күчөй баштады. Дарактын алпы болгон чоң түп жаңгактын башында олчоюп конуп олтурган карганын улам башын алдыга созуп, «карр-карр!» деген үнү капысынан эле «кайнат, кайнат, эми эки саатка чейин кайнаткын!» деген эркек кишинин корулдаган ачулуу үнү менен алмашып, жагымдуу түшүмдөн чочутуп ойготуп жиберди. Бул үн батирлеш кошунам Сапардын үнү экендигин ойгонгондо эле дароо тааныдым.

– «Катын деген тоок мээ, мээси болсо – тоок бок чокуйбу?»,- деген сөз туура айтылган окшобойбу. Эй, башы

жок, көк мээ катын, сакал алгыч ага эмне үчүн керектигин аңдабайсыңбы? Аны менен аярлуу жан жерин, жаңы жаңырган ай сымал болгон назик жерин кыраарын билбедиңби, маң баш?!,- деген Сапар аялы Мастураны зекип, аябай тилдеп урушуп жатты.

– Эмне эле үйүң күйгөндөй айкырасың. Кырса кырыптыр да, керек болсо өзүң дагы эненин ошол назик жеринен дүйнөгө келгенсиң!,- деген Мастура дагы бошоң келбей чыйылдап, каяша айтып жатты.

Экөөнү жараштырбасам болчудай эмес. Кийинип сыртка чыктым. Тамекисин дембе-дем соруп жаткан Сапардын кабагына кар жаап, тим эле үтүрөйүп алыптыр.

– «Же жылан чакпай, же жылкы теппей» таң заарынан эле итчесинен ыркырашып калыпсыңар, деги тынччылыкпы?!,- деп эрди-катынга суроолуу тигилдим.

– Эмне болгонун «кылгылыкты кылып, кыл жип менен бууп койгон» эжеңден сурап алгын. «Катындын акылы аяк астында» деген сөз туура окшобойбу?,- деген Сапар аялын көзүндө огу болсо атып жиберчүүдөй олурая карады.

– Кошуна келин Зарина: «Эже, доктурга барып көрүнүшүм керек эле, акемдин сакал алгычын берип туруңузчу?» деп суранганынан кармата салбаймынбы. Ошого эле жездеңдин жаны чыгып жатпайбы,- деди Мастура эжем. Эжем экөөбүз бир айылдан болгондуктан күйөөсүн жезде деп койчумун.

– Согончогу канабаган, жатыны жарылбаган төрөбөс катын доктурга кайсыл жерин тазалап бараарына сен кейбир акылыңдын жетпегендигине таң каламын, Оо, энегананды урайын кем акыл катын!,- деген Сапардын итатайы кармап, ансайын жини күчөп кирди.

– Ай, кантип ошого башың жетпеди а?! Эми сакал алгычты эки саат сууга тынбай кайнаткының!,- деген Сапардын дале ачуусу тарабай, түнөрүп карарып турду.

– Тазаланса тазалангандыр, андан сакал алгычыңдын бир жери кемип калмак беле!,- деген Мастура бырс эте күлүп, үйүнө кирип кетти.

– Иштетсе иштетиптир да, сакал алгычыңыз пайдалуу, соопчулук ишке жараган турбайбы. Анын эмнеси жаман, ошого дагы кейий бересизби?,- деген мен эжем тарап болуп койдум.

– Эжеңе жан тартып жатасың да, көрөт элем сенин сакал алгычың менен чоочун аял ай сымал аласын кырынганда!,- деген жездем мага тултуюп, чылымын дембе-дем тартып кирди. Кырдаалдан чыгуунун жолун издей баштадым.

– Коюң жезде, болбогон нерсеге башты оорутпайлы. Андан көрө эп көрсөңүз, барып пиво ичип келели. Мен аламын, кече маянам тийген,- дедим.

Жездем бир аз жумшара түшүп:

– Жүр, барса баралы, бүгүн баары бир ичмекмин. Өлбөгөн жанга кээ-кээде ичип турган деле пайдалуу болот,- деген жездеме жан кире баштады.

– Алтынбек, жүрөгөй биз менен садага?,- деп 2-класста окуган жээнимди чакырдым.

– Баланы башыбызга урабызбы?,- деген жездем мага суроолу тигилди.

– Камтама болбоңуз, жээним жолдон эле кайтат,- дедим.

Эт саткан касапканадан бир килограмм кой этин, 300 грамм куйрук алдым. Анан дүкөндөн бир килограмм девизира Өзгөн күрүчүн, анан 3 балмуздак сатып алып, жээним Алтынбекке карматтым.

– Эжеме айтып койгун, кечкиге күрүчтөрү өрмөлөгөн палоо демдеп койсун?,- дедим. Ал мулуңдап сүйүнгөн бойдон балмуздакты кемире баш ийкей үйүнө кайтты.

Күн ысып, аба дагы үп тарта баштады. Экөөбүз почточунун атындай болуп, түз эле пиво сатылуучу сейил бакты көздөй шайдоот жол тарттык.

– Шоруң каткыр Зариналын күйөөгө чыкканына он жылча болуп калды. Алигече согончогу канап, наристе үнүн угуп, төрөбөдү. Мен ойлойм, кеп «айгырда», ал башка күйөөгө тийиши керек,- деди Сапар.

– Сиз аны кайдан билесиз?

– Мындайлар турмушта көп болгон, кайним. Кайын журту дагы балтыры балкыбаган, чанагы жарылып, согончогу канабаган куу жатын, өндүрбөй турган кара жолтой келин экен дешип, ачуу сөздөрүн агытышып, ачык эле жээрий башташты. Мунун аягы жакшылыкка алып барбайт,- деди жездем алды жагын ойлуу тиктей.

– Бири кем дүйнө деген ушул да. Өң десең өң, мүчө десең келишкен мүчө берген, жылдызы жанган чырайлуу, колунан бардык иш келген зайыптын бир жерден өксүк кылып койгондугун карабайсыңбы, жараткандын.

Пивоканага дагы жетип келдик. Бизсиз деле ал жерде «суусагандар» толтура экен.

– Тынч океан аскер-деңиз флотунун матросуна жылуу салам дедик!,- деген бир топ эркектер биз тарапты карашып, кыраан каткы түшүп, жыргап-жайнап каткырып күлүп калышты.

– Аа, көлчүктүн көк кашка бакалары, бар болгула. Кулкунуңарга арпанын ачыткысы кирип калган го сыягы,- деген Сапар калпка эле жылмайымыш болгону менен бети дуулдап кызарып чыкты. «Энеңди урайындар, катындыкы аз келгенсип, эми силер эле жетишпей турдуңар болчу!»,- деди ичинен ызырынган Сапар. Анын чындап ындыны өчө түштү.

– Жүр, кайним, башка жагына эле баралы. Бул шумпайлар бизге баары бир тынчтык беришпейт. Болгону

көңүлдү чөгөрүп, беймаза гана кылышат,- деп шыпылдай алдыга түштү.

– Моряк, качпа, бизге кошул. Пиво бизден болот, сен флотто өтөгөн кызматыңдагы окуялардан эле айтып берсең гана болгону?!,- деген бийик үндөр менен кыраан - каткырыктар бизди узатып кала берди.

Сейил бактын четирээк жерине жайгашкан кафеге кирдик. Кудай жалгап ичи салкын, нары адам дагы аз экен.

– Аттын заарасындай болгон пивону ичкениң - акчаны асманга чачып сапырганың. Андан көрө мазза кылып винодон эле ичели, кан дагы болот, кандай дейсиң кайним?,- деди мага караган ал.

– Жарайт жезде, сиз айткандай эле болсун. Кызылынан болсо кызылынан да. Винодон эки стакандан кулкунга өткөргөндөн кийин Сапардын маанайы ачылып, көңүлү кыйла көтөрүлүп, жанданып калды. Дагы бирден алгандан кийин көңүлүмдө көптөн бери уялап жүргөн суроону ага кантип узатып калганымды өзүм дагы байкабай калдым.

– Жезде, сизди Тынч океан аскер-деңиз флотунун матросу болгон дешип, элдер көп кеп кылышат. Чындап эле флотто моряк катары кызмат өтөгөнсүзбү?,- дедим.

– Ээ, кайним, мейли, астейдил такып сурап калдың, айтса айтып берейин. Мага уйгактай жабышкан «Тынч океан аскер-деңиз флотунун матросу» наамы кандайча жабышып калганын сага өз оозум менен айтып бербесем болбой калды окшойт. Андан көрө сен ан үчүн мага ыңгайлуу шартты жараткын. Тигил винодон дагы келтирип, ысык шашлыктан бирден алдыр?,- деген жездем чылымын тарта көзүн жүлжүйтүп, аңгемесин кандай баштаарын ойлонгонсуп калды. Мындай ыңгайлуу учурду колдон жаза кетирбес үчүн жездем койгон «талапты» бачым

аткарып, эки стаканга кызылынан мелт-калт куя салдым. Шашылыкчы бала болсо шам-шум этмей закускасына үстүнө пияз тууралган ысык шашлыкты алдыбызга келтирип койду.

– Кеп мындай болгон,- деди чылымынын түтүнүн узун кылып обого үйлөгөн качаңкы карт «эски матрос».

– Ал окуянын тарыхы мындайча болгон,- деп сөз баштады Сапар.

– Базар-Коргондогу кесипчилик окуу жайынын «кыш кыноочу» адистигин ийгиликтүү бүтүргөндөн кийин мага аскерге чакыруу кагазы келди. Райондук аскер комиссариатындагы орус майор: - Кайсыл аскер бөлүгүндө кызмат өтөгөндү каалайсың?,- деп сурап калды.

– Владивостокто, Тынч океан аскер-деңиз флотунда моряк болуп кызмат өтөсөм деймин!,- дедим такылдап.

– Жарайсың азаматым, эң туура жерди тандадың,- деди ал. – Сага окшогондор флотко абдан керек. Макул, сен айткандай эле болсун, Владивостокто кызмат өтөйсүң,- деген майор жылмая менин колумду кысып, деломду жылдырып койду. Көрсө, анын жылмайганында эле кеп бар экен, кысталак кытмырдын. Владивостокко самолёт менен учуп бардык. Бирок, моряк болбой, аскердик курулуш батальонуна, элдик тил менен айтканда «стройбатка», «королевская войскага» түшүп калдым. Курулуш ишине баш-отубуз менен киришип, беш, он кабаттуу үйлөрдү тургузуп, кура баштадык. Намангандык Валижан деген өзбек жигит экөөбүз жакшы ашына, дос болуп кеттик. Кыш кыноочулук боюнча ага тең келген жоокер биздин ротада жок болчу.

– Досум, кудай буйруса, мен сени колунан көөрү төгүлгөн чыныгы уста кылып чыгарамын. Кийин сен кыш кынап курган үйлөр көргөн адамдарды суктандырып,

«Атаңа берекелде, кайсыл уста курду экен!» деп тамшандырбаса Валижан атымды башка коёмун дечү ал чын пейил дилинен. Көрсө, устачылык өнөр анын ата-бабасынан бери аздектеп келаткан улуу кастарлаган, атадан балага өтчү жан багар кесиби – ата мурасы экен. Аскердик курулуш батальонунда бир жыл кызмат өтөгөндөн кийин ротадан экөөбүзгө полктун командири, улуту украин, полковник Каракайчук «Ата Мекенге кужурмөн кызмат өтөгөндүгүбүз» үчүн алкыш жарыялап, Владивосток шаарынын элеси түшүрүлгөн, аябагандай кооз сакал алгычты белек кылды. Атайын буйрук чыгарылып, Валижан досум экөөбүзгө бир күндүк эс алуу жарыяланып, шаарга чыгууга уруксат берилди.

Валижан экөөбүз Владивосток шаарынын портунда турган кораблдерге билет алып, экскурциялык саякатчылар тобуна кошулдук. Деңизде турган кораблдердин айбаттуу көрүнүшү, алардын чоңдугу бизди аябай таң калтырып, оозубуз ачылып калды.

– Вай тооба, бул кораблдер кантип суута чөгүп кетпей тургандыгына башым маң!,- деди Валижан.

– Сапар муну карап тур?,- деген ал жерден жаңгактай болгон ташты алып суута ыргытты эле ал чулп этип чөгүп кетти.

– Көрдүңбү, таш чөгүп кетти. Ал эми беш кабаттуу үйдөй болгон темир кораблдер чөкпөй турганына айран-таңмын, вай, вай тооба!,- деди желкесин кашыган Валижан.

– Ушуну ойлоп тапкан орус аалымдарына баракелде!

– Деңизде сүзүп жүрүүчү кораблдерди XVI кылымда испандар менен англичандар ойлоп табышкан,- дедим көптү билген адам катары ишенимдүү кыйынсынып.

– Кандай гана бактылуу инсандар ушундай кораблдерде кызмат өтөшөт болду экен!,- деген Валижан корабл-

дин палубасында жүрүшкөн матросторго суктануу менен карады.

- А биз болсо, эки жыл «стройбатта» кызмат өтөп, автомат дагы атпай кете беребизби?! Келип, келип Владивостокто, болгондо дагы аскердик курулуш батальонунда кызмат өтөө дегендин өзү эмне деген шермендечилик жана азап. Сибирдин түпкүрү болсо да бир жөн эле!,- деген Валижан досумдун заманасы куурулуп, маанайы чөгө түштү. Кыскасы, эс алуудан экөөбүздүн тең маанайыбыз абдан чөгүп, көңүлүбүз ит талаган түлкүдөй кайт болуп келдик.

Казарманын экинчи кабатында таттуу уйкуда жатсам, түн жарымда кимдир бирөөнүн капталдан түрткүлөгөн колу ойготту.

– Ким бул?,- уйкусураган көзүм менен көөдөй болгон караңгылыкка үңүлдүм.

– Досум, бул менмин, Валижанмын. Башыма укмуштуудай бир ой келди. Уксаң таң калып, тан бересиң, Аны сага айтмайынча түк уктай алчуудай эмесин. Кыялданып, көз алдыңа элестеткин досум. Валижан Наманган шаарында моряктын формасында кычырап басып баратат. Кыздардын баары мага суктана карашат. Мен болсо аларды көзгө илбей, чирене кадам шилтейм. Үйгө барганымда атам менен апамдын келмелери оозунан түшүп, «Бул кайсыл моряк биздин үйгө адашып келип калды?» дешип, алгач тааныбай дагы калышса керек. Анан махалага дуу-дуу кеп тарайт. «Биздин Валижан Тынч океан аскер-деңиз флотунун өзүндө кызмат өтөптүр, астаапырла, кандай гана бактылуу жигит» дешип, мага суктанышат,- деп шыбырап сүйлөп жаткан Валижанды кагып койдум.

– Байболгур, уйкуну бөөдө бузбай уктачы тынч алып, кайдагы жомокту айтасың?,- деген мен бөөдө уйкумду

бузган Валижанга жиним келип, аны укпай, тескери карап жатып алдым.

– Көрөсүң, айылымдагы кыздардын баары заматта мага ашык болуп калышат. Чекесинен чертип тандап, эң сулуусуна жуучу жөнөтөмүн. Билем, кыздын ата-энеси дароо макулдугун беришет. Тынч океан аскер-деңиз флотунун матросу күйөө бала болуу бактысы ар кимдин эле пешенесине жазыла бербейт бул турмушта,- деген Валижан таттуу кыял дүйнөсүнө чөмүлүп жатып, оо кыйладан кийин гана уйкуга кетти. Кыскасы, Валижан досум Тынч океан аскер-деңиз флотунун морягынын эки формасын таптырып, көкүрөк тушуна Владивосток базарында сатылган ар түркүн значокторго кооздоп бөлөп, тагып салды. Чындыгында «стройбатта» кызмат кылгандарда акча саман болчу.

– Моряктын кийимин айылыбызга жакындаганда гана кийебиз. Андай кылбасак аскердик күзөт патрулдары экөөбүздүн «жасалма жалган» матрос экендигибизди дароо аныктап, иттин арткы шыйрагындай кылып, шермендебизди чыгарып коюшат. Ушул жагына өтө сак болушубуз керек,- деди досум Валижан. Ошентип, таза кездеме жыттанган жапжаңы матрос кийимдерди чемоданга салып, катып койдук.

… Аскерден кайтып, айылыма кычырап, моряктын жапжаңы формасын кийип келдим. «Калпычынын казаны кайнабайт» дегендей жосунсуз кыял-жоругум көпкө созулбай, бат эле ачылып калды. Айылымдагы Балтика, Кара деңиз жана Түндүк муз океан аскер-деңиз флотторунда кызмат өтөшкөн моряктар тобуна «кармалып», айыбым ачылып калды. Кайсыл бир олтурушта менин «моряктык турмушум» жагдайында ар кандай суроолорду узатышып, акырын тамырымды тартып, шаштымды кетирип коюшту.

– Тынч океан флотунун кайсыл кораблинде кызмат өтөдүң?- деди Балтика аскер-деңиз флотунда кызмат өтөгөн Акимжан.

– «Кировдо»,- дедим ойлонбостон шыр. Кудай жалгап, ал кораблде Валижан экөөбүз экскурцияда болгон элек.

– Флоттогу эң жогорку аскердик чин кандай аталат?,- деди менден он жаш улуу «аксакал моряк» Садык. Башымды шылкыйта жерге салып, үн катпадым. Ырасында аны билбейт болчумун.

– Деги канча келемиш кармадың?,- деди Түндүк муз океан аскер-деңиз флотунун морягы Таштан.

– Сен эмне деп дөөдүрөп жатасың? Кораблдер суудa сүзүп жүрсө, ал жерде келемишке балээ барбы!,- дей салбаймынбы. Моряк жердештеримдин баары кыраан-каткы түшүп, сандарын чапкылашып, олтурган төшөктөрүндө ичтерин тырмашып, кыраан каткырык салышып, оонап эле жыргап жатып калышты.

– Сапар, калпың айрандай эле төгүлүп калбадыбы? Билбесең билип алгын, кораблде 20 келемиш кармаган моряк кезексиз 3 күндүк эс алууга чыгат. Мышык корабдин океан менен деңиздеги чайпалган турмушуна түк чыдай албайт. Ал эми келемиш болсо ал жерде кадимкидей жашап, ал түгүл тукумун дагы көбөйтө алат,- деди Кара деңиз аскер-деңиз флотунун матросу, шыңга бойлуу жана чапсаң Кутман.

– Форма кийсем эле моряк болуп калдым десең терең жаңылышасың. Биз эч кимге айтпай эле коёлу, бай болгур, болгону мындан кийин Тынч океан аскер-деңиз флотунда кызмат кылганмын деп көкүрөк каккылап, өрдөгүңдү учурбай жүрчү, досум?,- деген Кутман желкемден акырын таптап койду. Ошондо жер жарылбады дагы, мен жерге кирип кетпедим. Балээни айтпай коюшабы, «жал-

ган моряк» экендигим айылга чагылгандай тез тарап кетти. Ошондон тарта «Тынч океандын морягы» деген ат мага уйгактай жабышты да калды. Бирок, ушунун баарын ойлоп тапкан Валижан досума кыпынчалык деле капа эмесмин. Ал мага кыш кыноонун, устачылыктын көп сырларын үйрөттү. Моряктын турмушун жакшы билбесем дагы, кыш кыноочулук боюнча эч кимди алдыма салдырбасыма бөркүмдөй эле ишенемин,- деди алысты ойлуу тиктеген Сапар.

– Флоттогу эң улук аскердик чин кандай аталат экен, билип алдыңызбы?- дедим.

– Аскер-деңиз флотунда чиндер матростон башталып, флоттун вице-адмиралы, контр-адмиралы, адмиралы деп аталат экен. Аны мага кийин чыныгы моряк досум Кутман айтып берди. Айылдагы кыз-келиндер азыр деле мага «матрос аке» деп кайрылып калышат. Аларга мен ныпым деле капа болбоймун. Алар мени чындап эле матрос болгон экен деп ойлошот окшобойбу,- деди жездем.

… Ошол күнү дагы түш көрдүм. Түшүмдө флоттун морягы Сапар жездем аябай күйүгүп-бышып, тердеп-тепчигип, кораблдин ашканасында келемиштерди кармай албай, чыркыратып кууп жүрүптүр…

***Февраль айы 2016-жыл.***
***Жалал-Абад шаары***

# КАПСАЛАҢДУУ БОРООН

*(Аңгеме)*

Токойчу Бекмырза ити Актөштү ээрчитип, жаңгак токою жыш жана бийик өскөн Ой-Караганга жол тартканда асмандын бети түнөрүп, тоо тараптан агылган ызгардуу муздак шамал адамды ичиркентип, айлана-теребел кар жаачуудай бозоруп турган. Аба ырайынын кескин өзгөрүп бузулушу Бекмырзаны Жалгыз-Жаңгак токой бөлүмүндөгү жаман кепесине барууга мажбур кылып турду.

– Балким, бүгүнчө коё тураарсың абышка, күндүн түрү да жаман болуп, бузулуп турат?,- деди кемпири Саадат колундагы түйүнчөгүн чалына сунуп жатып.

– Жатып калайын деген оюм жок, кемпир, барып эле кайтамын. Асан кайгы тартып, таң заарынан эле камтама болуп, сар-санаага чөгө бербечи!,- деди айткан сөзүнөн такыр кайтпаган кемпирдин кежир чалы. Жаңы жылга саналуу күндөр калган. Үстү камыш менен жабылган токойчунун Жалгыз-Жаңгактагы кепесинде Жаңы жылга карата балдары менен неберелерине камдап койгон чакан белеги – токойдун береке ырыскылары: жаңгак, алма, алча, айвансары менен алмурут камдалган болчу. Өткөндө барганында ала келсе болмок, бирок отунга кызыгып кетип, жер-жемиштерди алып келүүнү кийинкиге калтырган эле. Кар калың жаап салса ал жакка жетүүнүн өзү накта тозокко айланмак. Азыр алып келип албаса, жаңгактан башкасынын баарын үшүк уруп кетээри анык.

*** 

Айтылуу Арстанбап-Атага канатташ жайгашкан Жай-Терек токой чарбасы өзгөчө сөз менен айтып бүткүс, табиятта кайталангыс керемет жер. Бул чөлкөмдө кар май айына чейин кетпейт. Анан жергиликтүү калк 9 – май – Жеңиш майрамын өткөрөрү менен жапа тырмак картошка эгүүгө кам урушат. Картошканы эгип, отоо чөптөрдөн гана арылтып, чаап турсаң болгону. Сугарат болчумун деп, түк башыңды оорутпайсың. Айтылуу Бабаш-Ата тоосуна топудай булут келсе көз ачып жумгуча өткүн куюп, төгүп өтөт. Абасы өтө салкын жана мелүүн. Айтоор күз келгенде картошканын берекелүү мол түшүмүн казып, жыйнап алганга гана үлгүрүп калсаң болгону. Ал эми картошканын өзгөчөлүгүндө сөз жок, чиркин. Татсаң барбы, даамы таңдайында калып, тим эле оозуңда эрип кетет. Ошондон уламбы Жай-Теректин картошкасы базарда көпкө кармалбайт. Эл баасына деле назар салышпай тез эле сатып алышып, бат эле талап кетишет.

Ал эми бүт айлана алтын түскө бөлөнгөн күз мезгилинде Жай-Теректин токоюн аралап калсаң барбы чиркин, өзүңдү кудум бейиштин керемет төрүндө жүргөндөй туясың. Сары, кызыл, көгүш тарткан алчалар бутактарында мончоктой салаалап, жапайы алмалар менен алмуруттар, сапсары айвансары, кызыл жана кара түстөгү долоно менен кара-көгүш тарткан изирик, карагаттар менен бүлдүркөндөргө көз кумарың канбайт. Бут алдында төгүлүп, чачылып жайнап жатканы канча дейсиң. Айтоор, табият ырыскылары адамдарга дагы, паранда куштарга дагы, жапайы жаныбарларга да кенен жетет. Кудайым

бул жерге ырыскысын аябай мол жана кенен чачкандай. Октябрь айынын келиши менен жаңгак терим башталып, элдин көбү өздөрүнө бөлүнгөн токой аянттарында жаңгак жыйноо менен алпурушуп жатып калышат. Алтын сымал саргыч-кызгылтым тарткан жаңгакты канчалык арбын терип, токой чарбага көп тапшырсаң, ошончолук акчага да маарыйсың.

Апаат келтирген согуш жылдарында калктын башына түшкөн ачарчылык менен каатчылыктан ушул аймактагы журтту кыргыз жаңгагы баш болгон токой ырыскылары сактап калгандыгын согуштун азап-тозогун өз баштарынан кечирген улуу муундагылар азырга чейин дастан катары даңазалап келишет. Жараткан Теңирим кыргыздарга башынан ак кар, көк муз кетпеген улуу Ала-Тоону, касиеттүү Ысык-Көлдү жана жаңгактуу Арстанбап, Кызыл-Үңкүр жана Кара-Алма аймактарын тегин жеринен ыроолобосо керек.

* * *

Токойчу Бекмырза ушул ишинде дагы бир жыл чыдаса ардактуу эс алууга – пенсияга чыгат. Анан аздектеп келген ишин башка бирөөгө өткөрүп берет. Анын бир өкүнгөнү үч уулунан бирөөсү дагы ата кесибин кадырлап сыйлабады, колдон өткөрүп алайын деп токойчулукка кызыгышпады. Токойчу түш оой Жалгыз-Жаңгактагы кепесине жетип келгенде күн ансайын суук тартып, алгачкы кар учкундары теребелге учкундап, сампарлай баштады.

Ушул тапта жогору карай из кууп, шимшилеп ойноп кеткен Актөштүн капысынан эле арсылдап үргөнү жаңырып калды. Артынан эле шакылыктаган сагыз-

гандын сайраганы угулду. Ит менен сагызган коён же түлкү көрүп калган го деген ойдо Бекмырза бир аз дем алганы, кургап калган калың жаңгак жалбырактарынын үстүнө жамбаштай жатты. Жаңгак терими башталган октябрь-ноябрь айларында Бекмырза үй-бүлөсү менен ушул жерди баш паанек кылышып, айрым күндөрү түнөп дагы калышчу. Ылай менен жасалган мештин үстүнө чоюндан эки көздүү казан аскыч коюлуп, оокат жасаганга ыңгайлаштырылып, жакшы шарт жаратылган. Андай кылбасаң кечки күздүн суук апааты сай-сөөгүңдү какшатып, бат эле шаштыңды кетирип коёт.

Актөш арсылдап үргөнүн баспай, сагызган болсо жарышкандай шакылыктап сайраган обону – жака белдеги айлана-теребелди жарып жатты. Кабатырлана сыртка чыккан Бекмырза тизеден келген карды жирей, ити үрүп жаткан тарапка аргасыз кадам шилтеди. Баяраакта учкундап жаткан кар эми кадимкидей күчөп, сабалап жаап кирди. Шамал дагы улам катуулап ышкырып, арты бороонго айланчуудай түнөрүп турду. Бекмырзанын башында азыр бир гана ой – бороон-чапкын башталганга чейин тезирээк артка – айылга кайтуу керек деген гана ой-мүдөө турду. Карды улам жиреп жогору карай кадам шилтөө пайгамбар жашындагы Бекмырза үчүн кыйла эле азапка турду. Азыр анда жаш кезиндегидей чапчаң күч-кубат жок эле. Актөш болсо үргөнүн токтотпой, дале ээсин жан-алы калбай арсылдап үрүп, чакырып жатты. Күшүлдөй – бышылдай өргө карай акырындап жылып жатып, Бекмырза өзүнөн бута атымдай алдында турган итин көрдү. Ээсинин келгенине жетине албай демденген ит ансайын күчөп, ого бетер борсулдап үрүп, бирде Бекмырзаны, бирде өзүнүн бут алдындагы ойдуңду карай, арсылдап үргөнүн баспай жатты.

– Дагын эмнени көрө калдың, шайтан алгырдыкы?!,- деген Бекмырза жактырбаган түрдө ит үрүп жаткан тарапка кадам шилтеди. Алгач, Бекмырза, көргөн көзүнө ишене албай ордунда таштай селейип катты да калды. Жүрөгү шуу этип, опкоолжуй түштү. Ал түгүл денесин майда калтырак басып, муздак тер чыгып, катуу коркуп дагы кетти. Бекмырзанын так маңдайында, он кадамдай ылдыйда саргыч түстөгү тончон жаш бала карга буланып, өлүк же тирүү экендиги билинбей, көмкөрөсүнөн сулк түшүп, кыймылсыз жатты. Бекмырза ойлонбостон ылдыйга боюн уруп, кар менен томолонуп-жумаланып жатып, балага бачым жетип барды. Баланы жаткан жеринен оодарып, чалкасынан жаткырды. Анын бети-башы купкуу тартып, колдору аябай муздап, үшүп калыптыр. Ал баланын колдору менен буттарын ушалап, аны аз да болсо жылытууга жандалбастап, аракет кыла баштады. Баланын жүрөк тушун колу менен басып, анын мурдун бекитип, оозу аркылуу жасалма дем алдыра баштады. Ушундай бир канча аракеттерден кийин ал баланын колун кармап, тамырдын алсыз согуусун сезди. Бул Бекмырзага жаңы үмүттүн отун жандырып, ага ишеним берип, кошумча жаңы күчтү жараткандай болду. «Аракет текке кетчүүдөй эмес. Болгону, азыр убакыттан уттурбай, тез жана ыкчам кыймылдаш кана керек!»,- деген ал баланын жүрөк тушун улам колу менен катуу басып, коё берип, оозу аркылуу үйлөп, жасалма дем алдырууну тынбай уланта берди. Арадан канча убакыт өткөнү белгисиз, бир маалда баладан кыңкыстагандай алсыз үн чыккансыды. Жети-сегиз жаштардагы бала акырын көзүн ачып-жумуп, ага кайрадан жан киргендигин туйдурду. Баланын кан тамыры эми бир калыпта согуп жатты. Ажал оозунда жаткан балага кайрадан жан кирип, өмүр шамы ту-

танганына, тирүүлүктүн шарданы кайрадан жаш денеге кайткандыгына Бекмырза жетине албай сүйүнүп, жүзү ансайын албарып, тулкусу кубанычтан улам балкып, жүрөгү сүйүнүчтөн ансайын толкуп ташып турду.

– Жарык дүйнөгө экинчи ирет кийимчен төрөлдүм дей бергиниң, азаматым!,- деди Бекмырза балага мээримин төгө жайдары карап.

– Бул үчүн сен Актөшкө миң мертебе ыраазы болушуң керек. Ал болбосо сени түк тапмак эмеспиз!,- деген Бекмырза телегейи тегиз болуп, өзүнчө эле күлмүңдөп, сүйүнүп жатты. Ал капсалаңдуу бороондун кадимкидей күчөп киргендигин, айланага иңир түшө баштагандыгын эми гана байкады. Ал эми буга чейин шакылыктап сайрап жаткан сагызгандан болсо дайын да жок, үн да жок, кышкы токойго биротоло сиңип кеткен эле.

Токой ичиндеги кар күрткүсүнөн табылган баланы Бекмырза кепесине алып киргенде сырттагы брооон-чапкын кадимкидей күч алып, борошолоп көз ачырбай сабалап жааган карды катуу шамал улуп-уңшуп коштоп, бороон тынбай «боздоп» жатты. Кудай жалгап, асма чыракта керосин майы менен билиги бар болуп чыкты. Баланы жаткырып, үстүнө өзүнүн тонун жапкан Бекмырза мешке от жагуунун камылгасын көрө баштады. Бороондон далдоо жерге кирген Актөш дагы башын жерге жөлөй, Бекмырзанын кыймыл - аракетине жана токойдон табылган бала тарапка көз салып, үргүлөп мелтирейт. Ал бүгүн улуу эрдик иш жасагандыгын али жакшы аңдай да, туя да элек болчу. Маал - маал гана эстегендей оозун ачып, ээсинен насибесин күтүп жатты.

Күн мурунтан кургак отун даярдалгандыктан, мештеги от тез эле күйүп, кепенин ичи дароо ысып чыкты. Мешке коюлган суу дагы бат эле кайнады. Чай демдеп,

кемпири карматкан торбо баштыкчаны ачты эле андан тандырга жабылган бир нан, жарым банка каймак менен эки даана сары нават чыкты. Бекмырза камкор кемпирине ичинен чындап ыраазы болду. Анын баарын дасторконго коюп жаткан Бекмырзага баланын бул жерге, алыскы ээн токой ичине кандайча адашып келип калгандыгына такыр акылы жетпей турду. Рождество майрамына карата чет элдик туристтер Арстанбапка кышында келип, эс алып кетишээрин жакшы билчү. Бирок, деңиз деңгээлинен 2400 метр бийиктикте жайгашкан Шамалдуу-Кырга саякатчылардын мурда-кийин келгендигин негедир такыр эстей албай турду. Жообунан суроолору көп ар кандай кыжаалат ойлор ага тынчтык бербей, мазасын алып, башын оорутуп жиберди. Күтпөгөн жерден чоочун түшүнүксүз, тили буруу, болгондо да кыз баланын таттуу назик үнү ага атайылап кайрылгандай болду. Окуянын мындай уланышын түк күтпөгөн Бекмырза заматта далдайып, ордунда селейип туруп калды. Артына бурулган токойчу тондун үстүндө аны таңыркоо менен тиктеп турган жылдыздуу кичинекей кызды көрдү. Ал өзүнүн наристе ширин тилинде – баланын балдай таттуу тилинде бир нерселерди Бекмырзага чулдурап, божурап безеленип төгүп, колу менен жаңсап түшүндүрүп кирди.

– Сөзүңдү түшүнсөм кудай урсун садагасы, айткандарыңдан эч нерсени түшүнгөнүм жок. Эми мага ушул эле жетишпей турду эле?!,- деген Бекмырза ийнин куушурду. Мен деле эч нерсе түшүнгөнүм жок дегенсип, Актөш дагы «Аф»,- деп жеңил үн кайрып, жаткан жеринен чочугансып башын көтөрүп, экөөнү алмак-салмак тиктеп туруп калды.

– Мен, Бекмырзамын,- деген ал сөөмөйү менен ал өзүн көрсөттү.

– Бул болсо, Актөш,- деген ал колу менен итти көрсөттү. Анан ал сөөмөйү менен кызды туштап, ага кайрылды:

– Сен кимсиң, атың ким?!

– Мишель!,- кыз өзүнүн ысмын так жана ишенимдүү айтты. Мунусуна өзү да аябай сүйүнүп кетти. Бирок, даана калети кызык иш эми башталды. Бекмырза болсо ата-бабасынын тилинде – кыргыз тилинде, кичинекей Мишель болсо өз эне тили – француз тилинде, ал эми Актөш болсо жаныбарлардын үйүтүндө үрүп коюп, бирде ээси Бекмырзаны, бирде кар күрткүсүнөн табылган кичинекей чоочун кызды тиктеп, чочугансып анда-санда үрүп коюп, бейкапар жатты. Үчөө арбашып, бирин-бири жаңсаша, жылуу маанай менен күтүнүп жатышты. Мишелдин ата-энеси азыр кандай абалда сыздап-зарлап жатышканын Бекмырза ата катары жан-дүйнөсү менен туюп, сезип турду. Ырас, жоголгон кыз аман-соо экендигин уюлдук телефону аркылуу тез кабарлоо керек. Бирок кантип? Кепеден уюлдук телефондун антенасы кармабайт. Бурганактап күчөп, көз ачырбай сабалап жаап жаткан кар, катуу шамалдан улам улуп-уңшуп жаткан бороон-чапкында Бекмырза кепеден бир кадам дагы сыртка жыла албасы анык. «Бороон бир аз басаңдасын, анан уюлдук телефондун антенасы кармай турган жерди сөзсүз табамын, азыр тобокелдикке барууга такыр болбойт!», - деди ал өз ичинде. Кантсе да ал бороондун басаңдашын күтүүнү туура тапты.

* * *

Рождество майрамын француз Помпендин үй-бүлөсү Арстанбапта экинчи ирет өткөрүп жатышат. Аялы Роузи менен жети жашар Мишель экөөлөп Помпенди быйыл

дагы Кыргызстанга келүүгө зорго үндөп, суранып жатып араң көндүрүшкөн.

– Бүгүн пансионаттын өзүндө эле бололу. Интернетте кар жаап, арты катуу бороонго айланат,- деп жазыптыр деди Роузи күйөсүнө.

– Мейли, жаным, сен бул жерде эле болгунуң. А биз болсо, Мишель экөөбүз кышкы тоонун кереметтүү жана айбаттуу көрүнүшүнөн фотоаппарат менен эки-үч сүрөт тартып келе коёлу. Кандай дейсиң менин принцессам?,- деген Помпен кызына кайрылды.

– Жаным менен атаке, сиз кайда болсоңуз, мен дагы ошол жактамын, менин улуу даражалуу королум!,- деген Мишель атасынын мойнун кучактай эркелеп асылды.

– Түшкү тамакка кечикпей келип калгыдай болгула?,- деген Роузи мода журналын барактап окуп кирди. Моторлуу лыжа чанасын от алдырган ата менен кыз Бел-Теректин жолу менен тоону көздөй, бийик адырларга карай өрдөп жол тартышты.

Көзү уйкуга илинип кеткен Роузи катуу шамал терезенин фортучкасын тарсылдатып, катуу ачып жибергенден улам чочуп ойгонуп кетти. Сааттын жебеси он эки жарымды көрсөтүп туруптур. Ашканага жол тарткан ал сырттан бурганактап жаап жаткан карга кабылды. Ал күйөөсүнүн уюлдук телефонуна чалды эле «Абонент убактылуу байланышта эмес» деген жооп угулду. Роузи алдына келтирилген тамактан ооз да тийбестен, кышкы лагердин директору Закир Нурматовдун иш бөлмөсүнө учуп жетип барды.

– Закир Сагынбаевич, күйөөм менен кызым түшкү тамакка келип калабыз дешкен болчу. Ашканага барсам алар дале келбептир, телефон чалсам байланыш болбой жатат. Жүрөгүм негедир түпөйүл тартып, кандайдыр бир жаман-

дыкты туюп жаткандай, дегин алар кырсыкка чалдыкпады бекен?!,- деген Роузи шолоктоп ыйлап жиберди.

– Шашылбай жай түшүндүрүңүзчү, бай болгур!,- деди француз тилинде эркин сүйлөгөн Закир. –Алар кайсыл маршрут менен, саат канчада лагерден чыгып кетишти эле?

– Саат тогуздан өтүп калган болчу. Фотоаппарат менен тоонун кышкы көрүнүшүн тартамын деген. Бирок, кайсыл маршрут менен бараарын айткан эмес?,- деди көз жашын бет аарчысы менен арчыган Роузи. Чет элдик туристтердин дайынсыз жоголгондугу туурасындагы шашылыш кабар түштөн кийин, кышкы бороон чапкын күч алгандан кийин гана бардык аймактарга таратыла баштады. Куткаруучулардын иш аракетине капсаландуу бороон бир топ эле кедергисин тийгизип, кошумча кыйынчылыктарды туудуруп жатты. Өмүр менен өлүм маселеси канжыгада турду…

* * *

Помпен моторлуу лыжа чананы Шамалдуу-Кырдын үстүнө айдап барганда Бабаш-Ата менен Арстанбап-Атанын туман каптаган тоо кыркалары такыр көзгө көрүнбөй турду. Канчалаган мээнети менен аракети куру талаага кеткендигине Помпендин жаны кашайып, зээни кейип турду.

– Мишель, сен чананын жанынан жарым карыш дагы жылбай тургунуң. Мен болсо тээ тигил кардан уркуюп чыгып турган чоң таштардын сүрөтүн тартып келе калайын,- деген ал капталдай басып, ылдыйлап түшүп кетти. Арадан анча деле көп убакыт өткөн жок. Көз ачып,

жумгуча Мишелди аябай таң калтырган, бир чети кызыктуу да, бир жагы өтө коркунучтуу да окуя жүз берди. Бир учу буюлгуп асман тиреген, бурганактап куюндаган аппак кардын коркунучтуу калдайган куюну күтүүсүздөн теребелди алай-дүлөй түшүрүп, заматта Мишель менен моторлуу лыжа чананы ордунан камгактай гана жеңил көтөрүп, чимирилте айлантып, көз ачып жумгуча ичине оп тартып, өзүнө соруп алып кирип кетти. Алаамат уюлгулаган куюндун ичинде айлан-көчөк болуп, туңгуюкка сорулуп баратканы гана кыздын эсинде калды. Мишель өзүнө келип, көзүн ачканда, жылуу кепеде тон жамынып жаткан эле...

* * *

Бекмырза тандырга жабылган сындырым нанга каймак сүйкөп, Мишелге сунду. Кыз чындап эле ачыгып калган экен, нанды бурдап, сугунуп жей баштады. Бир пиалага чайдан куюп, ичине набат салып, кыздын алдына жылдырып койду. Бир маалда кичинекей Мишель өз тилинде бир нерселерди чулдурап, башын Актөш жакка жаңсап, ийкеп койду. Бекмырза анын көз карашынан: «Итке эмнеге нан берген жоксуң?,»- деген суроону таасын туюнду.

– Бул бороонуң түшкүр канчага созулат, аны бир кудай билбесе, башка эч ким билбейт. Нанды бир аз үнөмдөйлү деп жатпаймынбы?,- деген Бекмырза өзүнчө күңкүлдөгөнү менен Актөшкө дагы нандан сындырып, алдына таштап койду. «Абдан туура кылдың!»,- дегендей токойчунун «таап алган кызы» ага ыраазы боло жылмая карады. Бекмырза жаңгактан чагып, анын даамдуу маңызын Мишелге сунду. Актөштү да капа кылбай, анда-санда

таштап, өзү дагы маңыздан татып олтурду. Сыртта болсо дүйнөнү алай-дүлөй түшүргөн бороон дале басылбай, катуу шамал улуп-уңшуп, боздоп-сыздап «ырдап» жатты.

* * *

Эртеси Бекмырза Мишель менен Актөшкө чайын берип, өзү дагы бир аз өзөк жалгады. Андан соң кийинип сыртка чыкты да узундугу төрт кулачтай келген, жоондугу адамдын билегиндей болгон акчечекти кести. Анын бутактарын бутап, түп жагындагы жоонурак бутактан илмекей ача жерин кеспей калтырып койду. Кайра кепеге кирип, мешке жаңылап отун салып, анан Мишель менен Актөшкө кайрылды:

– Мен чоң жер менен байланышка чыгууга аракет жасайын. Кол куушуруп олтургандан эч кандай пайда жок. Ата-энең дагы сен жөнүндө ойлой беришип, аябай түпөйүл болушуп, сар-санаага батышкандыр. Күткөндөн жаман нерсе жок. Нан менен жаңгак бул жерде,- деген токойчу Мишелге кол баштыкты көрсөттү. Алма менен алчалар болсо тигинде деген Бекмырза боз сатинден тигилген, асылып турган торбону көрсөттү.

– Эшикти болсо сыртынан бекитип кетемин,- деген Бекмырза уюлдук телефонун чөнтөгүнөн сууруп чыгып, кыз менен итке карап, аны кулагына такады да анан калпка эле:

– Алло, алло, бул мен, Бекмырзамын!,- дегенде кичинекей Мишель балалык аруу таза дилинен курсант боло кыткылыктап күлүп жиберди. «Аф-аф!»,- деген Актөш дагы Мишелди коштогонсуп, көңүлкош үн кайрыды.

Бороон кечегидей күчүндө болбосо дагы бирде жайлап басаңдай, бирде кайра бурганактап күчөп, дале тынбай ызылдап, улуп-уңшуп жатты. Карылыкка акырындап моюн суна баштаган токойчу Шамалдуу-Кырды карай калың карда ташбакадай болгон жай жылыш менен кыбырап жүрүп олтурду. Жалгыз-Жаңгакты туштаган жерден уюлдук телефондун байланышы кармашы керек. Бороондон улам пайда болгон ар жердеги дөмпөйгөн кар күрткүлөрү Бекмырзанын өргө карай жүрүүсүнө кыйла кедергисин тийгизип, кошумча азап-түйшүккө салып кыйнап жатты. Илмеги бар акчечектин пайдасы ушунда аябай тийди. Турган жеринен 3-4 кадам алдындагы алма же долоно дарактарына илмекти иле коюп, өзү ага тартылып алга жыла баштайт. Арадан бир топ убакыт өтсө дагы болгону араң гана бир чакырымдай жол жүрүптүр. Токойчу чалкасынан жатып, бетин майдалап жаап жаткан карга тосуп, бир аз дем алды. Бирок, жакшы жери улам адырга карай өрлөгөн сайын кар күрткүлөрү улам жукарып, басыш дагы кыйла жеңил тарта баштады. Адырлардын боорундагы карларды бороон-чапкын шамал кокту-колотторго учуруп, туш келди сапырып салаарын карт Бекмырза жакшы билчү.

Акыры өжөрлүккө салган Бекмырза Жалгыз-Жаңгактын тушуна дагы жетип келди. Топтошуп чогуу өскөн төрт түп жапайы алманын жанына токтоп, дагын кичине демин басып, бир аз эс алды. Анан койнуна колун салып, төш чөнтөгүнөн уюлдук эски телефонун аярлай кармап, этияттай аздектеп сууруп чыкты. Кеп төркүнү эми анын иштешинде, байланышты камсыз кылып беришинде калды.

«Каба айылындагы касиеттүү Дөөтпирим, өзүң колдой көргүнүң. Каралдым балам деп бободой боздоп жаткан эненин сай-сөөгүн бөөдө сыздатпайлы, эне менен кызын тезирээк табыштырып, сар-санаасын басалы, өзүң колдой көргүнүң, оомийин!»,- деген Бекмырза темирдин пири болгон Дөөтү пайгамбардан жардам сурап, бата кылды.

Бекмырза уюлдук телефонун жандырды эле кудай жалгап, байланышты камсыз кылуучу бардык белгилер жымырап тегиз талааланып жана түштү. Ал ойлонбостон 112 номерин шашыла терди. Телефондон аял кишинин: «Куткаруу кызматы Сизди угуп жатат, сүйлөңүз, эмне болду?!,- деген жагымдуу жумшак үнү Бекмырзанын кулагына жаңырды.

– Бул менмин, кызым, токойчу Бекмырза Жаныбековмун. Жоголгон кичинекей Мишель мени менен. Ата-энесине кабарлап койгула, андан эч камтама болушпасын, аман-соо экен дегиле,- деген токойчу дагы эмне дээрин билбей токтоп, туруп калды.

– Абаке, оозуңузга май! Сиздин бул жакшы кабарыңыз азыр эле дүйнөнүн төрт бурчуна бачым тарайт. Эки күндөн бери ондогон куткаруучулар менен милиция кызматкерлери жана ыктыярдуу жардамчылар түп көтөрүлө Жай-Теректин токоюн тинтип, кызды издеп таппай жүрүшпөйбү?! Абаке, Сиз мага кайсыл жерде турганыңызды дагы бир ирет тактап, кайталап коюнузчу?,- деди байланыштагы кыз.

– Жакшылап уккунуң, кызым, Жедигер айылынан Бел-Коргонго чыккандагы Ой-Караган колотунун баш жагындагы Жалгыз-Жаңгак деген жери. Жай-Терекке

аша бергендеги Шамалдуу-Кырдын алдында. Токойчу Бекмырзанын жаман кепеси кайсыл жерде деп сурасаңар, айылдагылар деле айтып беришет.,- деди дасыккан иш билги токойчу.

– Абаке, абдан жакшы болбодубу. Мен айткандарыңыздын баарын жазып алдым. Азыр Сиз телефонду өчүрүп, үч-төрт мүнөт күтө туруңуз. Мен өзүм кайра Сизге байланышка чыгамын. Куткаруучуларга изделип жаткан кыз сак-саламат табылгандыгын кабарлап, сүйүнчүлөп коёюн!,- деди байланыштагы кыз жакшы маанайын билгизип.

Уюлдук телефонун өчүргөн Бекмырза кимдир бирөө анын желкесинен оор жүктү ыргытып алып салгандай кыйла жеңилдей түшкөндүгүн сезди. Жаны жай алып, жан дүйнөсү кадимкидей сергий да түштү. Анан кайрадан уюлдук телефондун үнү шыңгырады.

– Угуп жатамын,- деди Бекмырза.

– Урматтуу абаке, Сиз менен областтык өзгөчө кырдаалдар башкармалыгынын башчысы, майор Канжарбек Кудайбердиев сүйлөшүп жатат. Табигый кырсыктан баланын өмүрүн сактап калганыңыз үчүн Сизди мамлекеттик сыйлыкка сунуштаймын. Азыр Сиз турган жерге эки куткаруучулар командасы менен медициналык кызматкерлер жөнөп кетишти. Алар бир саатка жетпей барып калышат.

– Оо, рахмат, уулум! Адамдын амандыгы, пенденин жакшылыгы Алланын сүйүнүчү, сыйлык пендесинин берген энчиси. Ал буйруганга тийер. Бул жазыксыз бейтааныш адашкан кыздын ата-энеси кабарландыбы?!,- деди токойчу.

– Ооба, кабарланды, абаке! Алардын дагы санаалары тынып, өз адетинде ариет салтына ылайык бир кудайга сыйынып, жаратканга миң мертебе тооба келтирип, сүйүнгөндөрүнөн улам ыйлап, сизди алкап олтурушат. Булар деле биздей пенде эмеспи, жаратканга табынган. Жан-дүйнөнү жарган толкун, көз жаш менен коштолуп, акжолтой кучак жайып амандашар кездешүүнү чыдамсыздык менен күтүп жатышат. Сизди кудайындай акжолтой санашып, өзүңүз менен кызын жолуктурчу ирмемди эки көздөрү төрт болуп, зарлап чыдамсыздана күтүшүүдө. Канаттары болсо азыр эле сиздин жаныңызга учуп барчуудай, аба. Өзүмдүн атымдан дагы бир жолу Сизге терең ыраазычылыгымды билдиремин, жолугушканча саламатта болуңуз , аксакал!, - деди майор.

…Көңүлү көлдөй толкуп, маанайы кыйла көтөрүлгөн Бекмырза эми кепедеги «таап алган» кичинекей кызы Мишелди, акжолтой ити Актөштү чындап көргүсү келип, аларды аябай сагынгандыгын ачык туйду. Ал кепе тарапка ишенимдүү кадам шилтеди. Бороондун күчү кайтканы менен кар болсо дале басылбай, бир калыпта сампарлап, жакшылыктын жышаанын ыроолоп жатты…

***Февраль айы 2016-жыл,***
***Жалал-Абад шаары***

## МАЗМУНУ

Кириш сөз....................................................................3
Өмүргө өнөр түбөлүк.....................................................3
**I бөлүк**
Мырза балбан.............................................................5
**II бөлүк**
Мырза балбандын урпактары.........................................88
**III бөлүк**
Жаралуу менин элигим...................................................97
Перзент......................................................................102
Мен кайдан табылгам?..................................................114
Табышмактуу путёвка...................................................117
Дешти…......................................................................123
Махабат сагынычы.........................................................126
Айла кеткенде.............................................................132
Балалыгым калган айылым............................................171
Королеванын ую...........................................................199
Тынч океандын матросу.................................................219
Капсаландуу бороон.......................................................230

**ЖОЛДОШБАЙ ОСМОНОВ**

# МЫРЗА БАЛБАН

*(Повесть жана аңгемелер)*

*Редактор* Марат Качкынбаев
*Корректор* Гүлнара Умурзакова
*Компьютерде калыпка салган* Нурлан уулу Эрмек

Терүүгө 12.08.2016-ж. берилди.
Басууга 06.02.2017-ж. кол коюлду. Офсет кагазы.
Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{16}$. Көлөмү 15,5 б.т.
Нускасы 300 даана.

"Абыкеев А.Э." жеке менчик басмасы.
Бишкек шаары, Абдумомунов көч., 193